Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү
Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту

“АЙТЫШ” СЕРИЯСЫ

АЙТЫШ

III ТОМ

**Калык, Барпы, Молдо Багыш,
Осмонкул, Алымкул, Сыдык (Бала ырчы),
Токтоналы, Ысмайыл, Токтосун**

*Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы менен*

Түзгөндөр: А.Акматалиев, М.Көлбаева

Бишкек – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 38

Жыйнак Кыргыз Республикасынын 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 515) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Рецензенти:
Филология илимдеринин кандидаты, доцент К.Ибраимов

Редколлегия: Акматалиев А.А., Байгазиев С.О., Жайнакова А.Ж., Маразыков Т.С., Мусаев С.Ж., Садыков Т.С., Токтоналиев К.Т., Эркебаев А.Э.

А 38 **Айтыш. III том:** Калык, Барпы, Молдо Багыш, Осмонкул, Алымкул, Сыдык (Бала ырчы), Токтоналы, Ысмайыл, Токтосун /
Түзг.: А.Акматалиев, М.Көлбаева. – Б.: Имак Офсет, 2015. - 480 б.

ISBN 978-9967-27-898-1

Кыргыз элинин оозеки жаралган көркөм чыгармаларынын бири – айтыш. Жыйнакта Калык, Барпы, Молдо Багыш, Осмонкул, Алымкул, Сыдык (Бала ырчы), Токтоналы, Ысмайыл, Токтосун сыяктуу ырчылардын чыгармачылыгынын орчундуу бөлүгүн түзүп, акындык жүзүн даана көрсөтүп турган айтыштары топтоштурулду.

Жыйнак жалпы окурмандарга арналат.

А 4702 30000-15
ISBN978-9967-27-898-1

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© КР УИА, 2015
© “Имак офсет”, 2015

КАЛЫК МЕНЕН БАЛКЫ КЫЗ

Балкы кыз:
Кетмен-Төбө тараптан
Калык келди деп уктум.
Кешене жоолук белине
Чалып келди деп уктум.
Кетмен-Төбө жериңден
Келгениңди мен уктум.

Кетериңде балага
Кезиксем деп оолуктум.
Кыдырып бүгүн келипсиң
Кыз оюнда жолуктум.

Түнкатар Жумгал элинен
Калык келди деп уктум,
Дүрүйө жоолук белине
Чалып келди деп уктум,

Дүбүртүңдү мен уктум,
Көп укчу элем сыртыңдан.
Бир көрмөккө оолуктум,
Көңүлсүз жүргөн бала элең
Көпчүлүктө жолуктуң
Калың Жумгал ураның,
Калың Жумгал ичинде
Кайсы экен жакын тууганың?
Кабарлашып көргөнсүп,
Каттоо кылып жүргөнсүп,
Мен сенин кадырыңды сурадым.
Үргүлжү Жумгал ураның

Үргүлжү Жумгал ичинде
Кимиси жакын тууганың?
Үй-жайыңды көргөнсүп,
Учурашып жүргөнсүп,
Учурашып турамын.
Аманбы, ырчы жаш Калык?
Ар өнөргө маш Калык.
Акын болду деп угам,
Аш менен тойду башкарып.
Атагың чыгып жашыңан,
Оң менен Солду оодарып,
Көпчүлүктү көргөндө
Күлкү салып жооланып,
Ар жакшыга жолобой
Арымга келип турду деп,
Акындык менен эркелеп
Ар жакшыга курбу деп.
Беш жылдан бери Таласка
Жетти эле сенин дүбүртүң.
Беттештик, Калык, бүгүн түн,
Перидей сулуу кыз турат,
Беттешип Балкы биз турат,
Кимисинде үмүтүң?
Улугуң Ысa өткөндө,
Учкан куштай кеткенде.
Башына селде чалынып
Бооруна таяк алынып,
Борумун кошуп турду деп,
Үч жылдан бери Таласка
Угулду эле дүбүртүң,
Учураштык бүгүн түн
Улуу-кичүү кыз турат.
Улуу болсоң ага деп

Учурашып биз турат.
Кетмен-Төбө кең эмес
Кең-Кол менен Таластан,
Баатырлык кылган байыркы
Падыша сындуу Манастан,
Кезегинде ырдасам
Келин-кызга жарашкан.
Ургачынын узу деп,
Укмуштуу ырчы ушу деп,
Уккан адам баалашкан.
Үргүлжү жер кең эмес,
Үч-Кошой менен Таластан,
Үлгү калган баатырлык
Алмамбет, Сыргак, Манастан.
Ушунтип ырдап отурсам,
Уккан элге жарашкан.
Балкы кыз ырдап берсе деп
Баркымды билсе каалашкан,
Агача келин, сулуу кыз,
Бирөөнөн бирөө улуу кыз,
Көрбөсөк да көргөндөй
Учурашып турубуз.
Ургаачы ырчы дебесең,
Ылайыкпы мунубуз?
Ырааттуу тойдун үстүндө,
Ырчы Калык, угуңуз!
Агача келин, жалпы кыз,
Жалпы кыздын ичинен
Амандашты Балкы кыз.
Эртеден берки сөзүмдөн
Калганы болсо айтыңыз.
Эгин сурап келди деп
Уктум эле дайныңды,

Кап толтура кайтыңыз!
Келин алып, кыз берип,
Келбеттүү болот биздин эл.
Кетмен-Төбө жактан дейт
Кеңеши кандай сиздин эл?

Уул үйлөнтүп, кыз берген,
Урматына биз келген,
Ушундай болот биздин эл.
Урааны Жумгал деп угам
Урматы кандай сиздин эл?

Ургаачылык жайымдан
Уялып топко чыга албай,
Улуудан бир сөз уга албай,
Ушул өңдүү тойлорго
Келгим келет тура албай.

Жашчылыгы курусун,
Жалтанам топко чыга албай.
Же бир жакшыдан бир сөз уга албай,
Жакшы ырдаган ырчыга
Жанашкым келет туралбай.

Желпинип ырдап жүрө бер
Жигиттик кезиң барында.
Ургаачылык курусун,
Жети өрүм чачым далымда!
Желигип келген экенсиң!
Байкабай туруп Балкыга,
Жеңдирип койсоң таарынба!

Ар жерде ойноп жүрө бер
Аманат жандын барында,
Аялдыгым курусун
Алты өрүм чачым далымда!
Алыстан келген Калыгым,
Аңдоосуздан Балкыга
Алдырып койсоң таарынба!

Абайлап укчу, Калыгым,
Атамдын аты Субанбек,
Апамдын аты Зуура экен.
Мени кандай жаакта жок
Акын кылып тууду экен?
Атагы чыккан кадимки
Акын Калык бул экен,
Жараса, жарай турган уул экен.

Кызматы жетип кыз алган
Кытайдан болуш Үсөндү,
Кыз убактым жоюлар
Кыргыздан күдөр үзөмбү,
Кыйынсып келген эр Калык,
Мүнөзүң менден түзүлдү.
Жыйып-жыйып той берген
Ширгелинин Абдылда.
Тамаша кылдың талыбай
Кыз-келиндин алдында.

Аралап келген экенсиң
Акбай менен Бабырды,
Арыттың бекен, Калыгым,
Куда сөөк тамырды?
Кайсы күнү жөнөйсүң,

Чуктадыңбы камыңды?
Учурашып сиз менен
Бу айтканым табырбы?
Эгин сурап келди деп
Элден уккан кулагым —
Толтурдуңбу кабыңды?
Жүгүңдүн баарын бүтүрүп,
Жөнөймүн деп күтүнүп,

Эми кайта турган чагыңбы? — деп, Балкы кыз басылган убактысы болду. Балкы кыз ырдап жатканда мен ушунун ырдаган ырларына өзүнүн сөзүнөн өзүнө жооп камдап жатамын. Кыргыз элинин атактуу акындарынын бирөө Жеңижок деген акындан уккан насыят сөзүм бар эле: «Ургаачы ырчыдан кач, аялдын жаман адаты бар, чап эле булганч сөзгө кирет, ошол булгай элегинде элди күлдүрө, сөзүнөн күлкү чыгарып ырдасаңар ургаачыда жүрөк тайкы болот» — деп. Ошону эскерип отуруп Балкыга карай менин баштап турган жерим болду.

Ажап айттың, Балкы кыз,
Айтканыңа кубанып,
Агача келин, жалпы кыз,
Акындарды ырдаткан
Ардактуу шайыр калкыңыз.
Кары-жаштан уялбай,
Какшанасың, Балкы кыз!
Эшикте балдар энтелейт
Анын кимисинде дартыңыз?
Агача келин, сулуу кыз,
Бирөөнөн бирөө улуу кыз,
Биз дагы сенин элиңе
Амандашып турубуз.
А ырдаткан туугандар,

Ылайыкпы мунуңуз?
Акын Калык ырдаса,
Артын байкап угуңуз.
Айбыкпай ырдайт экенсиң,
Акактай тилиң барында,
Аялдардын белгиси —
Алты өрүм чачың далыңда.
Аптыкпасам, Балкы кыз,
Алты бойдок жаныңда.
Ала салып Калыкка
Алдырып койсоң таарынба!

Желигип ырдайт экенсиң,
Жез таңдайың барында,
Жетилсең оңой болбойсуң,
Азыр жети өрүм чачың далыңда,
Жеткирип айтсам, Балкы кыз,
Жети бойдок жаныңда,
Жеңе-желпиң биригип,
Жеңдирип койсоң таарынба!

Бойдокту көрсөң бурдайсың
Катындуу менен сүйлөшсөң,
Убадаңа турбайсың.
Ошондуктан, Балкы кыз,
Уялбай топто ырдайсың.

Кетмен-Төбө кең келет,
Кеңкол менен Таластан.
Кезегинде ырдасаң,
Келин-кызга жарашкан.
Керек болсом — мен мына!
Кимиңерге жетемин

Кер айгырдай таңашкан.
Келин-кыздар талашсаң?
Үргүлжү жер кең келет
Үч-Кошой менен Таластан.
Үлгү калган баатырлык
Алмамбет, Чубак, Манастан.
Топтошкон келин-кыздарга
Торгойдой тили жарашкан,
Тобуна келди Калыгың
Тору айгырдай таңашкан.
Тобуңа кантип жетишем,
Топ кыз-келин талашсаң?

Кетмен-Төбө жердеген
Калың кыргыз урааным,
Калың кыргыз ичинде
Кабакты жердейт тууганым.
Калк аралап көргөнсүп,
Кай себептен сурадың?
Уул үйлөп, кыз берип,
Анын урматына сиз келип,
Ушундай болсо сиздин эл
Укуругун сүйрөтүп.
Уулап жүрбөйт биздин эл,
Ургаачы таппай уланга,
Куурап жүрбөйт биздин эл.

Катын албай биздин эл,
Бойдок жүрөт дейсиңби?

Катыны жок экен деп,
Катындан кайгы жейсиңби?

Келин албай биздин эл,
Бойдок жүрөт дейсиңби?

Келинчеги жок го деп,
Балкы кыз, менден кайгы жейсиңби?
Атаңдын аты Субан дейт,
Апаңдын аты Зуура экен,
Сени кандай, Балкы кыз,
Акын кылып тууду экен?

Ээн баш кылып өстүргөн
Энең менен куруп кал!
Эки жакка көндүргөн
Женең менен куруп кал.
Энтеңдеген, Балкы кыз,
Эсиң болсо туруп кал!

Каадасы жок чоңойткон
Энең менен куруп кал!
Караңгы түнгө көндүргөн,
Күндүзүндө жөн жүргөн,
Жеңең менен куруп кал!
Карыдан, жаштан уялсаң,
Какылдабай туруп кал!
Калык өңдүү балдарга
Жакындабай туруп кал!
Жабыла кулак салгыла,
Жашылды кийген жубандар,
Жаркыраган чырактай
Жаңы өспүрүм уландар,
Мойну жоон боз балдар,
Богогу салык кыз балдар,
Болуп турган кезинде

Моюн алышып кылаңдаар.
Болбойсуң, Балкы, какшанып
Сенин эминеде мудааң бар?

Жашылды кийген тоңобу,
Жаш ырдаган оңобу?
Жазы кыргыз ичинде

Жалпы элге угулаар
Жаш Балкынын домогу.
Кызылды кийген тоңобу,
Кыз ырдаган оңобу?
Кылым кыргыз ичинде
Кыйла жерге айтылар
Кыз Балкынын домогу.
Кабарын катуу уккансың
Калык — акын ырчынын.
Арасында жүрөмүн
Ак калпак кыргыз журтумун.

Аш менен тоюн аралап,
Жар чакырып турчумун.
Калың элден уялбай,
Кабыргамдан чымчыдың!

- деп ырдадым эле, эшиктен бир абийирдүү киши кирип келип «Жүрү, Калык, башка үйгө барып тамаша кылабыз» — деп мени эшикке алып кетти. Балкы кыздан кутулганыма мен сүйүнгөн бойдон чыктым.

КАЛЫК МЕНЕН САРЫКУНАН

1924-жылы Калык акынга бир кезигейин деп Жумгалга бардым. Ага-туугандарым кадырлап-барктап, жорго жетелетип, үч киши кошуп жиберди. 19 жаштагы кезим эле. Калыкка аш үстүндө, Ат-Башынын сазында, жайлоодо жолуктум. Менин келгенимдин себебин билген эл: «Атайлап келгенден кийин чымыны бардыр, ырдасын байкайлы. Комуз билбейт экен, өзү жаш экен, үнү бийик чыксын» деп атка мингизип коюшту. Ошондо мен мындайча саламдаштым:

Сарыкунан:
Аттанып келдим үйүмдөн,
Атайлап келдим Чүйүмдөн,
Аттанган солто элимден,
Атактуу кең Чүй жеримден,
Сабактуу ырчы издедим,
Сарбагыш, Саяк көбүндөн.
Арзып издеп келаткан,
Алмадай бала Сагымбек.
Астында турат Калыктын,
Акындыгың маалим деп.
Алты болуш, көп солто,
Аттандырды баргын деп.
Атактуу Калык чоң ырчы,
Акындан таалим алгын деп.
Он тогуз чакта, башым жаш,
Оң, солду көрөр алтын баш.
Болжолума жетишсем,
Болмокчумун кадырлаш.
Орундуу сөзгө үйрөтсөң,
Ойроттон бала жеңилбес.
Ээрчийин, аке, артыңдан,
Эмгексиз таалай табылбас.
Кара Кочкор, кең Жумгал,

Жерде турсам деп келдим.
Калың Саяк, Сарбагыш,
Элде турсам деп келдим.
Акын болуп астыңа,
Кызмат кылсам деп келдим.
Алты болуш саяктан,
Изат кылсам деп келдим.
Астаганым сиз элең,
Мен амандашып бет келдим.
Самап келип Калыкты,
Сабак алсам молдодой.
Сан жыйынды аралап,
Сабалап чыксам жоргодой.
Сан жакшынын алдында,
Сайрап турсам болжобой.
Корголоп келген иниңди,
Коёсуңбу колдобой?
Каалап келдим карайлап,
Калкыңды келдим аралап,
Калык деген наамыңды,
Калтаарып келдим пааналап.
Келбеттүү сөздөн узатып,
Кеңешиң бергин чамалап,
Санатыңды алышка,
Зарыгып турам сагаалап.
Жакшыдан тиет шарапат,
Жалкоодон калат жаманат,
-Жакшы кебин угууга,
Жашымда кылдым далалат,
Жаныңа жүрүп үйрөнсөм,
Жалпыга сөзүм таралат.
Топ көрбөгөн жаш бала,
Токтоно албай камалат.

Эл чурулдап: «Бул балада бир неме бар экен. Аттан түш!» деп, аттан түшүрүп коюшту. Ошондо Калык мага кайрылып мындайча ырдады.

Калык:
Балам, келипсиң саяк элди издеп,
Кереги тийчү мени издеп.
Келиптирсиң, чырагым,
Кетирем сөзүң тегиздеп.
Арзыпсың саяк элди издеп,
Аркасы тийчү мени издеп.
Ай тамгага кетирем,
Айтар сөзүң тегиздеп.
Ай тамгадан келипсиң,
Артымда жүрөр шериксиң.
Арка кылып жүрүүдөн,
Агаңыз кантип зериксин.
Кабарым угуп келипсиң,
Кабарлашар шериксиң.
Караан кылып жүрүүдөн,
Калыгың кантип зериксин.
Акылың болсо илерсиң,
Акындык жайын билерсиң,
Акыл айтып, эс берсем,
Алты ай чыдап жүрөрсүң.
Көкүрөк болсо илерсиң,
Күлүктүн жайын билерсин,
Күрдөлдүү солто жеринде,
Күкүк болуп жүрөрсүң.
Келбетин жагып элиңе,
Күркүрөп топко кирерсиң.
Таза жүрсөң табарсың,
Дайыма сөздү багарсың,
Ак калпак кыргыз элине,
Акындык менен жагарсың.

Аракет кылсаң жетерсиң,
Атактуу болуп кетерсиң,
Кеңешимди укпасаң,
Келгениң менен бекерсиң.
Арзып келсең солтодон,
Арип кылар бекемин?
Акындыгың кыргызга,
Маалим кылар бекемин?
Көздөп келсең солтодон,
Арип кылар бекемин?
Күкүктүгүң солтого,
Маалим кылар бекемин?
Жол-жосунду туюнтуп,
Жолго салар, бекемин.
Жорголотуп өзүңдү,
Оңго салар бекемин.
Куйругуңду түйдүрүп,
Кунан кылар бекемин.
Кол үзбөгөн саякка,
Тууган кылар бекемин.
Күндө чапса талыбас,
Буудан кылар бекемин?
Көкүлүң түйүп топ жарган,
Кунан кылар бекемин?
Күдөр үзгүс саякка,
Тууган кылар бекемин?
Көгүчкөндөй кулпунтуп,
Көпкө салар бекемин?
Арт жагымдан ээрчитип,
Топко салар бекемин?
Торгой куштай кулпунтуп,
Топко салар бекемин?
Торгойдой тилин, сайратып,
Көпкө салар бекемин?
Казак менен кыргызга,

Тааныш кылар бекемин?
Казанат күлүк ат менен,
Жарыштырар бекемин?
Кадырымды билбесең,
Намыс кылар бекемин?
Кара аламан ырчыдан,
Алыс кылар бекемин?
Сарбагыш менен саякка,
Тааныш кылар бекемин?
Салпылдаган ырчыдан,
Алыс кылар бекемин?
Санатымды билбесең,
Намыс кылар бекемин?
Акылың болсо илип ал,
Акындын жайын билип ал.
Арзып келген экенсиң,
Аламан жүрбөй тилимди ал.
Аталаштай болорсуң,
Аркамда таянч жөлөрүм.
Арбытып кетер түрүң бар,
Алмадай бала бөбөгүм.
Атайын издеп келгениң,
Аларың менин өнөрүм.
Астаганың ыр болсо,
Атка жүктөп жөнөгүн.
Бардыгын айтып кетпесмин,
Байкарсың дагы бөлөгүн,
Иниге аке кызматы,
Ар ишке болор көмөгүм.
Мактанайын элиме,
Экөө болду уулуң деп,
Жаныма бастыр, жар салам,
Жаңыдан келди мунум деп.
Эрте, кеч жок өнөргө,
Эки жыл, бир жыл туруң деп,

Менде болгон ырлардын,
Асылдарын угуң деп.
Бекерликке берилбей,
Беттеген ишти кууң деп.
Белгиси болот болордуң,
Белиңди бекем бууң деп.
Зээндүү бала окшойсуң,
Сенде калар туум деп.
Экөөнү тең айта албайм,
Азыртан мизиң кайтарбайм,
Биринчи сен деп айта албайм,
Билгенче мизиң кайтарбайм.
Оң жагыма бириң жүр.
Үн алышып ырдасак,
Оңой болбос ошол сүр.
Күнтуу, канай элиңден,
Күнөстүү салкын жериңден.
Жибериптир кат жазып,
Жөнөтүптүр бат жазып.
Жабдык салып ат берип,
Жарашыктуу кат берип,
Жолдо ойноп жүрбөстөн,
Жолугупсуң бат келип.
Бириң сары баласың,
Бириң куйкул карасың,
Элдин көркү ырчыда,
Эрмегиң менен жарарсың,
Тартынбай ырдап сайрасаң,
Тар жолдон өткөөл табарсың.
Жүрө-жүрө билермин,
Эки уулумдун чамасын,
Өз оюмда болбосоң,
Экөөң тең бошко каларсың.
Ыр болсо менден табылар,
Ырчылыкты кааласаң,

Келген бала, Сагынбек,
Келбетиң түзүк көрүнөт.
Болчу бала түрүң бар.
Болжолума байкасам,
Акындыкты үйрөнсөң,
Артыла берер тамашаң.
Калыктан чыккан ырчы деп,
Калкыңа жетсин даңазаң.
Эмгегим жансын өзүңдөн,
Эм алсаң болду сөзүмдөн,
Чындап издеп келипсиң,
Чыгарбай мени эсиңден.
Атайлап келген экен деп,
Акындын пейли чечилген.
Саламат болсоң жетерсиң,
Сактасын кудай кесирден.
Бала чактан ыр ырдап,
Мен да бара-бара жетилгем.
Келгениңе рахмат,
Көп эле барып нээтиңден.
Оңой ырчы болбойсуң,
От күйүп турат бетиңден.
Каралап келсең чырагым,
Кадырлап тосуп турамын.
Өзүмө катар ээрчишет,
Экөө болду кунаным.
Алдыга түшүп жол баштайт,
Атактуу Калык бууданың.
Ырдаткын экөөн Калык деп,
Шаштырып турат тууганың.
Ушул элдин алдында,
Экөөңө ат коё турган убагым.
Түпкүр элдин атынан,
Экөөңдөн ушул сурарым.
Бириң кара өңдөшүм,

Бириң сары төлдөшүм,
Экөөңдү сынга салбасам,
Өз элим жаман көрбөсүн.
Кимге кандай сын берет,
Өздөрү ишти жөндөсүн.

Ушул жерден эл чуркурап жиберишти: «Бири кара экен, Кара кунан болсун, бири сары экен, Сары кунан болсун» — деп, экөөбүздү ээрчитип Калык элге тааныштырды.

КАЛЫК ЖАНА КАРАКУНАН МЕНЕН САРЫКУНАН

Жайдын толугунда айтылуу Соң-Көлдө чоң той болуп калат. Ал тойдо быягы Чүй боорунан, тыягы Ат-Башы, Нарындан келген күлүктөр чабылат. Ал тойго Калык акын да келет. Тойго Калыктын үлгү берип үйрөтүп жүргөн Каракунан, Сарыкунан деген эки окуучусу да катышат. Каракунан — Кабактан, Сарыкунан — Сары өзөн Чүйдөн. Ошол экөөнө карата Калыктын ырдап турган жери:

Кайдасың, Каракунаным,
Карааныңды көрө албай
Капа болуп турамын.
Кыйкырып ырдап бул элге
Кызмат кылчу убагың.
Эл шайыры болгон соң,
Эстеш керек бул жагын.
Куюлтуп ырдап кунаным,
Кубанткын элдин кулагын,
Сайрагын Сарыкунаным,
Сайрай турган убагың.

Акындын иши эл менен,
Абайлаш керек бул жагын.
Аралап ырдап бул элдин
Амандыгын сурагын.
Акын эки кунаным
Агаңдын сөзүн улагын.
Үлгүлүү ырчы болот деп,
Үмүттөнгөн убагым,
Жар чакырып эл башкар,
Жакшы наам кеп калсын.
Кур жүрбөй Калык өстүргөн
Кунандары деп калсын.
Каракунан, Сарыкунан
Жанымда жүрсө жарагым,
Үстүртөн кетпей, үйрөнүп,
Үлгүсүн алгын агаңдын.
Ашта, тойдо элибиз,
Кунан чабат, ат чабат.
Ага чыккан кишилер
Байгесин алып мактанат.
Талаага кетип эмгеги,
Табынан тайган ат калат.
Байгеси канча болду экен?
Баш байгеге сайганы
Жылкы бекен, кой бекен?
Канча баш мал болду экен?
Той ээсинен сурагын,
Толук билгин бул жагын.
Саяпкерлер угушсун.
Санаасын басып турушсун.
Каракунан каркылда,
Сарыкунаным заңкылда.

Калык агаң бастырып,
Карап турсун артыңда.
Кыйыны болгун кыйындын,
Эл аралап түбөлүк,
Ээси бол, балдар, жыйындын.

Сарыкунан:
Жалпы эл, кулак салгыла,
Жарчыдан кабар алгыла.
Улуу сөздү уккула,
Улуу жолго чыккыла.
Алыстан келген саяпкер
Ат байлаган талапкер.
Ат күлүгүн алып кел,
Чубатууга салып бер.
Жал-куйругун түйгүлө,
Жабыла жолго жүргүлө.
Ат сүрөп алмай жок болду,
Ал аңгеме токтолду.
Атыңды тосуп барганың,
Чылбырынан алганың,
Чыр-чатакты салганың,
Байге тийбейт атыңа,
Балакетке калганың.
Беш олоңун бек тартып,
Куюшканын атыңдын
Куткун түптөн узартып,
Басмайылын бек тарткын
Толуп жаткан ат кетет
Тобокел эми деп тарткын.
Каракунан, ырдагын
Ар жерден келген аттар бар,

Абайлап сен бир сындагын.
Тянь-Шандын баласы
Тың билесиң бул жагын.

Каракунан:
Асман алыс, жер кенен,
Адамдын көркү жер менен.
Кабактын Каракунаны
Калк аралап келбегем,
Амандашып алайын
Ата-журтум эл менен.
Жарчылыкка аттандык
Каракунан, Сарыкунан
Өзүмдү өзүм таанытып,
Өтөйүн көп журт алдыңан.
Калык акын биерде,
Кадыры өткөн силерге.
А кишинин биз болсо
Артындагы тай-кунан,
Ошо Калык агабыз
Жар чакырып кел деди.
Ашта-тойдо ат чапмак,
Ата-журттун эрмеги.
Ат баштаган бир тогуз,
Баш байгеге сайганы.
Толуп жаткан байге бар,
Теңге-тыйын калганы.
Он тогуз атка байге бар
Он тогузунан калганын
Тосуп кайра айдап ал.
Бекерге бербе жеминди,
Дагы бир аш-той болгончо

Ичиңе сакта деминди.
Үстүнө чымын конбогон,
Кубалашып эриксе,
Кулун-тай менен ойногон.
Илепестин Керкашка
Кочкорлуктун малынан
Кооптуу күлүк абыдан.
Табына келсе тайгандай,
Эшик-төрдөй аңдардан
Эргип өтөт тайманбай.
Желгенине жел жетпей,
Жейрендей жөнөйт басканда,
Алдырмак беле байгени
Ак өлөң жеген аттарга.
Көргөмүн Чүйдүн аттары
Көк шыбак жеп жатканын.
Келе турган иш эмес
Керкашка менен чапканы.
Керкашкага илээшип,
Келалбайт Чүйдүн аттары.

Сарыкунан:
Кара коңур атасы
Аргымактын ургу.
Аргымактардан кем эмес
Ак боз бээнин кулуну.
Шамшыдан келди биерге
Шаршенбайдын Буурулу.
Иниси Султан таптаган,
Күүсүнө келген кезинде
Күнү-түнү катпаган.
Карааны нардан кем эмес,

Как чокусу кумгандай,
Кара сынын чиркиндин
Карап эле тургандай,
Буурулду чаап ар жерге
Барып жүргөн Шаршенбай,
Буурулу чыгып байгесин
Алып жүргөн Шаршенбай.
Таасын күлүк талбаган,
Ооздугун кемирип,
Оттой көзү жайнаган.
Буурулду Султан жай-кышы
Буудай берип байлаган.
Бу дагы Чүйдүн жылкысы.
Эңкейиште жүгүрсө,
Эликтен буту сайылган.
Жекендей жалы жайылган
Жеңилдигин мындан бил
Жейренди жетип кайырган.
Каракунан токтогун,
Катуу кеттиң окшодуң.
Ээрдей бир бел ортобуз,
Элди элге кошподуң.
Жеп көңүлүң калгансып,
Жердин чөбүн козгодуң.
Таасын күлүк экени
Тай кезинде таанылган,
Кунанында Көгала
Атка кошуп чабылган,
Беккожо деген бир чал бар,
Белгилүү киши солтого.
Көп жерде байге бербеген
Көгала ат бар солтодо.

Ак карга оонап жайында
Алтын төрдү жайлаган.
Көгаланы күзүндө
Көк бедеге байлаган.
Беккожонун Шаршени,
Бекем киши абыдан.
Беш кочуштан жем берип,
Беш кадам чыкпай жанынан
Кант оозунда чабылып,
Катуу күлүк экени
Казактан бери таанылып.
Алтымыш тогуз ат чапса
Алды менен келди эле,
Ай-туяк жамбы казактын
Алтынын алып берди эле.
Эртеси да бир чабылып,
Элирип жалгыз келди эле.
Эки жүз кой, кырк түлкү
Байгесин алып берди эле.
Тай торпоктой аттарың,
Тамтыгың калбай мактадың.
Даана ырчы деп жүрсөм
Даамдуу бир сөз айтпадың.
Эчен жолу Маскөөгө
Барып жүрдү Көгала ат.
Эң биринчи байгесин
Алып жүрдү Көгала ат.
Келишкен Чүйдүн аттарын,
Кеп эмес ушул айтканың.
«Буудандын өзү экен» деп
Буденный көрүп жактырган.
Орозбеков аксакал

Айлык берип бактырган.
Бу да Чүйдүн аттары.
«Карачы кыргыз аты» деп,
Жалпы Союз мактады.
Курдашым, Каракунаным,
Кулакка кирбейт айтканы.
Бедеге чүйлүк бай болот,
Берсе малга май болот.
Көк беденин ыраңын
Көрелек жүргөн убагың,
Укмуштуудай жашыл чөп,
Угалек сенин кулагың.
Айтканга көөнүң ынанбайт,
Атаңан барып сурагын.

Каракунан:
Бекболоттун Нарбашы
Бекем эле жүгүрчү,
Этине келген кезинде
Эликтей беш бүгүлчү.
Уларбаш келди дегенде
Эл байгеден түңүлчү.
Тер чыккан сайын теминген,
Талыкпаган зор күлүк,
Таң ашкан сайын семирген.
Алып жүрдү байгени
Ат-Башыдан, Нарындан.
Ыраакчыл күлүк экени
Ысык-Көлгө таанылган.
Ысык-Көлдүн жээгинде
Таштак деген жеринде,
Далай аттар чабылып,

Тамандары жарылган.
Анда Нарбаш жаныбар
Алды менен келди эле.
Күңгөй, тескей көлдүктүн
Күлүктөрүн жеңди эле.
Атың жок, чүйлүк, Нарбаштай
Алыңды байка кармашпай.
Күлүк ат жок Нарбаштай
Күчүңдү байка кармашпай.

Сарыкунан:
Каракунан курдашым,
Кандай ушул ырдашың?
Чындык чыкпайт оозуңан,
Чырыңа кантип кошулам.
Чындыкты сүйсөң менден ук
Менден да башка элден ук.
Сары өзөн Чүйдүн баш жагы,
Боролдойдун түзүндө
Алты дубан баш кошуп,
Ат чабыш болду күзүндө.
Ал тууралуу эртелеп
Алты ай мурун кат берген
Алматы, Жамбыл, Анжиян,
Алайдан бери ат келген.
Анда Нарбаш бар беле?
Бар болсо Нарбаш кайда эле?
Күнтуунун Чаар атынын
Чаңына жетпей калды эле.
Алты дубан бир жылы
Ала-Арчага чогулду.
Баш байгесине аттардын

Миң кара кой коюлду.
Атаң да көргөн эместир
Андай-андай оюнду.
Кара жолго ат батпай,
Үчкө бөлүп айдады.
Жети бекет жер экен
Ал аттардын барганы.
Анда Нарбаш бар беле?
Бар болсо Нарбаш кайда эле?
Талкандын Керкашкасына
Таптакыр жетпей калды эле,
Эзелтен Чүйдүн аттары
Ээ боло жүргөн байгеге.
Катышып жүргөн баарына
Калмурзаны ээрчип
Караан болгон жаныңа.
Калыктан уккун мындайды
Кабак жакта көп жүрчү
Капкан салам деп жүрүп,
Каракунан баарынан
Кабарсыз калган турбайбы.

Калык:
Арача, балдар, арача,
Агаңдын сөзү жараса.
Карылар айткан бир кеп бар,
Калыктын сөзү тараза.
Каракунан, токтогун
Каталаштың окшодуң.
Чү дегенде жамандап,
Чүйдүн чөбүн козгодуң.
Эрегишпей жүргүлө

Эркин ойноп күлгүлө.
Саркунан сенден кем эмес,
Жашыл ала кең Чүйдү
Жамандай турган жер эмес.
Акын эки кунаным,
Акыл айтып турамын.
Агаңды жаман көрбөгүн
Эсиң болсо эч качан
Эл арасын бөлбөгүн.
Калмырза менен Токтогул
Найманбайды көргөмүн.
Эч бир уккан эмесмин
Эл арасын бөлгөнүн.
Уга жүр, балдар, унутпай
Улуулардын өрнөгүн.
Кыйкырышып жатканы
Кыргыздын эле аттары.
Балалык кылып жатышат
Башка түшпөйт айтканы.
Сылык сүйлөп, балдарым,
Сыйлашып өткүн ар дайым.
Эки жакшы дос болсо
Энсегени табылат.
Көңүлдөрү бир жерде,
Көрүшпөй калса сагынат.
Эки кытмыр дос болсо,
Эсептешет жаңылап.
Эмине өнөр экен деп,
Эбин таап таарынат.

Аңгыча «Ат келатат, ат келатат» деген үндөр чыгып калды. Ошондо караса Көгала ат башкаларга караандатпай кыйла алыс келаткан экен. А-бу дегенче болбой Көгала ат

биринчи болуп мөрөгө жете келди. Ал аңгыча болбой: «Буурул келатат.», «Жок, Керкашка келатат!» деп эл дүрбөп калды. Аз убакыт өтпөй эки күлүк мөрөйгө жете келишти. Мына ушул жерде Шаршенбай менен Илепестин ортосунда талаш чыкты. «Мөрөйдү биринчи болуп Буурул аттады» деп Шаршенбай айтса, «Жок, Керкашка аттады» деп Илепес талашты. Экөөнүн талашы кыйлага созулду. Шаршенбай айтты: «Буурулдун биринчи келгенине ишенбесең, аттарды тери кургай электе кайта чабалы». Илепес буга көнбөдү, «кайта чапса чабалы, бирок эртең чабалы» — деп, ишти создуктурду. Буурулдун күчүнө ишенген Шаршенбай: «Андай болсо аттарды башма-баш сайышып чабалы» деди. Буга да Илепес макул болбоду. Аңгыча эл дуулдап: «Ушунча калкты ким деген конок алат? Экөөңөр ат чабышат эле деп бүгүн да конобузбу?» — деди. Журт аркасы темир талкуу дегендей эл экөөнү бир пикирге келтирип, эки аттын байгесин тең бөлүп берип, тойду таркаткан экен.

КАЛЫК МЕНЕН ОСМОНКУЛДУН АЙТЫШЫ

Калык:
Алты облус кыргызга,
Атагы чыккан мен мында.
Акын болсоң Осмонкул,
Айтышалык кел мында.
Кимиси жеңер экен деп,
Күтүп турган эл мында.
Акындыкка келгенде,
Кызыл тилди сабайсың,
Кызып ырдап отурсаң,
Кыш койгондой жамайсың,
Өкүрөңдөп бирерде,

Өчүң бардай камайсың,
Өзүңдөн башка ырчынын,
Өнөрүн кандай баалайсың?

Осмонкул:
Оңдоп сүйлөп сөзүңдү,
Олтурган элге угузчу.
Осол ырчы эмеспиз,
Омуроолоп урушчу.
Кыйынсынып кыйкырып,
Кырданганың дуруспу.
Баштагы ырчы биз эмес,
Балит сөз менен жыгышчу,
Эркелеп ырдап олтурган,
Эмдики бизбиз ырыстуу.
Күрөшөм деп күрпүлдөп,
Күүлөнөсүң жөнү жок.
Күрөшчү болсоң келегой,
Көрсөтөйүн жыгышты.

Калык:
Айтышып ырчы жеңбеген,
Айтыке чыккан Жумгалдан,
Айланасы Ала-Тоо,
Абасы таза Тянь-Шань.
Атаң менен айтышкан,
Жубарымбек, абийир сакта уялсаң.
Комузчудан Майлыбай,
Коңур үндүү Музоокө,
Тыныбек, Багыш, Сагынбай
Жомокчудан бул төртөө,
Даңкы бар кыргыз элинде.

Шумдуктун баары кебинде,
Куудулдан өттү Куйручук,
Бу дагы Жумгал жеринде,
Булардай куудул акындар,
Осмонкул канча элинде?

Осмонкул:
Каке ал айтканың биз эмес,
Аныңыз туура иш эмес.
Айтыке, Багыш, Сагынбай,
Булар оңой киши эмес.
Найманбай, Балык, Жаманкул,
Шатырап элди күлдүргөн.
Шаршен да оңой ырчы эмес,
Ыры менен мактанчы,
Ырчысыз айыл биз эмес,
Калыс болгун уккан эл,
Какемки ыктуу сөз эмес.
Осмонкулду кыйшайтып,
Омкоруп кетчү сиз эмес,

Калык:
—Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа,
Тогуз-Торо, Нарын бар.
Ортосунда Нарындын,
Облусттук шаары бар.
Электордон шамым бар,
Колхоз, совхоз өстүргөн
Байлык чарба малым бар.
Тянь-Шандын койнунда,
Кыргызга байлык наамым бар.
Кыдыңдаган Осмонкул,

Кызыгасың жеңмекке,
Бир тогузуң келбесең
Осмонкул, жеңе албайсың сен жеке.

Осмонкул:
Кооздугун жериңдин
Колдоп кыйын окшоттуң,
Ашыра мактап калдыңыз,
Ал кебиңди токтоткун
Улуулугуң болбосо,
Ырдашкандан коркпосмун
Облусум Нарын деп,
Эң эле сонун, шаарым деп,
Нарындын шаарын көргөнмүн
Жалган айтып койбосом,
Жарымындай келбейт Токмоктун,
Артыгыраак мактадың,
Ак-Талаа, Тогуз-Торону,
Адыр-адыр ак чапка
Айылың катар конобу?
Агарыңкы көрүнөт,
Жериңе акиташ сыйпап койгонбу?

Калык:
Чап болгон менен Ак-Талаа,
Чалкайып жаткан береке.
Эгини жок Тянь-Шань .
Эт жеп жүрөт дединби?
Тайгалантып жыксам деп,
Таба албадың эбиңди.
Асыл тукум жылкынын,
Аксай, Арпа жайлаткан,

Ар колхоздо көп жылкы,
Аркардай кулун байлаткан.
Чалкайып жаткан мелмилдеп,
Чатыр-Көл, Соң-Көл көлүмдү,
Сонундукка көрүп кел.

Осмонкул:
Көп мактаган Ак-Талааң
Кең Чүйдөн кантип кең болсун,
Кочкор, Жумгал, Ат-Башың,
Кошулса кайдан тең болсун.
Сепкени чыкпай калбаган,
Кең Чүйдөй кайдан жер болсун.
Соң-Көл, Аксай, Арпа деп,
Зоңкулдата мактайсың.
Суусу шекер чөбү бал,
Суусамыр кантип кем болсун.
Көк-Ойрок жаман төр болсо,
Ага эмне төрт район эл консун.
Мактаган менен өтпөйсүң,
Дан жагынан жетпейсиң.

Калык:
Биздин облус жылкысын,
Асыл тукум төлдөткөн.
Алдына жылкы өткөрбөй,
Ар дайым чыккан мелдештен.
Чарба область болобуз,
Жеримден алган эгинди,
Жалаң жем үчүн тактап коёбуз.
Жылкы завод аттары,
Жээрде кашка марал баш.

Жергелей тартып оттогон,
Жээрендер менен аралаш,

Осмонкул:
Кечээ,
Буденный келип жактырган,
Мойнуна бермет тактырган,
«Кеңеш» колхоз айгыры,
Кер төбөлдөн кыйынбы?
Намыс кылбай аксакал,
Аралап кел бир барып,
Асыл тукум уюмду.
Жыга тартпай коё тур,
Уйларым тонна сүт берет,
Жылкыңыз канча күч берет?

Калык:
Жылкыбыздан асыл деп,
Уйларыңды мактадың.
Күнүмдүккө ээленген
Сары майын актадың.
Тянь-Шань үчүн май, быштак,
Өз жаныңдан төктүңбү?
Абасы таза Тянь-Шань,
Мал киндиктүү жер болот,
Ак ниеттүү малчылар,
Эмгек баатыр эр болот.
СССРге таанымал,
Аксакал Жусуп, Аалы бар.
Он беш баатыр малчыдан,
Осмонкул, ошону толук таанып ал.

Осмонкул:
Каке, ал айтканың эп эмес,
Эмгекте озуп даңк алган,
Атактуу баатыр Зууракан,
Борсулдабай тура тур,
Баатырлар менде кем эмес,

Калык:
Апылдайсың Осмонкул,
Артык мактап жериңди.
Кыргызга байлык берет деп,
Кызылчаң менен эгинди.
Сенден бир нан сурабайт,
Кемитсең да жеримди,
Байкап ырда Осмонкул,

Байлык жактан келели,
Чычалабай экөөбүз,
Чындыктуу жооп берели.
«Чоң-Булак», «Ак-Жар», «Чек-Ара»,
Чоң колхоздор элимде.
Барбалаңдап Осмонкул,
Башыңды чулкуп теминбе,
Байкабай туруп жеңилбе?

Осмонкул:
Уктум Каке байыңды,
Угуп тур менин жайымды.
Аягы Талас, башы Чүй,
Арала биздин айылды.
Берекеси кем эмес
«Бейшеке», Маркс, «Кайыңды»,

«Кумарык», «Кеңеш», «Күрпүлдөк»,
Кемитпе менин байымды.
Колхоздордун ичинде,
Кант заводдон бешөө бар,
Элирип элиң мактайсың,
Элиңде завод нечөө бар?

Калык:
Эл намысын талашып,
Эртеден бери салыштым,
Качан да болсо айтышып,
Кай жерде сенден калыштым?
Кант заводум көп дейсиң,
Кантыңдан качан карызмын?
Күчүң болсо аянбай,
Кечке дейре салышкын.
Күүлөнгүдөй мен сенин,
Эминеңди алыпмын?
Желиге бербе Осмонкул,
Жеңе турган Калыкмын.

Осмонкул:
Олтурган көп эл күлсүн деп,
Ойлой-ойлой жүрсүн деп,
Тянь-Шанъ менен Фрунзе,
Жер талашып ырдадык.
Колхоз, совхоз, завод, кен,
Эл талашып ырдадык.
Айтыш кылып күлдүрүп,
Ар нерсени сындадык.

Калык менен Осмонкул:
Таалайлуу колхоз элдерге,
Таңшый турган күндөсүң
Бүтүн дүйнө эмгекчи
Биз катары гүлдөсүн!

КАЛЫК МЕНЕН ОСМОНКУЛ

Мен Пишпекте жүрүп, биздин айылдык жолдошум Амандан айылга Какемдин келгенин уктум. Чоң ырчыга барып, талантымды сынатып көрөйүн деген ой менен чапкан бойдон жөнөдүм.

Айылда Бөкө деген кишинин сегиз канат боз үйүнүн ичине эл батпай кетиптир.

Эл үйдүн бир жак туурдугун да сыйрып жиберишиптир. Кыз-келин, жаш балдар да толуп кеткен экен.

Төрдө узун бойлуу, кырктарга жакындап калган, кара киши «Курманбекти» ырдап жатыптыр. Бир аздан кийин эле «Курманбектин» аягына чыкты. Мен учурашайын дегенче болбой:

— Улантыңыз Каке, — дешип эл чурулдап жиберди.
Какем комузун толгоп төгө баштады.

Бөкө ак сакал мени көрө коюп, кубаны кетти. Ордунан тура калып:

— Кел, Осмонкул, Калык ырчы менен учурашкын. Казынаңдын оозун ачкын. Качанкыга чейин эле жашынып жүрмөк элең. Ырдап элден бата алгын. Калык ырчыдан сабак, таалим алып калгын. Сүйүнбай ажыга жоопту мен берем -деп, өзүнүн ордуна мени отургузуп, өзү төмөнүрөөк отурду.

Мен шашып калдым. Сүйүнбайдан коркконуман жана Какемен сүрдөгөнүмөн эмне айтарымды билбей тердеп кеттим. Менин кыйын абалда калганымды сезип, аяп кеттиби, же элдин алдында ырдай албай уят болуп, экинчи ырдабасын дедиби, айтор Сүкөм:

- Ырда, ит кубар, тартынбагын, Калык деле сендей болгондур - деп үнүн катуу чыгарды. Мен домбурамды койнумдан сууруп алып, көзүмдү жуумп ырдап жибердим:

Айылга Калык келди деп,
Амандан уктум кабарды.
Атайы чаап мен келдим,
Атактуу ырчы, аманбы?
Жакшыбы, Каке, ардагым,
Жалпы элиң, малжаның?
Жаркылдап эсен жүрөбү,
Жактырып сүйүп алганың?
Жүрөбү эсен кырсыктан,
Жаныңдай көргөн балдарың,
Жайымды айтып берейин.
Жашырбай, Каке, өзүңдөн.
Тууганым Ажы Сүйүнбай,
Ажыратып сөзүмдөн,
Акын болуп чыксам да,
Алкынып бала кезимден.
Жартак болгон себебим,
Жарыкка чыкпай жабыктым.
Жаш кезимден сүздүрүп,
Жазыксыз отко чалдыктым.
Жалпы элге ачык ырдабай,
Жакынымдан айбыктым.

Аргымак тандап минбедим,
Асылды тандап кийбедим.
Аргымак оозун чойдуруп,
Аралап топто жүрбөдүм.
Агамдын тартып азабын,
Аргасыз кыйын күндөмүн.
Курдаштар менен бир жүрүп,
Кызоюнга үлгүрүп,
Каткырып ойноп-күлбөдүм,
Кыйнаган сырды чече албай,
Көздөгөн ойго жете албай,
Кутулар жолду билбедим.
Катып койбой айтайын,
Капталга камчы тийгенден,
Кыз оюнга ырдасам,
Курдаштар менен жыргасам,
Каралдым деп аябай,
Каарданып ажы сүйлөнгөн.
Уксаң, Каке, чындыгын,
Ушундай менин абалым.
Калк чогулган жыйынга,
Кез-кезде качып барамын,
Кошулуп бирге ыр ырдап,
Көңүл ачып аламын.
Кокустан көрсө Сүйүнбай,
Коркомун, барбай каламын.
Кайгыда жүргөн иниңдин,
Кабагын бир аз ачып кет.
Күч көрсөткөн агамдын,
Каарын толук басып кет.
Кадимкидей жорголоп,

Калкыңа нуска чачып кет.
Ээ бербеген эч кимге,
Эркеси ажы солтонун.
Эки эли тилди жанууга,
Эп табалбай коркомун.
Эпке келтир агамды,
Эсепсиз кыйын шордомун.

Мен токтоорум менен **Какем ырдады:**
Санаага терең чөмүлгөн,
Сары оору болгон баланын,
Санжаптап айткан баятан,
Саламын алик аламын.
Садага иним, сөзүңө,
Солкулдап кетип барамын.
Кападар болуп турамын,
Калк жөнүн билген ажыга.
Кандуу камчы батырган,
Кагылайын жанына.
Каардуу болгон жарайбы,
Карабай киши алына,
Карымбайдай эместир,
Кур чиренген малына.
Кол салабы уулуна,
Калк тааныган карыя.
Келечекти ойлонгун,
Карабай күндүк наамыңа.
Кайрадан дагы эскертем,
Кетпегин эски шаарыңа.
Каматып коюп жүрбөсүн,
Кедейлер сени жабыла.

Бер, уруксат ырдасын,
Балаңдай болгон балаңа.
Бытырап бекер кетпесин.
Бар өнөрү талаага.
Баарыбызга тең заман,
Баркыңа азыр караба.

-Ырас сөз, уруксат бериңиз, ажы - деп отургандар чурулдап жиберишти. Ажы макул дегендей башын ийкеп, жерди тиктеп калды. Какем кайра баштады:

Алтындай сөздөн баштоого,
Азыр, иним, жашсың да.
Айбыкпай, иним, ырдап жүр,
Ага-иниңдин астында.
Аралап топко барбашың,
А дагы сенин бактың да.
Ырас акын экенсиң,
Ындыныңды бас кылба.
Ырдатпай мени койду деп,
Ырыскыңды тарттырба.
Ынагын сүйлөп сөздөрдүн,
Ырчыларга бастырба.
Тууганың каршы болгонго,
Түшүнбөй терең койгонго
Таптакыр, иним, жат болбо.
Турмушта кимдер жаңылбайт,
Турмушта тууган табылбайт,
Тууганыңа кас болбо.
Кең заман келди кедейге,
Келечегиң астында.
Кеңири жолго бет алып,
Көңүлдүү алга баскын да.

Күндөн-күнгө күч алып,
Кирген суудай ташкында.
Ырдап жүргөн экенсиң,
Эл ичинде жаңыдан.
Элпек болуп бата алгын,
Эл ичинде карыдан.
Элге кенен таанылмак,
Эр жигиттин багынан.
Акындар биздей көп өткөн,
Ак калпак элдин сабынан.
Он үч жашка чыкканда,
Акындык мени даарыган.
Отузга жашым жеткенде,
Ордолуу кыргыз тааныган.
Алыскы жолго чыга элек,
Азыр жорго кунансың.
Аман болсо бой жетип,
Асыйга, иним, чыгарсың.
Аралап топтун ичинде,
Аркырап ырдап турарсың.
Кенен болсо арымың,
Күндө үлпөт курарсың.
Кулпунуп топко ырдай бер,
Курдаган элиң кубансын.
Кунандар чыкса өзүңдөй,
Койнума батпай кубанчым.
Узун болсо өмүрүң,
Урматтуу кызмат кыларсың.
Жакшы ырдасаң көп элден,
Жаша деп алкыш угарсың,
Ыргалып бойго жеткенде,

Ырчыларды сынарсың.
Асый чыксаң толорсуң,
Ардактуу акын болорсуң.
Жүрө-жүрө иничек.
Жол жоргоңду оңорсуң.
Жалтаң боло көрбөгүн,
Жаңы келген сонорсуң.
Күч киргенде күчөөрсүң,
Жүрүшүңдү түзөөрсүң.
Алыскы жолго сыналып,
Айтышка нечен түшөрсүң,
Жаңы заман доорунда,
Жазгы гүлдөй жайнарсың.
Жаш-карынын алдында,
Жаш булбулдай сайрарсың.
Жатык болсоң, Осмонкул,
Жалпынын көөнүн жайларсың,
Айлыңа келдим атайы,
Алыскы жерден бөбөгүм,
Алып калгын аябайм,
Агаңдын нуска, өнөрүн.
Агаңдай мени сыйласаң,
Ардагымдай көрөмүн.
Бошоңдук, иним, кылбасаң,
Болорсуң менин жөлөгүм.
Жаңылбай терең ырдасаң
Жүрөгүм сууруп беремин.
Ырысың тоодой бул күндө,
Ырыңды ичке катпагын.
Кумарды жаз деп сураса,
Кежирден бетер качпагын,

Артыңдан бирөө куугандай,
Аптыкпагын, шашпагын.
Эмгектенип талыкпай,
Эл милдетин актагын.
Калың эл каалап турушат,
Кезекти берем баштагын.

Бул учурда менин сүрдөгөнүм басылып, терим кургай калган эле. Кезекти мага бергенде кайрадан жүрөгүм туйлап, бүткөн боюм ысып, калтырак басты. Сыр билгизмексен болуп, домбурамды нечен жолу бурап-бурап алып ырдап жибердим:

Атайы кезек берген соң,
Айтпай карап турбайын.
Ачыла элек ырчы элем,
Айбыксам да ырдайын.
Сары алтын Каке, бүгүн мен,
Сөзүңдү эки кылбайын.
Кубат кошор сен турсаң,
Көңүлдү неге бурайын.
Катарыңда бир жүрүп,
Кубанып, ойноп жыргайын.
Көөдөнгө каткан сөзүмдү,
Көпчүлүк турса жактырып,
Канатымды күүлөйүн.
Калкымдын көөнүн шат кылып,
Кадимкидей сүйлөйүн.
Калың эл калсын каткырып,
Сайрандап ойноп турган кез,
Салтанат нуру чачырап.
Түзүлүп нечен босполком[1],
Теңдикке жетти батырак.

[1] Поселкивый совет

Бай-манапты куушка,
Жапырт кирди шатырап.
Падыша тайды багынан,
Падыша тайды тагынан
Ажырап жатат бай-манап,
Азыр түмөн малынан.
Манаптар бүгүн корккон кез,
Малы түгүл жанынан.
Бардык кедей кутулду,
Бай-манаптын каарынан.
Бороондон суук сезилген,
Байбиченин заарынан,
Баштагы кедей биздерди,
Бүгүн байлар тааныган.
Батырак кедей балдары,
Басполкомго шайланды.
Буулуккан көңүл ачылып,
Бактыга жетип шаңданды.
Бакырып камчы үйүргөн.
Байлардын тили байланды.
Батырактар түгөтөт,
Байлар сенин аргаңды.
Бай-манаптар шашылды,
Байга кедей асылды.
Батырактар келип калат деп,
Байлар коркуп жашынды.
Коркконуңан жакшы атын,
Кудасына качырды.
Кудасы жок кургур бай,
Кокту жерге жашырды.
Арык деп албан койсун деп,

Ачка байлап катырды.
Айласы кетип кээ бирөө,
Партияга жазылды.
Акырында билинип,
Айла-амалы ачылды.
Большевиктер үйрөттү,
Батыракка акылды.
Кубантты көөнүн оорутпай,
Колунда жок жакырды.
Кошулгула бизге деп,
Кедей топко чакырды.
Ушундай күнгө туш келдик,
Узунун берсин өмүрдүн,
Кеңештин оту жанганда,
Кубанчым батпай семирдим.
Койнума толуп ырыскы,
Күүлөнгөн аттай элирдим.
Эсен болсо алтын баш,
Эл менен бирге жашармын.
Эркин куштай күүлөнүп,
Эл көңүлүн ачармын.
Кызматым сиңсе элиме,
Кызыкка нечен батармын.
Толук берсең нускаңды,
Топко сайрап турармын.
Толгон аттын ичинен,
Теминип алга чыгармын.
Талант ачар мекенге,
Талыкпай кызмат кылармын.
Санатың түзүк үйрөнсөм,
Сан элге ырдап берермин.
Саламат болсом кырсыктан,

Сапатын ырдын терермин.
Урматтап, Каке, өзүңдү,
Устатым деп сезермин.

Калык

Келдим эле, Осмонкул,
Кең Чүй ата-жериңе.
Келген киши жай тапкан,
Кенен солто элиңе.
Ырчы болот экенсиң,
Ыраазы болдум кебиңе.
Келиштирип ырдадың,
Курчаган курбу-теңиңе.
Кыйыштырып кынадың,
Керектүү кепти эбине.
Жагалдантып куюлтуп,
Жеткиздиң ойдун чегине.
Аянбай ырда айтарым,
Алты уруу кыргыз калкыңа.
Алыска сапар чексең да,
Атагың жүрөт айтыла.
Жай билип көңүл оорутпай,
Жылдыздай жайнап жаркыра.
Жазгы желдей тынчыбай,
Жыпар чачып аркыра.
Жады кирген Чүйүңдөй,
Жалтанбай төгүп шаркыра.
Узагын сүрүп өмүрдүн,
Улууларды сыйлап өт.
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Урматын көрүп жыргап өт.

Айнектей көзүң жумганча,
Алтындай элге ырдап өт.

КУТТУКТОО

(Кыргызстандын 20 жылдык тоюна келген коноктору куттуктоо)

Калык:
Жыргалдуу, шаттуу тоюма,
Куттук айтып коюуга,
Батыш-чыгыш жагынан,
Ардактуу мейман келишти,
Ар улуттун баарынан
Ленинград, Москва,
Сүйүктүү борбор шаарынан,
Сабыбыз бирге билектеш,
Каныбыз бирге жүрөктөш,
Бир санаада, бир ойдо,
Пикири бирге тилектеш,
Улуу орус элине,
Жалындуу салам айтамын
Шаңдуу кыргыз наамынан.

Осмонкул:
Ашхабат жагын жердеген
Алышып душман жеңбеген,
Найзасы болот, шабы албарс,
Намысын колдон бербеген,
Тулпар минип, туу кармап,

Түпкү атаң Түркмөн эр деген,
Койлору тегиз каракүл,
Төөлөрү койдой төлдөгөн,
Кыз, келини баары уста,
Килем сайып түрдөгөн.
Калкыбыз жакын жамалаш
Кадыры бирге аралаш,
Кайраттуу түркмөн туугандар,
Калкына салам айтамын.

Алымкул:
Аму-Дарыя жээгинде,
Ооган, кытай чегинде,
Сталинабад борбору,
Ыргалган тоолу жеринде;
Тоосу бийик малга жай,
Толкуган тажик элинде,
Фермасы өсүп жайлаган,
Мургаптын салкын төрүндө.
Талаасы пахта, тоосу мал,
Колхозу дыйкан эгинге.
Жеринин чеги бир болгон,
Жергелеше бир конгон,
Таалайлуу тажик сый мейман,
Жалпыңа салам айтамын.

Калык:
Пахтасы тоодой үйүлгөн,
Байлыгы кепке билинген,
Зоот салып, курт багып
Жибек, шайы кийинген.
Жапайы чыккан жаңгагы,
Жамгырдай жерге күбүлгөн.

Берметтей даны тизилип,
Жүзүмү жерге ийилген.
Жабуулап күлүк байлашкан,
Жигити баатыр кайратман,
Өзөгү бирге өзөктөш,
Ортодон ушак сөз өтпөс,
Ордолуу тууган өзбек,
Калкына салам айтамын.

Осмонкул:
Сары арка, капал жерде өскөн,
Салкын аба төрдө өскөн,
Совхоз, колхоз чарбасын
Сандатып сайга төлдөткөн.
Элиртип буудан ат минип,
Эрдигин жоого көргөзгөн.
Аттары күлүк, жигити эр,
Жарышса чыккан мелдештен.
Жерибиз бирге канатташ,
Элибиз бирге жаматташ,
Бирге жайлап, бир жерлеп,
Бир тууганбыз талапташ,
Чыгышта Казакстандын
Даңкына салам айтамын.

Алымкул:
Кыргыздын түпкү атасы,
Айкөл Манас шер болгон.
Саймалуу калпак, сары шым,
Санжыргалуу эл болгон.
Эшиги ачык меймандос,
Колу март, пейли кең болгон.
Алтын, күмүш малга жай,

Ала-Тоо конуш жер болгон.
Улуу атасы Манастай
Уул, кызы эр болгон.
Урушкан жоону жеңгенде,
Жыргалдуу тойду бергенде,
Учураштык ыр менен
Улуу, кичүү сый мейман
Урматтуу тойго келгенге.

Калык:
Күн өткөн сайын күн санап,
Күлдөттүң эркин калкыңы.

Осмонкул:
Күлүп,ойноп эр-аял
Көңүлү өсүп жаркыды.

Алымкул:
Күндөн жарык нуруңар
Кубандырды жалпыңы.
Ат чаап, кыргыз той кылды –
Аткарып берген антыңды.

Үчөө:
Борум-борум үн салып,
Булбулдар сайрайт шактагы.
Эркелеп оюн көргөзөт
Элимдин кары-жаштары.
Жыйырма жашы толгондо
Жыргалдуу тойду баштады.
Быйыл кыргыз той берип —
Берилген антын актады.

ЫРДАЙЛЫК ЭЛДИН ЫРЫСЫН (КАЛЫК МЕНЕН ОСМОНКУЛ)

Осмонкул:
Кулагын толгоп кыл таккан,
Комузуң бар колуңда.
Жаңаша ырдап бирге өстүк,
Жазы кыргыз тобунда.
Безелентип күү чалып,
Ырдадың менин жогумда.
Айтышар болсоң камынгын,
Салайын түрлүү сонунга.
Акын Калык жолун таап,
Айтып көр менин соңумда.

Калык:
Айлында өстүм жашымдан,
Алты уруу кыргыз көп элдин.
Гүлдөгөн элди көрмөккө,
Күлпөтүнө мен келдим.
Салам, алик кебиң жок,
Салышчуудай сен келдиң.
Көкүрөгүң көтөрүп,
Күч көрсөтүп ээлендиң,
Бордоку күрпөң баштанып,
Осмонкул келеби мага тең келгиң.

Осмонкул:
Он төртүңдөн ырдапсың,
Акын Калык карганча,
Адатыңды койбойсуң,
Алтымыш бешке барганча.

Эл арытып жер таанып,
Ырдап жүрдүң, бир канча,
Жаза басмаң дагы бар,
Жаңы көпкөн балдарча.

Калык:
Көргөн жерден асылып,
Көп торгойсуң астымды
Бирге жүрүп, бир өсүп,
Же бир жеримден жаздымбы?
Ишенбеген жериң бар,
Же илгертен сага касмынбы?
Сен мени көпкөн бала деп,
Күүгүм түндө аралаш,
Же, мен бир жакка бастымбы?..
Апыраңдап болбойсуң,
Же, арак ичкен массыңбы?
Карыган Калык чал дейсиң,
Сен эле менден жашсыңбы.

Осмонкул:
Мен дагы сендей акынмын,
Эмгекчи элге жакынмын.
Илгеркиден кандайсың,
Билейин деп катылдым.
Алың келсе аянба,
Айтышмакка качырдым.
Ыр жагынан мен дагы,
Качпай турган баатырмын.
Кармашкандан тартынбайм,
Каруу күчтү чакырдым.

Калык:
Сакалыңда кара жок,
Осоке, ак болгонун билбейсиң,
Салтанаттуу жашчылык,
Сап болгонун билбейсиң.,,
Кайратың алып карылык,
Карк болгонун билбейсиң.
Мурутуңда кара жок,
Ак болгонун билбейсиң.
Карыга жаштай тең укук,
Бак конгонун билбейсиң.

Осмонкул:
Кашкая танып чычалап,
Карысың десем ардандың.
Ээгиңде сакал көк ала,
Элеси турат чалдардын.
Арданасың чал десем,
Ошонуңа таң калдым.
Ырдашмак болсоң бел байла,
Мен дагы ырга балбанмын.
Күзгү менен карап көр,
Сакалыңдын аласын,
Жулуп жүргөн окшойсуң,
Мурутуңдун арасын.
Алтымыш беш жаштасың,
Аны кантип танасың...

Калык:
Жалган айтпа, Осмонкул,
Жашмын деген жерим жок.
Жалаа жаап калп айтып,
Жабыша берер эбиң жок.

Салышасың, Осмонкул,
Сакалдан башка кебиң жок.
Эртеден бери чымчылап,
Бул эч айласын таппады.
Өкүрөңдөп өөдөсүп,
Өзүн өзү мактады.
Билинбейт окшойт өзүнө,
Сакалынын аппагы,
Ээгиңдеги агарган,
Же эрте бышкан пахтабы?..

Осмонкул:
Көшүлүп салган жоргодой,
Салышмакка кандайсың?
Күлүктүгүм карматсам,
Жарышмакка кандайсың.
Чын сөз менен мант кылып,
Байлашмакка кандайсың.
Оюн десем күчөтүп,
Баратасың ар жагын.
Таразага тең түшсөк,
Оодарат менин салмагым.
Улуу элең, менден жыгылып,
Уят болуп калбагын.
Канчалык кайрат кылсаң да,
Кармасам кетет дарманың...

Калык:
Куштан кыраан болот деп,
Кундуздан чырга сүйрөттүм.
Кузгунга чаппай куу ал деп,
Кулачыңды күүлөнттүм.
Эчен жылдар, Осмонкул,

Өзүм менен түнөттүм.
Көкүрөктө мүлкүмдүн,
Көпчүлүгүн үйрөттүм.

Осмонкул:
Бир кезеги келгенде,
Кимдерден үлгү ким албайт.
Бир кезеги келгенде,
Кимдерден кийин ким калбайт,
Текиреңдеп, Калыгым,
Тебеген аттай чунаңдайт.
Тизгинин тартып койбосо,
Тебишпей чыдап тура албайт.

Калык:
Жеңе албайсың, Осмонкул,
Жыйыштыргын тил алсаң.
Бул айтылган сөздөрүм,
Осуятко ынансаң.
Тура албайсың, Осмонкул,
Кокустан менден кулансаң.

Осмонкул:
Эл күлсүн деп айтыштык,
Эскинин салты курусун,
Эмки-доордон ырдайлык.
Элим тыңдап турушсун,
Эркиндик жыргал заманда,
Ырдайлык элдин ырысын.

КАЛЫК МЕНЕН ОСМОНКУЛ

1923-жылы Пишпектин түндүк жагында Ак-Чий деген жерде Союз кошчунун тою болуп, жүздөгөн эл келди, жүздөгөн үй тигилди. Ошондо Калык менен Осмонкулдун жар салып турган жери:

Калык:
Атайы барып таппадым,
Осмонкул сени үйүңдөн.

Осмонкул:
Келерин, билсем мурдатан,
Кетпейт элем үйүмдөн.

Калык:
Чакыртып шаарга кетти деп,
Жайыңды уктум Бүбүңдөн.

Осмонкул:
Тойдун дайнын укканда,
Барууга шашып, сүйүнгөм.

Калык:
Ырчы болуп алыпсың,
Той-аш десе жүгүргөн.

Осмонкул:
Мен эмесмин той-аштан,
Азырынча түңүлгөн.

Калык:
Осмонкул катуу чыкты деп,
Дайныңды уктум Чүйүңдөн.

Осмонкул:
Ырақмат, Каке, бааңа,
Ыраазы болдум бүгүн мен.

Калык:
Мактап айткан сөз эмес,
Байкап турам түрүңдөн.

Осмонкул:
Дагы эле таалим алсам дейм,
Чарчабас кызыл тилиңден.

Калык:
Бүгүнкү тойдун шаанисин,
Баштачы болсоң баштагын.

Осмонкул:
Менден көрө улуусуң,
Каке, өзүң эми даңктагын.

Калык:
Осмонкул сенин келбейби,
Урматтуу тойду мактагың.

Осмонкул:
Кокуй, Каке, улуу деп,
Аяп, кадыр сактадым.

Калык:
Ирети менен ырдайлы,
Жаштык кылып шашпагын.

Осмонкул:
Кутмандуу той бүгүнкү,
Жыргал күндө берилген.

Калык:
Жайнап турат калың журт,
Казак, кыргыз элимден.

Осмонкул:
Миңдеген киши чогулду,
Нарын, Талас, Кеминден.

Калык:
Жыргап жаны жатпайбы,
Жыргал күн алып Лениндеп.

Осмонкул:
Ошол эрди жактаган,
Мен ырчымын элирген,

Калык:
Теңдик алды кечээки,
Таалайсыз, шордуу батырак,

Осмонкул:
Тизгини тийип колуна.
Таалайга жетти шатырап.

Калык:
Көктөн жамгыр төккөндөй,
Куюлду ырыс чачырап.

Осмонкул:
Ленин берген укукту,
Алгыла жакшы асырап.

Калык:
Бай-манаптын бийлиги,
Сынып жатат качырап.

Осмонкул:
Боору оорубайт кедейдин,
Тилеги катсын батыраак.

Калык:
Куруп кетсин жоругу,
Күнү калды азыраак.

Осмонкул:
Кедейлер эми бирикти,
Жолотпой кууп качырат.

Калык:
Төбөгө камчы үйүргөн,
Какшаткан заары басылат.

Осмонкул:
Жарды менен жалчынын,
Жаркырап көөнү ачылат.

Калык:
Куураган нечен шордуунун,
Курушкан дени жазылат.

Осмонкул:
Аз күндө кедей, кембагал,
Алтындай жерге ээ болот.

Калык:
Ар бирөөнүн колунда,
Асырап минсе бээ болот.

Осмонкул:
Буудай, арпа сепкенге,
Бир тешеден жер болот.

Калык:
Эмгектенсең тартынбай,
Эч түгөнгүс кен болот.

Осмонкул:
Эмгекти сүйбөй качкандын,
Дагы эле багы кем болот.

Калык:
Ынтымактуу болсоңор,
Ырыскыңар кең болот.

Осмонкул:
Бириңди-бириң сыйлагын,
Укугуңар тең болот.

Калык:
Бүгүнкүдөй жыргал той,
Болгон эмес кылымда.

Осмонкул:
Теңчилик тойду илгертен,
Көрбөгөнмүн чынында,

Калык:
Жыргап, куунап турабыз,
Бак берген Ленин сыйында.

Осмонкул:
Төбөм көккө жеткенсийт,
Толкуп турган жыйында.

Калык:
Көңүлү кимдин сүйүнбөйт,
Кошулса эки эл жыйынга.
Осмонкул:
Өкмөт өзү берген той,
Элим түшпөйт чыгымга.

Калык:
Тойду эл өзү башкарат,
Карыздар болбой тыйынга.

Осмонкул:
Урматы үчүн чоң тойдун,
Тамаша азыр башталат.

Калык:
Казак менен кыргыздан,
Эңишке эки эр аттанат.

Осмонкул:
Улуттук ар бир оюнду,
Комиссия башкарат.

Калык:
Жеңип чыккан азамат,
Бир кийимдик акча алат.

Осмонкул:
Эңиштен кийин ортого,
Эки балбан чыгышат.

Калык:
Курдан мыкчый кармашып,
Бирин-бири жыгышат,

Осмонкул:
Андан кийин бул жерге,
Балбандар улак тартышат.

Калык:
Эл бүгүнкү оюнга,
Ыраазы болуп кайтышат.

Осмонкул:
Акырында, туугандар,
Алтымыш ат чабылат.

Калык:

Жети мыкты күлүккө,

Кымбат байге сайылат, - деп жар чакырышты.

Тойго келген казак элинин Кырбай баш болгон чоңдору, төрт-беш күн мурда Калык ырчыны ырдатышып, ат мингизип чыгарышыптыр. Кенен, Үмбеталы деген казактын ырчылары угуп калып: «Биз жүе каламызба. Биздин жаксылар ат мингизсе, силердин жетекчилер неге ат мингизбейт. Биз да көп жырлаган эдик. Эмгегибиз ак кой, Сени менен айтышамызба иле женисемизби, Калык!» — деп Калык ырчыны этектеп калышат. Ошондо

Калык:

Дооматың артпа кыргызга,
Умбеталы, Кененим.
Айылдын жүрүп сыртында,
Ат бербей койду дебегин.
Кыргыз эл малын аянбайт,
Көрсөтсө ар ким өнөрүн.
Төө баштап тогуз берсе да,
Доолабайт кайра бергенин.
Ырыска шерик калк келип,
Ырчынын баалайт эмгегин.
Ат берсе бирөө, доолаган,
Силердей, нысапсыз ырчы көрбөдүм.
Ардактуу кыргыз элибиз,
Алты ооз өлөң айтканга,
Алтын жагоо куш берген,
Апасы өбө элек кыз берген.
Ат берип, кайра доолаган,
Мага кандай арсыз ырчы туш келген,
Жергелүү кыргыз элибиз,
Жети ооз өлөң айтканга.

Жез жагоолуу куш берген,
Жеңеси өбө элек кыз берген.
Жээрде атын кайра доолаган,
Кандай, жетесиз ырчы туш келген.

Осмонкул:
Анык берген ат десем,
Аманат койгон турбайбы,

Калык:
Жүрчү, Осмонкул, кетели,
Элге уят кылбайлы,

Осмонкул:
Эки-үч күнгө ат берсе,
Эминесин сыйлайлы,

Калык:
Ээси турса талашып,
Эминеге чырдайлы.

Осмонкул:
Умбеталы, Кененди,
А болбосо тыйбайбы.

Калык:
Жээрдени мен бактым,
Күндө төрт маал чөп салып.

Осмонкул:
Ошондой, соору жылтылдайт,
Койгонсуң го көп салып.

Калык:
Төлөп берсе болгону,
Беде берген акымы,
Беш күн сага бактырса,
Жемек беле акыңы.

Калык:
Доолаган киши көп чыкты,
Ала гой, Кырбай, атыңы.

Осмонкул:
Бирөө берсе доолайбы,
Казактын Кенен акыны.

Калык:
Доолатып коёт турбайбы,
Адамдын «сырттан асылы»,

Осмонкул:
Кыргызда дайым болчу эле,
Ырчынын элден азыгы.

Калык:
Ошого жеткен эмес ко,
Кырбайыңдын акылы.

Осмонкул:
Андай ат жүздөп табылат,
Аман кылсын башыңы.

Акындардын «катуулап» бара жатканын Кырбай түшүнө коюп:—Энди Калык акын, андайша сөздү коюңдар. Умбеталы, Кенен сиздерди аншейин курбалдас иретинде тамаша кылган

шыгар. Бир жылкынын жарасы жеңил гой. Жырды токтотуңар. Ат, байге сиздики, - деди.

КАЛЫК МЕНЕН ОСМОНКУЛ

Осмонкул:
Кымбатым Каке, өзүңдү,
Көптөн бери көрбөдүм.
Кучакташып көрүшүп,
Кадырлап салам бербедим.
Канчалык алыс жүрсөм да,
Күнү-түнү дегдедим.
Көз жеткис жерге барсам да,
Көөнүмдө болдуң сен менин.
Кызматтын жайы ушундай,
Каке, айып көрбөгүн.
Каяктан чыксын көңүлдөн,
Кастарлап кеңеш бергениң.
Кең Бакуда ыр ырдап,
Калың элге угуздум,
Кабарыңды мен сенин.
Канаттуу ырың дем берип,
Кеткен жок текке эмгегиң,
Ардактап салам айтайын,
Амансыңбы жан ага?
Ачыгын айтчы угайын,
Алдыңбы мени санааңа.
Дайының билгиз сурарым,
Качан келдиң калаага?
Эмне келдиң ал жактан,
Эмне келдиң Кабактан?

Мал табалбай калгансып,
Неге келдиң аяктан?
Кокус жүдөп келбегин
Кийим-кече тамактан?
Айтышканы келдиңби,
Ат арытып саяктан?

Калык:
Сөз тизгинин колго алып,
Сурадың менин жөнүмдү.
Киндик каным төгүлгөн,
Кең Тянь-Шань жеримди.
Кыргызга атым таанытkан,
Кагылайын элимди.
Кадырымды билишкен,
Курбу-курдаш теңимди.
Ракмат сага, Осмонкул,
Кубантып ачтың көңүлдү.
Бирок, аягында ороңдоп,
Каяктан келип калдың деп,
Кейиттиң менин зээнимди.
Кадыры кеткен Калыктын,
Каржалып качып Жумгалдан
Кең Чүйгө келди дединби?
Жаштык кылбай обу жок,
Байкап айт иним кебиңди.
Агаң запкы көрө элек,
Ага-ини, туугандан.
Азырынча, кала элек,
Алтын башым жыргалдан.
Акын Калык агаңды,
Кууган жок эч ким Жумгалдан.
Чакыртып алып Пишпекке,

Атайын оюн кургандан.
Келерим менен шаарга,
Үйүңө бардым сени издеп,
Таппай калдым өзүңдү,
Бакуга жөнөп кетипсиң,
Карчыга куштай «жем» издеп.
Сынтактың эле агаңа,
Арбын болсо дүнүйөң,
Ал жакка бардың нени издеп?
Бакудан алган олжоңду,
Мен качан айттым бериш деп.
Көпчүлүктүн алдында,
Көргөнүңдү баяндап,
Көрсөтүп айтчы тегиздеп.

Осмонкул:
Капаланба, Каке сен,
Какшык айтып койгонго.
Кай жеринен кармайм деп,
Куру-бекер ойлонбо.
Күүлөнгүм келди азыраак,
Көпчүлүк мага биринчи,
Кезекти берип койгонго.
Кадырлуу Каке, өзүңдөй,
Калк ырчысы болгонго.
Күрсүлдөп койдум кечиргин,
Каруу-күчүм толгон го.
Пишпектен чыктык төрт адам,
Баку шаарын көрүүгө.
Калк чогулган съездге,
Катышып биз да келүүгө.
Көргөнүмдү өзүңө,
Көрсөтүп айтып берүүгө.

Барууга Баку шаарына,
Поездге минип жөнөдүм.
Баргын деп мени жиберди,
Баркымды билген көп элим.
Ошончо жерге баргызган,
Оозумдагы өнөрүм.
Ойлонбой туруп Осмонкул,
Өзү эле барды дебегин.

Калык:
Эл алдында, Осмонкул.
Эркелей бериш жакшыбы?
Энесин көргөн баладай,
Элеңдеп неге ырдайсың?
Эптүү кепке жарабай,
Эси жоктук кылбагын.
Алды-артыңды карабай,
Агалык кылып мен айттым,
Апыртып сөздү неге айттың?
Поезд минип бардым деп,
Ишенгис кепти сен айттың,
Өзүңдөн улуу агаңды,
Тамаша кылбай, жөн айткын.
Осмонкул поезд дегениң,
Желмаяндай төө бекен?
Ошончо киши көтөргөн,
Жомоктогу дөө бекен?
Кичүү да болсоң өзүмдөн,
Көргөнүң сенин көп экен.
Поюзуңду сүйрөгөн,
Кадимкидей ат бекен?
Биз минип жүргөн аттардан,
Чуркаганы бат бекен?

Он чакты адам биригип,
Аныңа кантип батты экен?
Кыйналбай байкуш кайран ат,
Силерди кантип тартты экен?
Ойнобой айтчы чыныңды,
Же, ошо сөзүң калп бекен?

Осмонкул:
Угуп тур, Каке, поезддин,
Жөнүн айтып берейин.
Көрө элек болсоң сүрөттөп,
Өңүн айтып берейин.
Көргөнүмдү баяндап,
Терип айтып берейин.
Поезд деген өзүнчө,
Бир-бирине чиркелген,
Бир нече кооз там экен.
Ичине кирсең жаткыдай,
Керебети бар экен.
Вагондордун бир өңчөй,
Көк калай менен чаптаптыр.
Үстүн, астын, капталын,
Карагай менен каптаптыр.
Отузга жакын вагонду,
Бир гана жалгыз паравоз,
Сүйрөдү, Каке, жадабай,
Маңдайында өчпөгөн,
Бир көзү бар чарадай,
Ылдамдыгын мындан бил,
Саналбай калат жолдогу,
Зым тартылган карагай.
Мингендей жорго болосуң,
Паравоз учса күүлөнүп,

Өз үйүңдөн кем эмес,
Кыйналганды билбедик.
Паравоз кез-кез бакырып,
Түтүнүн бүркүп чачканда,
Көк булутка кошулуп,
Көк түтүн учат асманга.
Толуктоого тил жетпейт,
Терип бирден айтканга.
Каке, өзүң айткандай,
Поездди тарткан ат эмес.
Жүгүргөнү чынында,
Атыңдан да бас эмес.
Ишенгин, Каке, сөзүмө,
Эч бир жери калп эмес.
Тешкен тоодон өткөндө,
Көрүнбөй калды биздин тоо.
Биздикиндей тоо болбойт,
Көрсөң да жолдон жүз миң тоо.
Ошонун баарын мен көрүп,
Элге келдим эсен-соо.

Калык:
Ырас болду поездди,
Түшүндүрүп айтканың,
Ыраазы болду өзүңө,
Уккан кары-жаштарың.
Тешкен тоодон өттүм деп,
Дагы,
Кайдагы жокту баштадың.
СибиргеТоком барганда,
Алтындын кенин казды деп,
Аяктай таштар адамды,
Абайлатпай басты деп,

Карбаластап далайлар,
Акылынан шашты деп,
Азаматтар ачкадан,
Кыйналып жатып өлдү деп.
Ак кепинсиз чуңкурга,
Таш бастырып көмдү деп.
Асыл Током өзү айткан,
Аны да көзүм көрдү деп,
Болбосо,
Эмне менен кести экен?
Аны
Эмне менен тешти экен?
Поездиң тамдай чоң болса,
Андан кантип өттү экен?-
Жалган сөздү чын кылып,
Жамаштырган эп бекен?
Ошонуңду оңдоп айт,
Орунсуз айткан кеп бекен?

Осмонкул:
Капкайдагы тоону айткан,
Калык агам соо эмес.
Айдалып барып алыска,
Токтогул казган тоо эмес.
Өтүүгө жол жок болгон соң,
Дары менен тешиптир,
Аска ташты уратып,
Аркан бою кесиптир,
Тоонун ичин жол кылып,
Ар жагына өтүптүр.
Ошончолук өнөргө,
Усталык менен жетиптир.
Чимкенттен ары өткөндө,

Паравоз керди канатын.
Аралап жүрүп отурдук,
Казактын кенен талаасын.
Нечен кооз жер көрдүм,
Айтууга жетпейт санатым.
Бир күн, бир түн дегенде,
Ташкентке жеттик кыйналбай.
Оюнга бардык кечинде,
Эки жакка буйдалбай.
Эң эле кооз жай экен,
Эки миң киши сыйгандай.
Кызыгып көрдүк барыбыз,
Серик[11] деген оюнду.
Кыздар бийлеп асманда,
Көрсөттү түрдүү сонунду.
Ошол жерден эстедим,
Жанымда өзүң жогуңду.

Калык:
Сен айтып бер, Осмонкул,
Серик деген той бекен?
Тойго барсаң алдыңа,
Эче табак койду экен.
Эл журт арбын чогулса,
Эче бээни сойду экен,
Же бир мыкты азамат,
Атасы өлүп аш берип,
Ат чаптырган жер бекен?
Биз өңдөнгөн ырчылар,
Мактап турган жер бекен?
Келгендердин эсебин,

[1] цирк деген мааниде

Каттап турган жер бекен?
Жарчы болгон ырчыга.
Жорго берчү жер бекен?
Ат көтөрүп жүрө алгыс,
Олжо берчү жер бекен?
Алтындын буусун ширеткен,
Торко берчү жер бекен?
Өзүбек эли кыргыздай,
Конокко жоомарт эл бекен?
Атайы барып ырдасаң,
Сендей,
Акынга эмне берди экен?
Агасы Калык акынга,
Осом,
Эмине ала келди экен?

Осмонкул:
Оюңду билбей той деген,
Обу жогун карагын.
Кайдагы этти сураган,
Жаман го дейм тамагың.
Оюн деген тойбу деп,
Буруп кеттиң, аягын.
Же, кулагы укпай калганбы,
Акын Калык агамын.
Кулак салып угуп тур,
Көңүлүңдү буруп тур,
Дагы айтайын кабарын.
Серик оюн көрсөтчү,
Өзүнчө укмуш жай экен.
Боз үйдөй кылып салынган,
Тептегерек там экен.
Күлдүрүп боор тырматкан,

Куудулдары бар экен.
Тотусун колго кондуруп,
Бир адам келип сүйлөттү.
Музыкага кошулуп,
Маймылды, атты бийлетти.
Үйрөтүп баккан ээсинин,
Тилин билип алгандай,
Жаңылбай бардык буйругун.
Аткарышты тайманбай.
Эки жигит, эки кыз,
Дарга чыгып барышып,
Эки-экиден бийлешти.
Колтукташып алышып.
Асманга тепкич аркылуу,
Чыкканына айбандын,
Бирин-бири көтөрүп,
Түшкөнүнө таң калдым.
Муштумдай тыйын чычкандын,
Жактырдык ойноп бергенин.
Бардыгы бирден саналып,
Көңүлдө калды көргөнүм.
Эртеңки саат тогузда,
Поезд жүрдү сабалап,
Коончу менен Кожонтон,
Койбой өттүк аралап.
Самарканга барганда,
Тура калдык каралап.
Селде чалган көп адам,
Курчап алды сагалап,

Калык:
Болбогонду сөз кылып,
Болжоп айткан болобу?

Аныктап туура айтпаган,
Акылыңдын чологу.
Башына селде чалган деп,
Бизди тосуп алган деп,
Айтпачы, Осо, жалган кеп,
Кайдагы кожо-молдону.
Илгерки өткөн заманда,
Агала така шайы алып,
Байларга конок болчу эле,
Бата берип жай алып,
«Кожомун» деп дем салып,
Кооз чаар тай алып.
Кара баскан аялды,
Калпабызга куудуруп,
Туубай жүргөн келинди,
Коёбуз деп туудуруп.
Көтөрүп теспе, тумарын,
Келишчү эле чубуруп,
Кыдырып келип калганда,
Караңгы эл сонун көрчү эле,
Эшенмин деп алдаса,
Элдин баары көнчү эле.
Аял-эркек жабылып,
Айткандарын берчү эле.
Ошол кожо болбосун,
Оңдоп айтчы жолдошум.

Осмонкул:
Ким экенин алардын,
Каке, кайдан билейин.
Көргөндү айттым жолдогу,
Көргөн жокмун сен айткан,
Эшен кожо-молдону.

Самарканда жашаган,
Өзбек, тажик калк экен,
Башына курун чалынган.
Баарысынын салты экен.
Бала да селде оронгон,
Байыртан берки нарк экен.
Бир саат туруп жол тарттык,
Көздөгөн жерге кайрадан.
Өттүк калаа Чаржуйдан[1],
Өттүк Аму дайрадан.
Эрке жел бүркүп жыпарып,
Көрүндү кооз айланам.
Мургаптын суусун кечкенде,
Марыдан ары өткөндө.
Ашхабадга биз бардык,
Кооз шаар экен заңкайган,
Төбөсү көккө жанашкан.
Ар бири үч-төрт кабаттан,
Үйлөрдү көрүп таң калдык.
Түркмөндөрдүн шаарына,
Жүздөгөн эл дайыма,
Келет экен ар кайдан.
Кары менен жашы да,
Киет экен башына,
Көрпө бапак калдайган.

Калык:
Ашхабад деген шаарга,
Алар кайдан бүттү экен.
Ажыларды илгерки,
Алдап жечү түрк бекен?

[1] Туркменстандагы шаардын аты

Бай-манаптар камынып,
Кудайга зарлап жалынып,
Мекеге дайым барчу эле,
Кыргыздын өтпөй чегинен,
Кайра келген адамдар,
Ажы болуп калчу эле.
Байларга түрктөр кезиксе,
Сага жолдош болом деп,
Аман-эсен Мекеге,
Жеткизишип коём деп,
Акчасын эптеп алчу эле.
Жетелеп жүргөн төөсүнө,
Аларды жүктөй таңчу эле.
Үкөктө жатып жалдырап,
Жете албай жолдо каңгырап,
Кеберсип эрди шалдырап,
Жамбашы сыздап жанчырап.
Көзүн карап түрктөрдүн,
Кор болчу эле бай-манап.
Осмонкул,сага не болду?
Ырдагандай тамтаңдап.
Же түрктөрдөн коркконго,
Калгансың го калдаңдап.
Акча, тамак сен дагы,
Бергенсиңго даярдап.
Жүрөгүң түшсө оозуңду ач,
Коёюн азыр апаптап.
Кадимкидей ырдачы,
Түркүндүн жайын баяндап.

Осмонкул:
Кулагыңа кум куюп,
Алгансыңбы, жан ага?

Кыркка чыкпай көр болуп.
Калгансыңбы, жан ага?
Кыйкыртып укма доорго,
Баргансыңбы, жан ага?
Же кесири тийип бирөөнүн,
Жолуктуңбу балаага?
Агама эмне болгон деп,
Чөмүлүп турам санаага.
Кийин кандай болот деп,
Кейип турам агама.
Түркмөндөрдү түрктөр деп,
Уксаң кандай кылайын.
Бир-биринен айырбай,
Турсаң кандай кылайын.
Көңүлүңдү башкага,
Бурсаң кандай кылайын.
Күнөөлүбү Осмонкул,
Керең кылса кудайың.
Сага түшкөн азап да,
Укпай калсаң ылайым.
Көрсөтсөң доктур ачпайбы,
Оорулуу болсо кулагың,
Түшүндүрүп берейин,
Түркмөн деген эл болот.
Түпкү атасы Көр уулу,
Түбүнөн бери эл болот.
Тегереги малга жай,
Тоолуу-кумдуу жер болот.
Бакуну көздөй пароход,
Бизди алып жөнөдү.
Терметкендей бешикке,
Балкытты биздин денени.

Көркөмү тартып деңиздин
Кубанычка бөлөдү.

Калык:
Осмонкул, кандай оройсуң,
Агаңдын жолун торойсуң.
Агасына таш урган,
Иниси кантип чоңойсун.
Түндүк-түштүк жактары,
Түгөнбөгөн кен болот.
Ашхабаддан жөнөдүк,
Ары карай кечинде.
Каспий деген деңизге,
Эртеси бардык бешимде.
Барып калдык бортуна[1]
Аламандап кыйкырып,
Агыттың ачуу тилиңди.
Агалык жайым унутуп,
Алайып буздуң түрүңдү.
Чамынып баса калчудай,
Чыгардың бийик үнүңдү.
Аз жылы көрбөй калганга,
Ардактабай калдыңбы,
Акын Калык пириңди.
Көңүлүңө карабай,
Кас душмандай аябай,
Карматсамбы жинимди.
Чыркыратып токмоктоп,
Чыгарсамбы желиңди.
Сайгактай сайып тынчытпай,
Сыйырсамбы териңди.

[1] порт деген мааниде

Осмонкул, ушул сөздөрүң,
Орунсуз бекен, оң бекен.
Ошончо сүрдүү көрүнтөн,
Эмине суу болду экен?
Күркүрөген суу болсо,
Куулар кантип конду экен.
Ошо көлдүн ортосу,
Өтүп кетчү жол бекен?
Осмонкул, Каспий дегениң.
Соң-Көлдөн да чоң бекен?
Акканы катуу шар бекен?
Айланасы жар бекен?
Анча терең көл болсо,
Кантип жаның калды экен?
Силер минген пароход,
Чоң кайыктай бар бекен?
Параходуң, Осмонкул,
Жолсуз кантип жүрдү экен?
Күркүрөгөн дайрага,
Коркпой кантип кирди экен?
Жолоочулар көп өтсө,
Жолун кантип билди экен?

Осмонкул:
Калык буура, мен тайлак,
Качып турам жалтайлап.
Каарына алганда,
Какем жутуп коёт бир чайнап.
Күүлөнгөнү Какемдин,
Көбүк бүркөн Нарындай.
Кызый-кызый келгенде,
Көкө-Мерен шарындай.
Каршылашкан ырчыны,

Каптап кетет жалындай.
Оң айткан сөздү терс алып,
Оолукпай, Каке, токточу.
Кара күчкө коркутуп,
Иниңдин жолун тоспочу,
Өзүңкүн жалгыз эп көрүп,
Өзгөнү калпка кошпочу.
Каке, уруп, тилдей бер,
Каралдың иниң көтөрөт.
Талантым ачкан өзүңсүң,
Таасир берип жетелеп.
Жалтантпай топко ырдаттың,
Жагалмай куштай бөпөлөп.
Санаада алсаң арамдык,
Сайгактай сайсаң саярсың.
Жөнүңө, Каке, түшүнсөң,
Жолдошуңду аярсың.
Улуумун деп ээленсең,
Уят-болуп каларсың,
Көтөрүп чаап тепсең да,
Каяша эч бир кылбаймын,
Өзүмдү кыйып кетсең да,
Өмүрдө сени кыйбаймын.
Амалым жок кичүүмүн,
Ошондуктан, сыйлаймын.
Айланасын Соң-Көлдүн,
Алиге билбейт белемсиң,
Кокуй, Калык акыным.
Соң-Көлүңдү мен көргөм,
Өйүз-бүйүз жакынын.
Бир четинен карасаң,
Көрүнүп турчу эле го,
Тезек терген катының.

Каспийди дайра дегендей,
Кайда кеткен акылың.
Мен айткан Каспий деңиздин,
Ар жагы менен бер жагы,
Үч жүз элүү чакырым.
Параход жүрсө термелип,
Алып жүрөт акырын,
Параходдун жанында,
Кайыгың өтө кичине,
Ченеп кылат кайыкты,
Чебердеп үч-төрт кишиге.
Миңден ашык жүргүнчү,
Бүтүн батат эркинче,
Параходдун ичине.
Күнү-түнү биз жүрдүк,
Көк деңиздин бетинде.
Үчүнчү күнү биз чыктык,
Баку жаккы четине.

Калык:
Осмонкул Баку мактарлык,
Жасалгалуу шаар бекен?
Чоңдугу Баку шаардын,
Чоң Пишпектей бар бекен?
Көчөлөрү жүргүнгө,
Биздикинен тар бекен?
Үй башына бир-бирден,
Койкойгон чырак жакканбы?
Чатырчасын кооздоп,
Камыш менен жапканбы?
Көрүнүшү көркөмү,
Пишпектен дагы ашканбы?
Дыбырап көктөн күн жааса,

Көчөсүн баткак басабы?
Кош ат чеккен араба,
Чыгара албай чу-чулап,
Чаңырышып жатабы?
Эки-экиден жаштары,
Эртели-кеч басабы?
Ак чөлмөк ойноп түн бою,
Эриксе кумар жазабы?
Көк бөрү тартып, ордо атып,
Күжүлдөп көңүл ачабы?

Осмонкул:
Баку шаарын көргөндө,
Көтөрүлдү көңүлүм.
Көркөмүнө көз тоюп,
Кубанычка батты өмүрүм.
Борбору экен илгертен,
Азербайжан элинин.
Үч-төрт катар үйлөрүн,
Таштан салган пормолоп,
Көчөсү тунук күзгүдөй,
Кандай да айтсаң оң болот.
Биздин Пишпек шаардан,
Бир көчөсү чоң болот.
Татынакай тамдары,
Асман тиреп керилет.
Тянь-Шандын тоосундай,
Алыстан даана көрүнөт.
Кучагы гүлгө оронгон,
Көчөсү менен шаар экен.
Самаганың табылган,
Сансыз дүкөн бар экен.
Күн батса күйгөн жыбырап,

Иликтир деген шам экен.
Гүл жытын бүркүп тургандай,
Жагымдуу жанга абасы.
Адамды тартып алгандай,
Бакунун кооз талаасы.
Кумары толук кангандай,
Көргөн жандын санаасы.
Жасанып алган келиндей.
Бак-дарагы сыланат.
Мөлтүлдөгөн сымаптай,
Мөлтүр кашка суу агат.
Трамбай күн-түн эл ташып,
Көчөнүн көркүн чыгарат.
Кичи пейил бир сырдуу,
Мүнөзү жумшак жайдары.
Көчөдө, иште жүрсө да,
Сылык сүйлөйт жаштары.
Театрга, киного,
Барышат көңүл ачканы.
Тандап күлүк ат минип,
Мелдешип улак тартканын.
Эки жаат беттешип,
Көрбөдүм ордо атканын.
Ар элдин салты башка да,
Андыктан билбей айтпагын,
Кыскача айттым сүрөттөп,
Баку шаардын пормосун.
Толук айтып бербейт деп,
Көөнүң капа болбосун.
Аз болсо да, көптөй көр,
Акын Калык жолдошум.

Калык:
Акын иним, рахмат,
Абдан айттың жөн-жөнүн.
Ырас болду Бакунун,
Сүрөтүн тартып бергениң.
Жакшы болот турбайбы,
Жаш да болсоң көргөнүң.
Унутулгус сый көрүп,
Жанган экен эмгегиң,
Кубат берди агаңа,
Аман-эсен келгениң.

КАЛЫК МЕНЕН ОСМОНКУЛ

1936-жылы Кыргызстан өзүнчө Союздук республика болуп жарыяланат. Ошо жылы Кыргызстандын Жогорку Советинин сессиясына Калык менен Осмонкул делегат болуп катышат. Сессияга келген меймандарга, делегаттарга кыргыздардын артисттери концерт беришет. Концертке Осмонкул, Калык да катышат.

Экөөң кыргыздын эски акындарысыңар, ал заманды да, бул заманды да көрдүңөр, андагы шайлоо менен азыркы шайлоонун жол жобосун, тартибин экөөң ырдап чыккыла. Экинчиси илгерки акындар менен азыркы акындардын шартын дагы суроо, жооп кылып ырдагыла, дешет президиумдагылар. Осмонкул Калыктан кичүү болгондуктан ыр менен суроо берип, Калык чечип жооп кылып, алым сабак айтышат.

Осмонкул:
Каке, мурун шайлоо кандай болчу эле,
Болушту кимден койчу эле?
Болуш болуп чоюлуп,
Кандай киши ойчу эле?

Калык:
Мурун манаптан болуш шайланган,
Акылдашы байлардан.
Кошоматка бай берчү,
Кысыр эмди тайлардан.
Эмгекчи кедей эзилип,
Эриксизден байланган.

Осмонкул:
Болуштукту бай-манап,
Талашат деп укчу элем.
Эки тарап болушуп,
Сабашат деп укчу элем.
Каке, ошонусу ыраспы,
Болушка кедей ат тартып,
Жарашат деп укчу элем?

Калык:
Паракор, залим улукка,
Бай-манаптар барышкан.
Жылда шайлоо талашып,
Ыркырап иттей кабышкан.
Эки тарап болушуп,
Эр өлгүчө чабышкан.
Эмгекчини жеген соң,
Алар эртесинде табышкан.

Осмонкул:
Болуш болсо манабы,
Кимге тийчү залалы.
Эмдиги шайлоо кандайча,
Эскертчи кабар алалы?

Калык:
Анда капиталдын заманы,
Жумушчу табын талады.
Кеңештин жолу мурунтан,
Коммунисттик талабы.
Аял-эркек дебестен,
Шайлоого тегиз жарады.

Осмонкул:
Совет өкмөт жогунда,
Залим манап доорунда,
Сары изенек, салынып,
Бийлик кимдин колунда?

Калык:
Кедейге кайдан жеткирет,
Кетүүчү уруп тепкилеп.
Кордук кылчу кың десе,
Колу-бутун кескилеп.
Бай-манаптан бий болгон,
Каяша кылган дыйкандар,
Камчысынан ий болгон.
Каруу күчүн кетирип,
Карышкырлар кан соргон.

Осмонкул:
Бийиңдин курсун сурагы,
Бул кайсынын убагы.
Кимден шайлайт болду экен,
Кана, калтырбай айтчы, угалы?

Калык:
Эркиндиктин доорунда,
Эмгекчиден тандалат.
Ар ишинен көрүнгөн,
Ар бир сыйлык байге алат.
Эмгек күчүн чыңаган,
Өндүрүштө сыналган,
Эпкиндүүдөн шайланат.

Осмонкул:
Мурун илимге кимдер кирчү эле,
Старчын кимди билчү эле?
Ал старчын бий, болуштун жолдошу,
Ал кезекте эмне кылып жүрчү эле?

Калык:
Бийлери турчу бүтүмгө,
Старчын чыкчу түтүнгө,
Старчындын кызматы,
Чөп-ооз акча жыйнаган.
Жалгыз атын саттырып,
Жардыларды кыйнаган.
Жалчылыкка алгын деп,
Жалдырап кедей ыйлаган.

Осмонкул:
Караңгы жаман жолдо экен,
Каптаган темир тордо экен.
Калтырбай айткын сонунун,
Бул кайсы убак болду экен?

Калык:
Эмгекчинин күчүнөн,
Эскинин туусу кулады.
Баш коштуруп кедейди,
Большевикче курады.
Он сегизден жогору,
Укук алган шайлоого,
Улуу совет убагы.

Осмонкул:
Уурулар, уурдап тайраңдайт,
Укпасам көөнүм жайланбайт.
Уурулардын мүнөзү,
Уктаган элден тайманбайт.
Уруят заман болгон соң,
Уурудан кандай шайланбайт?

Калык:
Кантип шайлайт ууруну,
Калк укпасың мунуңу.
Убал соопко карабайт,
Уурулар элдин зулуму.

Осмонкул:
Андайларды айдайбы,
Аркан, жипсиз байлайбы.
Азыркы заман теңчилик,
Аялдан өкмөт шайлайбы?

Калык:
Райондо, борбордо,
Партия чапкан чоң жолдо,
Аялдар көп шайланган,
Ар ишинен тандалган.
Окуп билим алышып,
Ордун таап жайланган,
Ленин туусун көтөрүп,
Эмгегинен бааланган.

Осмонкул:
Алат бекен аңкоодон,
Азоо аттай чалпоодоп.

Совет өкмөт болгон соң,
«Шайланат» бекен жалкоодон?

Калык:
Кантип шайлайт аңкоону,
Качаган аттай чалпоону?
Сезбегендей сүйлөйсүң,
Сенин да оюн, аңкообу,
Жалкоодон өкмөт коюлбайт,
Жалкоого киши чогулбайт.
Эринчээктен шайланса,
Эски адат бизден жоюлбайт.
Жалкооң менен куруп кал,
Жайында да, кышында,
Жармага карды тоюнбайт.
Эркиндиктин тушунда,
Элим анча шаңдансын.
Берекенин булагы,
Беш жылдыкка камдансын,
Элди бузган митайым,
Ээнбаш иштен айдалсын.
Чымырканып иштеген,
Чын большевик шайлансын.

Осмонкул:
Балык ооз кандай ырчы экен,
Башында кайда турчу экен?
Кабардар болсоң ачык айт,
Кандай ырдан билчи экен?

Калык:
Балык ооз деп эл койгон,
Өзүнүн аты Муратбек.

Алты ай айткан Манасты,
Аныгын угам ырчы деп.

Осмонкул:
Балыгыңды таштачы,
Башкаларды баштачы.
Адабият бетинде,
Аалынын кандай жазмасы.

Калык:
Советчил жолу Аалынын,
Салмактуу угам дайынын.
Эң алдыңкы жазуучу,
Иш жүзүнөн тааныгын.
Арбын билет изилдеп,
Адабият тарыхын.
Кыргызстан, биз эмес,
Союз билет арымын.

Осмонкул:
Айтыке, Чоңду, Найманбай,
Ар ким айтат ар кандай.
Өз башын бийлеп жүрүпбү,
Бай-манапка жалданбай.

Калык:
Айтыке өткөн эл мактап,
Найманбай, Чоңду мал тапмак.
Кедейге ырдап келе албай,
Манаптан корккон жалтактап.
Убактында ошентип,
Алар оокатын кылган жан сактап.

Осмонкул:
Жаңыларга келели ай,
Жазгыч бала дегеле ай.
Кабарын айтчы угайын,
Кандай жазат Элебай?

Калык:
Мукай да жакшы жазууга,
Ирээттеп билим ташууда.
Эски менен жаңыны,
Ажыратып ачууда.
Арбындатып дастанын,
Арнап элге тартууда.

Осмонкул:
Туура даңгыр жолдо экен,
Турмушту мактап ыр жазган.
Турусбектин баласы,
Жусуп кандай болду экен?

Калык:
Жусуп жазат жаңыны,
Өтө күчтүү жалыны.
Жазмасынын негизи,
Курулуштун агымы.
«Ажал орду» кыргыздын,
Кыргындагы тарыхы.
Эчен түркүн ырларын,
Эл кадырлап тааныды.

Осмонкул:
Токтогул кыйын дечү экен,
Торгойдой тилин безчү экен.

Тогуз жылы Сибирге,
Кай себептен кетти экен.
Же үстүртөдөн сөз кылган,
Ушак айың кеп бекен?

Калык:
Мактагын десе болбогон,
Манаптарды кордогон.
Тилибизди албайт деп,
Кыянаттык ойлогон.
Жалаа жаап Керимбай,
Ак жерден Сибирь айдаткан.
Тогуз жылы тентитип,
Толгонтуп шорун кайнаткан.
Тобуна келген жүдөбөй,
Тотудай Током кайратман,

Осмонкул:
Жоомарттын айтчы жоругун,
Журнал, газет форумун.
Аны да кыйын жазгыч дейт,
Айтчы билсең сонунун.
Ак сакал сенден угайын,
Акындыгынын толугун.

Калык:
Ал Бөкөнбайдын баласы,
Токтогул болчу агасы.
Толкуп мыкты ыр жазган,
Социалчыл кагазы.
Жоомарт да жазгыч балдардан,
Жолдошу көп тандалган.

Эчен кызык ырлары,
Элибизге арналган.

Осмонкул:
Эшмамбет, ырга мыкты экен,
Өз кулагым укса экен.
Мыкты болсо Эшмамбет,
Кайсы жерден чыкты экен?

Калык:
Эшмамбет Кетмен-Төбөдөн,
Эски жолго көрөгөн.
Эрмек бол десе манаптын,
Алдына түшүп жөнөгөн.
Болбой коёр эрки жок,
Болуш, бий, залим төрөдөн,

Осмонкул:
Жалган айтып койбосом,
Жаның чыккыр болбосоң,
Элестетчи кылчайып,
Илгеркиңди ойлосом.
Сен экөөбүз ким элек,
Аш менен тойду аралап,
Ар кимден алып жээр элек,
Бул олтурган калайык,
Экөөң ким деп сураса,

БАРПЫ МЕНЕН КАЛМУРЗАНЫН КАРМАШЫ

(II түрү)

Аргымак минген катталар[1]
Алтын камар[2] даткалар.
Күлүктү минген катталар,
Күмүш камар даткалар,
Ойнотуп күлүк мингендер,
Ой бешикке киргендер,
Каңтарып күлүк мингендер,
Катарга башы киргендер,
Элден озуп калбалар.
Кара сакал Калмурза
Кармашканы болбойт деп,
Капа болуп калбаңар,
Көөнүңөргө албаңар.
Өтөмбайдын ашы деп,
Арка, Анжиян калбастан,
Журту келди деп уктум.
Анжыяндык Парпы акун
Ырчы келди деп уктум.
Камбагалдын оокаты
Жылымдыкка жетишпейт.
Эр чекишпей бекишпейт,
Кармашпаса эки ырчы,
Көпчүлүк мактап кетишпейт.
Жаман-жакшы элде көп,
Ырдашалы кел бери,

---

[1] Катталар — чоңдор.
[2]Камар — кемер.

Чечендикти билдирип,
Көмөкөйдө ширин тил
Кайрашалы, кел бери!
Кел экөөбүз талыбай
Сайрашалы, кел бери!

Кыбла кайсы, кут кайсы?
Үзөнгү тебер пут кайсы?
Арка, Анжиян журт кайсы?
Алып кайсы, кат кайсы?
Айта турган чак кайсы?
Эсепте кайсы, нарк кайсы?

Барпы:
Элиңе келген мейманмын,
Эргип ырдай турганмын.
Эл жүрөгүн кубантып,
Сергип ырдай турганмын.
Калкыңа келген мейманмын,
Кайнап ырдай турганмын.
Өкөө эмес, даанамын[1]
Жаңгыз аттуу баламын,
Сенден кантип каламын,
Билип туруп ырдашка
Бийиңди ызат кыламын.
Болжогондой ырдашка,
Болушун ызат кыламын.
Очасковой бир билип
Орусуң ызат кыламын.
Бирмандан ырдап өтөмүн
Ыр калитин[1] чечемин.

[1] Даана — жалгыз.

Теңелбесем өзүңө,
Көтүмдү кысып кетемин.
Ары жок адам айтышат,
Бейтааныш адам беттешет,
Эси жок ырчы жектешет.
Эл жыйылып топ болот,
Бала менен теңелсе,
Сендей акмактын эси жок болот.
Кыбла мына, кут мына,
Арка, Анжиян журт мына.
Мени менен ырдашып,
Кетирбегин баркыңды..
Эми аралап мен көрөм,
Аркада жаткан калкыңды.
Анжияндай жеримдин
Сенин наркың менен иши жок.
Сени менен ырдашып,
Жинди болгон киши жок.
Шариаттан бөлөккө
Барпы ырчынын кушу жок.

Калмырза:
Куткунуң[2] бообун бек байла,
Кубалашмай ойнойлу.
Басмайылың бек байла,
Аңтарышмай ойнойлу.
Жылооңду бек карма,
Жыгылышмай ойнойлу.
Ат жабууңду бек карма,
Ат жарышмай ойнойлу.

[1] Калит — кулпу.
[2] Куткун — куюшкандын ээрге улашкан боосу.

Барпы:
Куткунуң бобун бек байлап,
Кубалашып нетемин.
Басмайылым бек тартып,
Аңтарышып нетемин.
Катылбасаң Калмырза,
Чаң салышып нетемин.
Жылообумду бек кармап,
Ат жарышып нетемин.
Элиңе келдим бир мейман,

Калмырза:
Эми өзүм жөнөп кетемин.
Чечен бала экенсиң,
Чечектен кетер бекенсиң?
Өткүр бала экенсиң,
Өткөктөн кетер бекенсиң?
Жаман бала экенсиң,
Жатагалар бекенсиң?
Чыйрак бала экенсиң,
Чычкактан кетер бекенсиң?
Теңирдин салган ишини,
Көрүп кетер бекенсиң?
Мындай болсоң жугармак,
Өлүп кетер бекенсиң?

Барпы:
Мени Бегабат эли мактаган,
Безгектен кудай сактаган.
Ханабад эли мактаган,
Каректен кудай сактаган.
Өзгөндүн эли мактаган,

Өткөктөн кудай сактаган.
Чымбайдын эли мактаган,
Чычкактан кудай сактаган.
Анжыян деген жеримде,
Кожо, молдо көп болот.
Безгек деген забилди[1],
Байлап койсо жок болот.
Чечек деген забилди
Чегип койсо жок болот.
Чегилбесе шо чечек,
Мага чыксын Калмырза.
Алигиче кам болсоң,
Сага чыксын Калмырза.
Ажал жетип күн бүтсө,
Жан бүткөндүн баары өлөт.
Каза жетсе хан өлөт,
Каргыш тийсе бала өлөт.
Нөөватига[2] караса,
Сага окшогон чал өлөт.

Калмырза:
Өтөнбайдын ашы деп,
Жумгалда жатып уккамын.
Сага окшогон ырчынын
Бетиге чыккан чыйканмын.
Анжиянды Калмырза
Көрбөгөнсүп ырдайсың.
Соно[3] талап көтүндү,
Өлбөгөнсүп ырдайсың.

---

[1] Забил — жугуштуу дарт.
[2] Нөөват — кезек.
[3] Соно — чиркейдин түрү.

Барпы:
Сеңин наркың мен билдим,
Боогачы менен Сапардын
Үйүгө келген меймансың.
Мага окшогон ырчыны
Үй айлантып куугансың
Өзүңдөн катта келгенде,
Ыштаныңдын ичине
Эгиз бала туугансың
Сен мекиян, мен короз,
Кууганда маалым болосуң.
Карагандын ичине
Качыратып тукумду
Тууганда маалым болосуң.
Өтөмбайдын ашы деп,
Жумгалда жатып уккансың.
Беттешип келген ырчынын
Бетиге чыккан чыйкансың.
Чыйкан болсоң чындап кел,
Анжияндык баламын.
Чыйканыңдын көтүгө
Болоттон кездик саламын.
Чыйканга чыккан балаамын.

Калмырза:
Анжиянды Калмырза,
Көрбөгөнсүп ырдайсың.
Базар десе шайланат,
Май кабагын байланат.
Кырк тыйынга чай алат,
Кырк тыйынга май алат.

Үйүгө мейман келгенде
Катын шавла кылчы дегенсийт.
Эки араба тарткансыйт,
Жарты улукман алгансыйт.
Канаке табак деп алат,
Катыны талап жеп алат.

Барпы:
Бул айтканың баары ырас
Анжыяндын кишиси
Базар десең шайланат,
Май кабагын байланат.
Кырк тыйынга чай алат,
Кырк тыйынга май алат.
Ак буудай тартып нанын жейт,
Акыреттин камын жейт.
Арка деген жериңде,
Майда тартып нанын жейт.
Эшиктеги балдары,
Ак караны ылгабай,
Өпкө менен карын жейт.
Арам өлгөн малын жейт,
Макүр[1] болду деп койсоң,
Адал эле өлгөн деп,
Жалган сүйлөп жанын жейт.
Анжиянга барганда,
Сары май деп самын жейт,
Чүчбара деп камыр жейт.
Бул айтканың барысы
Маани болот, Калмырза.
Меймандан калган саркынды.

[1] Макүр — арам.

Миң бир эки балаага
Дари болот, Калмырза.
Бээси бар байларда,
Кымызы бар жайларда,
Саба болот Калмырза.
Меймандан калган саркынды
Каттык оору мейнетке
Дава болот Калмырза.

Калмырза:
Көкөлөп учкан каптарсиң,
Көтү күйгөн аттарсиң[1].
Айланып учкан каптарсиң,
Алды кайткан аттарсиң.
Ала ат минип желгенсиң,
Арканын богун тергенсиң.
Анжияндан Аркага
Аттарчи болуп кегенсиң.
Көп иштерди көрөрсүң,
Мени менен ырдашсаң,
Келтекке чычып өлөрсүң.

Барпы:
Мен көкөлөп учкан каптармин,
Көтү күйгөн аттармин.
Айланып учкан каптармин,
Алды каткан аттармин,
Ала ат минип желгемин,
Арканын богун тергемин.
Анжияндан аркага
Аттарчи болуп келгемин.

[1] Аттар — майда-чүйдө буюмдарды кыдырып сатуучу

Эли-журтка болчудай,
Халба[1] жүктөп келгемин.
Эки атыма теңденип,
Алма жүктөп келгемин.
Кырып алып жешиңе,
Сабиз жүктөп келгемин.
Кыз-келиниң жешине,
Майиз жүктөп келгемин.
Боогачы дубанаң
Эрте менен пас тартат[2]
Бойго жеткен кыздарың,
Менден сурап нас тартат.
Таамини шимишет,
Илаптари чүрүшөт.
Куптандан кийин безилдеп,
Бекбекей айтып жүрүшөт.
Өлдүм аттар барчы дейт,
Өчүңдү аттар алчы дейт,
Бала ырчысың баргын дейт,
Майизиң акын алгын дейт.
Барбай койсоң өкүнөт,
Бойдок жүргөн бала ырчы,
Токтобостон секирет.
Чечип-чечип ырдасам,
Чечендикке саласың.
Чегир бала аласың,
Кулундуу болуп каласың.
Акылы жок Калмырза,
Муну кантип танасың.

[1] Халба — калба.
[2] Пас тартат — ылдый карап жол тартат деген мааниде.

Калмырза:
Мындай болсоң акмак көр,
Караңгы тамга камайын.
Карсылдатып сабайын.
Кылчылбыр салып бурайын,
Кыйнап зоокат сурайын.
Керип коюп урайын,
Келтирип зоокат сурайын.
Мурунуңду тердетип,
Азабыңды берейин.

Барпы:
Караңгы тамга камашың,
Билгеним жок, Калмырза.
Катыныңдын койнуна
Киргеним жок, Калмырза.
Кыл чылбыр салып бурашың,
Билгеним жок, Калмырза.
Кыз-мызыңдын койнуна,
Киргеним жок, Калмырза.
Керип коюп урарың,
Билгеним жок, Калмырза.
Келиниңдин койнуна,
Киргеним жок, Калмырза.
Кантип мени урасың?
Алты катар дубалың
Тешкеним жок, Калмырза.
Ала качып атыңды
Кеткеним жок, Калмырза.
Жети пакса дувалың
Тешкеним жок, Калмырза,
Жетелетип атыңды
Кеткеним жок, Калмырза.

Калмырза:
Көргөнмүн балам элиңди,
Көгарт, Чаңгет жериңди.
Каралма кайкы дейт экен,
Катыны жаңгак жейт экен.
Жаныбарым кара курт,
Катынынын мурдуну
Кетирейтип жейт экен.
Керки тамга дейт экен,
Жаныварым кара курт
Келинининин мурдуну
Кетирейтип жейт экен,
Кылыч тамга дейт экен,
Кыздары жаңгак жейт экен.
Жаныварым кара курт
Кыздарынын мурдуну
Кыңырайтып жейт экен.
Бөлөкбай кашка дейт экен,
Бөлүшүп жаңгак жейт экен.
Жаныварым кара курт
Бөйрөктөн оюп жейт экен.

Барпы:
Көрүпсүң менин элимди
Көгарт, Чангет жеримди.
Каралма кайкы дей берет,
Катыны жаңгак жей берет.
Керки тамга дей берет,
Келини жаңгак жей берет.
Кылыч тамга дей берет,
Кыздары жаңгак жей берет.
Бөлөкбай кашка дей берет,
Бөлүшүп жаңгак жей берет.

Жел түшкөндө бетин жейт,
Арка деген жериңде
Кыздарынын көтүн жейт.
Анжияндын кыздары
Алма, өрүккө тоюнат.
Арка деген жериңде
Аздан арты оюлат,
Жаман атка коюлат.
Анжияндын кыздары
Бостондун багын аралайт.
Аркалыктын кыздары
Бойдокту көрсө каралайт.
Анжияндын кыздары
Асыл жибек кийинип,
Кооз болот турбайбы?
Аркалыктын кыздары
Адаби жок жүргөндөн,
Бооз болот турбайбы.

Калмырза:
Анжиян деген жеринде
Ашка салса татыбайт,
Кадагы менен сарт саткан
Тузуң менен куруп кал.
Тогуз жашар бала элек,
Көлгө түшмө ойногон,
Кызың менен куруп кал.
Агылында айкырган,
Атың менен куруп кал.
Чылым чегип отурган,
Загарага[1] мас болуп

[1] Загара — мака жүгөрүдөн салынган бозо.

Тарс эттирип осурган,
Сартың менен куруп кал.
Кордого салып кайнаткан,
Түрпүң менен куруп кал.
Көк өгүздөй үнү бар,
Көкүрөктө жүнү бар,
Түркүң менен куруп кал.
Бака, балыр аралаш
Көлүң менен куруп кал.
Кош куржуну мойнунда
Лөлүң[1] менен куруп кал.
Айтып турган ырыңда
Жөнүң менен куруп кал.
Сага окшогон беймаза
Көрүң менен куруп кал.

Барпы:
Ашка салсаң татыбай,
Кадагы менен сатылган
Туздарымды ырдайсың,
Адап менен ийилген
Кыздарымды ырдайсың.
Агылымда айкырган
Аттарымды ырдайсың.
Шаардагы зырапа
Сарттарымды ырдайсың.
Пайгамбар жеген мөзүза
Түртпөрүмдү ырдайсың.
Түрк араптан таркаган
Түрктөрүмдү ырдайсың.
Билбейсиң сөздүн жөнүнү,

[1] Лөлү — мусулмандашкан цыгандар.

Кошосуң мага лөлүңдү.
Анык билип калыпсың,
Бир көзүмдүн көрүнү.
Көрам болсом көрдүм го,
Чоң кызыңдын төрүнү.
Ээрчип жүрөт аркаман,
Кысыратып белини
Сенин Боогачыңдын келини.
Кара товда оттогон,
Карымбайдын эчкиси.
Сенин бийлериңдин кийгени,
Баңги сарттын эскиси.
Сенин ашка салса татыган
Тузуң менен куруп кал.
Тогуз жашар боло элек,
Төө өтмөктөн маш кылып
Житип кетме ойногон,
Жылгасына сойлогон,
Жыйырмага тойбогон,
Кызың менен куруп кал.
Мейман келсе бир союш
Беримиң менен куруп кал.
Койчусу менен дос болуп,
Кол кармашып бир жүргөн.
Келиниң менен куруп кал.

Калмырза:
Ууктары төш жары,
Үйүң менен куруп кал.
Элечеги башында,
Молдо Сати, Исмаил,
Бийиң, менен куруп кал.
Чайыр кырдын башында,

Конушуң менен куруп кал.
Гамбар сарттай кеспуруш[1]
Болушуң менен куруп кал.
Букарага чоң экен,
Жабириң менен куруп кал.
Турдукулдай бел сакал
Амириң менен куруп кал.

Барпы:
Ууктары төш жары
Үйлөрүмдү ырдайсың.
Ырдасам габим эптелген,
Эгиз козу кептенген,
Акыйкатты аңдаган,
Шариятты кармаган,
Молдо Сати, Исмайыл
Бийлеримди ырдайсың.
Букарага көбөйгөн,
Жабиримды ырдайсың.
Салтанаттуу Турдукул,
Амиримди ырдайсың.
Арка, Анжиян тан болгон,
Анжияндын каттасин,
Кагаз менен жоктогон
Мурзакарим, Мурайып,
Топко келген куралып.
Кадырлуу болуш экен деп,
Аркалыктын кыздары
Көпчүлүгү кубанган.
Ээрчип жүргөн муңайып,
Жүз элүү сом пул алган.

[1] Кеспуруш — көталакы.

Ортосунда бир кампир
Балалуу болуп калам деп,
Гамбардан кулун алам деп,
Шул жериңде айыбың,
Билбейсиң сөздүн калыбын,
Кече ээрчип жүрдү жүгүрүп,
Койнуңдагы зайыбың.
Сенин ууктарың үч кулач,
Үйүң менен куруп кал.
Таскараны билбеген,
Нарк деп гапти сүйлөгөн,
Бийиң менен куруп кал.
Ак-Сайга барып токтогон,
Конушуң менен куруп кал.
Ысабектей чоң тумшук,
Сакаланы бит баскан,
Болушуң менен куруп кал.

Калмырза:
Ууктары төш жары,
Үйлөрүңдү урайын.
Молдо Сати, Исмаил,
Бийлериңди урайын.
Чайир кырдын башыды,
Конушуңду урайын.
Камбар сарттай кеспуруш,
Болушуңду урайын.
Букараны күйгүзгөн,
Жабириңди урайын.
Гамбар сарттын патчасы,
Сакалы жок Турдукул
Амириңди урайын.

Барпы:
Ууктары төш жары,
Үйлөрүмдү урасың.
Молдо Сати, Исмаил
Бийлеримди урасың
Чайыр кырдын башында
Конушумду урасың
Айры сакал Гамбардай
Болушумду урасың.
Букараны күйгүзгөн,
Жабиримди урасың.
Сакалы жок Турдугул
Амиримди урасың.
Эми менден сөз угуп,
Сен да чыдап турасың.
Имерип туруп карагын,
Ит жолобойт эркекке.
Тооруп турап карагын,
Тоңуз чаппайт эркекке.
Аңдап тургун Калмырза
Аюу баспайт эркекке.
Маанисин менден түшүнгүн,
Маймыл баспайт эркекке.
Мен, алыс эмес, өзүңдүн
Жакыныңы урайын.
Бөлөк эмес, өзүңдүн
Катыныңы урайын.
Боогачы сатаңдин[1]
Келинини урайын.
Бойго жеткен кызыңдын
Желинини урайын.

[1] Сатаң — короздонуп кийинген адам, стиляга.

Сексендеги кемпириң
Белимдете урайын.
Сегиздеги кызыңды
Желиндете урайын.
Токсондогу кемпириң
Белимдетип урайын.
Тогуздагы кызыңды
Желиндетип урайын.
Каза көйнөк, ак дамбал
Жуудургуча урайын.
Кысыр болсо төлдөтүп,
Туудургуча урайын.
Жылкыдагы кызыңды
Жылмалатып урайын.
Киндигинин тагини
Тырмалатып урайын.
Колоттогу кызыңды
Кокуйлатып урайын.
Бешиктеги баласын
Бөлөттүрүп урайын.
Эжесине сиңдисин
Жөлөштүрүп урайын.
Өз аке деп үйрөнүп,
Эликкиче урайын.
Жүрөгү ысып туралбай,
Демиккече урайын.
Эне-атасы келгенче,
Элеңдетип урайын.
Эки бутун эгизге
Середетип урайын.
Табарсыгын оорутуп,
Тарсылдатып урайын.
Муундарын бошотуп,

Шалкылдатып урайын.
Чыдабаса чаңыртып,
Аркасынан кувайын.
Адырына тартпаган
Танабыңы урайын.
Күн чыккыча уктаган
Манабыңы урайын.
Басылбастан кыйкырган
Күлкүсүнү урайын.
Сага окшогон беймаза
Ырчысыны урайын.

Калмырза:
Көп китаптин маанисин
Көрүп окуп билгизген.
Көк карганын көгүнү
Кайсы олуя кийгизген?
Көк соурдун көгүнү
Кайсы олуя кийгизген?
Азиретали кылычы
Эмнеликтен узарган?
Илек-илек илген куш,
Ийинде жаткан жыланды
Бал көргөндөй билген куш.
Шыйрагы неден узарган
Тумшугу неден кызарган?

Барпы:
Уламанын сөздөрү
Байит болгон эмеспи.
Эки дүлөй Карбала
Шайит болгон эмеспи.
Батбагандан ыйлаган,

Өз жаныны кыйнаган,
Көп китаптин маанисин,
Көрүп окуп билгизген.
Көк собурдун жүнүдөн
Азирет Батма кийгизген.
Көк карганын көгүнү
Азирет Айша кийгизген.
Аалынын чапкан кылычы,
Барган сайын узарган.
Илек-илек илген куш,
Ийниде жаткан жыланды
Бал ачкандай билген куш.
Шалпаяны көп кечип,
Шыйрагы шондон узарган.
Тумшугуну сурасаң,
Чоң энеңдин чочогун
Чокуп алып кызарган.
Өз энеңдин чочогун
Оюп алып кызарган.
Айбике менен Бужундун
Таби барбы Калмырза?
Мындан ары мамаңдын
Каби барбы Калмырза?
Бирден кийин экита,
Бунан бусурманчилик нечи та?
Торко калит ким койгон?
Токтоо жок ыр койгон,
Жаннатка калим ким койгон?
Жайын таап ыр койгон.
Чын тозокко күйөт дейт
Адамзаттын палити[1].

[1] Палити — ыпласы

Эмне болот Калмырза
Көтүндүн калити[1]?

Мында жеңип алган Барпыга Чоробай ээр токуму менен бир ат миңгизет. Боогачы бир тай берет. Басыздын эли биздин ырчы жаңылбай ырдады деп сүйүнөт. Калмырза балага тийишип ырдады эле, эл ажыратып, дуу күлдү.

БАРПЫ МЕНЕН ЭШМАМБЕТ

Барпы:
Эсенсиңби Эшмамбет?
Элиңе келип турамын.
Эстеп келип айлыңа,
Эсендигиң сурадым.
Эшитип жүргөн ырыңды,
Эли-журтуң аманбы?
Эшиттиңби же жокпу,
Эңилип айткан саламды?
Амансыңбы Эшмамбет?
Айлыңа келип турамын,
Айланып келип алдыңа
Амандыгың сурадым.
Акындыгың баалаган,
Айылдашың аманбы?
Айтышканы келдим мен,
Азыр көрдүм караңды.
Жериңе келип Эшмамбет,
Жеткирип айтам саламды.
Жетелешип ыр уккан

[1] Калити — ачкычы

Жердештериң аманбы?
Жеңишкени келдим мен,
Жетигим көрдүм караңды.
Алдыңда айткан саламды
Албасаң да алдың да.
Алган болсоң Эшмамбет,
Амандашып алгын да.
Алик алып кол бербей,
Аңдып мени калдың да.
Ырдашаар болсоң Эшмамбет
Ырыма жооп бергин да.
Ыкчамыраак бастырып,
Ыраактабай келгин да.
Айылыңда көп жүрүп,
Арып калган окшойсуң.
Аркадан бөлөк эл көрбөй,
Карып калган окшойсуң.
Атың алыс баралбай,
Талып калган окшойсун,
Акындыкта айталбай,
Калып калган окшойсуң.
Ыраакка барып ырдабай,
Ыргалып калган окшойсуң.
Ырыңды алыс чыгарбай,
Ылганып калган окшойсуң.
Ырдашканы келгенге,
Ырыңды неге кошпойсуң?
Ыраактан келген иниңди
Утурлап неге тоспойсуң?
Айылыңдан чыкпастан,
Акындыктын жолунан
Адашып калган окшойсуң.
Алышканы айлыңа

Алыскы жерден келгендин
Алдынан неге тоспойсуң?
Алышаар болсоң Эшмамбет,
Аваның неге кошпойсуң?
Ырдашаар болсоң чыныңды айт,
Ичиңдеги сырыңды айт,
Алик алып саламга,
Адашпастан ырыңды айт.

Эшмамбет:
Айылыма келип Барпы акын
Амандашып турасың.
Алышам деп ыр менен
Ашып кетти сурашың.
Алдыма келген адамга
Алышканым жарашпайт.
Анык акын адамы
Акындар менен талашпайт.
Элиме келген ырчыга
Эңишээр акын мен эмес.
Эшмамбетти эп көрүп,
Эңип кетер сен эмес.
Ээрчишип жүрүп элим көр,
Эшмамбеттин жерин көр,
Бастырып келип Барпы акын,
Басташам деп ырдадың,
Балам бул эмне кылганың?
Баса калчу сен эмес,
Бастыра койчу мен эмес.
Айлыма келген меймансың,
Алым жетсе сыйлаймын.
Асыла берсең иним сен,
Ай батканча кыйнаймын.

Элиме келген меймансың,
Эсепсиз жакшы сыйлаймын.
Эзиле берсең иним сен,
Эскертпестен кыйнаймын.
Эли-журттун алдында
Эсептешпей ырдайлы.
Элим угуп тыңдасын,
Эси жоктук кылбайлы.
Аксакалдар алдында
Алышпастан ырдайлы.
Адамдар угуп тыңдасын,
Айбанчылык кылбайлы.
Акылыңа кирсең сен,
Арка, Анжиян жеринде
Аралап жүрүп өсөсүң.
Алдыңа салбай эч кимди,
Аксакал болуп өтөсүң.
Ырдай бер Барпы иним сен,
Ырыстуу бала экенсиң.
Баамдадым ырыңдан,
Ыр жагынан чеченсиң.
Ырчылык өнөр бул дагы
Кудайымдын бергени.
Ырас болду ыраактан
Ырдаймын деп келгениң.
Аралатып элимди,
Баарына баштап барамын.
Ээрчишип жүрсөк эки акын
Актайбыз элдин талабын.
Күтүп калды чогулуп,
Карачы элдин караанын.
Көрүп кет иним сыйымды,
Ачайын ичте сырымды,

Үйрөнгүн нуска ырымды.
Көңүлүм жылып өзүңө,
Аянбай айттым чынымды.

— деп Эшмамбет Барпыны сыйлап, меймандап, бир топ күн эл аралатып алып жүргөн экен.

БАРПЫ МЕНЕН СУУСАРКАН

Жаздын акыркы айы болсо керек. Бечара Барпы Өзгөндүн Төөчү тарабында мандикер болуп жүрөт. Булактан суу ичип турса, жанынан шаан-шөкөттүү кызыл-тазыл көч өтө баштайт. Ир алдында эки жагынан эки жеңеси коштогон бир эрке кыз көөнү куунак келатат. Бул Суусаркан деген кыз экен. Окуган, көптү баамдаган, табышмактап ыр ырдап, далай жигитти уятка калтырып коюучу да экен. Булакта турган Барпыны көрө коюп, эригип келаткан неме тийишип ырдайт.

Суусаркан:
Ойрулманын кырына
Оюп туруп жол салдым —
Баспайсыңбы, боз улан?
Капыя кошуп сөз айтсам —
Качпайсыңбы, боз улан?
Оң менен Солго таанымал
Атакемдин кош атын
Минбейсиңби, боз улан?
Ак кештелеп тон тиктим —
Кийбейсиңби, боз улан?
Оң жагыма обдулуп
Өтпөйсүңбү, боз улан?
Орой тартып алкымдан

Өппөйсүңбү, боз улан?
Ай көкүрөк маралды —
Атпайсыңбы, боз улан?
Жыпар жыттуу койнума
Жатпайсыңбы, боз улан?

Барпы:
Ойрулманын кырына
Оюп туруп жол салсаң
Чаңдуу экен баспаймын.
Калемпир кошуп койсоң да
Капыяңдан качпаймын.
Атакеңдин эки аты
Терчил экен — минбеймин.
Ак кештелүү тонуңду
Кирчил экен — кийбеймин.
Оң жагыңа обдулуп,
Оруну жок өтпөймүн.
Ээн турган алкымдын
Ээси бардыр — өппөймүн.
Ай көкүрөк маралдын
Убалы бардыр — атпаймын.
Жыпар жыттуу койнуңдун
Жапаасы бардыр — жатпаймын.

Суусаркан:
Албасаң тилим — куруп кал,
Ач бөрүдөй улуп кал.
Абал баар көктөмдө,
Адырда кыртыш көпкөндө,
Айылдагы өрүкзар
Агартып гүлүн төккөндө,

Жан бүткөндү суктантып
Жайлоого беглер көчкөндө
Алты атанга жүк артып,
Аркан салып бек тартып
Алайга кетсем — кантесиң?
Орок оруп, жөө жүрүп,
Ошого кантип жетесиң

Барпы:
Алты атанга жүк артып,
Аргамжысын бек тартып;
Аргымакка камчы уруп,
Алыс жолду кыскартып
Алайга кетсең көктөмдө...
Сур жорго минип суйсалып,
Боз жорго минип бой салып,
Азыркы дартың козголтуп,
Азыркыдай оштонтуп —
Алдыңдан чыксам — кантесиң?
Аңдачы кептин бир четин...

Суусаркан:
Алайдан тоссоң жолумду,
Акырын шилтеп колумду...
Шамал болуп талаага
Желип кетсем кантесиң?
Амалыңды асманга
Эңип кетсем кантесиң?
Ар гөйгө салып азгырып,
Жеңип кетсем кантесиң?

Барпы:
Шамал болсоң, жолуңа
Кырка болом тосулуп,
Асман жолун туюктап
Тор жаямын озунуп.
Аргаң бүтүп агасың
Агымыма кошулуп.

Суусаркан:
Агымыңдын алкагын
Жерип кетсем — кантесиң?
Аскадагы кар болуп
Эрип кетсем — кантесиң?
Анча-мынча ырыңды
Аңдатпастан өзүңө
Терип кетсем — кантесиң?

Барпы:
Алкактарын көрсөтпей,
Агым четин оёмун,
Эрип кетсең кар сыяк —
Музга айлантып коёмун.
Аларыңда ырымды,
Атырылтып нурумду
Ааарчып коем боёгун.
Боёгу жок ыр болбойт,
Бул амалың, чын болбойт.

Суусаркан:
Тамчы болуп чачылып,
Таш артына секирем.
Ташка тийип быркырап,

Таруу болуп тыркырап
Туш-тарапка бекинем.
Кара көзүң түздөйсүң,
Кайдан мени издейсиң?

Барпы:
Ташка тийип быркырап,
Таруу болсоң тыркырап...
Жөжөлүү тоок болом да,
Таштан ташка коном да,
Терип жеймин бир бирден.
Кутулмаксың сен кимден?

Суусаркан:
Жөжөлүү тоок сен болуп,
Жеген жемиң мен болуп,
Жемсөөң эми толоордо
Жалгыз данга жолоордо...
Бийикте көөнү сергиген
Боз торгой болуп эргиген
Учуп кетсем — кантесиң?

Барпы:
Бийикте көөнү сергиген,
Боз торгой болуп эргиген...
Боз турумтай мен болуп,
Барар жагың чамалап,
Басар жолуң камалап,
Кош канатты сабалап,
Кууп жетип асмандан
Илип кетсем — кантесин,?

Суусаркан:
Анда мен сага карматпай,
Алды, артымдан жандатпай,
Күрдөөлдүү тоонун арасын,
Күн тийбес тоонун саясын
Мекен кылган туулуп,
Кайберен болуп кубулуп,
Жалама зоока, аскага
Жатып алсам — кантесин?

Барпы:
Кайберен болуп секирип,
Карматпай койсоң бекинип...
Асканын кумун кулатпай,
Ак бараң мылтык асынып,
Аяктай ташка жашынып
Көк жардын кумун кулатпай,
Көк бараң мылтык асынып,
Көнөктөй ташка жашынып,
Адис мерген мен болуп...
Милтени басып от менен,
Коргошун деген ок менен
Атып алсам кантесиң?

Суусаркан:
Атып алган кезиңде
Ак чабак болуп кубулуп,
Алп колуңдан жылмышып
Аксууга түшөм чумулуп.

Барпы:
Ак чабак болуп кубулуп,
Ак сууга түшсөң, чумулуп...

Усталар жасап чыгарган,
Узун курчка сугарган
Жез кайырмак мен болуп
Илип алып өзүңдү,
Жалдыратам көзүңдү!

Суусаркан:
Кайырмакка илинбей,
Кайда экеним билинбей,
Атакемдин төрүнө,
Апакемдин сөрүнө
Арс ичикти жамынып,
Түлкү ичикти төшөнүп,
Кайда экениң ойлобой,
Кайым айтып ойнобой,
Көк дөбөттү агытып,
Көп эшикти бекитип
Жатып алсам — кантесиң?

Барпы:
Жатып алсаң чиренип...
Колуна күмүш карматып,
Койчуңа итиң байлатып;
Жеңекеңди шаштырып,
Жети эшигиң ачтырып...
Жеңеңди кайра жиберип,
Жанында жатсам кантесиң
Жылгындай белиң имерип?

Суусаркан:
Жанымда жатсаң карматып,
Жигиттерге сабатып,

Сазайыңды бердирип,
Төрт казыкка кердирип,
Төрт мурутуң тердирип...
Түйшөлгүс кылсам кантесиң?

Барпы:
Түйшөлгүс кылсаң коркпоймун,
Түнкүсүн күйгөн оттоймун.
Жоомарттыгым көргүн деп,
Жалпы элиңди топтоймун.
Анан...
Ата-энеңди көндүрүп,
Айткандарын бүт берип.
Ак боз бээни сойдуруп,
Айылыңда той кылып,
Себиңди бөлөк жыйдырып,
Суу куюп, нике кыйдырып;
Жеңеңе төшөк салдырып,
Өзүңө өтүк тарттырып;
Таң атканча бир жатып,
Тамаша сүйлөп, сырды ачып
Алып койсом кантесиң?
Ак жоолукту башыңа
Салып койсом кантесиң?

БАРПЫ, КАЛЫК, ОСМОНКУЛ, АЛЫМКУЛ ЖАНА ШАРШЕН

1936-жылы октябрде Фрунзеде биринчи олимпиада болот. Ага Кыргызстандын бардык булуң-бурчунан өнөрпоздор келишет. Москвадан Затаевич катышат. Шубин жетекчилик кылат. Ошондо үч күн кечигип келген акын Алымкул сахнага чыгып, элге саламдашып, минтип ырдайт:

Ала-Тоолук акындар,
Албан-албан акын бар.
Комузчу бар, ырчы бар,
Кубулжуган үн менен,
Коңгуроодой күү менен,
Кубантып элди турчуулар;
Күлкүлүү сөздөн салчулар,
Гүлдөп жаткан көп элдин,
Күлдүрүп көөнү алчулар;
Тобуңа айтам саламды,
Залда турган калың эл,
Жонуңа айтам саламды.
Келипсиздер шайырлар,
Кең Фрунзе шаарына,
Кадыр менен келдиңер,
Кабар жетип баарыңар.
Сапар келип атайы,
Саламдашпай каламбы.
Бактылуу элдин шайыры,
Барыңа айтам саламды.
Калык менен Осмонкул,
Катарлашым замандаш.
Кучакташып тең өскөн,
Курбуну киши табалбас.

Курбуларым аманбы,
Кубанып айтам саламды.

Калык:
Алымкул иним рахмат,
Айтып өттүң, саламды.
Эсендешип алалы,
Эли-журтуң аманбы.
Келалбай неге буйдалдың,
Кеч алдыңбы кабарды.
Кылчаңдап үйдө жаттыңбы,
Кыялбай катын-балаңды.
Алыс деп угам абыдан
Алай-Куу, Лейлек, Баткенди.
Алар деле кечикпей,
Алымкул сенден бат келди.
Тогуз-Торо, Чаткалдар,
Толук келди кечикпей,
Тоо башында жаткандар.
Келдиң бүгүн жаңыдан,
Кечигип калдың абыдан.
Келген өнөрпоздордун,
Кечирим сура баарынан.
Акынсың элди аралап,
Акты-көктү тааныган.
Кеп салып элге түшүндүр,
Кечигип калган жайыңан.
Карыш турган Таластан,
Кандай болуп кечиктиң,
Ушуну айткын Алымкул,
Олтурган эл эшитсин.

Алымкул:
Кыйытсам Каке билээрсиз,
Кырсык болду жолума.
Кызыл желек көтөрүп,
Жүрүүчү элем колума.
Жерге түштү желегим,
Жаркыраган желекти,
Жашырбай кантип келемин.
Чыгалбай үйдө жатканым,
Чымчыгым учту чынардан.
Артынан куусам карматпай,
Ашып кетти кыраңдан.
Кулунум качты желеден,
Андай кырсык болбосо,
Алдыда келчү мен элем.
Талпындым эле жетсем деп,
Табалбай калдым айламды.
Тагдырдын жолу тайгалак,
Талаша турган шай барбы.
Баламды берип ээсине,
Башыма туман айланды.
Ойлогон ойго жеталбай,
Ошентип колум байланды.

Осмонкул:
Жайыңды айттың Алымкул,
Жаңы келип Таластан.
Чынарынан бөлүнүп,
Чымчыгың экен адашкан.
Чырпык сынса сынсын деп,
Чынар аман турсун деп,
Чынында ушул кыйын кеп.
Өлгөндү туулган жеңет деп,

Башынан далай иш өтүп,
Байыркылар айткан кеп.
Ажырапсың Алымкул,
Артын берсин баланын.
Аяш уул төрөсө,
Беш-алты кемпир чогулуп,
Бешикке салып бөлөсө,
Ай тийгендей жаркырап,
Ачылып калат кабагың.
Атын Замир коёбуз,
Андагы тапкан баланын.
Амалы кетип өлүмдөн,
Атадан бала бөлүнгөн.
Чымчыгың экен Алымкул,
Чыгарып кой көңүлдөн.

Барпы:
Ой, Алымкул чырагым,
Аман болсун чынарың.
Убакты жетип күн бүтүп,
Учкан экен тынарың.
Өзүң деле баласың,
Өкүнүп тартпа убайым.
Көпүрөң оop Алымкул,
Көлгө кеткен, турбайбы.
Көк шумкарың айланып,
Чөлгө кеткен, турбайбы.
Жети атаң барып тынч алган,
Жерге кеткен, турбайбы.
Боору бүтүн башы эсен,
Болбойт экен адамда.
Айтканың оор сөз болду,
Аралаштырып саламга.

Каза шумкар жем жесе,
Канатын канга тийгизбейт,
Кайраты бар азамат,
Кайгысын элге билгизбейт.
Эки ага-ини кишинин
Бири — кедей, бири — бай.
Эки жилик эт жесек,
Бири — каргыш, бири — май.
Жанаша эки өзөндүн
Бири — токой, бири — сай.
Жашыба жаман адамча,
Жаратылыш ушундай..

Осмонкул менен Калыкты,
Оозуңа алдың да,
Олтурган төрт, беш чал барбыз,
Бизди унутуп калдың да.
Ниязалы, Бекназар,
Шапак турат алдыңда.
Топ жыйында жолукса,
Токтогул берчү саламды.
Токтогулдан чоңсуңбу?
Тоотподуң агаңды.
Кадырлап өзү кол берип,
Калмурза айтчу саламды.
Калмурзадан чоңсуңбу?
Карабадың агаңды.
Көөлү көмүр өчүрүп,
Көөп жүргөн чагымда;
Көрүнгөндүн кыздарын,
Өөп жүргөн чагымда;
Перизаттардын тобуна,
Барып жүргөн чагымда;

Белегиме бет ааpчы,
Алып жүргөн чагымда;
Саадагым чаян чок беле,
Санатым сенче жок беле?
Жоолугум чаян чок беле,
Жолуң болгон Алымкул
Жомогум сенче жок беле?
Барпы деген мен элем,
Балдар, мен кимден кем элем.
Түндүк, түштүк акындын,
Түзүктөрүнө тең элем.
Калык, иним сен айтчы,
Кайсы акындан кем элем.
Арка, Анжиян ырчыңдын,
Алдыңкысыга тең элем.
Эртеби, кечпи, ким билсин,
Эчкиникиндей жаш калды,
Кача турган куш дагы,
Карай берет асманды.
Качуучу куштай убагым.
Кааласаң балдар кезинде,
Кадырымды сурагын.
Карганда түшөт оюңа,
Кайгы, санаа узун жол.
Заманың келди тилеген,
Сайранда балдар аман бол.
Эстүү болсо балдарың,
Эркелетет карганын.
Эси жок болсо балдарың,
Эсептен чыгып калганың.

Алымкул:
Кечирип кой Бапыке,
Кетирген кемчил күнөөнү.
Аксакалдар кечиргин,
Алымкул бүгүн күнөөлүү.
Алып кетпей ичиңе,
Айтканың жакшы мүдөөнү.
Сахнага чыкканда,
Санаам санга бөлүндү.
Салтанаттуу чоң жыйын,
Залдагы көп эл көрүндү.
Айталбадым сүрдөнүп,
Аркы-терки жөнүмдү.
Калык чымчып өткөндө,
Кара тер баштан төгүлдү.
Кечигип артта келгенге
Кетенчиктеп токтодум.
Айтпай эле баланы,
Амалсыздан козгодум.
Айтайын деген оюмдан,
Адашып калган окшодум.
Баарынан катуу урунду,
Бапыке сенин токмогуң.
Балапанына кайгырып,
Баш ооруган мен капа.
Алымкул басып келбейт деп,
Ага деп салам бербейт деп,
Ал жөнүндө сен капа.
Өтүнөм ага кечиргин,
Экөөбүз бирдей тең капа.

Ошондо Калык, Осмонкул, Карамолдо аксакалдар Шаршенди чакырып алып, «Барпыга салам айт, көңүлүн жайка»

дегендей болду. Шаршен сахнага чыгар алдында Осмонкул: «Эл күлсүн, баягы куудул сөздөрүңдөн аралаштырып, күлкү менен Барпынын таарынычын унуткар», — деди. Осмонкул менен Шаршен сахнага чыкканда эле эл күлө баштады. Атайылап жасатып алган экен, комузунун бир бети комуз, экинчи бети домбура. Эл аны көрүп андан бетер күлдү. Шаршен ырдай баштады.

Айткандар айтып салабы,
Мендей аңкоолор карап калабы?
Аныктап таанып алайын,
Акын Барпы аганы.
Акын болсом деп жүрөм,
Бапыке, абайлап көргүн балаңы.
Чогулушта жыйында
Чоң жорголор салабы,
Мендей чобурлар карап калабы?
Жолугуп таанып алайын,
Жолоочу келген аганы.

Термекчиктин баласы,
Шаршен деген акынмын.
Улуу киши келди деп,
Учурашып жатырмын.
Бапыкеме айтам саламды,
Бала-чакаң аманбы?
Эли-журтуң аманбы?
Бапыке аманбы?
Амандашсам жаманбы?
Саламдашып ырдадым,
Бапыке өзүң байкачы,
Салмактуу бекен ырларым,
Кандай экен ырларым?
Көп эле жерде ырдадым,

Көбөйбөй жүрөт ырларым.
Ар кайсы жерде ырдадым,
Арбыбай жүрөт ырларым.
Ырчылыгым бар бекен,
Ырымды бүгүн сындагын.
Осмонкулга сынатсам,
Ырчы эмессиң сен деди.
Акын болбой жерге кир,
Айлыңа кете бер деди.
Уйкашпайт экен ырларың,
Уялбай кантип ырдадың,
Акын сендей болобу?
Сага окшогон жиндини,
Акын деген оңобу,
Деп тилдеди Осмонкул.
Көңүлүмдү калтырып,
Көп тилдеди Осмонкул,
Жаман экен Осмонкул.
Айтаарыма келгенде,
Айтып коё бергенде,
Ырдаарыма келгенде,
Ырдап коё бергенде,
Уйкашына карабайм,
Уккан элди кубантып,
Ушундай катуу сабалайм.
Угуп турган Бапыке,
Төгөйүнчү жамгырдай,
Кудайдын берген жел сөзүн,
Куюлтайын жамгырдай,
Катуу төгөм жамгырдай.
Бозокорлорго ырдагам,
Болжолсуз акын экен деп,
Бозо берип сыйлаган.

Калык акын жактырган,
Борумуң да мыкты деп,
Боору калбай каткырган.
Ошол киши жактырган,
Чоң ырчысың деп жактырган.
Кошокко апам мыкты эле,
Атам маркум өлгөндө,
Кошокчу болуп чыкты эле.
Андан ооп маа келди,
Энесин тарткан булбул деп,
Көргөн-билген айылда
Көп кемпирлер баа берди.
Бали, рахмат Шаршен деп,
Байбичелер баа берди.
Калк аралап көп жүрөм,
Калыктай болсом деп жүрөм.
Чогулушта көп жүрөм,
Чоң ырчы болсом деп жүрөм.
Калыктай акын боломбу,
Ойлонуп айтчы Бапыке
Осмонкулду согомбу,

— деп Шаршен токтоду. Шаршендин күлкүсү менен эл көңүлдүү тарады

БАРПЫ МЕНЕН ТОКТОСУН

1948-жылы областтык олимпиадага Жумабай кыякчы, мен, Ормонбек келдик. Олимпиадада 11-октябрда жыйынтык концерт болмок. Кароодон өткөндөн кийин 12-октябрде «Саламдашуу» менен биринчи мен чыкмак болдум...

Комузумду көтөрүп жатаканага келе жатсам, ошондо эки жылдык мугалимдер курсунда окуп жүрүшкөн жолдоштор жолугуп, театрга келсек, фойеде сейрек чокчо буурул сакалы бар, башында өзбек топучан, толук киши таяк кармап бурчта отуруптур. Барпы ырчы ушул дешти. Ырдаш деп сурап калышты. Тобокел деп, ошондо көпкөндүкпү же жаштыктын жалыныбы ким билет, Барпыга тийишип ырдап кирдим. Мен комузду күүлөй баштаганда үн чыккан жакка кулагын сала баштады. Байбичеси жанында экен.

Көрүп турам биерден,
Тетиги көгала сакал абамды.
Барпы акын ушул деп,
Балдардан уктум кабарды.
Сакадай бою сары алтын,
Салабаттуу кишиге,
Саламдашып алалы.
Карыянын кашында,
Кайкы тилди чабалы.
Кыйлага жашы барыптыр,
Кыргыз элдин ичинде,
Кыдырып тоо, талааны.
Сырттан адам көрүнөт, .
Сындасын мендей баланы.
Жардамга кошо барчудай,
Жаакташкан жан болсо,

Жаатташа калчудай,
Жанынды экен аялы
Бүтпөгөндөй дүнүйө,
Бүркөлүп турат кабагы.
Жеңемдин мындай турушу,
Жетпейби кийим тамагы.
Алтымыштан ашканча
Алган менен тойбогон
Сексенге кадам басса да,
Серпкендигин койбогон
Абам, аялды шундай багабы?
Кайдагы тентек дебестен,
Аба, кабыл ал айткан саламды.
Аксы деген жердемин,
Атайы эңсеп келгемин.
Арзып жүргөн кезимде
Абам сизди көргөнүм.
Алган киши экенсиз,
Акын Током өрнөгүн.
Көрбөй туруп сүйлөгөн
Көптөн сиздей көрбөдүм.
Азыр эле кеп уктум,
Ар кимдерден мен уктум:
Жаш кезинде Барпы акын,
Карамырза, Накенди,
Орозматын баш кылып,
Онтолоткон деп уктум
Ошолорду жөн уктум.
Карып калган кезинде,
Кайрат, күчү дагы эле
Калдыбы деп сезимде,
Кайрылдым эле аксакал,
Кажылдашып кетүүгө.

Комузум бар колумда,
Кооз күүлөр чертүүгө.
Көөдөн согуп турган кез,
Көпкө кызмат этүүгө.
Элирет менин жүрөгүм,
Эңсегенге жетүүгө.
Улуусуз сизди сыйлабай —
Урунгансып ырдадым.
Учуратпай кесирге,
Акыл болсун айтканың
Акын аба баштагын.
Карынга катпайт сөзүңдү,
Калп эле жумбай көзүңдү,
Калганын мага таштагын.
Атагыңды унутпай,
Айтып жүрсө болгону,
Артыңда мендей жаштарың.
Коргол деген карыдан,
Үлгү алып быйыл жаңыдан,
Азыраак чыкты таскагым.
Элирсем бир аз чыдарсыз,
Эрмегимди угарсыз.
Эсирген кандай бала деп,
Эл-жеримди сурарсыз.
Элирсин тилим абыдан,
Илгертен Аксы деп коёт,
Элимден келдим жаңыдан.
Жалпыга маалим таанылган,
Атыңды угуп көрбөстөн,
Алтын жүрөк сагынган.
Корголдон уккам даңкыңды
«Ачууланып ырдаса,
Аярданып турбаса,

Айтканы тийген чагылган».
Менин да бактым бар экен,
Сиздей, Барпыга келип кабылган.
Күүң болсо үйрөткүн,
Күкүктөй тилди сүйлөткүн.
Үлгүңдү алып калайын,
Үңүлүп чыкпай жаныңдан.
Мен туулуп өскөн жер,
Тегененин талаасы,
Жылга-жылга сайынан,
Жылжып агат кашка суу,
Жыпар жыттуу абасы.
Ныязалы комузчу
Балаңыздын бабасы.
Желпингенден жел жетпес,
Жеткилең ырчы болуучу
Жеңижоктой абасы.
Акындардын мыктысы
Ачуусуна тийгенди,
Алды менен жыкчусу —
Атагы чыккан Нурмолдо,
Ал баландын тагасы.
Эл, жеринен күүчү, ырчы,
Эчен өссө ырдамак,
Эзелтен кыргыз адаты.
Токтогул күү үйрөнгөн,
Торгойдой таңшып сүйлөгөн
Ныязалы комузчу.
Күүлөрүнө ыр кошуп,
Күлдүргөн ошо болуучу.
Токтогул эле дейсиңби,
Толгон жаштар үйрөнүп,
Толгоп черткен комузду.

Кытыгылап жаткансып,
Кыт-кыт күлүп көргөн эл,
Кызыгына тоюучу.
Карыяны көргөндө,
Кандай ырдап берет деп,
Касиети керек деп,
Каргадай болгон уулуңдун,
Качырып турган жолу ушу,

— деп басылдым. А дегенде катуу тийишип алып, кайра качкандан намыстанып, эмине болсо да тобокелге салдым. Барпы болсо уюткан коргошундай болуп, эч нерсени оюна албай менин ырымы тыңшады.

— Ээ... балам, бүттүңбү?

— Ооба.

Ошондогу Барпынын ыры (комуз чертпейт экен, таягын бекем таянып алып, кара төкмөгө салып ырдады).

Учурашып ырдадың,
Урмат менен тыңдадым.
Амандашып ырдадың,
Айтканыңды тыңдадым.
Алабарман экенсиң,
Акындык жолун булгадың.
Азиз элем жетелеп,
Алыс жолду төтөлөп,
Алып жүрөт курбалым.
Аялын да жардамга,
Ала келген экен деп,
Айтып бир аз ырдадың.
Ал эмине кылганың?
Балам сендей кезимде,
Баары турат эсимде;
Көзүм ачык чагында,
Көп баргам далай айылга.

Каяша кылган ырчылар,
Калуучу менин каарыма.
Көпкүлөң тартып ырдадың,
Көзү азиз мендей карыга.
Көзү азиз экен деп,
Көтөрмөгө чалынба.
Көмөлөнүп жыгылып,
Көлгө барып малынба.
Катыгыңды берейин,
Капа болуп таарынба.
Билет элең баркымды,
Бир жүрсөң мурун жанымда.
Барпы, Барпы болгону,
Барпы атка конгону,
Ышкыбозум элиме
Ырдан тарткам жоргону.
Барпысы жок өтчү эмес,
Бул айылдын тойлору.
Күкүктөй сайрап отуруп,
Гүлдөткөм эчен ордону.
Барпы ашпаган жер бекен,
Бардык кыргыз тоолору,
Кокту, колот, коолору.
Биле албадым, баланын
Кандай экен ойлору.
Качырсам деп турат го,
Карап көрсөм болжолу.
Чыгарайын эсиңди,
Балам, чыдап турсаң болгону.
Атасынан жеме укса,
Арылар балким шорлору.

Мына, тийиш деп отуруп балаага калтырмак болдуңар,— дедим балдарга, Барпы төктү:

Мен да сендей жаш болгом,
Ар нерсеге маш болгом.
Кыз-келиндер көрүнсө,
Кымыз ичпей, бозо ичпей,
Сендей пиво, арагын кошо ичпей,
Жалаң кыялына мас болгом.
Кызыталак кары деп,
Кызыкканга ат койгом.
Алтымыш төрт жашымда,
Ал кыял менден жат болгон.
Куруп калсын карылык,
Кудурет кетип, дарт конгон.
Жакшы экен жашчылык,
Жазгы күндөй бак конгон.
Жашчылыгың болбосо,
Айылда сендей акмак жок,
Атасына тап койгон.
Болбосо биз улууга
Урматтап салам берчү элек.
Ыңгыранып турса да,
Ызаат менен келчү элек.
Ырыс шерик экен деп,
Ырахатын көрчү элек.
Аштан-тойдон тапканды,
Арбыныраак алсын деп,
Аксакалга бөлчү элек,
Артканы болсо жечү элек,
Артпаса ачка келчү элек.
Жолу калса болгону,
Жокко ыраазы дечү элек.
Угуп турам сөзүңдү,
Көрбөй турам көзүңдү.
Сокур чалды Токтосун,

Сойлотом дейт шөкүлдү.
Атаңды мен өлтүрүп,
Алгың барбы өчүңдү.
Айтып өттүң жаш бала,
Абаңды сыйлап аз гана.
Бул кыялды таштагын,
Буруп айтпай башкага
Абаңдан укkай акылды,
Ара жолго таштаба.
Азуум жок болсо да,
Ак сакал кылып койсо да, -
Арабөк жүргөн балдарды
Алажатам жаздана.
Адам болуп кетерсиң,
Акылың болсо такшала.
Кыргыз жаман көрчү эмес,
Кызыктуу биздей эрмегин.
Той-ашта жүрүп үйрөнгөм,
Токтогулдун өрнөгүн.
Он тогуз жаш улуу эле
Ойротто андай көрбөдүм.
Кармашамын дегенде,
Карамырза, Накендин
Катыгын колго бергемин.
Калык, Коргол, Осмонкул,
Катары бир теңдерим.
Жакында эле борбордо,
Жаакташып келгемин.
Молдобасан, Саякбай,
Өздөрү да Манастай.
Күнү-түнү тынбастан,
Күпүлдөйт экен адашпай.
Күлүктү көрдүм адамдан,

Күн жүгүргөн таң ашпай.
Алар да каяша айткан жок,
Атымды угуп баткан жок
Кызыталак жаш бала,
Кыялың турат жарашпай.
Кылыгыңды байкасам,
Кызыгансып сүйлөйсүң,
Башынан байге бербеген,
Барпы аваңды ким дейсиң?
Көрбөгөн чал экен-деп,
Көмүскөлөп тилдейсиң.
Жөөлөбөстөн аваңды,
Жөнүң менен жүрбөйсүң.

— Аба, кечирип коюңуз, Сизди ачуусуна тийбесе, а киши төгүп бербейт дегенинен, мен атайын тийишип ырдадым эле деп өз жолумду кылдым. Аялы да мага кошулуп, жаш баланы анча каарыбай эле жөн ырдасаң боло деди. Ошондо Барпынын ыры:

Катуу тийдиң башынан,
Карыяга кашынган.
Калкымда сендей көрбөдүм,
Кайраттуу чыккан жашынан,
Карысына асылган.
Менин ырым Чаңгенттин,
Бозосундай ачыган.
Күздүн күнү Акмандын
Козосундай ачылган.
Арстанбаптын, Ачынын
Агынындай ташыган.
Чын кары деп сыйласаң,
Чыкпай жүргүн каршыман.
Мен-мен Барпы болгону,
Барпы атка конгону,

Толукшуп сайрап олтурган,
Тоонун болгом торгою.
Ай-ай балам, ай балам,
Ардактаган тай балам.
Сендей нечен ырчыны
Серпкен кезде жайлагам.
Ширеткендей болотту,
Шилтегенден тайбагам.
Азыр өткүр баласың,
Ачууңа саяарсың.
Ардактап сыйлап отурган,
Абаңды кайдан табасың.
Кыялыңды байкасам,
Кыпкызыл күйгөн панарсың.
Кыялыма сен жаксаң,
Кызматыма жарарсың.
Ага да бар, ини бар,
Айткан жерге барарсың.
Барбай койсоң кокустан,
Бар балаага каларсың.
Угуп кой, балам, сөзүмдү,
Урматтагын өзүңдү.
Курчтугуң бар турбайбы,
Кутургандай шөкүлдү.
Жорголугуң бар экен,
Жолго түшүп көшүлчү.
Жашы улууга тийбестен,
Ачып жүргүн көзүңдү.

Анда мен:
Кытыгылап койбосо,
Кызыбайт деп уккамын.
Карыя ырдап бербесе,

Калат деп ичте бушманым.
Топон суу болуп кетсе да,
Тосоюнчу беттешип —
Тобокел деп чыккамын.
Сергий түштү көңүлүм,
Сөзүңдүн татып туз, даамын.
Качырышың башкача,
Канатындай шумкардын.
Жүгүрүшүң тап-таза,
Жуда өзүндөй тулпардын.
Таасын чыкса экен деп,
Тай кезимде таскагым.
Сынчы абамдан оңолсо,
Сылтып баскан аксагым.
Элдик ырчы болсом деп,
Эркелеп сизге айткамын.
Кармайын аба колуңдан,
Каардуу сөздү таштагын.
Колуңа тийген мен бир куш,
Канатым тарап таптагын.
Үлгүңдү берип үйрөткүн,
Ителгидей күүлөнткүн.
Тантык болсо сөздөрүм,
Таасындатып сүйлөткүн.
Жазгы гүлдүн ичинде,
Жагымдуу уккан кишиге,
Жаңшалган булбул үндөткүн.
Кошулуп топко барайын,
Кой жоргомду салайын.
Акыл-насаат сөзүңдү,
Артыңдан ээрчип алайын.
Ар жыйында ырдайын,
Айтканы деп абамдын.

Алды менен угулду,
Аздыр-көптүр саламым.
Абаке берчи колуңду,
Менин да аткарылсын талабым.
Мен эмес эчен ырчылар,
Үлгү алышкан улуудан.
Күжүлдөгөн күлүктөй,
Күүлөнсө топтоп суурулган.
Жакшы деп аяк ташташты,
Жакканы элге угулган.
Айтканын угуп калсак деп,
Артынан калбай чуурган.
Аяндан бир аз уктуңуз,
Ансыз да сынап чыктыңыз.
Алдыңда мендей уулуңдан
Татына сөздөн үйрөтүп,
Таптагы куштай күүлөнттүң,
Аба, талпынтып учур тууруңдан.

Ошо күнү Барпы мени Болот деген инисиникине ээрчитип барды. Таңды тамаша менен аткардык. Барпы абам мага жооп ырын ырдады. Андан кийин Барпыны көргөн жокмун. 1951-жылы «Ала-Арча» мүрзөсүнөн анын эстелигин көрдүм.

БАРПЫ МЕНЕН БАЛА ЫРЧЫ СЫДЫК

Мен он сегиз жашта элем (1894-жылы туулган). Жалал-Абаддын бери жагы Чаңгент деген жерде Шүкүралы деген атасына аш берет. Ошондо чоң манап Сары болуш чакырып келип, түндөсү Барпы экөөбүздү айтыштырган. Сары болуш 10 сом, Кала бий 10 сом, Калча манап 10 сом чыгарып, ортого койду да, жеңгениңер аласыңар деди. Ошондо сөздү баштап ырдады.

Барпы:
Адамзат көрөт ар ишти
Сары болуш алдында
Барпы менен Бала ырчы
Экөө бүгүн таанышты.
Бала ырчыны билчү, элем,
Даңкыңды угуп жүрчү элем.
Укканымча бар экен,
Тарбиялап өстүрсө
Боло турган бала экен.
Башынын жүнү кам[1] экен
Жагжаңдаган кал[2] экен.
Шул айыбы бар экен.

Сыдык:
Атактуу ырчы экенсиң,
Атагың чыккан сен дагы
Барпы ырчыны көрсөм деп,
Эңсечү элем мен дагы.

[1]Кам — кем
[2] Кал — таз.

Башымдын айтып айыбын,
Адаштың бир аз сөзүңдөн.
Ажырап калган экенсиң,
Акактай тунук көзүңдөн.

Барпы:
Тойлорго ырдап барасың,
Эркелетип ырдасам
Балам, көөнүңө эмне аласың?
Башыңды элден жашырып
Кай жакка качып барасың?

Сыдык:
Баланы алдың башынан
Баары дайын жашынан.
Баш менен көздүн айыбын,
Канетип элден жашырам.
Барпы:
Жоктоого кирдиң жашыңан
Жоор болдуң башыңдан.
Катарга кирдиң жашыңан,
Карыш болдуң башыңан.
Ачуумду келтирсең
Аштап сени кубамын,
Карышыңды кызартып,
Аюу чачы менен жуламын.

БАРПЫ МЕНЕН НУРМОЛДОНУН АЙТЫШЫ

Нурмолдо:
Кайрылып ырдап каласың,
Кайдан келген баласың? .
Тааныбаймын мен сени
Көрдүң беле сен мени
Менин атым Нурмолдо
Ичимде ырдын кани бар,
Ыргып чыгат жаныбар.
Барган сайын көбөйүп,
Кайнап чыгат жаныбар.
Кардымда ырдын кани бар,
Жайнап чыгат жаныбар.
Булак ийген сууга окшоп, •
Оргуп чыгат жаныбар.
Оозумда ырдын кани бар,
Тизип чыгат жаныбар.
Тишимде ырдын кани бар,'
Анык айтат жаныбар.
Алкымда ырдын кани бар
Ар кайсыны ортого
Салып айтат жаныбар.

Барпы:
Акылың Нурмолдо
Айтып ырдап тур молдо.
Түгөтөмүн каниңди
Таанып турам баарыңды.
Мактанбагын барыңды,
Эми көрөм алыңды.

БАРПЫ МЕНЕН СЫДЫКТЫН АЙТЫШЫНАН

Сыдык:
Акман, Ачы биздин жер,
Атуулу биздин эл.
Байлыгы элге таң болгон
Мал айдаса сүрүлүп
Тумандай калың чаң болгон.
Калың элдин кани эле
Мундуз журттай кам болгон.
Төөсү кара нар болгон,
Жутканы шекер бал болгон,
Алыстагы душмандар
Аралашка зар болгон.

Барпы:
Ырдадың Сыдык нуска деп
Назар тийген журтка деп
Атаңды айттың Бука деп,
Эл сураган тутка деп
Ырдабай Барпы коёбу
Куп ойлончу Сыдыгым
Адамдан бука болобу?
Муруңку сөзүң мунандыр,
Атаң бука болгондо,
Энең кайсы кунаажын,
Аттай албай кыйырдан
Белгилүү болдуң жыйындан.
Көрсөтөсүң Барпыга
Энең кайсы сыйырдан.
Сен билбесең мен билем
Эп келбеген кыйындан

Акман ажы жериңди,
Калың мундуз элиңди.
Байкап калдым чениңди
Айтымыңдан Сыдыгым
Кадырың көргөн таң калган,
Капталга байлап мал салган
Мундуздун тагин мен билем,
Арыса жорго чарчаган
Бообек журттун болушу.
Атасын мактап бука деп,
Сыдыктын кандай жоругу.
Жараке журттун жакшысы,
Сөзүңдүн чыкты калпысы.
Өтөмүш журттун өткүрү
Кебиңдин кыйын кесири
Сыдык менен ырдашкан
Чечен Парпи акыны
Атаңды бука деп ырдап,
Калтак жебе акыры.
Мейман келсе деп ойлоп,
Сыдыгым ырчынын экен бакылы.

БАРПЫ МЕНЕН АКМАТ

Акмат:
Аманбы Барпы аксакал!
Акматтын сөзүн байкап ал.
Ак жүзүмдү көрбөсөң,
Айранга, сүткө чайкап ал.
Алтын кемер белимде,
Аким болом элиңде.
Аңдаганга акынмын,
Ар өнөргө жакынмын.

Барпы:
«Алтын кемер» сенсиңби?
Акындыкка теңсиңби?
Адам эмес жердеги,
Асмандагы желсиңби?
Бетиң акпы, карабы —
Бакпай туруп сеземин.
Азыркы жаңы заманда
Аким болсоң — беземин.
Ырчы — болсоң төкмө бол,
Ырдай турган кезегиң.

Акмат:
Айыл ичин кыдырып,
Аш бергенди мактадым.
Ак теректи сыдырып,
Айга чейин каттадым.
Өнөрүмө өрөпкүп
Өзүмө өзүм батпадым.

Барпы:
Курсагыңдын тойгонун
Куп келтирип ырдадың.
Жарма ичкениң жашырбай,
Жуп келтирип ырдадың.
Адамдыктын сапаты —
Алдыдагы ашта эмес.
Алдуулуктун белгиси —
Алабарман жашта эмес.
Акындыктын жобосу —
Ашкабактай башта эмес.

БАРПЫ МЕНЕН АБДЫРАХМАН

Барпы:
Шаймардандин шайкысын
Шайирлик сөздүн жакшысын.
Токтолушуп таалим кыл,
Уругуң кайсы маалим кыл.
Дариядай мов жүрүп
Сайдан келдиң жаш бала.
Таг уругуң кайсы элден
Кайдан келдиң жаш бала?
Тириглигиң кылалбай
Шашып келип жүрбөгүн?
Уврулук кылып журтуңдан,
Качып келип жүрбөгүн?
Түндө уктабай ордуңдан
Туруп келип жүрбөгүн?

Бадөөлеттин жылкысын
Сүрүп келип жүрбөгүн?

Абдырахман:
Шаймардандын мазары
Шаирликтин илмиде,
Жакшы эмесмин Барпы аке.
Шашилип бирөө док кылса,
Кашчу эмесмин, Барпы аке.

Түндө уктабай орнумдан
Туруп келген эмесмин.
Түрүлгөн байдын жылкысын
Сүрүп келген эмесмин.

Басмачы болуп бир байды
Басып келген эмесмин.
Уурулук кылып элимден
Качып келген эмесмин.

Туулган жерим сурасаң,
Айдархан, Кош-Көл жерденмин.
Түп уругум атаклуу
Жоокесек Бостон элденмин.
Топурлуу элдер той кылса,
Топтолуу жыйын тойдомун.
Барпы абамды көрөм деп,
Он беш күн болду жолдомун.
Жообуңды айталбай,
Ойлонуп турган ойдомун.
Барпы аке сенден сурайын,
Азыр көрдүм өзүңдү:

Адамдар жүда мактаган
Довмай айткан сөзүңдү.

Санап бардым үйүңө,
Турмушуң анык көрүндү,
Жаш экенмин көрбөпмүн,
Эгиз даван Көк-Артты.
Каяктан алдың үйдөгү
Шол, көтөрүм болгон көк атты,
Алганыңда шунчалык
Арык беде Барпы аке.
Жаткан жерден туралбай
Карып беде Барпы аке.
Көпчүлүк журтка айтып бер
Арыган аттын сабабин.
Кечиктирбей көп журтка
Маалим кылчы жооабин.

Барпы:
Көк атымды сурасаң,
Туралбайт эле байловдо.
Овал баар жазында
Айдадим эле жавловго.
Айгырлар менен алышып,
Өйдө-төмөн чабышып,
Жаман айгыр иштеген,
Желкесинен тиштеген.
Чымын чычып курттаган,
Кычышкан жерин өйкөгөн,
Арчага барып сөйкөгөн.
Шунуң үчүн болунган
Жоборлуктун сабаби.
Жеми кашек жукпастан,

Огурлуктун сабаби.
Анык деймин жалгансыз,
Арыглыктын сабаби.
Карашка колу тийбеген,
Карылыктын сабаби.

Абдырахман:
Айтишка жобосу шулки,
Айтип турган кабиңдин,
Сабабина канбадым.
Акун Барпы экенсиң,
Жообуңа канбадым.
Анык мага көрсөткөн,
Жообуңа канбадым.

Сен калкка ырчы болгону,
Кабыр кылып коюпсуң.
Сөздөн эгер токуба
Жабур, кылып коюпсуң.

Өөдөшүрөөк жер келсе,
Жарыш кылып коюпсуң.
Табын билбей суу берип,
Карыш кылып коюпсуң.

Көз көрүнө көк атты,
Көк желкеден союпсуң.
Залимдигиң шул болсо,
Барпы аке кайдан тоюпсуң.

БАРПЫ МЕНЕН БАЙЗАКОВ ТҮМӨНБАЙ

Түмөнбай:
Жаш балапан уядан
Уча турган кезде мен —
Тарбия берчи иниңе,
Акын Барпы ава сен.

Берметтей сөздөр тизилген
Сүйүп жүрөк эзилген
Нускаңды алып калсам деп
Өрчүп турат демилгем.
Акын болуп чыктыңыз,
Атагы Түштүк элимден.

Талыкпас дулдул аталып,
Булбулдун сөзүн жатка алып.
Кызыгамын мен иниң
Үлгүңдү алсам катка алып.

Ырдаганда токтолбой
Жолго түшкөн жоргоңуз.
Мен Түмөнбай иниңе
Сиз сыяктуу болсоңуз.

Ушул быйыл өзүмдүн
Жыйырма үчтө курагым.
Уят болуп калам деп,
Ыйба кылып турамын.
Мүнүшкөр болчу иниңе
Аба сизден сурадым.

Барпы:
Жайнап турган белгиңден
Акындыгың билгемин.
Талбас күлүк болот деп,
Мен дагы ойлоп жүргөмүн.

Сайраганың булбулдай,
Акылы артык баласың.
Аракет кылсаң иним сен
Акындык нускам аласың.

Таланттуу болсоң чырагым,
Тизилген сөзүм сеники.
Ырдай бер балам тартынбай,
Табарик сөзүм меники.

Жаңылбас болсоң сөзүңдөн,
Атагың элиң көтөрөт.
Чындыкты айтсаң элиңе
Акындыгың эп көрөт.

Авалы акын Барпы аваң
Аттанып чыктым жашымдан.
Жыйында аваң ырдаса,
Кетпеген жыйын кашымдан.

Токтогул булбул асылдан
Урматыма ат алдым.
Ава деп келген белгиңден
Арнап иним үн салдым.
Картайып кетти өмүрүм,
Аваңдан нуска үлгү алгын.

Алтымыш үчкө барган жаш,
Асыл өмүр карган жаш.
Бул беш күндүк өмүрдө
Нелерди көрөт алтын баш.
Өтүп кетем бир күнү,
Жер астында болуп таш.
Айта берсем тизилет
Акындык ишке болдум маш.
Алып калгын нускамды,
Балапан иним Түмөнбай.
Үлгүлөрдү көрсөтүп,
Насыят айттым бир далай.

Карыя аваң Барпы акын,
Калк ичинде үн салам.
Өтүп кетем бир күнү
Нускамды алып кал балам.

Түмөнбай:
Сиз саяпкер иниңе,
Ырыңыз аккан дарыя.
Авалы Барпы акын деп,
Атагың элге жарыя.
Мен талапкер ырыңа
Асыл сымбат карыя.
Ырымдын калем жолдошу,
Акын ырдын жоргосу.
Ар санаттан билдирип
Иниңди мындай колдочу.
Ар бир санат ырлардын
Көрсөтүңүз үлгүсүн.
Түмөнбайдай иниңе
Бериңиз ырдын күзгүсүн.

Барпы:
Элирип аваң ырдаса,
Элдин көбү карашат.
Сталинди мактасак,
Жакшы болот, жарашат.
Ажыдаар жыланга,
Арбашкан да Сталин.
Канкор Гитлер залымга
Кармашкан да Сталин.
Кармашканда жоо менен,
Эл тиреги, Сталин,
СССРге нур чачат,
Эл жүрөгү, Сталин.
СССРди жарытып
Күйгөн шамы Сталин.
Эмгекчинин багына
Аткан таңы, Сталин.

Түмөнбай:
Эл кысталып турганда
Акыл тапкан, Сталин.
Эмгекчиге түбөлүк,
Бакыт тапкан, Сталин.
Кремлди жарытып,
Нурун чачкан, Сталин.
Ата мекен жеңиштин
Жолун ачкан, Сталин.

Барпы:
Баатырларды өстүргөн
Камкорубуз, Сталин.
Каршы жоону кайтарып

Коргонубуз, Сталин.
Армияны башкарып
Алгаладың, Сталин.
Немецтик желдетти,
Талкаладың, Сталин.
Бүт эмгекчи калкыңды,
Мыкачы Гитлер залимден
Калкаладың, Сталин.

Түмөнбай:
Порт-Артурдан Берлинге
Улуу Сталин жол салдың.
Тогузунчу май күнү
Жеңиш туусун колго алдың.
Жеңиш нуру жарытса,
Сайрандайбыз, Сталин.
Сентябрдын үчүнү —
Самурайды жоготтук
Майрамдайбыз, Сталин.

Барпы:
Эки жеңиш майрамда,
Сүйүнүп элим дурбөгөн.
Фаргана Түштүк талаасын
Алтын пахта түрдөгөн.
Сталиндин таңында
СССР эли гүлдөгөн.
Ынтымактуу эмгекчи,
Колуң жеткен жылдызга.
Бакыт берген Сталин
Өмүр көрсүн миң жылга.

МОЛДО БАГЫШ МЕНЕН ЭШМАМБЕТТИН АЙТЫШЫ

“Эшмамбет узун бойлуу, көркөмдүү сакалы бар, үнү алыска чейин угулган заңкылдап ырдаган, жаагы жок, ырды кара жамгырдай төккөн теңдешсиз ырчы, мүнөзү мырза, эл аз чогулган жерде ырдабаган адам эле” деп эскерип калар эле Жетигендин Кош-Кашат айылында жашаган зергер уста, комузда кол ойнотуп күү черткен таланттуу карыя Рыскул уулу Токтоналы.

Коңур Өгүздө бала болуш Байгазы бир уулуна той берип, ал тойго Анжиян, Аркадан көп эл, ырчылар келип. Анжиян Аксы тараптан комузу жок ырдаган, басса-турса дин сөздөрүн сүйлөгөн Молдо Багыш деген ырчы Эшмамбет төкмө менен айтышып ырдаган экен:

Молдо багыш:
Келгендерди кемсинтип,
Карагандай түрүң бар,
Кыйынсыңбы Алладан,
Ишенгениң кимиң бар?
Акын Молдо Багышмын,
Аты жөнүм билип ал,
Жооп таба албай такалсаң,
Жолум тоспой туруп кал.

Эшмамбет:
Тийишкенсип сүйлөйсүң,
Тил сенде эле барчылап.
Жамгыр болуп төккөндө,
Жалынбагын калтырап,

Эки ооз сөздү кошо албай,
Эсиң оойт го тантырап.

Молдо багыш:
Сага чейин Өтөнүн,
Өзү менен айтышкам,
Өмгөктөтүп далайга,
Өпкүлөшүп кайтышкам.
Токтоо бербей ырдасам,
Током өзү сыйлаган.
Сага окшогон ырчыны,
Көрбөптүрмүн кыйладан.

Эшмамбет:
Комузуң жок колуңда
Койкоңдогон сен кимсиң?
Кыйын болсоң таамай айт,
Калкым баалап билишсин.
Кеп айта албай адашсаң,
Кереги не жүрүштүн?

Молдо багыш:
Комуз албай колума ырдап көнгөм,
Мени менен айтышкан бирди көргөн.
Бой көтөрсөң, оозуңан сөзүң чыкпай,
Маскара, уят болбогун турган жерден.
Кудуретин Кудайдын чын тааныймын,
Пайгамбарлар, саабалар дагы өлгөн.
Ким экенсиң алардын жанында сен,
Жай табасың, бир күнү кара көрдөн.
Мейман-ысман сыйлаган кыргыз салтын,
Унут кылган жансыңбы? Эрте өлгөн.

Менин атым сурасаң Молдо Багыш
Уруум саруу, сөздөрүм даана калыс,
Кетмен Төбө кең жерге келген элем,
Жакшылыгын элиме айтып барыш.
Мечитинен окудум Молдо кыргыз,
Намангенде салынган ажайыптан.
Түшүнбөгөн адамдар бой көтөрөт,
Окат үчүн тайышып калыстыктан.
Сөздөрүмдө каталык кетсе кокус,
Сабыр кылып, кечирип кепти тыңшаң.

Эшмамбет:
Өзүң келип тийиштиң,
Окторулуп өзүмө.
Жандап суроо берсем да,
Жообун таптың сөзүмө.
Жакшы тосуп албасак,
Жаман көрбөй кечиргин,
Тойго келген элдер көп,
Ким ырчы, ким жөн ким билсин.
Аралашып ырдайлы,
Акындыгың эл билсин.
Толуп жүрөт көп ырчы,
Кыйыны ким ким билсин?
Түбүбүз бир тууганбыз,
Тамашага эл күлсүн.
Чогуу — чаран бололу,
Чамабызды эл билсин.
Атыңды уккам көп ирет,
Молдокеңдин кимдигин.
Кудай ачсын жолуңду,
Кырсык кылбай күнү түн.

Ара жатып конуп кет,
Акындыгың эл билсин.
Айтышкандар тең келбей,
Араак кетип тынч жүрсүн.
Байгазынын тоюнда,
Баркыбызды билели,
Ажырашпай алыстап,
Абдан жакын жүрөлү.
Той бүткөнчө бир болуп,
Токуп сөздү түйөлү.
Аянбастан айтып бар,
Аксы Талас жериме.
Адамдары сагынткан,
Алыс калган элиме.
Жакшы салам айтып бар,
Жалпы Талас элиме.
Жакшы жүрөт Эшмамбет,
Жаман эмес дегиле,
Кечирип кой Багышым,
Кечеги айткан кебиме.
Жаным турат эзилип,
Жакындыгың сезиле,
Жалпы элиңе салам айт,
Жакшы жүрөт дегиле...

БЕКНАЗАР КУУДУЛ МЕНЕН МОЛДО БАГЫШТЫН АЙТЫШЫ

Жакын чоң аталарыбыздан болгон Бекназар куудул Базар-Коргон, Чарвак, Кызыл-Үңкүрдү кыдырып жүрүп. Аксыга барган экен. Аксыда ислам жолунда кат сабатын жойгон, бала окутуп жүрүп көпчүлүккө ыры менен таанымал болгон Молдо Багыш деген ырчыга жолугуп, көпчүлүктүн көзүнчө алым сабак айтыша кетип ошондон улам жакшы тааныш болуп калышкан экен:

Бекназар:
Келдим Кетмен Төбөдөн,
Артымда бар жөлөмөм.
Бечел болуп жашымда,
Тарууторптой көрөңгөм.
Менмин деген акынды,
Кер кунандай жөөлөгөм.
Куудул сөздү менден ук,
Боорун эзем боткодой,
Мен ошого төрөлгөм.
Кудайлаган акын дейт,
Куру сөзгө жакын дейт,
Молдолугу ашынган,
Китептерин ташынган,
Чоң ырчылар жолукса,
Чочуп кетип жашынган,
Молдо Багыш сенсиңби,
Теке соем жейсиңби?
Ашып келдим ашуудан,
Мейман кылам дейсиңби?
Ар түрдүү сөз сүйлөймүн,
Өзүм такыр күлбөймүн.

Айтышкандар жолукса,
Эки чайнап бир жеймин.
Кыйын болсоң жооп бергин,
Аттан түшүп бер келгин

- деп Бекназар чоң атам, куудулдугуна салып, оозу башын кыйшаңдатып, текече бакылдап, кейпин бузуп туруп калганда көрүп турган көпчүлүк дуу күлүп, кээ бирөөлөрү кыйрап жыгылып калыптыр. Ошондо Молдо Багыш Бекназар куудулдун тентектенип, куудулданганына бир жагынан ачуусу келип, бир жагынан элге кошулуп күлүп мындай деп ырдаган экен:

Молдо багыш:

Таанышпастан мушташкан айбанга окшош,
Тантыраган сен кимсиң жөө чуркаган,
Сага окшогон жөө жүргөн куудулчаны,
Ат менен кууп, ыйлатып бир муштагам.
Кебетең суук адамдын көөнүн бузуп,
Кускуң келет аргасыз көрүп туруп,
Элди жерди тынчытпас жан окшойсуң,
Бирин мактап, бирөөнү шылдың кылып.
Айтышамын кел дейсиң уялбастан,
Келипсиң сен алыстан кайда качам?
Кандай айтсаң ошондой айтышмак шарт.
Сөздөрүңө жооп издеп бара жатам.
Акындардан качпаймын, чын молдомун,
Тилек кылам Алладан жакшылыкты,
Өзүңчө эле тийишип жинге тийбе
Адат кылган окшойсуң бакшылыкты.
Күлдүрөсүң элдерди кыйшалаңдап,
Күлбөй карап каласың тыйталаңдап,
Айтышамын сен менен келгин бери,
Молдо Багыш айтыштан кайда качмак.
Жеңип жүргөм жетесиз көп акынды,

Менин ишим дин менен акыл айтмак,
Тентек жансың карасам бир өзгөчө,
Оңду солду ойлонбой кадам таштап,
Эки чайнап бир жутар нан эмесмин,
Чочуп кетип жашынган жан эмесмин,
Өзүң сойгон текеңди өзүң жегин,
Мейман кылам чын дилден үйгө келгин.

Бекназар куудул:
Чычалайсың чыдабай,
Өпкөлүгүң карматып,
Кетип калам таарынсам,
Калбайм сага жармашып.
Сынап койсо сөз менен,
Көтөрө албай уруштуң,
Бирөөлөрдү күлдүрүш,
Бирөөлөрдү ыйлатыш,
Менин гана жумушум.
Чуурутуп ыр айта албайм,
Чындык сөздөн такалбайм,
Тамашаны көп айтып,
Ичиме сыр ката албайм.
Кейпим чыны өзгөчө,
Ошон үчүн куудулмун.
Келип Аксы жерине,
Оюн салып турупмун.
Отко — сууга секирген,
Бакшы менден жеңилген,
Күрөшөм деп жутунган,
Жакшы менден жеңилген.
Азил сөздү түшүнгүн,
Ардактагын күтүнгүн.
Ыза болбо Багышым,

Баркын билгин күчүмүн.
Шартылдаган ырчысың,
Молдолукта сынчысың.
Атак − даңкың көп уккам,
Кыйын ырчы деп уккам...

- деп оозу башын өзгөртүп, оңкочук − тоңкочук атып калганда элдер дагы каткырып күлүп эстери ооп калыптыр.

Молдо багыш:

Куудул, тентек жан экенсиң карагым,
Эрмек болгун Аксы, Кетмен Төбөгө.
Үйгө жүргүн меймандыкка чакырам,
Таарынбагын жанакы айткан сөздөргө.
Мага жакты сенин тентек жоругуң.
Ыр ичинде боло берет ар нерсе,
Жүрөгүңө жакын албай мейман бол,
Элиң жакшы ырчысы көп ар жерде...

- деп Бекназар куудул чоң атамды өзүнүн айлына эрчитип барып, кой союп мейман кылып жакшылап узаткан экен.

АЛИШЕРДИН ТОЮНДА

Бул ырдын жаралуу таржымалын Кайкы аксакал минтип айтчу экен: “1916-жыл болсо керек, төңкөрүшкө жакын эле деп айтылат. Сулайманкул болуштун Пайызкан деген сулуу кызы болгон. Ашкан сулуу келбеттүү, эскиче /анысы арабча/ кат билген неме экен. Пайызканды жеңелери Акбары деп эркелетчү. Сынылык Молдоке деген атактуу адам Сулайманкулдун кызына куда түшүп, уулу Алишерге Пайызканды алып берет. Авлетимдик Бөрүкул Алымкул уулу Барчайым деген ашкан сулуу кыз бар эле кийин Таласка турмушка чыгып кетти ошол, анан Кишимжанды кошуп Сулайманкул Өтөгө, кадимки Жеңижок акынга окуткан. Ошондон кат таанып калганбыз. Пайызкан зирек кыз болчу. Окуганды жазганды бизден алда канча мурда эле үйрөнүп алган. Ошол тойдо Авлетимдик Молдо Багыш деген чоң төкмө акын бар эле. Ал киши өтө сабаттуу, билимдүү адам болчу, анан төгүп ырдачу. Жеңижок экөөсү тойдо эки күн ырдап жарчы болгон. Тойго тогуз акын келген. Арасында Токтогул, Эшмамбет болду. Эстеп калыш кыйын экен, мага караганда бул ырды Бөрүкул авам абдан жакшы билчү. Ал кишинин көзү өтүп кетти. Эми билгенимче айтып берейин”:

Молдо Багыш:
Сулайманкул болушум,
Туугансызга туугансың.
Түнөгүм болуп турасың.
Алсыздарга күн болуп,
Адамдан чыккан буудансың,

Жеңижок:
Сулайманкул болушум,
Кутка толсун конушуң.

Жалаң семиз тай болду,
Бул тоюңа союшуң.

Молдо Багыш:
Болушту кырк чилтен кут даарыган,
Таң чолпон чыккан айылынан.
Ачты токко теңеген,
Айкөлдүгү кеңдиги,
Абыдан мыкты баарынан.

Жеңижок:
Кан Манастын айылынан
Алты дубан тааныган.
Керней-сурнай тарттырып,
Акындарга айттырып,
Көңүлдөрүн шат кылып,
Таякең келди бат жүрүп.

Молдо Багыш:
Сулайманкул болушум,
Нүсүпкан сенин өз атаң.
Даңкы кетип далайга,
Эл башкарган жети атаң.

Жеңижок:
Сан жетпеген санжырган,
Кырк уруу жыйып калк кылган.
Кытайдын тилин так билип,
Чоң атаң кадырын элге арттырган.

Молдо Багыш:
Кокондон бери эл келди,
Көрмөккө кызын бергенди.

Жамбы атып алды Алишер,
Көзгө атар экен мергенчи.

Жеңижок:
Самаркан менен Бухара,
Орногон шаар кут ага.
Калбай келди тоюна,
Кадырың ушул журт ага.

Молдо Багыш:
Кара кылды как жарган,
Эл намысын колго алган,
Саруу элдин туйгуну,
Жолборс жүрөк жаралган.

Жеңижок:
Датканын уулу болушум,
Кытайдан бери эл келди,
Жемиш дүйүм жайнаган,
“Бейиш” дешип жергеңди.

Молдо Багыш:
Болуштун кызы Акбаары,
Мунун асылзаадалыгын айталы.
Кырк күнү куруп кыз оюн,
Той берип жатат атайын,
Өргөсүн жасап көтөрдү,
Ичи кымкап менен башайы.

Жеңижок:
Чын аты мунун Пайызкан,
Даамы таттуу майизден.
Күнчүлүк ишти биле алган,

Бул кыздан чыккан даанышман,
Даңкы кетти далайга,
Сулууга жуучулар келип алыстан.

Молдо Багыш:
Кырк кызы бар жанында,
Булбул сайрап багында.
Алча, алма, жаңгагы,
Ийилип бышкан шагында.

Женижок:
Саябандуу жерде өскөн.
Сака калчап эрке өскөн.
Секелек кыз кезинен,
Кырк өрүмдөн чач өргөн.

Молдо Багыш:
Өзү күндөй бети айдай,
Бектин кызы Акбаары.
Акак бермет, ак сулуу,
Жездебиздин тапканы.

Женижок:
Алишер менен Акбаары,
Уйкашып турат аттары.
Бактылуу жашап өтүшсүн,
Төп келип бардык жактары.

Молдо Багыш:
Акбаарынын кырк өрүм чачы буралган,
Ак булактан суу алган.
Ак булуттай жүзүнөн,
Айбыгып ай да уялган.

Жеңижок:
Акбаары ааламга нурун чачкандай,
Караңгы түндө ак шамдай.
Маралдай болуп келбети,
Акак тиштүү ак маңдай.

Молдо Багыш:
Молдо акенин баласы,
Ак ниеттин тазасы.
Хан тукумунан тараган,
Адамдын асыл заадасы.

Жеңижок:
Минген аты тулпардай,
Алгырлыгы шумкардай.
Калкына тийген пайдасы.
Саябандуу чынардай.

Молдо Багыш:
Карагер жорго мингени,
Кан Манастай жүргөнү,
Жездебизди карачы,
Өтө аке, ай чыккандай күлгөнү.

Жеңижок:
Чайпалбас жорго мингени,
Айдай сулуу сүйгөнү.
Урматтап келди бул тойго,
Багыш жездебизди билгени.

Молдо Багыш:
Балбандыгы ашкан шер,
Жездебиз көзү ачык кеменгер,

Ар тарабы келишкен,
Адамдан артык Алишер.

Жеңижок:
Далысында жалы бар,
Артыкча шер жагы бар.
Ушундай уулга ээ болгон,
Саруу элдин багы бар.

Молдо Багыш:
Аксынын даңкын чыгарган,
Айлансаң болот кыраандан.
Алишер адам экен карачы,
Алгыр куш бүткөн тынардан.

Жеңижок:
Алишер адамдан артык жаралган,
Алыска даңкы таралган.
Сулайманкул болушум,
Көптү күт күйөө балаңдан.

Молдо Багыш:
Жерде асый аттын куйругун,
Жети айчык бурайт Алишер.
Жети пуд жүктү көтөргөн,
Жетик чыккан балбан шер.

Жеңижок:
Алишер өгүздү алган атына,
Карабай чапкан артына,
Кереги тийип келатат,
Саруу, багыш калкына.

Молдо Багыш:
Бала балбан Алишер,
Аксынын даңкын көтөргөн.
Карачы мунун эрдигин,
Кара өгүздү өңөргөн.

Жеңижок:
Алишер ат мингенде Манастай,
Кең пейилдиги Таластай.
Байгени берген көп балбан,
Аны көргөндө эле талашпай.

Молдо Багыш:
Карагер байгеде мыкты жүгүрдү
Эли толкундап абдан сүйүндү.
Саяпкер күлүк ээлери
Көргөндө эле түңүлдү.

Жеңижок:
Алишер айылга мечит курдурган,
Кумганга суусун куйдурган.
Билим алсын балдар деп,
Китебин берген куржундан.

Молдо Багыш:
Жездебиз Сыныга арык чаптырган
Асылдап жылкы бактырган.
Элине кылган кызматын,
Көргөндөр мактап жактырган.

Жеңижок:
Жанында турат бир жигит,
Көзүнөн жалын чачырап.

Турпаты толуп сыныма,
Көркөмү көздү талдырат.

Молдо Багыш:
Жанында турган ал жигит,
Өтө аке ал Кабайдын уулу Асанбек.
Кан Манастай сүрү бар,
Торала минген аземдеп.

Жеңижок:
Асанбектин эрдиги,
Алишер менен тең экен.
Кулачың жетпейт карачы,
Далысы дагы кең экен.
Элине тийет кереги,
Бул шер тууган неме экен.

Молдо Багыш:
Өтө аке тойго тогуз акын келиптир
Келгенин көзүң көрүп тур.
Ырыңызды токтотуп.
Кезегин элге берип тур.

Жеңижок:
Туура айтасың Багышым,
Токтогул болсо таанышым,
Жанында турган баласы
Жаңыдан таштап арышын.

Молдо Багыш:
Анда токтотуп ырды туралы,
Мейманга көңүл буралы.

Сайрасын тили элине,
Токтогул,
Булбулдун бири бул дагы.

КАЛЫГУЛ БИЙДИН ТОЮНДАГЫ ТОКТОГУЛ МЕНЕН АЙТЫШ

Кетмен-Төбөнүн Как деген жайлоосунда Калыгул бийдин тоюнда Алишер балбан тай торпокту алгандан тартып, аягына чейин эч кимге бербей топтолгон көпчүлүккө “алтын билек, жез тырмак балбан экен" деген атак-даңкка бөлөнөт. Ошол тойдо Токтогул Алишер балбанды мактап-жактап мындай деп ырдайт:

Как деген чытырман токой талаа жер,
Алдыңдагы тай торпок алдырбадың кайран шер
Барктап-даңктап Аксыны,
Байгесин элге таркаткан, кичипейил кайран эр.

Кактын суусу терең сай,
Кошкуруп аттар өтө албай.
Жалдырап эрлер турганда,
Алишер өтүп бир кеттиң такалбай.

Балбандыгың дүң болгон,
Сендейлер кемде кем болгон.
Алишер келет дегенде,
Башкалар качып тим болгон.

Тууганың Молдо Багышың,
Таштаптыр катуу арышын.

Жаагын жанып ырдаса,
Токтотуу кыйын дабышын.

Балбандан келсең Алишер,
Ырчыдан келди Багышың.
Көтөрүп баркын Аксынын,
Жүрсүңөр элдин камы үчүн...

- деп басылганда Молдо Багыш мындай деп жооп берген экен:

Шакирттен шакирт чыгарган,
Шанилүү асыл Токомсуң.
Шаңданып ырдап отурсаң,
Шайырлар сени коштосун.

Тоо талаанын булбулу,
Топту жарган дулдулу.
Толгонуп ырдап отурсаң,
Тең келбес сага бир кырдуу.

Аттанып келдик Аксыдан,
Адам көп бизде жакшыдан
Алишер балбан тууганым,
Ар намыс ишке баш бурган.

Кыйын көп биздин Аксыдан,
Кылымдык ишке баш бурган.
Калыгул берет чоң той деп,
Кыдырып келдик Аксыдан.

Акыл көп берсе Алдадан,
Аянам кээде карманам.

Аятын билип Курандын,
Алдага жаным арнагам.

Керилген Кетмен Төбө экен,
Кел деген жакшы көп экен.
Кыраанын таптаар ырчынын
Кызыктуу жоомарт эл экен...

–деп далайга чейин Токтогул менен Молдо Багыш алым сабак айтышып, эл-жерди кошуп ырдашкан экен.

ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭКИНЧИ ИРЕТ ЖОЛУГУШУУ

Токтогул:
Ассалоому алейкум!
Амансыңбы Багышым.
Алты арыш кыргыз калкына,
Абыдан чыксын дабышың
Экинчи ирет жолуктук,
Эсен-аман бармысың?
Элиң аман жатабы?
Эмгектенип бар күчүн
Өзгөрүлүп калыпсың,
Өзгөчө болуп сөздөрүң.
Өткөндөгү чоң тойдо
Өзүңө көңүл бөлгөмүн
Кубангам айткан ырыңа,
Кубулжуп турса сөздөрүң.
Өзүңдү көрүп сүйүндүм,
Өсүптүр бийик өркүнүң
Аксыдан чыккан акынсың,
Аябай сөзгө жакынсың.
Адилет сөздү таап ырда,
Арсыздар качып жашынсын.
Оозуңда шекер сөзүң көп,
Оргуштап сыртка чачылсын.
Көңүл ачып көп журтуң,
Көздөрү пардай ачылсын.
Жетим жүрүп жетилдиң
Жеңеден угуп жемени.
Жаңшап ырдап отурсаң,
Жашытасың элдерди

Жашыңдан болдуң илимдүү,
Жараткан эгем бергенби?
Дем салсаң оору-сыркоого,
Демденип алсыз тердеди.
Жеңилденип денеси,
Жараткандан эм келди.
Касиети күчтүү жадыгөй
Касыйда сага келгенби?
Дин ислам жолунда,
Дили аппак элденби?
Жакшылыкка чакырып
Жамандыктан безгенби?
Жүрөсүң элди аралап,
Жүрөгү аппак элденби?
Ырдай гой акын Багышым
Ыраса көп бир эл келди.
Жакшылыктан кайтпай айт,
Жамандыктан качпай айт.
Акыл-насаат сөздөрдү,
Аянбастан тактап айт.
Акылдуулар сүйүнсүн,
Акырын айт, мактап айт.
Жаман ойлуу адамдын,
Жанын сууруп кактап айт.
Санаат ырды төгүп айт,
Санжыралап өрүп айт
Уккан адам таң калсын,
Уламалап бөлүп айт.

Молдо багыш:
Аллейкума ассалом!
Акын Токо барсыңбы?
Кенен Аксы жерине,

Келип жарды салдыңбы?
Эсен болуп эл журтум,
Эми текши жатабыз.
Алыс келген адамдын,
Ажаатын бир ачабыз.
Өзүң келип бул жерге,
Өчүп турат капабыз.
Аман-эсен барсыңбы?
Асыл Током, агабыз!
Көптөн бери көрүшпөй,
Көңүл ачпай жатабыз.
Армандашпай арада
Аябай сөз көбөйдү.
Акырындап көп ырдап,
Арбыттым мен өнөрдү.
Кудай берген ыр экен,
Кудай өзү жөлөдү.
Жетим өсүп жетилдим,
Жешилбей өсүп-өнөмбү.
Айтып кет Токо акылың,
Акындын даңкың көрөмбү?
Окуп мен Асан молдодон
Олуяны көп билгем.
Байгамбар, сааба, олуя,
Окугам далай, эс кирген.
Наманган окуп, дарс окуп,
Курандын сөзүн жат билгем.
Акыл сөз күтүп Алдадан,
Ар түрдүү дуба үйрөнгөм,
Байлама жинди сакайып,
Үй бүлөө күтүп, үйлөнгөн,
Жардамым тийип далайга,
Балапан куштай күүлөнгөм.

Жамандыкты көп көрдүм,
Жакшылыкты көксөдүм.
Жамандарга жолобой
Жакшыларды эстедим.
Айрым адам жер бөлөт,
Айрым адам уруучул,
Кыргыз элин төрт бөлгөн
Кыйын заман болду ушул.
Ынтымаксыз элдердин,
Ырысы кетет башынан.
Асыл Током жүрөсүң,
Эл аралап жашынан.
Акындыгың жанда жок,
Абыдан мыкты ашынган.
Акын ырчы дегендер,
Алыс качып жашынган
Кетмен Төбө кең жерден,
Келгениңди ырдайын,
Аксы элине саламды
Бергениңди ырдайын.
Шыбыр барып, камалып
Келгениңди ырдайын.
Балаң өлүп Топчубай,
Ыйлаганың ырдайын.
Кыргыз элге жете албай,
Сыздаганың ырдайын.
Кең казактын талаасын.
Басканыңды ырдайын.
Кең Шиберден түрмөдөн
Качканыңды ырдайын.
Орус кармап алат деп,
Шашканыңды ырдайын.
Кең Таласка бир кыштап

Жатканыңды ырдайын.
Аксы Талас элинин,
Тузун таттың Токтогул.
Айга Күнгө теңелгис,
Уузун таптың Токтогул.
Ниязалы Өтөнүн,
Чайын ичтиң Токтогул
Кадырлашып дос болуп,
Майын ичтиң Токтогул.
Чогулушуп бир ырдап,
Жан дос болдуң Токтогул,
Ажырашпас дүйнөдө,
Кан дос болдуң Токтогул
Бала издеп, дос издеп,
Паана кылдың Токтогул.
Досторуңдан сый көрүп,
Бир кубандың Токтогул.
Бир киндиктеш немедей
Үчөөң ага туугансың.
Душман тийсе бирөөңө
Үчөөң бирдей куугансың.
Кадырлашып сыйлашып,
Ажырашпай жүрсүңөр,
Бир экениң абалтан,
Аксы Талас эл билер.
Ниязалы, Өтө аке
Токтогулсуз чай ичпейт.
Келбей калсаң кокустан,
Тынчы кетип жай ичпейт.
Үчөөңөргө бирөөнүн,
Көзү тийип кетпесин,
Жаман көргөн адамдар
Жакшылыкка жетпесин.

Акын Током агамсың,
Ашуу белсиң, дабансың.
Асыл сөздөр сенде көп,
Аскар тоодой караансың.
Кеңирсиген кең Талас,
Элим кенен жатат дейм.
Ташкен Кокон арасы,
Тегиз аман жатат дейм.
Анжияны Чаткалы,
Кең казактын талаасы,
Кенен аман жатат дейм.
Аман-эсен келипсиң,
Асыл Током арыба,
Муңдуу болуп калыпсың,
Муңайбагын карыба.
Биз турабыз бел болор,
Алдан тайба арыба.
Элиң Аксы бүт күйөт,
Эстен танба талыба.
Манас менен Сайкалды,
Жатка билбейм айта албайм.
Жаами, Саади, Навои,
Окугамын билемин.
Кожожашың, Курманбек,
Дастандарын билбеймин,
Фирдоусини, Бегимди,
Окугамын билемин.
Молдо Кыргыз мечити,
Наманганда жайгашкан.
Кыргыздарды окутуп,
Дин ислам таркаткан,
Байгамбардын сабаанын,

Ак жолдорун үйрөткөн,
Алда деймин ак уруп,
Аябай чын жүрөктөн.
Таклипке жооп кылып,
Алдыңызда ырдадым.
Сурооңузду бериңиз,
Жооптон качып турбаймын!

Токтогул:
Акын Молдо Багышым,
Арбыптыр ырас дабышың.
Топтолгон мында көп ырчы,
Толкушуп сынар бар күчүн.
Кезекти берип аларга,
Кеп угалы бир үзүм...

АСАНБЕКТИН КҮЛҮГҮ

Жеңижок:
Кабайдын уулу Асанбек,
Атанын уулу турбайбы?

Молдо Багыш:
Кайраты турат Манастай,
Өтө аке эрдигин мактап ырдайлы.

Жеңижок:
Жалыны турат көзүндө,
Бул жалтанбас эр турбайбы?

Молдо Багыш:
Жазбай тарткан атасын,
Өтө аке мунун шердигин мактап ырдайлы.

Жеңижок:
Каары турат жүзүндө,
Бул кабылан адам турбайбы?

Молдо Багыш:
Төрт тарабы төп келген,
Өтө аке камбылдыгың ырдайлы.

Жеңижок:
Бешенеси ачык жайылган,
Асанбек берешен адам турбайбы?

Молдо Багыш:
Маалимге бала окуткан,
Мунун көсөмдүгүн ырдайлы.

Жеңижок:
Астындагы мингени,
Асыл жылкы турбайбы?

Молдо Багыш:
Күнчүлүк келип байге алган,
Өтө аке күлүтүн мактап ырдайлы.
Багышым мактаса мактап ырдайлы,
Бул асыл жылкы турбайбы?

Молдо Багыш:
Күлүктүн кулагынан от күйүп,
Жанып турган шамы бар.

Жеңижок:
Аккуладай жүргөнү,
Тулпарлыгы дагы бар.

Молдо Багыш:
Күнчүлүк ишти сезе алган,
Мал асылы жаныбар.

Жеңижок:
Мындай атка ээ болгон,
Асанбектин багы бар.

Молдо Багыш:
Күлүккө мейизден жем илдирген.
Далайга даңкын билдирген.

Жеңижок:
Күлүктүн башына пар жаздык коюп жаткырган
Олуя-Атадан казактар көрүп жактырган.

Молдо Багыш:
Күлүктүн алдына килем салдырган,
Асылдап тукум алдырган.

Жеңижок:
Күлүктү салкын жерде бактырган,
Муну түркмөндөр көрүп жактырган,

Молдо Багыш:
Күнүгө жал куйругун тараган,
Күлүктү он ат багар караган.

Жеңижок:
Саяпкери Садыркул,
Күлүктү артык көрөт баладан.

Молдо Багыш:
Күлүктүн түп тукуму дулдулдан,
Атайын аппак сарай курдурган.

Жеңижок:
Көкүлүн түйгөн шайылап,
Үйүрү миң жылкыда жайылат.

Молдо Багыш:
Тулаңдуу жерди таптырган,
Күлүктү азем менен бактырган.

Жеңижок:
Бул күлүк алты күн чапса арыбас,
Алтымыш асый болгончо,
Арымын жазып карыбас.

Молдо Багыш:
Бул күлүк жети күн чапса арыбас,
Жетимиш асый болгончо,
Жаза басып карыбас.

Жеңижок:
Туяктан жалын чачырып,
Элирип октой атылат.

Молдо Багыш:
Шумкардай учкан жаныбар,
Кош канаты барчылап.

Жеңижок:
Туягы тийген жеринен,
Топурак учат асманга.

Молдо Багыш:
Такасы тийген жеринен,
Чок чачырайт басканда.

Жеңижок:
Турушу мунун маралдай,
Жылкыдан мындай жаралбайт.

Молдо Багыш:
Сымбатын кара аркардай,
Байгеге чуркайт ар кандай.

Жеңижок:
Күлүктү чөлгө чапса жараган,
Даңкы Ооганга чейин тараган.

Молдо Багыш:
Тоого чапса бөлүнгөн,
Тулпарлыгы көрүнгөн,

Жеңижок:
Казактын жайыгында байге алган,
Ошондо эле тулпарлыгы байкалган.

Молдо Багыш:
Ангууга чапса ашкан дейт.
Куландай тайбай баскан дейт.

Жеңижок:
Сыр дайрадан өтүптүр.
Даңкы Турпанга чейин кетиптир.

Молдо Багыш:
Күлүккө өзгөчө көңүл бөлүнгөн,
Күмүштөн жүтөн өрүлгөн.

Жеңижок:
Ооздуругу алтындан,
Жабууга каухар тактырган.

Молдо Багыш:
Үзөңгүсү болоттон,
Чаткалдан казып алдырган.

Жеңижок:
Самаркандык устага,
Ээрин жаңгактан тандап чаптырган.

Молдо Багыш:
Көрпөчөсү шайыдан
Келтирген экен абыдан

“Тим койсом бул эки акын ырдай берип атты көзүктүрүп жибербесин” деп Асанбек экөөсүнө эки тай берип ырын токтоттурган экен.

ТОКТОГУЛ, МОЛДО БАГЫШ, БАРПЫНЫН АКМАН ЖЕРГЕСИНДЕГИ АЙТЫШЫ

Токтогул:
Арстанбап жер экен,
Адамдары эр экен.
Акманыңда береке,
Агып турган кен экен.
Ыйыктыгы башкача,
Ыраса сонун жер экен.
Топуктугу башкача,
Тоюнуп турган эл экен.

Молдолугу башкача,
Момун жакшы эл экен.
Келечеги өзгөчө,
Келишкен бир жер экен.
Кызыл-Үңкүр Чарбагы,
Кең Кол, Дашман нар жагы,
Көз кумарын кандырат,
Көрүп турган адамды.
Жер жемиши үзүлбөйт.
Жеген адам бүлүнбөйт.
Жаңгак, алма, алчасы,
Жана башка канчасы.
Жайнап турат келгин, деп
Жакшылап үзүп жегин деп.
Ырдай берсе түгөнбөйт,
Ыкшоолорду жүгөндөйт
Айта берсе түгөнбөйт,
Акмактарды жүгөндөйт.
Эмгекчили келишкен,
Эли сонун турбайбы,
Жер жемиши жайнаган,
Жери сонун турбайбы.
Берекеси төгүлгөн,
Бейли сонун турбайбы.
Барктап, даңктап ырдайлы,
Багышым келгин сындайлы!
Байлыгы укмуш турбайбы,
Барпым келгин ырдайлы!

Молдо Багыш:
Асыл Током алыстан келип калдык,
Амандыгын эл-журттун билип алдык.
Сыйын көрүп чакырса ырын ырдап,

Биз кетели бул жерден күлүп-жыргап,
Көп нерсени өткөрдүм бул башымдан,
Сырлар жатат айтылбас бир катылган.
Бул Акмандын эл журту тегиз экен,
Көңүлдөрү топуктуу эгиз экен.
Бейилдери кененин айткым келет,
Аксы элине мактанып кайткым келет.
Эмгекчилин көргөмүн тыным албас,
Мындай элдер жашоодон артта калбас.
Мөмөлөрүн айтканга сөз да жетпес,
Сулууларын кароого көз да жетпес.
Ынак болдум жашымдан дин жолуна,
Куран кармап окугам оң колума.
Арстанбап жерлердин ыйыгы экен,
Олуялар өзгөчө кыйын экен
Атактуулар сөөктөрүн коёр экен,
Байгамбарлар өтүптүр алда нечен.
Касиети күч мазары андан да көп,
Капа кылбай баарына сыйынып өт
Жакшылыгын айталы асыл Токо,
Жамандыгын чукусак түк болбойт го
Өзүң баштап жүрөсүң баарыбызды,
Жашы менен эңкейген карыбызды.
Кезек берип Барпыга мен токтоюн,
Кезек келсе анан бир үн кошоюн.

Барпы:
Базар-Коргон Созогум
Баары биздин жер экен,
Барктап-даңктап ырдаса,
Баарыңарга тең экен.
Ассалоому алейкум,
Акын Током келиңиз.

Алдыңызда иниңе,
Аста салам бериңиз,
Ассалоому алейкум,
Амансыңбы Багышым.
Атыңды уккам көп жолу,
Азыр гана тааныштым.
Током менен көп жолу,
Топ жыйында айтыштым.
Топ көрө элек ырчыны,
Тоголото сайыштым.
Келгиле куттуу жериме,
Кең пейил мундуз элиме.
Жамандыгын жашырып,
Жакшылыгын сезгиле.
Элим момун эмгекчил,
Эстүүлүгүн шундан бил.
Сулуулары келишкен,
Суктандырып эзилткен.
Карап турса көйкөлүп,
Кадимки эле периштең
Сүйүп-күйүп Барпы акең,
Сүрдөнгөмүн, тебишкем.
Жаным тынчып уктабай,
Жата калып эңишкем
Жакшынакай келин көп,
Жарашыктуу келишкен.
Түнү-күнү уктабай,
Түгөнгөмүн эзишкем.
Ар адамда бар чыгар,
Арзып турар периштең.
Ырда Молдо Багышым,
Ыраса чыксын дабышың.

Молдо Багыш:
Адам ата Ава Эне жаратышыр,
Ашыктыктан Барпы акең сөз кылып тур.
Жакшылыгын көргөнмүн далай жандын,
Жаш кезимен көп көрүп сен угуп тур,
Сулууларга суктанып турам дединҗ,
Сүйүп-күйүп көңүлдү бурам дединҗ.
Аял жоктон бул жерге келген жокпуз,
Аялды айтып неге койкоктойсуз?
Жата калып эңишсең эңишкиниҗ,
Жан карайып тебишсе тебишкиниҗ.
Биздин максат жер көрүп эл аралаш,
Үйдө аялдар толтура аны билгин.
Периште экен билемин аял заттын,
Шайтандарга алдатат далай ирет
Азгырылып атыңды таппай калба,
Аял көрсөң темтеңдеп коркуп сүрдөп.
Дин ислам жолунда иш баштагам.
Адал менен арамды ажыратам,
Током менен жериңе келип калдык.
Токтоно албай сөз айтып бара жатам
Токтогул:
Капа болбо Багышым Барпы акынга,
Аял көрсө тамаша, азил айткан,
Тили ширин ушунча өзүңө окшоп,
Ырлар чыгат Барпыдан насаат айткан.
Токтолбогон ырдаса сөз бербеген
Жерине окшош кени көп эзелтеден,
Бар адаты аялды тынбай ырдайт,
Аял жокто жөн турбайт, боздоп ыйлайт.
Сүйүп-күйүп түгөнүп кетер бекен?
Көңүл бурба насаатын карма бекем!

Барпы:

Кыз — келинди көргөндө,
Күйгөндүгүм ырдаймын.
Санаа басып саргайып,
Сүйгөндүгүм ырдаймын.
Капа болбо Багышым,
Менин ошол миң кайгым.
Санаат-насаат ырларды,
Сабалаймын ырдаймын,
Сандык сандык ыр жатат,
Саймалаймын тынбаймын.
Мейман болдуң келишкен,
Эркек жактан периштем.
Асыл Током экөөңө,
Куурабаймбы эңишсем?
Ашык айтсам кечиргин.
Жан эмесмин керишкен.
Мейман болуп төрүмө өт,
Күч жеткенче сыйлаймын.
Жаңшап-даңктап силерди,
Тил жеткенче ырдаймын.

Молдо Багыш:

Сөз көтөрөр бекен деп сынап көрдүм,
Сөзүң укмуш Барпыке анык сездим.
Капа болбойм ак дилден айткан сөзгө,
Аял жактан мен дагы төрөлгөнмүн.
Жакшы пейлин биз көрүп, кубанганбыз,
Жериң, элиң жакшы экен сөз айта алгыс.

КАЗАК ЖЕРГЕСИНДЕ УЛУУ АКЫН ЖАМБЫЛ ЖАБАЕВ МЕНЕН МОЛДО БАГЫШТЫН АЙТЫШЫ

Жамбыл:
Келипсиң казактардын талаасына,
Жат эмес боордоштордун арасына.
Кай жердин кыргызысың жүдөп − тозгон,
Жансыңбы абактыдан качкан − бозгон.
Кийимиң жыртылыптыр өзүң арык,
Нээликтен боордошум ай болдуң карып?
Азапка сени кимдер салган экен?
Азыркы көргөн дүйнөң жалган экен.
Казак менен кыргыз өзү бир тууган гой,
Калып кал өткөрөлү бир үлкөн той.
Эрчиткен келинчегиң казак экен,
Ак сөөк экен, адашпай карма бекем.
Төшүндө малы кетсе аралашып,
Төшөктө башы бирге өөп-жытташып.
Атыңды угуп калдым турган элден
“Жир айткан бир өзгөчө жандан экен”
Башыңдан не иш өттү айтып бергин,
Атайын даңкыңды угуп кайтып келдим.
Казактын кең талаасын аралагын,
Сүйүнбайдай обон созгун сабалагын.
Улуумун бир далай жаш өзүңдөн мен,
Казак менен кыргыз үчүн ырдап көнгөм.
Молдо Багыш:
Казактын келип калдым калаасына,
Кең пейил кыргыз өңдүү арасына.
Өмүрдө көп жамандык көрүп келдим,

Тийгим жок өткөн күндүн жарасына.
Абактан келе жатам жөө-жалаңдап.
Токтогул баскан экен ушул жолду.
Түрмөнүн не экенин билбептирмин,
Жүрүпмүн дерделеңдеп оңду-солду.
Кийимим бүт жыртылды, өзүм арык,
Жөө жүрөм, азап чегип болдум карып.
Жөн жерден байламтада жаттым ыйлап,
Жаным да кейип бүттү абдан сыздап.
Казактан кайлык алдым ыйбаа кылган,
Казак менен кыргыз үчүн ырдап турам.
Калмакмын тууган элим күтпөгөндө,
Калың эл калкан болоор күч келгенде.
Көп жылы байламтада жаттым чыдап,
Орустан кордук көрдүм, абдан куурап.

Жамбыл:

Орустун кордугун көп биз да көрдүк,
Элибиз ынтымаксыз кыркылышып.
Бир бирин сатып атат, басып атат,
Кыйнашып, шылдыңдашып уу — чуу түшүп.
Бардыгы өтөр-кетер кайрымы жок,
Багышым күчүң жыйна кайрат кылгын.
Барасың Ала Тооңо эңсеп күткөн,
Өз элиң казагыңа урмат кылгын.
Түрмөнүн кыйындыгы чыгат эстен,
Сабыр кыл, токтоолукту карма бекем.
Далай эр ыйлап күлүп өткөн экен.
Мен сени өз боорумдай жакын сезем.
Жүргүнүң айылыңа алып кетем...

Молдо Багыш:

Ырахмат бейилине казак боорум,
Көп болду мындай сыйды көргөн жокмун.

Казак менен кыргыз экөө бир тууган гой,
Эл жериң менен эсен-аман болгун.

Жамбыл менен Молдо Багыштын айтыш ырынын жазылыш тарыхы жөнүндө Манзура Базарова Амир кызы мындай деп эскерет: Баткен аймагындагы Кара-Бак айылында жашаган чоң атам Ражап уулу Базарбай сырдуу, мүнөзү оор адам эле. Ошол бир күнү чакырып алып “балам, сен мектепти орусча бүтүрдүң, Ленинградда окудуң. Наркы-беркини көп билип калдың. Бул илгери өткөн Молдо Багыш деген ырчынын жазганы экен, азыркы тамгага көчүрүп ал” деп араб тамгасында жазылып, эскирип калган кагаздагы ушул темасы жок айтыш ырды жаздырды эле.

ОСМОНКУЛДУН КАЛЫК ЫРЧЫ МЕНЕН КЕЗДЕШҮҮСҮ

Мен Калык ырчы менен кездешкенге чейин эч бир жерде ырдаган эмесмин. Кез-кезде гана кыз оюндарда курбуларымдын суроолору боюнча алардын көңүлүн кыйбай, корккономан кыйналып жатып, күйгөн ырлардан жана казакча өлөңдөрдөн ырдап берүүчүмүн. Себеби атамдын бир тууган агасы Сүйүнбай өтө каардуу киши болуучу. Биздин урууну ошол киши башкаруучу. Анын айтканын эч бирөөбүз орундатпай коючу эмеспиз. Менин кыз оюндардын биринде ырдаганымы угуп калып, чакыртып алып мындай дегени алиге эсимде. (Ал мени ит кубар деп чакыруучу) менин атак-даңкымды булгабагын, ырчылык дубананын иши, дубанача ак урбай, жөн оокатыңды кылгын. Экинчи сенин ырдаганыңды укпайын, уксам таарынба!..

Ошентип мен ырдабай калдым. 1918-жылы май айында гана менин келечектеги бактылуу өмүрүмдүн даңгыр жолу ачылды. Буга өзгөчө Калык себеп болду.

Мен Пишпекте жүрсөм, жолдошум Аман биздин айылга Калык келгендигин айтты. Барып жолугуп, талантымды сындатып көрөйүн деген ой менен чапкан бойдон шаардан чыктым.

Айылга барсам, Беке аксакалдын үйүнүн ичи-тышына эл батпай кетиптир. Төрдө узун бойлуу, жашы кырктарга жакындап калган кара сур киши «Курманбекти» ырдап отуруптур. Бир аз убакыт өткөндөн кийин эле «Курманбектин» аягына чыкты. Мен учурашайын дегенче болбой, улантыңыз Каке дешип эл жаалап жиберди, Какем комузун толгоп кайра баштады.

Саяктан келдим солтого,
Сарбагыш, тынай ортоңо.
Төө баштап тогуз ат берген,
Түпкү атаңар колкого.
Бөлөнткөн далай ырчыны,
Атилес шайы торкого.
Урматтуу калкым кулак сал,
Уругум болот саяктан.
Учурашып кеткени,
Умтулуп келдим Кабактан,
Улама болом ырлардын,
Уругун сээп тараткан.
Томуктай кезде Токомдон,
Таткамын ырдын ширесин.
Таап айткан ырчынын,
Татыктуу ырдын жүйөөсүн.
Тобунда элдин бата алып,
Токомо жаккан мүнөзүм.
Томуктай кезден ээрчитип,

Тай чагымда телчитип,
Токтогул мүлкүн үйрөткөн.
Тазасы ырдын мына деп,
Тартынбай алга чура деп,
Талпынтып канат күүлөткөн.
Силерден далай ырчы өткөн,
Айтса черди тараткан.
Калмырза, Балык, Жаманкул,
Тамшантып элди караткан
Күн батып нечен таң аткан,
Балык ооз айтса Манастан.
Ошолордой ыр тапкан,
Ырчынын бири, мен болом.
Он үчкө жаңы чыкканда,
Ыр кесибин жолдогон.
Артыкча мага баа берип,
Акын Током колдогон.
Канаты чалгын ак куштай,
Калык ырчы талпынсын.
Көпчүлүк каалап турган соң.
Көңүлүн мага бурган соң
Көөдөндөгү ырларын,
Каяктан акын жашырсын.
Башынан бери жөн билген,
Баркымды билер калкымсың,
Берекелүү колуңар,
Байлыгы ташкан алтынсың.
Бали деп урмат кылган соң.
Баш буруп неге тартынсын.
Ченебей ырды силерге,
Чарчабай айтып берейин.
Чалкыган кыял менде бар,
Чаалыктым элим дебейин.

Чаң калтырып артыма,
Чапкан аттай жөнөйүн.

Какем көпкө чейин ырдады. Менин эсимде калганы ушулар.

Бөкө аксакал мени көрө коюп, кубанып кетти. Ордунан тура калып: Кел, Осмонкул, Калык ырчы менен учурашкын. Казанаңдын оозун ачкын, качанкыга чейин эле катып жүрмөк элең, элден бата алгын. Калык ырчыдан сабак, таалим ал, Сүйүнбай ажыга жоопту мен берем, — деп өзүнүн ордуна мени отургузуп, өзү ылдыйраак барып отурду.

Мен аябай шашып калдым. Сүйүнбайдан коркконуман жана Какемен сүрдөгөнүмөн эмне айтаарымды билбей тердеп кеттим. Менин кыйын абалда калганымды сезе коюп Сүкөм: Ырда ит кубар, тартынбагын, Калык деле сендей болгондур — деп үнүн катуу чыгарды. Мен домбурамды кыңкылдатып ырдай баштадым.

Айылга Калык келди деп,
Амандан уктум кабарды.
Атайы чаап мен келдим,
Атактуу ырчы аманбы,
Арзып жүргөн агама,
Ардактап берем саламды.
Жакшыбы Каке ардагым,
Жалпы элиң мал жаның,
Жаркылдап эсен жүрөбү,
Жактырып сүйүп алганың
Жүрөбү эсен кырсыктан,
Жаныңдай көргөн балдарың.
Жайымды айтып берейин,
Жашырбай Каке өзүңдөн.
Агам ажы Сүйүнбай,
Ажыратты сөзүмдөн.
Акын болуп чыксам да,

Алкынып бала кезимден.
Жалтак болгон себебим,
Жарыкка чыкпай жабыктым.
Жаш кезимден сүздүрүп,
Жазыксыз отко чалдыктым.
Жалпы элге ачык ырдабай,
Жакынымдан айбыктым.
Аргымак тандап минбедим,
Асылды тандап кийбедим.
Аргымак оозун чойдуруп,
Аралап топто жүрбөдүм.
Агамдын тартып азабын,
Аргасыз кыйын күндөмүн.
Курдаштар менен бир жүрүп,
Кыз оюнга үлгүрүп,
Каткырып ойноп күлбөдүм.
Кыйнаган сырды чече албай,
Көздөгөн ойго жете албай,
Кутулар жолду билбедим.
Катып койбой айтайын,
Капталга камчы тийгенден,
Кыз оюнга ырдасам,
Курдаштар менен жыргасам,
Каралдым деп аябай,
Канкордой агам сүйлөнгөн.
Уксаң Каке чындыгын,
Ушундай менин абалым.
Уурудан бетер көп тарттым,
Улуулук жагын агамдын.
Уулантмак болду душмандай,
Убалын сезбей баланын,
Калк чогулган жыйынга,
Кез-кезде качып барамын.

Комуз чертип ыр ырдап,
Көңүл ачып аламын.
Кокустан көрсө абакем,
Коркомун барбай каламын.
Кайгыда жүргөн иниңдин,
Кабагын Каке ачып кет,
Күч көрсөткөн агамдын,
Каарын толук басып кет.
Кадимкиңдей жорголоп,
Калкыңа нуска чачып кет.
Эч болбосо көрсөмчү
Эли жерин солтонун,
Эки эли тилди жанууга
Эп табалбай коркомун.
Эпке келтир агамды
Эриксиз кыйын шордомун.

Мен токтоор замат Какем ырдады:

Санаага терең чөмүлгөн,
Сары оору болгон баланын.
Санжаптап айткан баятан
Саламын алик аламын.
Садага иним сөзүңө,
Солкулдап кетип барамын.
Кападар болуп турамын,
Калк жөнүн билген ажыга,
Кандуу камчы батырган,
Каракчыдай жаныңа,
Кызыл камчы кишиби?
Кол салган өз канына
Каардуу болгон жарайбы,
Карабай киши алына.

Карынбайдай эместир
Кур чиренген малына.
Кол салабы уулуна,
Калк тааныган карыя.
Келечекти ойлонгун,
Карабай күндүк наамыңа,
Кайрадан дагы эскертем,
Кетпегин эски шарыңа,
Каматып коюп жүрбөсүн,
Кедейлер сени жабыла,
Бер уруксаат ырдасын,
Балаңдай болгон балаңа,
Бытырап бөөдө кетпесин,
Бар өнөрү талаага.
Баарыбызга тең заман,
Баркыңа азыр караба.

Ырас сөз, уруксаат бериңиз ажы — деп отургандар чурулдап жиберишти. Ажы макул дегендей башын ийкеп, жерди тиктеп калды. Какем кайра баштады.

Алтындай сөздөн баштоого,
Азыр иним жашсың да,
Айбыкпай иним ырдап жүр,
Ага-иниңдин астында.
Аралап топко барбашың,
А дале сенин бактың да.
Ырас акын экенсиң.
Ындыныңды бас кылба,
Ырдатпай мени койду деп,
Ырыскыңды тарттырба.
Ынагын сүйлөп сөздөрдүн,
Ырчыларга бастырба.
Тууганың каршы болгонго,
Түшүнбөй терең койгонго,

Таптакыр иним жат болбо.
Турмушта кимдер жаңылбайт,
Турмушта тууган табылбайт.
Тууганыңа кас болбо.
Кең заман келди кедейге,
Келечегиң астында,
Кеңири жолго бет алып,
Көңүлдүү алга баскын да.
Күндөн күнгө күч алып,
Кирген суудай ташкында.
Ырдап жүргөн экенсиң
Эл ичинде жаңыдан,
Элпек болуп бата алгын,
Эл эскирткен карыдан.
Элге кенен таанылмак,
Эр жигиттин багынан.
Акындар биздей көп өткөн,
Ак калпак кыргыз сабынан.
Он үч жашка чыкканда,
Акындык мени даарыган.
Отузга жашым жеткенде,
Ордолуу кыргыз тааныган.
Алыскы жолго чыга элек,
Азыр жорго кунансың,
Аман болсоң бой жетип,
Асыйга иним чыгарсың.
Аралап топтуп ичинде,
Аркаман ырдап турарсың.
Кенен болсо арымың,
Күндө үлпөт курарсың.
Кулпунуп топко ырдай бер,
Курдаган элиң кубансын.
Кунандар чыкса өзүңдөй,

Койнума батпайт кубанчым.
Узун болсо өмүрүң,
Урматтуу кызмат кыларсың.
Жакшы ырдасаң көп элден,
«Жаша!» деп алкыш угарсың,
Ыргалып бойго жеткенде,
Ырчыларды сынарсың.
Азый чыксаң толорсуң,
Ардактуу акын болорсуң.
Жүрө-жүрө өзүңдүн,
Жол жоргоңду оңорсуң.
Жалтаң боло көрбөгүн,
Жаңы келген сонорсуң.
Күч киргенде күчөрсүң,
Күлкүнүн курсун бүтөрсүң.
Жөнүн тапсаң жадабай,
Жүрүшүңдү түзөөрсүң.
Алыскы жолдо сыналып,
Айтышка нечен түшөрсүң.
Жаңы заман доорунда,
Жазгы гүлдөй жайнарсың,
Жаш карынын алдында,
Жаш булбулдай сайрарсың,
Жатык болсоң Осмонкул,
Жалпынын көөнүн жайларсың.
Айлыңа келдим атайы,
Алыскы жерден бөбөгүм.
Алып калгын аябайм,
Агаңдын нуска өнөрүн.
Агаңдай мени сыйласаң,
Ардагымдай көрөмүн.
Бошоңдук иним кылбасаң,
Болорсуң менин жөлөгүм.

Жаңылбай терең ырдасаң,
Жүрөгүм сууруп беремин.
Ырысың тоодой бул күндө,
Ырыңды ичке катпагын.
Күүлөнгүн деп сураса,
Кежирден бетер качпагын.
Артыңдан бирөө куугандай,
Аптыкпа иним шашпагын.
Эмне кылсаң оң болот,
Өсчү бала жаш чагың,
Эмгектенип талыкпай,
Эл милдетин актагын.
Калың эл каалап турушат,
Кезекти берем баштагын.

Бул учурда менин сүрдөгөнүм басылып, терим кургап калган эле. Кезекти мага бергенде кайрадан жүрөгүм туйлап, бүткөн боюм ысып, калтырак басты. Сыр билгизмемиш болуп, домбурамды нечен жолу бурап-бурап алып ырдап жибердим:

Атайы кезек берген соң,
Айтпай карап турбайын,
Ачыла элек ырчы элем,
Айбыксам да ырдайын.
Сары алтын Каке бүгүн мен,
Сөзүңдү эки кылбайын.
Каалабаса жүрөгүм,
Каяктан сизди курдайын.
Кубат кошор сен турсаң,
Көңүлдү неге бурбайын.
Катарында бир жүрүп,
Кубанып ойноп жыргайын.
Көөдөнгө каткан сөзүмдү,
Көпчүлүк турса жактырып,
Канатымды күүлөйүн,

Калкымдын көөнүн шат кылып
Кадимки сиздей сүйлөйүн,
Калың эл калсын каткырып.
Сайрандап ойноп турган кез,
Салтанат нуру чачырап.
Телмирип жүргөн бир кезде
Теңдикке жетти батырак.
Бай-манапты кууга,
Бел байлады шатырап.
Падыша тайды багынан,
Падыша түштү тагынан.
Ажырап жатат бай манап,
Азар түмөн малынан.
Манаптар бүгүн корккон кез,
Малы түгүл жанынан,
Бардык кедей кутулду,
Бай-манаптын каарынан.
Бороондон суук сезилген,
Байбиченин заарынан.
Баштагы кедей биздерди,
Бүгүн байлар тааныган.
Батырак кедей баласы,
Бардыгына шайланды.
Буулуккан көңүл ачылып,
Бактыга жетип шаңданды.•.
Бакырып камчы үйүргөн,
Байлардын тили байланды.
Бай манаптар шашылды,
Байга кедей асылды.
Батырак келип калат деп,
Байлар коркуп жашынды.
Коркконунан жакшы атын,
Кудасына качырды.

Кудасы жок кургур бай,
Кокту жерге жашырды.
Арык деп албай койсун деп,
Ачка байлап катырды.
Айласы кетип кээ бирөө,
Партияга жазылды.
Большевиктер үйрөттү,
Батыракка акылды,
Кубантты көөнүн оорутпай,
Колунда жок жакырды.
Кошулгула бизге деп,
Кедей топко чакырды.
Ушундай күнгө туш келдик,
Узагын берсин өмүрдүн,
Кеңештин оту жанганда,
Кубанчым батпай семирдим.
Койнума толуп ырыскы
Күүлөнгөн аттай элирдим.
Эсен болсо алтын баш,
Эл менен бирге жашармын.
Эркин куштай күүлөнүп,
Эл көңүлүн ачармын.
Кызматым сиңсе элиме,
Кызыкка нечен батармын.
Толук берсең нускаңды,
Топко сайрап турармын.
Толгон аттын ичинен,
Теминип алга чыгармын.
Талант ачаар мекенге,
Талыкпай кызмат кылармын.
Санатын, түзүк үйрөнсөм,
Сан элге ырдап берермин.
Саламат болсом кырсыктан,

Сапатын ырдын терермин.
Урматтап Каке өзүңдү,
Устатым деп жүрөрмүн.

Мен токтоор менен **Какем ырдады**:

Келдим эле Осмонкул,
Кең Чүй ата жериңе,
Келген киши жай тапкан,
Кенен солто элиңе
Ырчы болот экенсиң,
Ыраазы болдум кебиңе,
Келиштирип ырдадың,
Курчаган курбу теңиңе,
Кыйыштырып кынадың,
Керектүү кепти эбине.
Жагалданып куюлтуп,
Жеткиздиң ойдун чегине,
Аянбай ырда айтаарым,
Алты уруу кыргыз калкыңа.
Ардагым менин эл десең,
Ар адам жетет баркыңа.
Алыска сапар чексең да,
Атагың жүрөт айтыла.
Жай билип көңүл оорутпай,
Жылдыздай жайнап жаркыра.
Жазгы желдей тынчыбай.
Жыпар чачып аркыра,
Жаңы кирген Чүйүңдөй,
Жалтанбай төгүп шаркыра.
Узагын сүрүп өмүрдүн,
Улууларды сыйлап өт.
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Урматын көрүп жыргап өт.

Айнектей көзүң жумганча,
Алтындай элди ырдап өт.

КЫРГЫЗСТАНДЫН 30 ЖЫЛДЫГЫНДАГЫ АЙТЫШ

Осмонкул
Алымкул, айтчы угайын.
Ашыкпай жакшы кебиңди.
Агаңмын жайын сурайын,
Ала-Тоо аттуу жериңди.
Каадасын айтып бул жолу,
Карыдым, жазчы черимди.
Кебиңди бүгүн укмакка,
Кенен салдым пейлимди.

Алымкул
Агалык кылып жол баштап,
Айттың азыр кебиңди.
Аралап жүрүп сурайсың,
Алтын куш минген элиңди.
Аскасы булут оронгон,
Адыры сайма жериңди.
Билбесең айтып берейин,
Бүгүнкү өскөн белгини.
Жаңылыктар көбөйдү,
Жакшылап байкап көрдүңбү.
Жалкоо элең Осоке,
Же ара жолдон кайрылып,
Менден сураганы келдиңби?

Осмонкул
Карылыгым билинбейт,
Көңүлдөн назик ыр чыкса,
Кайрадан барам жашарып,
Карасам терең турмушка,
Эми толкутуп элди чакырып,
Той болот бекен кыргызга?
Төрт эли жакын төбөбүз,
Тийгени турат жылдызга.
Жанына барып көрөбүз,
Жоргону жолго жылжытса.

Алымкул
Эртеден бери Осокем,
Тойдун жайын сурады,
Эл алдында чыныңды айт,
Эт жегиң келип турабы?
Андан көрө сурасаң,
Кыргыздын өскөн убагы.
Театр бүтүп жаңыдан
Көргөн адам кубанды.
Фабрик, завод көбөйүп,
Көркөмдүү үйлөр кеңейип,
Көчөгө көчө уланды,
Сурай бергин Осоке,
Дагы оюңда калган мудааңды.

Осмонкул.
25 жылдык чоң тойдо,
Айтыштык эле акындар,
Оодарыш, күрөш, ат чабыш,

Ойноду нечен баатырлар.
Пахтачы, малчы достордон
Сурoого сенден акым бар.
Алтындан жылдыз тагынган,
Кыргызда нече баатыр бар?

Осмонкул
Ооба, сурoого сенин акың бар,
Көбөйдү биздин баатырлар,
Кызылча, пахта жагынан.
Анаровдой ишмер бар,
Экиден жылдыз тагынган.
Кайназарова Зууракан,
Эмгеги элге таанылган.
Досбергенов, Кулманов,
Жибектей арбын жүн алып,
Мындай мыктылар чыкты малчыдан.
Тоонун боорун сүргүлөп
Алтымыштай атактуу,
Балбандар чыкты шахтадан.
Дагы эмнени сурайсың,
Даярдап тур артынан.

Алымкул
Илгертен бери жолдошсуң,
Өмүрдү бирге тилешкен.
Айтышсак бирге айтышып,
Ат минсек бирге «чү» дешкен.
Карыдым деп мен дагы,
Кача койбойм беттешсең.
Кашаңдык кылып чегинбей,
Кайнап чыккан эмгектен.

Кана эмесе айтып бер,
Элимдин билими кандай өстү экен?

Алымкул
Кыргызда сонун жаңылык
Академия ачылып,
Ичинде иштеп такшалган,
Илгери карай умтулуп,
Илимдүү чыкты жаштардан,
Жаңынын сырын ачышкан
Жаңыны издеп жатышкан.
Уул, кыз окуп билимдүү
Өз өлкөсүн башкарган.
Калк жөнүн билбей калыпсың,
Качан келдиң Кашкардан?

Осмонкул
Алдыңда турган агаңды,
Анчалык шыкап шаштырба.
Айта бергин сурасам,
Алымкул, менден жашсың да,
Колхоз, совхоз барында,
Көбөйгөндүр машина,
Билгим келет чынында,
Кайсыл область астыда,
Айыл чарба өскөнүн,
Аралап көрөм жазында.
Дагы кандай өсүш бар?
Маданият жагында?

Алымкул
Аралап көрсөң жазында,
Өз айлыңды билбейсиң,

Машиналар көбөйдү,
Азыркы колхоз айлында.
Жаштарынын баарысы,
Кечинде клубда бийлеп ырдаган,
Барлык эли кат тааныйт,
Билими өскөн кыйладан,
Колхоз, совхоз бул күндө
Эскиликти айдаган.
Максат болуп жаркырап,
Маданият жайнаган.
Дагы кандай кебиң бар,
Осоке, сурап көрчү кайрадан,

Осмонкул
Орду менен сөз айтып,
Эң, эле көптү табасың.
Кызып-кызып келгенде,
Кызыл тилди чабасың.
Кыюусун таап кезинде,
Кытыгылап каласың.
Айта бер сулуу ырыңды,
Айтканың көпкө тарасын,
Аралап көрүп жүрөсүң,
Ак калпак кыргыз арасын.
Врачтар канча өстү экен,
Айтып көрчү негиздеп,
Укканда кумар тарасын,

Алымкул
Врачтарды айткын деп,
Дагы менден сурады
Өзүнөн врач көбөйүп,
Кыргыздын өскөн убагы,

Ахунбаевдей доктор бар,
Айтууга сыймык бу дагы.
Артынан жаштар жетилип,
Ардактап жолун улады.
Өнөрдүү уул, кыздарын,
Өскөн эл көрүп кубанды.
Айыптап ырдай тургансып,
Осоке, ачууң келип турабы?

Осмонкул
Катуураак тийдиби,
Качырышым, беттешим?
Каруу салып сынашсаң,
Кантип алым жетпесин,
Эми элде калсын айтканым,
Эмгегим текке кетпесин.
Анаровдой пахтачы,
Алматайдай чабан кыз,
Алар да мени эстесин.
Зуураканды ырдасам,
Кантип үнүм жетпесин.

Алымкул
Бара-бара байкасам,
Орой болуп алыпсың,
Оозуңдагы сөзүңдү,
Он кайталап калыпсың.
Айталбадың толуктап,
Көргөнүңдүн баарысын.
«Орто-Токой» көлү бар,
Карасаң Чүйдүн далысын,
Кылымдан кылым жомоктоп,
Кыргызды дүйнө таанысын.

Туура эмеско ойлосоң,
Турмуштан артта калышың

Осмонкул
Кочкор жакка бет алып,
Далай жолу баргамын,
Кел болду дейт аккан суу,
Ырас байкоо салбадым.
Анча-мынча кемчилди,
Моюнума аламын.
Көрүп жатам шаарымдын
Көкөлөп турган тамдарын.
Кокус ката кетирдим,
Мындан кийин жаңылбайм,
Колуңду мына кармадым.

Алымкул
Түшүндүңбү Осоке,
Кимибизде тууралык,
Кандай өсүш болсо да,
Кабарлашып туралык.
Кандай дешет бул ишти,
Көпчүлүктөн угалык.
Отуз жылдык бул тойдо,
Оюн, куруп ырдадык.
Эркиндик шайыр заманда,
Жашасын Коммунисттик партия
Эпкиндүү эл дууладык.

ОСМОНКУЛ, КАЛЫК, АЛЫМКУЛ, ТОКТОНААЛЫ ЖАНА ЫСМАЙЫЛ

Куттуктоо

Кыргызстандын 25 жылдыгына карата, кыргыз элинин беш акыны бир тууган республикалардан келген коноктору тоскондо айтышкан ырлары:

Калык:
Кылымдар бою аркайып,
Кар кетпеген башынан.
Абасы таза, жери бай,
Агын суулар ташыган,
Кайраттанып иштесе,
Карысы калбай жашынан.
Берекелүү Ала-Тоо,
Жергемден салам айтамын.

Осмонкул:
Туруктуу акыл чыдамкай,
Душмандан коркуп качпаган,
Лениндин туусун бек кармап,
Бизге, бет алсак душман батпаган.
Улуу орус баатыр эл,
Бооорлош тууган жакын эл,
Эрлерге салам айтамын.

Алымкул:
Пахтасы тоодой үйүлгөн,
Байлыгы көпкө билинген.
Кызыл гүлдөй жайнатып,
Кыздары жибек кийинген,

Кубарып оңбос, жоголбос,
Бизге, Лениндин туусу илинген.
Тажик, казак, өзбек,
Элдерге салам айтамын

Токтонаалы:
Канал казып чыгарган,
Какшыган чөлдү сугарган.
Толкуган көлдөй нефтиси,
Көргөндүн көөнү кубанган.
Азербайжан, Түркмөн,
Аймагы совет бириккен.
Лениндин кармап чоң жолун,
Жүргөнгө салам айтамын.

Ысмайыл:
Эркиндик туусун алышкан,
Эмгектин жолун табышкан.
Бир тилекте турушкан,
Бирдикте моюн сунушкан.
Азабы катуу күндөрдөн,
Айсыз кара түндөрдөн.
Азаттыкка чыгышкан,
Батыш менен чыгыштан,
Келгенге салам айтамын.

Калык:
Кече батыштан согуш чыкканда,
Баатыр элим барды эле.
Бүлүнтөм деп келгенди,
Биздин, бирдиктүү эл алды эле.

Осмонкул:
Советтик шаңдуу армия,
Берлинге чейин барды эле.
Туткунда жаткан элдерди,
Биздин, туйгундар барып бошотту.
Марксизм бул турмуш,
Жеңүүчү күч бар эле.

Алымкул:
Жеңе жүргөн чын турмуш,
Жетилет, өскөн бул кыргыз.
Бекилген кендер ачылды,
Береке нуру чачылды
Ильичтин шамы жанды эле.

Токтонаалы:
Өлкөнүн көркү ачылды,
Өмүрлүк тарых жазылды.
Атактуу кыргыз элимдин,
Ааламга даңкы айтылды.
Ар бир республика,
Тизгинин колго алды эле.

Ысмайыл:
Маркс, менен Энгельс,
Таалайыбызга тапкан жол.
Ленин менен партия,
Ырыска арнап чапкан жол.
Таалайыма кубанам,
Мындай жыргал бар беле?

БААРЫ:
Калык:
Өз колуң менен өстүрдүң,
Өлкөнүн уул-кыздарын.

Осмонкул:
Толкунун көлдөй толкутуп,
Той берди Кыргызстаным,
Алымкул:
Баатыр элим багынтат,
Басып келген душманын.

Токтонаалы:
Партиянын кубаты,
Барчындай көккө учканым.

ОСМОНКУЛ МЕНЕН АЛЫМКУЛ

Ленин күнү

Осмонкул:
Улуу Ленин айтканы
Унутулбас белги деп,
Кылымдар эстеп унутпай,
Кызматыңды эл билет.
Өсүштү уул-кыздарың,
Сиздин өткөн жашты белгилеп.

Алымкул:
Эркиндик күнгө ээ кылган,
Эмгекчи дыйкан элимди,
Көркүн ачып гүлдөткөн,
Береке менен жеримди,
Урматтап элим унутпайт,
Улуу атам Лениндi.

Осмонкул:
Айылда да, сыртта да,
Арабызда жүрөсүң.
Алып калган партия,
Асылдын үлгү мүнөзүн.
Элестеп калкың унутпайт,
Эл үчүн ачкан күрөшүн.

Алымкул:
Туюкту бузуп жол салып,
Жиреп чыккан Ленин.
Душмандын туусун кулатып,
Тиреп чыккан Ленин.
Жанчылган элди жарыкка,
Сүрөп чыккан Ленин.

Осмонкул:
Келечекке ээрчитип,
Кенен жол салган Ленин.
Кедейлерге эрк берип,
Душмандын алган жүрөгүн,
Дүйнөнүн бүткүл жүзүнө,
Өндүргөн тынчтык үрөнүн.

Алымкул:
Жаштарын сылап маңдайдан,
Билим берген Ленин,
Ата болуп жетимге,
Кийим берген Ленин.
Элиме батпас бактынын
Күнүн берген Ленин.

Осмонкул:
Ленин курган улуу иш,
Партия дайым улаган
Баш коштуруп дүйнө элин,
Достуктун ишин чыңаган,
Ленин тирүү биз менен,
Кубанып айтат ар бир жан.

Алымкул:
Ленин ата биз менен,
Кубанып айтат ар бир жан
Караңыны жолотпос,
Ленинизм жанган шам.
Лениче элди алдыга,
Ээрчитип барат партиям!

ОСМОНКУЛ МЕНЕН АЛЫМКУЛ

Совхоздор жөнүндө

Осмонкул:
Кыргыздагы совхоздон,
Кыйла киши жыйылды.
Айта турган акынга,
Алты ооз сөз кыйынбы?
Унутпаймын көпчүлүк,
Урматтаган сыйыңды.
Кол алышып баш кошуп,
Кеңешер жыл быйылкы.
Менден көрө кичүүсүн,
Куттуктап кой, Алымкул,
Кубанычтуу жыйынды.

Алымкул:
Эсепте бир миң тогуз жүз,
Элүү экинчи жылында.
Айын эсеп алганда,
Бүгүн февралга жыйырма.
Осмонкул менен Алымкул,
Ойноп берип кетели
Олтурган калың жыйынга.
Ырыстуу элим тынчтыктын,
Жашасын компартия нурунда.
Ажырабас достук элимде,
Акыйкат теңдик чынында.
Жашайбыз элим түбөлүк
Кылымдан жарык кылымга.

Алдында айтты Осокем,
Алымкул айтсын калганын.
Ардактуу биздин кыргызда,
Азыркы жыргал турмушта.
Жыйырма алты совхоздун
Жыйнаган экен барлыгын.
Ээси келген өңдөнөт,
Өстүрүүчү чарбанын.
Ала келген өңдөнөт,
Осоке, малчыдан баатыр балбанын,
Эмгекчи дыйкан эл келдиң,
Эсенби курбум мал жанын,
Уруксат сизге Осоке,
Узата бергин ар жагын.

Осмонкул:
Элүү биринчи жылында,
Жыйырма алты совхоз планы,
Ашыгы менен толуптур.
Ошончо совхоз ичинен,
Ильич алды болуптур.
Эң, алдыңкы малчыбыз,
Жүз бээден алса жүз кулун,
Баатыр деп атак коюптур.
Саанчысы ашырып,
Беш миң литр сүт алып,
Эпкиндүү атка конуптур.
Ильич совхоз өрнөгү,
Артык экен кыйладан.
Төрт түлүктүү малдардан,
Өлүмгө бир баш кыйбаган.
Кыйбаганы кышында,

Жем-чөбүн арбын жыйнаган.
Кызматы жагып элине,
Директору сыйлаган.
Үч жүз тубар уйлары,
Электр менен саалыптыр.
Бул совхоздун байлыгы,
Түгөнбөгөн тарыхтыр.
Ошон үчүн директор,
Премия алыптыр.
Жыйырма адам совхоздон,
Көрсөтмөгө барууга,
Даярданып калыптыр.
Ильич совхоз Кеминде,
Айтылуу Ак-Түз кенинде.
Баш аягы керилген,
Чүй суусунун жээгинде.
Ушуга теңдеш Алымкул,
Кайсы созхоз болду экен
Айтып бер кыргыз элинде.

Алымкул:
Ильич совхоз жакшы деп,
Илгери алга сүрөдүң,
Ишиңин баары сонун деп,
Айтып өттүң түгөлүн.
Атагы чыккан совхоздун,
Мен да айтайынчы бирөөн.
Алымкул билбей калгансып,
Осоке, алдырбасын жүрөгүң.
СССРда депутат,
Сыйып турат өкүмөт,
Директору совхоздун,

Стрельникова деген аял бар.
Аламүдүн совхоздо,
Асыл тукум зоот мал.
Атын айтсам малынын,
Ала-Тоо аттуу уйлар бар.
Уй баккан даңктуу малчысы,
Аман баккан кышы-жай,
Ак ниеттүү малчынын,
Кызматы болот ушундай.
Алды менен кутулган,
Ар бир жылда пландан.
Аман сактайт малдарын,
Оору кырсык ылаңдан,
Алдыңкылар даңкталып,
Артык баалуу сый алган.

Осмонкул:
Көк-Мойнок совхоз койлору,
Күнгөйдө кулжа өңдөнөт.
Ак куу моюн, тоодак төш,
Аппак каздай түрдөнөт.
Ар бир койдон жыл сайын,
Беш килодон жүн берет.
Алты жүз койдоң сегиз жүз,
Козуну сактап ким берет?
Чакалай болгон койлорун,
Дарылап баарын эмдеди.
Чыгаша болбой тубары,
Аман-эсен төлдөдү.
Алдыңкы ишмер адамдын,
Унутулбайт эмгеги.
Малчылары эпкиндүү,

Мал багууга мелдешет.
Ишин туура жүргүзүп,
Эмгегин элге көрсөтөт.
Ылаңы жок коюнун,
Мал чоку салкын төрдө өсөт.
Убагы менен жуушатып,
Кырсыксыз тегиз төлдөтөт
Айтып көрчү Алымкул,
Көк-Мойнокко ылайык,
Кайсы совхоз теңдешет.

Алымкул:
Көк-Мойнок совхоз мыкты деп,
Осоке көтөрүлө бербегин.
Көргөнүңүз жок беле,
Кең Таластын жерлерин.
Жоон-Дөбө совхоз бар,
Мен айтайын жөн-жөнүн.
Баяндап айтам, угуп тур,
Башкарган малчы элдерин.
Жашырып коюш жакшы эмес,
Бирөөнүн кылган эмгегин.
Ударник кыйын чабаны,
Угулду бизге кабары.
Баккан коюн көбөйтүп,
Киреше арбын кошо алган.
Үч жүз элүү коюнан,
Төрт жүз жетмиш козу алган.
Мал чарбанын устасы,
Малдын жайын биле алган.
Ар бир коюн кыркканда,

Төрт жарым кило жүн алган.
Баккан малын өстүрүп,
Алты жүз жетмиш козу алган.
Беш жүз токсон коюнан,
Дагынкысы дагы бар,
Алардын кызмат эмгеги,
Ушуларга катар бар,
Малдын жөнүн билгенден,
Колундагы жүз койдон,
Ар бир койдон кыркканда,
Алты кило жүн берген.
Бардыгын толук айтыңыз,
Осоке бүгүн жайыңды.
Көк-Мойнок менен Ильичтей,
Калган совхоздоруңдун,
Баарынын иши дайынбы?
Эгин жактан эң төмөн,
Бир совхозуң Кайыңды.
Аралап бир күн көрүп кел,
Ушундай артта калган айылды
Кабар ал бир күн Осоке,
Калып калган элиңден.
Кайыңды совхоз артта экен,
Планы толбой эгинден.

Осмонкул:
Токтолуп иним тура тур,
Толгонуп мойнуң бура тур.
Артык эмес Алымкул,
Жоон-Дөбөң, Кочкордон.
Кыштын күнү жеринде,

Кыпындай кары жок болгон.
«Кочкор» совхоз дегендин,
Коюнун карды ток болгон.
Кыран кара күңгөйгө,
Кыркалай малы оттогон.
Жыйырма жыл багып көбөйтүп,
Кадимден сонун нускасы,
Мал чарбанын устасы,
Даңкы угулуп бир кыздын,
Элге сиңди кызматы.
Бир жүз койдон жылына,
Бир жүз отуз козу алат.
Баалуу сыйдан тышкары,
Кошумча эмгек кошо алат.
Кой, Алымкул, мактанба,
Калпты айтып жатасың.
Аягына чыкканча,
Ашыгасың шашасың.
Аныгын айтып мен берсем,
Айтышпайм деп качасың.
Анчалык катуу күүлөнбө,
Арт жагыңды ойлогун.
Чын-чынынан айталык,
Чычалашпай ойногун,
Доктор болсоң, Алымкул,
Айыктырсаң болбойбу,
Таласта Көк-Сай совхоздун,
Чакалай болгон койлоруң.

Алымкул:
Кочкор совхоз мыкты деп,
Колтугуңду кербегин.

Алымкул таап албасын,
Осокемдин кем жерин
Бизде дагы совхоз бар,
Мен айтайын кең жерин.
«Оргочор» деген совхоз бар,
Ою-кыры куру эмес.
Ортосу толуп жаткан мал,
Беш жылдан бери койлорун
Чыгашасыз баккан бар.
Баатыр эне-атанын,
Алтындан медаль таккан бар,
Депутатка шайланып,
Кызматынан жаккан бар,
Тынаева Зууражан,
Он балага эмчек эмизген,
Баатыр эне-атанын,
Башынан иши келишкен.
Колунда бар береке,
Койлору тууп эгизден.
Аркардай топ-топ жайылып,
Койлору баспайт семизден.
Малдын кандай өсөрүн,
Анык билет Зууражан.
Нечен малчы үлгү алган,
Ак ниеттүү Зуурадан.
Ар бир койдон жибектей,
Үймөк-үймөк жүн алган.
Айтып өттүң толуктап,
Осоке, совхозуңдун баарысын.
Кайыңдыдай жашырып,
Катып бирин калбагын.
Дагы билбей калыпсыз,

Чалдывар артта калганын.
Башында турган малчысы,
Билбейби жөнүн чарбанын.
Кышында карта таштаптыр,
Кыйналтып арык малдарын.
Толуктап камдап албаптыр,
Тоюткор жем-чөп дандарын
Короосу жок кышында,
Кыйналыптыр малдары.
Алигиче оңдолбойт,
Трактор, соко, шайманы.
Оюнда жокко дагы да,
Жазында кошту айдаары.
Чалдыбарга бир барып,
Осоке, тийгизип кел жардамың.
Күзүндө камдап албаптыр,
Мал кирчү короо тамдарын.
Көпбай айып көрбөсүн,
Сага сынап айткан жардамым.

Осмонкул:
Ысык-Көлдүн боюнда,
Түп район оюнда,
Совхозум Сухой-Хребет,
Эгин жакка сонун да.
Жүз трактор жер айдайт,
Жайы-кышы колунда.
Абдан жакшы жумушу,
Алды менен бүтүргөн,
Төрт миң гектар жеринен,
Ар гектардан жыйырма беш,
Центнерлеп түшүргөн.

Жыл сайын ашык сүт берет,
Саандын жайын түшүнгөн.
Үч жүз киши зоотехник,
Окуусун окуп бүтүргөн.
Кой Алымкул ээликпе,
Биздин Чалдыварды кемитпе.
Чалдывар совхоз оңолор,
Арыктарын семиртсе,
Кыдырмак болдук Алымкул,
Кыргыздын кыйла жерлерин.
Көрө элек болсоң токтоп тур,
Көрсөтөйүн кем жерин.
Катта-Талдык совхоздун,
Мен айтайын жөн-жөнүн.
Чаалыктым деп айтпастан,
Чакалай койду эмдегин.
Мындан ары совхоздун,
Мал чарбасы коробой,
Чечекейдей сакталсын.
Мал чарбанын планын,
Ашыгы менен аткарсын
Өлкөгө берген убада,
Айткандай туура акталсын.

ОСМОНКУЛ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Жолчулар менен саламдашуу

Осмонкул:
Болот бургу алгандар,
Болоттой бек жол салгандар,
Кайраты тоону козгогон,
Каармандар — балбандар.
Калкыма айтам саламды!
Карындаштар, аяштар,
Жалпыңа айтам саламды!
Элди көрүп келсин деп,
Эрмек болуп берсин деп,
Ээрчитип келдим силерге,
Ысмайылдай баламды.
Агасын тарткан экен деп,
Аман жүрсө жетер деп
Айтып калсын өзүңдү,
Арбытып сүйлө сөзүңдү
Тай кунаны экен деп
Тарбиялап Осмонкул
Таптап жүргөн экен деп
Таанып калсын өзүңдү
Иним, таасындап сүйлө сөзүңдү.

Ысмайыл:
Көзүнүн оту жайнаган,
Көөдөнү таштай баатырлар,
Азаматтардан калбаган
Алп урушкан, чамдаган,

Ай чырайлуу жаркындар
Амандашып алайын
Замандаштар, курбалдар,
Сагынышкан туугандар,
Саламатпы агайын,
Керек болсо силерге,
Кебимди кантип айтпайын.
Устатым турса жанымда,
Унчукпаганым болбойт го.
Улуу-кичүү жолчулар
Уятсыз деп ойлойт го.
Теңтушуңдай теминбей
Ээрчитип келген баласы.
Эси жок экен дедирбей
Артыңда чукул турайын,
Алтындай сөзүң угайын.
Таасын күлүк турганда
Элим тай чапканың болобу?
Таңдайын ачса Осомдун,
Таруудан көп жомогу.
Жорго турса токулуу
Жортокту киши минеби?
Жолчулардын Осоке,
Өзүңдө турат тилеги.
Капчыгайдың жолдорун,
Калтырбай кошо айта кет,
Илгери кандай болгонун.

Осмонкул:
Каалап иним сурадың,
Капчыгайдын жолдорун.

Кишиден мурда бүткөн жер,
Ким билсин кандай болгонун.
Таштарына тил бүтсө,
Табар элек болжолун
Эске келди жашымда,
Ээн жол эле башында,
Капчыгайдын тарынан,
Калк кысылып абыдан,
Айдап малын өтө албай
Ары-бери көчө албай
Абыдан шору каткан жер.
Жүгү менен төө кулап,
Жүргүнчү жүдөп жаткан жер.
Тарпына жору үйүлүп,
Тамтыгы калбай сүйүнүп
Тамашага баткан жер.
Кызыл зоонун астынан,
Кыдырып далай эл өтчү.
Кылт этип күн жааганда
Кыян жүрүп сел өтчү
Кыйналган эл экинчи,
Кылчайбасмын деп өтчү,
Кыдырып бара жатканда,
Кырсык болуп капталда,
Кыз, күйөөнү көчкү алган,
Кылымдар бою ал жерге
«Кыз-Күйөө» деген сөз калган.
Көрчү бүгүн капчыгай,
Көп эле кыштак батчудай.
Кыз узатып, той берип,
Көкпөрү тартып жатчудай.

Ысмайыл:
Көргөндөрдөн сурасам,
Көңүлдүн отун козгодуң,
Көз чаптырып дүйнөгө,
Көп алыс кеттиң окшодуң.
Кара зоолуу капчыгай
Кай кимдерден калбаган.
Эчен кылым катмарлап,
Эл өттү биздей сандаган,
Социализм доорунда,
Заңкайган үйлөр боорунда
Сар жылдыз толду жайнаган,
Көтөрүлүп асманга
Көк-Мойноктон чаң чыгат,
Экскаватор утуру
Илгерилеп алкынат.
Тургузбайт бизди дегенсип,
Туура тоолор калтырап.
Башында ак кар ойногон,
Бадалын түлкү жойлогон,
Ай жашынган асканы
Ала-Тоонун жаштары
Алып ойго таштады,
Күн көрүнбөй боз түшүп,
Күркүрөп учту таштары.
Туман чалган аскарда
Тунуусун бүркүп асманга,
Тулпары келди замандын
Жыл өткөн сайын-арыштап,
Жыргалын сүрөйт адамдын.
Бетинде кызыл жылдыз бар

Тынчтыгын сүйөт ааламдын.
Карга айланган жондогу
Коммунизмдин жолдору.
Таалайлуу жаштар минишсин,
Такасы чоюн жоргону.

Осмонкул:
Байыркы доор жөнөдү,
Баткан күндөй карарып
Көргөн кордук, өткөн күн,
Көңүлдө калды саналып.
Эңсеген тилек табылды,
Эл, жерибиз жаңырды.
Океандар, асмандар,
Өнөрүбүзгө багынды.
Чагылгандай тез өсүп,
Чакырды заман барыңды.
Козголбой жаткан капчыгай
Кол менен кайра жаралды.
Куттуу болсун жаңы жол
Кубанып айтам саламды.
Текир жолго келген деп
Тердегенче ырдап берген деп
Тетиги таштын бетине
Жазып кет балдар, агаңды.
Көзүн ачкан адамдын
Көсөмү бар ааламдын
Көрөсүң жаштар далайды,
Тагдырга айла табылып,
Табийгат элге багынып,
Жолун-табар өлбөстүн
Көөнөрүп кетип баратам,

Көпчүлүгүң көрбөсмүн.
Тартынбай иним, ырдагын,
Татыктуу чыкты ырларың.
Тайынан чыккан кунаным,
Таасын болчу убагың.
Көк-Мойнокто атайы,
Көпчүлүк менен сынадым.
Чылбырыңдан чойдуруп
Чым этер эмес кулагың,
Капчыгайды сүрөттөп
Калган сөздү улагын.
Калың жыйын эл турат
Кандырып кеткин кулагын.

Ысмайыл:
Калкың укту миңдеген,
Казаналуу тил менен
Капчыгайды ырдадың.
Калтырбай айттың сырларын,
Эми бир ооз айтайын,
Элдин күткөн жыргалын.
Батыш-чыгыш бардык эл
Байланышат деп салдык.
Баалуу кымбат жүк тартып
Айланышат деп салдык.
Индостандын элдери
Ыраазы болуп келгени
Ысык-Көлдү жээктеп,
Бойлоп өтсүн деп салдык.
Ыраатын көрүп кыргыздын
Ойноп өтсүн деп салдык.
Ракматын ичинен,

Ойлоп өтсүн деп салдык.
Батыштын сансыз элдери,
Бали десин келгени.
Кызыл зоонун боорона,
Кынап жатып бек салдык.
Кыз-келини ырдашып,
Кыйкырышып жыргашып,
Кынай өтсүн деп салдык.
Жеткинчектерге, балдарга
Белек болот деп салдык.
Жер шарындай элдерге
Керек болот деп салдык,
Айтып жаткан сөздөрүң
Алтындан бекем сакталат,
Адабият өзүндөй
Акыны менен мактанат.
Осмонкул келип конгон деп
Оюн-күлкү болгон деп,
Жазалык айткан ташыңа.
Жаштар өсүп ырыңды
Жазданып окуйт башына.

Осмонкул:
Чырга сүйрөп кыйкырып,
Чыктым эле жаңыдан.
Жарабай калсаң, жарынып
Өлөт элем арыман.
Куу алгандай болупсуң,
Кубанып калдым абыдан.
Уя бала бүркүттү
Учурсаң ээсин алчу эле,
Таштүлөктүн кыйыны
Тайбаска кол салчу эле,

Таштүлөктөй таптадым,
Каадасын билсең кыраандын
Каргага канат какпагын.
Өнөрүң кыйын болсо да
Өзүңдү төмөн кармагын.
Өзүңдү бийик кармасаң
Өпкөдөй калкып калганың.
Улууну уят кылбагын
Улуудан ката кетсе да,
Унчукпай коюп сыйлагын.
Ал билбесе, эл билет
Алыс кетпей сыйларың.
Уруксат бердим, ишендим
Иним, ушундай өсүп ырдагын.

ОСМОНКУЛ МЕНЕН СООРОНБЕК

Осмонкул:
Фашисттер бизге кас болуп,
Батыштан жалын келгенде.
Баатырдык кылып токтолбой,
Балдардын баары жүргөндө.
Балам, сен барбасаң ким барат?
Балам, сен жарабасаң ким жарайт?
Атаңдын берген батасы
Согуштан эми кайтып кел!
Көргөнүңдү айтып кел!

Сооронбек:
Аскерден кайтып келгенде:
Ойдо жок эле мен көрдүм,

Осоке, сиздей атамды.
Түк эсимден чыгарбайм,
Осоке, ошондо берген батаңды.

Ардактуу кыргыз элиме
Айланып азыр мен келдим.
Асили бактым бар экен,
Осоке, айланып жүзүң мен көрдүм.
Каргаша болуп немистен,
Кайран колду мен бердим.
Жарабай калды бир колум,
Болбосо, шайыры элем элдердин.

Атай сындуу агай бар,
Алымкул агай жана бар.
Ыбырайы, Туман бар,
Чалагыз агай жана бар.
Ушул ак сакалдар биригип,
Артисттен келген адамдар.
Оюмдан чыкпайт эч качан,
Осмонкул сындуу атам бар.
Өлбөй эсен көрүштүм,
Осоке, ошондо берген батаң бар.
Дайым эске аласың,
Тайгактан келген иниңди.
Энтигип турам өрөпкүп,
Уруксат болсо, Осоке,
Угузуп койсоң үнүңдү.

Осмонкул:
Аман-эсен келдиңиз,
Балам, алыскы күйгөн жалындан.

Элиңди аман көрдүңүз,
Балам, а дагы сенин багыңдан.
Атаңдын берген батасын,
Чыгарбайсың жадыңдан.
Аман-эсен туз таттың
Балам, ардактуу кыргыз айлыңдан.
Соодагердик иш эмес,
Балам, согушка барып келдиңиз.
Каргаша болуп немистен,
Балам, кайран колду бердиңиз
Балам, карызга берген жериң жок,
Балам, кармашып келген белгиңиз.

ОСМОНКУЛ МЕНЕН АЛТЫМЫШ

Учурашуу

Алтымыш:
Кадырман кыргыз элине,
Казак эл куштар кебине.
Күкүгүм ата, аманбы?
Кандайча кабыл алат деп,
Кандайча ойдо калат деп,
Айтып турам саламды.
Көңүлүң буруп тыңдай көр,
Кашеги болсо ылгай көр,
Көңүлгө албайм сындай көр,
Күүлөнгөн мендей балаңды.
Мелдеште мөрөй утпаса,
Күрөшсө жоосун жыкпаса.

Ким мактасын балбан деп,
Кубатсыз, күчсүз чабалды.
Турмуш да кенен батырбас,
Келгин деп эл да чакырбас,
Ниети бузук арамды.
Өз элин баалай билбесе,
Өзүндөй таза сүйбөсө,
Ким сүйсүн ата жаманды,
Эмгеги элге жакпаса,
Эл көңүлүн ачпаса,
Кумарын, черин жазбаса,
Ширесин сөздүн таппаса,
Акын деп чыны ким айтсын,
Арышы тайкы адамды.
Карылыкка барганча,
Каным токтоп калганча,
Өзүндөй даңктап өтсөм дейм,
Азыркы жыргал заманды.

Токтогулдай чеченди,
Жаңыбай, Курман неченди,
Топ-тобу менен тапкан жер,
Көмүлүп жаткан эзелден,
Керектүү нечен түркүн, нечен кен,
Казсаң суудай аккан жер,
Жогортон төмөн чамынып,
Дың жерге барып жайылып,
Булагы ашып, ташкан жер.
Арасы жемиш, данга бай,
Жайлоосу, төрү малга жай,
Аймагы гүлдөп жаткан жер.
Колхоз-совхоз тең гүлдөп,

Кайратман баатыр эл гүлдөп,
Бакытка балкып жаткан жер.
Керилген Кетмен-Төбөдөн,
Кечээ күнү мен келдим,
Арзыдым сизди көрмөккө,
Ардактап салам бермекке,
Бел байлап тынбай желдендим.
Өзүмдү өзүм токтотуп,
Акын сыңар окшотуп.
Кыялга батып термелдим.
Умтулуп, эңсеп күнү-түн,
Үзбөй жаштык үмүтүн,
Уяты болбос келгендин.

Жашыңдан мени жетелеп,
Жагалмай куштай бөпөлөп,
Үйрөттү Коргол ырларын,
Комузду мындай карма деп,
Көздөгөн ойдон тайба деп,
Жашырбай ачты сырларын.
Токтогул менен бир жүрүп,
Толкуган элди күлдүрүп,
Түшүнттү кызмат кылганын,
Акындар менен айтышып,
Тамаша кылып тартышып,
Аш-тойдо ырдап турганын.
Деңиздей терең чалкыган,
Токомдун ээрчип артынан,
Калкына оюн курганын.
Токомдун баалуу ырына,
Түшүнүп ырдоо ыгына,
Жашынан көңүл бурганын.

Мен бул жакка келерде,
Самолет менен жөнөөрдө,
Осомо салам айт деди,
Учурашып кайт деди.
Атаке Коргол курбалың,
Ардагым ата өзүңдөн,
Ак балдай ширин сөзүңдөн,
Кеңири үлгү алсам дейм.
Ырдоонун ыгын үйрөнүп,
Шумкардай көккө күүлөнүп,
Окуучуң болуп калсам дейм.
Кубатым, күчүм жеткенче,
Булагың шимип кеткенче,
Оюмча эркин кансам дейм.
Кашында бирге отуруп,
Койнумду ырга толтуруп,
Кеңири жолго салсам дейм.
Осмонкул сабак берген деп,
Уулундай мени көргөн деп,
Мукамдуу күүдөн чалсам дейм.
Осмонкулду көрдүм деп,
Алдында ырдап бердим деп,
Мактанып элге барсам дейм.
Алганга үлгү мактанып,
Жаш жүрөгүм шаттанып,
Ырымды элге жайсам дейм.

Бир гана тилек мендеги,
(Каалабайт жүрөк өңгөнү)
Өзүңдөй акын болсом дейм.
Оозуна элдин илинип,
Кабарым толук билинип,

Булбулдай шакка консом дейм.
Кемчилик болсо ырымда,
Тез сезип аны чынында,
Тартынбай таап жойсом дейм.
Байлыгын кооз жеримдин,
Бактысын даңктап элимдин,
Жеңишке сүрөп турсам дейм.
Кыйла жыл эстен кетпеген,
Жакшынакай кеп менен,
Көңүлүн элдин бурсам дейм.
Күнү-түнү жадабай,
Билгенимди аябай,
Жаштарга оюн курсам дейм.
Алтындай өмүр өткөнчө,
Ажал алып кеткенче,
Калкыма кызмат кылсам дейм.

Осмонкул:
Толкутту элди мындагы
Тойпоңдоп ырдап кунаным.
Тыйындай сөзүн калтырбай
Татыпсың Коргол булагын,
Теминип жакшы ырдадың
Томуктай болгон чырагым.
А деп сөздү баштаарда,
Айтып жүр Током ырларын.
Агыны катуу Корголдун,
Асылын алгын, тыңдагын.
Айнымбай үйрөн турмушту,
Анткеним басып өтөсүң,
Ар түрдүү татаал кырларын.

Кажыбас кутман элди ырда,
Комузду колго аларда,
Койнуңда байлык жерди ырда.
Кой жоргоңду саларда,
Куюлган түрдүү кенди ырда,
Кубанып калкың каларга.

Жашык болбой, курч болгун,
Жалтанба кепти айтканда.
Өзгөчө тырыш, кулунум,
Өз үнүңдү тапканга.
Өзүңдү өйдө көтөрүп,
Өпкөңдү чаап мактанба.

Ыр чыкпайт, балам, толгонбой,
Ыр айтпа, балам, ойлонбой.
Курч сөздү таап ырдагын,
Кирпичти кынап койгондой.
Кыялың даана эргисин
Карыя атаң Корголдой.
Алымкул менен Осмонкул,
Ак калпак элдин шайыры.
Умтулуп ырдап талыкпай,
Угулду көпкө дайыны.
Көп эле бизди туурабай,
Тапкыла, балам, жаңыны.

Карынын жүрөк күүлөрү
Калкына дайым арналат,
Турмуштан артта калбоого,

Теминип жаштар шаңданат.
Чөмүлүп калар уятка,
Чуркабай калса карган ат.

Силердей жаштар бүрдөсүн,
Силердей жаштар гүлдөсүн.
Ырдан сайып килемди,
Ырыстуу элди үндөсүн.
Мүдөөсүн элдин даана айтып,
Жаштар, маанилүү айкын сүйлөсүн.

АЛЫМКУЛ МЕНЕН КОРГОЛ

Коргол:
Ат менен жүргөн кезекте,
Алыс дечи элек арасын.
Тындырган экен өкүмөт,
Кедейлердин санаасын.
Чай кайнамда көргөздү,
Фрунзенин калаасын.
Ээрчитип келдим таап бер деп
Токтогулдун баласын.
Атаңа кызмат кылгам деп,
Айтарга сөздүн жалаасын.
Бабажан таап бербесе,
Баштап бирөө келбесе,
Адашып кетсе Корголду
Алымкул кайдан табасың?!
Эзилишкен кишиңиз,
Эң биринчи көрүшмөк,

Эсендикти сурашып
Эңкейип колду беришмек.
Эсен жетип мен бүгүн,
Эшигин ачтым калааңын.
Агаң да болсо Корголдун
Алик ал айткан саламын!
Коңурум, уккун айтканын,
Коргол ырчы агаңын,
Комузум колго тийгенде
Мен да кочуштап сөздү табамын.
Өрүк комуз жанымда
Өлгөнчө курал-жарагым,
Айтылып артта калбады,
Ар бир айткан сабагым,
Ырчылардын бири элем,
Көзүм үчүн кайгырам,
Көңүлүн ачкын агаңын.
Жаман экен карылык,
Жатсам-турсам жададым.
Жаңырган Совет өлкөгө,
Жайылды сенин кабарың.
Атаңдын сыйлап арбагын,
Акындык өстү кадамың,
А, мен акын болдум айылда,
Аял менен баланын.
Козголуп сен да алик ал,
Корголдун айткан саламын.

Алымкул:
Ээрчишип жүрүп ырдашып,
Илгертен болдук агайын,

Жеңижок, Током, Эшмамбет,
Коке, өткөрдүң колдон далайын,
Сагынышып баш коштук,
Саламың алик алайын,
Комузумду колго алып
Колтугумду керейин.
Кой жоргодой ырчы элем,
Мен да козголуп бир аз
Жанагы айткан сөзүңдүн
Жандырып жообун берейин.
Кетмен-Төбө, Шамшыкал,
Кениңдин жөнүн сурайын,
Кенен турмуш теңчилик,
Элиңдин жөнүн сурайын.
Эккен элди тойгузган,
Жериңдин жөнүн сурайын.

Ээрчип ыйлап аталап,
Этегиңден кармарын,
Эсен-аман жүрөбү,
Эрмек болгон балдарың.
Эч акындан кем эмес,
Тараза басат салмагын,
Эсиңде, Коргол, бар чыгар,
Бир кезде
Энчиңден куру калганың.
Козгомок болдук биз бүгүн,
Өлгөндөрдүн арбагын.
Жаңыбай, Курман, Кулуке,
Бекназар куудул барларын.
Баарыңды бир күн үйүмө,

Конокко алып баргамын.
Кошулгун артист бизге деп,
Коргол сени кармадым.
Айылыман чыкпайм, — деп,
Асылсам кетип калганың.
Эми болуп олтурат,
Эскирген кезде арманың.
Жуманаалы болуш Токомду
Экинчи кармап бергенде
Элден барып бир кабар
Кутулуп кайра келгенде
Устатың менен айтышып,
Уккан элге кеп болдуң.
Кызуусу менен арактын,
Тилин алып манаптын
Улуу акын Токомо,
Уялбай Коргол бет болдуң.
Айтышканың чын болсо,
Атаңдай болгон киши эле,
Анда сен
Арбагынан чет болдуң.

Коргол:
Мастыкпы же жаштыкпы,
Бузуктун кирип тилине
Каршы ырдапмын уялбай,
Үлгүсүн алган пириме
Кечилбес кайгы салыпмын,
Токтогулдун дилине.
Жара чыгып калсачы,
Жаңылган менин тилиме.

Өткөн күндү ойлонуп,
Өкүнөм кийин күнүгө.
Жетим бала кезинде
Жеңижок барды Таластан.
Улардай таңшып ырдаса,
Уккан элге жарашкан.
Укмуштай бала экен деп,
Улуу, кичүү карашкан.
Ушундай ырчы болсом деп,
Буга да бир топ жанашкам,
Өзүм катар ырчыдан,
Кем эмес эле сабагым.
Комузду алсам койкоктоп,
Козголсом сөздү табамын.
Корголдун жазган ыры деп,
Колуна алып бир киши.
Окуп көрүп билгичи
Оодарбады барагын,
Угулбады узакка,
Ушундай деп кабарым.
Кабактан алыс барган жок,
Карыганча кабарым.
Эки көздүн бири жок,
Эми кайда барамын.
Кайсы ырчыдан кем эле
Кара санат жамагым,
Короодон чыкпай картайган,
Коргол менин жаманым.
Булбул элем сайраган,
Бурулган кырчын кайыңда
Ээрчишип жүрдүм бир кезде

Эски ырчы шайырга.
Эсилдерден ажырап,
Энчилеш болдум айылга,
Корголдун калды өнөрү
Коңур-Өгүз сайында,
Кошулбай жүрүп картайдым
Комузчу, ырчы, шайырга.
Корголду эшке чыгарбас,
Элдин дубасы барбы чайында,
Түш эңкейип убакты
Ылдыйлап кетти бешимден,
Жорголордун бири элем
Жолго айдаса көшүлгөн.
Алкымдады карылык
Бирок
Айныган жокмун сөзүмдөн.
Күүгүм тартып күндүздө
Күйөмүн майып көзүмдөн,
Устатыбыз Токтогул
Ушундан тушоо чечилген,
Уялаш өскөн жан эле,
Улуу Коргол өзүңдөн.
Улуулугум урматтап,
Алымкул,
Чыгарбапсың эсиңден.

Алымкул:
Комузду колго алганда
Коёндойсуз секирип,
Короолу болуп кетесиң
Комузуңа бекинип,

Койколоңдоп кеткенде
Түрүң короз кекилик.
Эскирген кезде ойлонуп
Эми отурасың өкүнүп.
Ак сакал болгон кезиңде
Адашкан күндөр эсиңде,
Арман кылып олтурсуң,
Акын ырчы Корголум.
Кетпес конок карылык,
Билдиңби үйүңө конгонун!
Кол ойнотуп, күү чертип,
Комузчу чыкты жаштардан,
Коңгуроодой шаңкылдап,
Добуштуу чыкты жаштардан,
Күн сайын күчөп баратат
Гүлдөгөн жаштын өнөрү.
Жашадык, Коргол, картайдык
Жаштарга кезек берели.

АКТАН МЕНЕН КОРГОЛДУН УЧУРАШУУСУ

Актан:
Айчыгы бийик дабанбы,
Атактуу Коргол абамбы?
Аңыз кылып жүрчү элем,
Акыным сиздей адамды.
Айлымдан келип өзүңө,
Атайлап айтам саламды.
Ар дайым бөлүп жүрчү элем,

Ардактап сизге санаамды.
А деген жерде билесиз,
Абайлап байкап чамамды,
Ак калпак кыргыз элине
Актаңдай тилим чабамбы.
Күрөөсү бийик дабанбы,
Күндөй нур Коргол абамбы?
Күмүштөй сакал жайкаган,
Көрдүмбү сиздей адамды!
Күн санап көңүл бөлчү элем,
Көрсөм деп күсөп санаамды.
Күсөгөн кишим көрүндүң,
Күлүп мен айтам саламды.
Көрүп сындап түз айтар,
Көзүмчө менин чамамды.
Көтөрүлө албаймын,
Көпкө тилим чабамбы.
Чоң атам болот Сатылган,
Чечендиги ашынган.
Калдайган калың топторго,
Калыс сүйлөп катылган.
Калысын каалап калың журт,
Катарына батырган.
Молдуман менин өз атам,
Молдолугу ашынган.
Илим менен билимин,
Иш жүзүнө ашырган.
Бооруна тартып кара жер,
Болжолдуу күнү жашырган.
Жетим болуп энеден,
Бактысы кийин ачылган.
Актан менин өз атым,

Акактай тунук башатым.
Азыр таптым аңыздап.
Абайлап ырдын башатын.
Агын суу эмес дайрасың,
Жемирген жээк-кашатын.
Жетимиң келди сени издеп,
Желдирип кайда качасың?
Жел сөзүң калып жетимге,
Жүз жылдан ары жашасын.
Ырас атам туудурду,
Астыга баштаар атасын.
Акыл айтып азырлап,
Алтын сөздөн чачасың.
Катуу кеттим таарынба,
Карайлап турган чагымда.
Караандаша жүрсөм дейм,
Катарыңда, сабыңда.
«Кыйынын көр мунун» — деп,
Күкүрттөй болуп чагылба!
Булбулдай сайрап бериңиз,
Бутактагы шагында.
Илинсин мээге түз тийип,
Ийреңдеп кирбей карынга.
Каалаган күнү жолуккан,
Карачы менин багым да.
Астыга дайым саламын,
Алтын башым барында.
Кунаның болуп жүрөйүн,
Курчум кетпей табында.
Токтогул менен бир жүрдүң,
Топ жыйында күлдүрдүң.
Эшмамбет менен бир жүрдүң,

Элдүү жерде күлдүрдүң.
Эл ичинде айтылат,
Эшен-калпа күйдүргүң.
Кыялданып кынаптай,
Кыз-келинди ырдай сүйдүрдүң
Ойку-кайкы комузга
Оң жолдо тырмак сүрдүрдүң.
Түйшүккө салып далайын,
Түшүнө кирип бүлдүрдүң.
Келчүсү келип калбаса,
Келбейт го Коко тим жүргүн!..
Кышкы кирген буурадай
Буртулдасын көбүгүң.
«Бери кел, мени көрчү» — деп,
Мелтирейсиң көк ирим.
Толкуну тоонун селиндей,
Сөздөрүң сырттын желиндей,
Уйкашы жыгач желимдей,
Адамсың, Коке, дедирдиң.
Астыңдан туура өтүүчү,
Адам барбы, деги ким?!.
Тумандап турган убагым,
Туурасын кептин айтканда
Туп туура жыйырма курагым,
Акындык нуска жол кандай?
Аябай аба сурадым.
Алдына келип атайлап,
Азыраак сөздү курадым.
Оюмду бөлүп оңдонуп,
Оң колумду сунамын.
Оозуңдан сөзүң чыкканча
Кетип турат чыдамым.

Ойлодуң бекен жок бекен,
Ордоңдон ырчы чыгарын.
Кандай ким өттү ырчыдан?
Катарын айтып кынагын.
Ошолорду уксам деп,
Оюмду бөлүп турамын.
Кайсы ырчы кандай өтүштү,
Катары менен сынагын.
Сынасаң сынга жөндүүсүң,
Сызыла чыксын сымабың.
Базарың кызып боло элек,
Бардык элиң толо элек,
Бир азыраак чыдагын.
Болоттой эмес алмаздай
Боз уланың чынагын!..

Коргол:
Амандыгым сурадың,
Абыдан көңүл уладың,
Күлгүн жаштык кезиңде,
Күүлөнө турган убагың.
Имерилип ийиктей,
Ичимден сөздү чубадың.
Картаң чал кантер экен деп,
Карап турсуң уларым.
Кайран жаш кетти кайрылбай,
Кайраттан Коргол тайгандай.
Карабай калды кыз-келин,
Кимге жетет убалым?
Кемпирим кээде кепке алат,
Кейип бир жеймин убайым.
Жаштыгым кайра жаңыртым,

Жандырып берсе кудайым!..
Топко ээрчиткен Токтогул,
Тосуп алат окшодуң.
Элге ээрчиткен Эшмамбет,
Эңип кетет окшодуң.
Карылык азыр келе элек,
Каалап колду бере элек.
Катарлаштар кайтарат,
Каалаган жерге алпарат.
Караңгы көр жатканың,
Кагылайын кадырлаш,
Каалабайм, катарыңа кошпогун!
Күүдөн тайган күн эмес,
Күнүгө сайрайм бир эмес.
Үкүдөй «үү» деп олтурбайм,
Үмүтүм ырдан кур эмес.
Толкундап ырдап турганда,
Токо, өзүңдөн келет бир элес.
Тоо булбулу өңдөнгөн
Топ чечен элең ченебес.
Тобуңдан канча ырчылар
Толкуса күчү тең эмес.
Бардык элдин ырчысы
Баа берчү эле мен эмес.
Аксыдан чыккан Жеңижок,
Айтыштарга теңи жок.
Таасын эле талбаган,
Таңшычу эмес жөнү жок.
Таң атканча ырдаса,
Таңдайда, тилде өөнү жок.
Аксыга барып таанышкам,
Азыр көргөнүмдүн көбү жок.

Ээрчип эчен ырдадым,
Эстеген менен эми жок.
Каңырыгым түтөсө,
Кайраным Өтөм деги жок.
Казак менен кыргызда,
Катуу ырчы эле чеги жок.
Кастарлап алган Көксулуу,
Туягы калбай Өтөнүн,
Туйдурбай өттү кече күн.
Опосуз оору айынан,
О дүйнө көчпөс шеги жок.
Эркеч эле Эшмамбет,
Ээрчитип бизди баштаган.
Эртеден кечке ырдаса,
Эчкирип эки айтпаган.
Сары булакты жай кылган.
Санжырга, ырга бай кылган.
Сабак алып Өтө, Токомдон,
Санат ырын жаттаган.
Саруудан качып келгенден,
Сай күлүктөй таптаган.
Сибирге Током айдалды,
Байгазыга байланды.
Айланып Током келгенче,
Айдай жүзүн көргөнчө,
Алынча сөзүн тактаган.
Учурашкан ыр менен,
Ушул эле жакшы адам!
Кимди коёт шум жалган,
Көз көрдү көркоо күндү алган.
Карыбы, жашпы, жаманбы,
Өлүмдөн качып ким калган?

Көр көкүрөк көөдөктөр
Көп өнөрдөн кур калган.
Кошаалы, Кулмат кыякчы,
Кур жалак калды Курмандан.
Ишенбесең сурачы,
Имерилип тургандан.
Кара Курман ырлары,
Калык да канча туйгандан.
Үнү бийик, сөзү саз,
Жолой, Тенти дегендер,
Жолу менен сындалган.
Бекназар куудул, Теке ырчы,
Султанмурат, Кадырбай деген эки ырчы
Үч-Теректен чыгышкан.
Ушулар менен жети ырчы.
Топту баштап Токтогул.
Торгобогон эч ырчы.
Бардыгы өтүп дүйнөдөн,
Мен калдым мына жеке ырчы.
Айтканын укkан жадаган,
Айбыгып адам караган.
Калтылдап башы токтобой,
Каадага сөзү окшобой.
Кулуке өткөн кече ырчы,
Эшегин минип эпеңдеп,
Эки буту тепеңдеп,
Базар сайын калбаган,
Маалында жетем деп.
Жок жоготкон адамга,
Жар чакырган чечендеп.
Жаныш менен Байыштын,
Жайын айтып чечем деп.

Башка акын айтса жактырбай,
Бул айтканың бекер деп.
Алынча жакшы ырчы эле,
Кара жер катты бекемдеп.
Катарын айттым ырчынын,
Бабаңдан баштап келемин.
Чоң атам чоң топ башкарган,
Кыргыздын кыраан жакшысын.
Укпадык эки дегенин,
Топ жыйынга кеп менен
Токтоткон дешип береңиң.
Катындан алган тогузду,
Каалабайм сендей доңузду.
Каныкейдей, Курманжан,
Апал, Сайкал болушту.
Куру кол калган катындан,
Коңкайты бийим экенсиң.
Көп сөздү айтсам бекерсиң,
Калганын ойлоп чечерсиң.
Туура айтты, сынчы экен деп,
Таттуулашып бекемдеп,
Тартуулаган белегиң...
Өзүңдүн атаң мен менен.
Өзгөчө эле жайнашкан,
Өз үйүмдө нечен күн,
Таттуулашып чайлашкан.
Кээ-кээде барып калганда,
Дасторконун жайнаткан.
Илими болчу эң күчтүү,
Карасууну кайнаткан.
Калкынын ойлоп кандайын,
Катарлашып жай баскан,

Керимбайга кемчилик,
Кебин айткан тайбастан.
Кырчаңгы молдо деп койчу,
Кеп кеңешке албастан,
Чыгарган жок жыйынтык
Чычалап калган далбастап.
Өктөбүрдүн таңы атып,
Өкүмү өтпөй алмашкан.
Алынча ал да күрөшүп,
Ажыдаар менен арбашкан.
Тартылган жок кулакка,
Так чыкты доого калбастан.
Жакшынын чыны баласы,
Жакшы болот дечү эле.
Куру болсо жакшыдан,
Бакшы болот дечү эле.
Атаңдын,
Эркек болсо этеги
Бакты болот дечү эле.
Молдолугун тартпапсың,
Мол ырды балам баштапсың.
Этегин жаппас эселек
Оң колдон алып жетелеп,
Оюнча сени бөпөлөп,
Ойнотчу элек экөөлөп.
Тартынба калың топ болсо,
Даарыйт сөзүң шек болсо.
Көпчүлүктө кыдыр бар,
Даарыбай коёт токтолсо.
Ышкың болсо ылдам бол,
Ыйынба ырың жок болсо.
Кара бет болот карыганча,

Каарына калып калкынын,
Капилеттен сот болсо,
Көңүл улап ырдап өт
Көпчүлүгүң топтолсо!..
Көп суктанба сулууга,
Катуу кетпе улууга.
Ички дүйнөң тазарсын,
Ийи жетсин сулууга.
Иштесең — үдөөсүнө чык,
Кулак кымбат угууга.
Көкүрөк көөдөн төп келсин,
Коргошундай уюуга.
Ачык сүйлөп обонуң,
Жагымдуу болсун угууга.
Атактуу акын дедиртип,
Атыккын кыргыз урууга.
Жүрөгү тайкы жаш болбо,
Тейтеңдеп ичип мас болбо.
Тебишем деп телпектеп,
Теңтушуңдан пас болбо.
Туураңды түбү түгөтөт.
Тууганыңа кас болбо.
Өксүсөң да өлбөйсүң,
Өлчөп түшсөң ак жолго!..
Аш ичсең болсун акылың,
Адашсаң келбейт жакының.
Кейисе жанын кыйналып,
Кетишпей карайт катының.
Катылып тийбе бирөөгө,
Катылса бергин катыгын.
Чалкалап чачпа дүйнөңдү,
Чаманды чакта акырын.

Дүнүйө колдун кириндей,
Түгөнөт акыр билинбей.
Муңайым тартып каласың,
Мусапырдык билинбей.
Акыр асырайт сени асылың,
Атаңдын сыйла арбагын,
Айтып турган акылым.
Убагында мен дагы
Убайым тартып кейидим.
Ушул заман келгенче
Ууланды кейип зээним.
Катуу кетпе сабыр кыл,
Кенен болсун пейилиң.
Ырдасаң сөздү тактап айт,
Эмгекчи элди мактап айт.
Кара сөздү какшап айт,
Кадыры өтсө сактап айт.
Ала өпкөнү чактап айт,
Айтканымдай кылбасаң,
Анда Коргол таптабайт.
Колдосун балам Токоңдун
Козголуп сени арбагы.
Өзүңдө калып өрнөгү,
Орносун ырдын зардабы.
Колдоп алса Токтогул,
Кошулушат калганы.
Жетип келер Жеңижок,
Жетилтип жолго салганы,
Ээрчитип жолду таанытар,
Эшмамбет ырчы ал дагы.
Семетейдей сени да,
Колдошот жүрүп балдары.

Кор кыла койбос ушулар.
Кошойдой ырдын балбаны.
Коштошкон соң мен менен
Комузуңду ал дагы,
Кошулуп тели-теңтушка,
Коңгуроо үндү сал дагы.
Уктуң сөзүм, Актаным,
Улана берсин нар жагы.

СЫДЫК (Бала ырчы) МЕНЕН БАРПЫНЫН АЙТЫШЫ
(I түрү)

Барпы:
Адамзат көрөт ар ишти,
Сары болуш алдында
Барпы менен Бала ырчы
Экөө бүгүн таанышты.
Бала ырчыны билчү элем,
Даңкыңды угуп жүрчү элем.
Укканымча бар экен,
Тарбиялап өстүрсө
Боло турган бала экен.
Башынын жүнү кам экен,
Жагжаңдаган кал экен,
Шул айыбы бар экен.

Сыдык:
Ашкан ырчы экенсиң
Атагың чыккан сен дагы.

Барпы ырчыны көрсөм деп,
Эңсечү элем мен дагы.
Башымдын айтып айыбын,
Адаштың бир аз сөзүңдөн.
Ажырап калган экенсиң
Акактай тунук көзүңдөн.

Барпы:
Тойлорго ырдап барасың,
Томпойдой болгон баласың.
Эркелетип ырдасам,
Балам, көөнүңө эмне аласың?
Башыңды элден жашырып,
Кай жакка качып барасың?

Сыдык:
Баланы алдың башынан,
Баары дайын жашынан.
Баш менен көздүн айыбын
Канетип элден жашырам?

Барпы:
Жоктоого кирдиң жашыңан,
Жоор болдуң башыңан.
Катарга кирдиң жашыңан,
Карыш[1] болдуң башыңан.
Ачуумду келтирсең,
Аштан сени кубамын.
Карышыңды кызартып,
Айчачуу менен жубамын.

[1] Карыш — таз (кырчаңгы)

СЫДЫК МЕНЕН БАРПЫНЫН АЙТЫШЫ
(II түрү)

Шүкүраалынын атасынын ашында Барпы аке менен беттешип калдым. Айтыш бир кыйла узак болду. Ошондон эсимде сактап калганым булар:

Барпы:
Кечээтен бери шу ашта
Ырчылардын баариси
Парпига жаман жабышты.
Шүкүраалинин ашында,
Катталардин алдында,
Бүгүн акаси менен үкаси,
Экөө келип чабышты.
Мен үкамды таптым, бүтөлдүм,
Хамманин көөнүн гүл кылдым.
Инимди таптым имердим,
Эки, үч жылдан бер жакка,
Эшитет элем савлатин.
Бала ырчыны бир көрдүм,
Эми көрсөм, жакшылар,
Укканымча бар экен.
Тарбиялап өстүрсө,
Бул боло турган бала экен.
Бир айыбы шул жерде,
Башынын жүнү кам экен.

Сыдык:
Азаматым Парпи ака,
Көп ырдайсың сөзүңдү.

Башыма саал асылып,
Сен жашырасың көзүңдү.
Мунан кийин Парпи ака,
Сактап жүргүн өзүңдү,
Ойлой жүргүн көзүңдү.

Барпы:
Мен дагы сендей ырчы элем,
Мартабаңды укчу элем.
Айтышаар учур келсе деп,
Арманды ичке букчу элем.
Ала көөдөн сендейди
Ай-пайга койбой жыкчу элем.
Кылоосун кайрып көбүнүн,
Кынына гана тыкчу элем.
Көтөрүлтпөй көөдөсүн,
Көп ырчыңдан мыкты элем.
Кармашаар чагың келди окшойт,
Кана эмесе, чык, берен!
Бала ырчы
Укканымдай бар экен,
Бул боз баштыктай бала экен.
Жай бербеген кебинен,
Жагжаңдаган кал экен.

Сыдык:
Акын да болсоң, Парпи, бил,
Айтыштын жеңмек шарты бул.
Чыдамай оюн дал ушу,
Чыр болбосун арты бул.
Куп асылдың башыма,
Кулжуңдаган ашина,

Отуз уул ичкилик
Авалтан бери калкы бир.
Бийик да койбо өзүңдү,
Карабайт кары, жашыңа,
Кал менен көрдүң баркы бир.
Базарга сатса наркы бир.
Баятан чын деп отурсам,
Бул оозуңдун турму жок,
Бейжай окшойт шалкы бир.

Барпы:
Бала ырчы, келген доорсуң,
Бөлүнбөс мага боорсуң.
Байкасам түзүк басыгың,
Жеңил да эмес оорсуң.
Шибеге тилдүү чычандаак,
Шилиден урган жоорсуң.
Жаами ырчыдан бийиксиң,
Желкеден алган ыйыксың.
Жетелесе жөн жүрбөс,
Жер чапчыган кыйыксың.
Ырчылыгың билемин,
Ыйыгың бүгүн тилемин.
Аштан айдап кубамын,
Ачыштырып өкүртүп,
Айчачуу менен жубамын.

Сыдык:
Ырчыда ар кыл кеп болот,
Өзүнө ар ким бек болот.
Ыйык менен жоордун
Ылаажын тапса сеп болот.

Үйгө келген мейманың
Изаат кылбай күзөлбөйт.
Көзүнөн майып болгондор
Киргиче көргө түзөлбөйт.
Ылдый баспай өрдөйсүң,
Ылайды курук жер дейсиң.
Убакыт канча билалбай,
Улаганы төр дейсиң.
Айдыңда түгүл чак түштө,
Аңды да дөңдү көрбөйсүң.
Ак чел басып көзүңдү,
Аялмат кылып өзүңдү,
Арасаат жүрүп өлгөйсүң.
Туз салгансып сөзүңдү,
Тукурасың өзүмдү.
Жебелеген жети курт
Сенин да
Жеп койгон шекил көзүңдү.
Арсар кылып таштаптыр
Ажыз кылып өзүңдү.

Барпы:
Азилге мынча теригип,
Ашырдың эми ачууңу.
Башыңа даари сыйпасам,
Билбейсиң кайда качууңу.
Жебелеген жети курт
Жеп кетиптир башыңды.
Кайни-журтуң көрсүн деп,
Калтырыптыр кашыңды.

Сыдык:
Угуп турган эл үчүн,
Билиштирип ырдайын.
Элдин баарын жакшылар,
Күрөштүрүп ырдайын.
Шүкүраалинин ашында
Эликтей ырчы болуптур
Бир чекеден баарисин,
Мен сынаштырып ырдайын.
Ат бастырган адамдар,
Сынчы болот турбайбы.
Айлантырып карасам,
Каерде, адамдардын майыбы
Ырчы болот турбайбы.
Акмат ырчы баш болуп,
Коркута келет чологу.
Өктөмсүнгөн ыры бар,
Парпи акам баш болуп,
Жыйырмача көрү бар.
Жамы ырчынын ичинде
Мен боломун кичиги.
Бекназар ырчы баш болуп
Кыркча келет бучугу.

Барпы:
Чыдабас белең, мас бала,
Чокуңдан алган таз бала.
Чычаласаң калган бул
Чачыңды жулам аз гана.
Чуу чыгарып, эми сен
Чатагыңды баштаба.
Азилди айрып түшүнүп,

Аялдай көзүң жаштаба.
Айтышта калжаң сөз болот,
Агаңды силкип таштаба!

Сыдык:
Айтышта тийген үлүшүң,
Азилдеп, чымчып күлүшүң.
Аңкоолук кылып койдумбу,
Айыпка салба бул ишим.
Байкабайсың, Парпи аке,
Башымда бар күмүшүм,
Паашалардай жүрүшүм.
Танбаймын, ырас, Парпи аке,
Төбөмдө бар күмүшүм,
Төрөлөрдөй жүрүшүм.
Көкөйүңө тийбейин,
Көк зоодон кетпе куланып,
Керектир өмүр сүрүшүң.

— деп, ырды бүтүрдүм. Барпы акенин басына түшкөнүн байкадым. Анан улуу киши эмеспи, туруп барып колун алдым. Бул жеңүүм эмес, олдоксондугум экенин түшүндүм.

СЫДЫК МЕНЕН ДООРАНДЫН АЙТЫШЫ

Созоктук (Сузак) Ыбырайымдын тойунда салт боюнча Дооран ырчы ырдап кирет:

Масыда жүрдүм байланып,
Базаркоргон айланып.
Алыска сапар жол алып,
Желгеним да жок эле.
Бирде, экиде Созокко
Келгеним да жок эле.
Жакшы, жаман кебини
Тыңдаганым жок эле.
Бирде, экиде бул элге
Ырдаганым жок эле.
Ырдап турган жошулуп
Келип калдым бул элге,
Семетейге[1] кошулуп.
Кыргызбай казы оюна
Келип калып ырдадык
Ыбырайым ажы тоюна.
Элимден келдим бөлүнүп,
Ырчыларга жаман көрүнүп.

Дооран ырчы ушинтип ырдап, токтоп калат. Ошондо Сыдык ырчы минтип ырдап кетет:

Мени Сыдык ырчы дейсиңби,
Оокат берсем жейсиңби?
Сен ат жаманын минесиң,
Аш кыдырып жүрөсүң.

[1] Семетей — болуш.

Тон жаманын киесиң,
Той кыдырып жүрөсүң.
Минген атың карагер,
Каерге барсаң, бара бер.
Ыбырайым ажынын
Бергени болсо ала бер,
Чөнтөгүңө сала бер,
Артканы болсо мага бер.
Созокко бир күн барыпсың,
Мусаапыр болуп калыпсың.
Уктум сенин сөзүңдү,
Бүгүн мейман кылам өзүңдү.

Дооран:
Үйрүлүп ырдап сен келдиң,
Үй ичимден ажырап,
Мусаапыр болуп мен келдим.
Мусаапыр жолун билсеңиз,
Жаман болот турбайбы?
Пахтаны пахта дейт экен,
Чанагы колду жейт экен.
Ырчынын жайын билбесе
Мусаапыр ырчы дейт экен.
Кулак салдым сөзүңө,
Конок айттым өзүңө.

Сыдык:
Айлымдын баарын жыйдырып,
Өзгөчө мейман кылдырып,
Дооран, сени менен жүрбөпмүн,
Ырчылыгың билбепмин.
Үйүмө баштап барамын,

Кармап улак соёмун,
Чаңкаганда жегин деп,
Тордомо дарбыз коёмун.
Эгиз тубар эчким бар,
Биттасын кармап соёмун.
Чаңкаганда жесин деп,
Сага эки андалек коёмун.

Дооран:
Калкыңдын баарын жыйсаңыз,
Кадырлуу мейман кылсаңыз,
Эчкини кармап сойсоңуз,
Эки андалек койсоңуз.
Тармал улак сойсоңуз,
Тордомо дарбыз койсоңуз,
Мен Сыдыктын үйүнө
Конок айтты дей берем.
Тармал улак, дарбызың
Уламадан жол сурайын,
«Алал» десе, Сыдыгым,
Мейли,
Көөнүмө албай жей берем.
Сен мени «мусаапыр» деп кордобо,
Коондо болот тордомо.
Ырчынын тили так болот,
Дарбыздын тору жок болот.
Уктум сенин сөзүңдү,
Эми көрдүм өзүңдү.
Кечке чейин ырдатсаң
Далай сөздү чубатам.
Энтеңдеген жаш бала,
Эстүүлүктүү билбейсиң.

Анда эмесе, угуп тур,
Сөзүмдүн нугун буруп тур.
Орунсуз айткан жаман кеп
Айыкпай жанды кейитет.
Колуңдан келсе, Бала ырчы,
Ак, караны таанып өт.
Оозунан ыры төгүлгөн
Ырчылык өнөр зор болот.
Нускалуу сөздөн кеп салсаң,
Өмүрдүн куну мол болот.

Айтыш бүтө электе жарышка коюлган аттар келип калып, эл тополоң боло түшүп, ыр токтоп калат.

ТАШМАТ МЕНЕН БАЛА ЫРЧЫНЫН АЙТЫШЫ

1921-жылы (кээ бир маалыматтарда 1918-жылдын күз айлары деп айтылат) Ноокат районундагы Абдыкалык амин той берип, тойго көп эл келет. Ботобай, Ташмат, Арзыбай, Бала ырчы − Сыдык болуп бир топ ырчылар топтолот. Ошондо Бала ырчы ырдайт:

Абдыкалык амин той кылып,
Андазасын зор кылып,
Аргымак, күлүк ат келип,
Атагы чыккан март берип,
Эсеби жок эл келип,
Эсепте башы жоктолуп,
Ботобай ырчы баш болуп,
Биз дагы келдик топтолуп, −

— деп ырдап жатса, Бала ырчынын оозунан жулуп, Ташмат ырчы ырдап калат:

Элеңдеген Бала ырчы,
Элге ырдап турасың.
Келген менен кеткенди
Тергеп ырдап турасың.
Бир чекеден бардыгын
Иргеп ырдап турасың.
Көп ырың бар оюңда,
Келгендерди текшерип,
Сенин буйругуң барбы колуңда?
Амалды колго алдыңбы?
Келгендерди текшерип,
Кең Ноокаттын боорына
Сен судия болуп калдыңбы?

Сыдык:
Кең Ноокатка судия
Болгонумду билбепсиң.
Баштакыдан чоңоюп,
Оңгонумду билбепсиң.
Нооватты сага бербейин,
Азыр сени тергейин.
Оор элең жеңилдиң,
Ошондон мага жооп бер,
Эмине жеп семирдиң?
Кышында баккан бордоку
Кой семирет дечү эле.
Ичи, тышы май болуп,
Мал семирет дечү эле.
Эл башкарган амалдуу
Зор семирет дечү эле.
Көргөнүң жок бир койду,
Сага окшогон ырчыга
Семиришти ким койду?

Ташмат:
Кечээги чыккан Бала ырчы,
Семиргеним сен билдиң.
Отуз жылдан бери жакка
Элдерди ырдап жеп жүрдүм.
Кырчаңгым жок башымда,
Ошон үчүн семирдим.
Сөөдүрөөк сендей ырчынын
Сөзүн бирөө угабы,
Сага окшогон карыштын
Жеген жеми жугабы?

Сыдык:

Семирген менен, Ташматым,
Пайдаң тийбейт эч кимге.
Жарабайсың коного,
Кошулбайсың жорого.
Карыганда көп ичип,
Сен семиргенсиң бозого.
Үйүңдөн бозо үзүлбөйт,
Берилгенсиң ошого.
Той болгон жерди пайлайсың,
Өлгөндөн кийин, Ташмат,
Бир теше жерди майлайсың.

Бала ырчынын ырын уккан эл дуу күлүп жиберет. Ошондо Ботобай ортого түшүп, өзүнүн шакиртин теске салып ырдап калат:

Шашылбай ырда, Бала ырчы,
Насыя кылбай, Ташматка
Нак бергендей ырдайсың.
Бозо кылып ичкин деп –
Жарым чейрек, он чакса
Шак бергендей ырдайсың.
Улук болуп келгенсип,
Ташматты мынча тергейсиң,
Бозо кылып ичкин деп,
Угутун кошуп бергенсип.
Адамдар сага карабайт,
Тентиреп жүргөн кедейсиң,
Семириш сага жарабайт.

СЫДЫК МЕНЕН ТАШМАТТЫН АЙТЫШЫ

Үчкоргондук Ташмат ырчы менен согуш жылдарынын алдында бир жыйында жолугушуп калдым. Ал курсактуу семиз, татыраңдай кара киши эле. Эл жаалап, бизди айтыштырууга аракет кылышты. Ташмат тартынчактап калганда ырды мен баштадым:

Эй, жамагат жакшылар,
Эмесе сөздү баштайын.
Ачынтууга Ташматты
Азилге тилди маштайын.
Айтышаар болсо чамасы,
Алым-сабак ачтайын.
Экинчи менин алдымда
Эрдемсинип жүрбөскө
Эзип бүгүн таштайын.

–дегенимде мага бир сурданып карады да комузун колго алды. Ал комуз чертип ырдаар эле. Эл дуулдап, жарданып, сүрөөлөп калышты.

Ташмат:
Кечээги чыккан Бала ырчы,
Кежеңдеген кал ырчы.
Кебиңди таап сүйлөбөй,
Келтирдиң менин ачуумду,
Оозунуп нөөбөт аласың,
Урмат кылбай жашымды,
Ийменбес сендей таздардын,
Искектейм эми чачыңы,
А көрө мага асылбай,

Мактасаң, болот жыйынды.
Алайлык акын ырчы деп,
Алаар элең сыйыңды.
Чуучаңдап эгер кетпесең
Чогултаар элең тыйынды.

Сыдык:
Тыйынга сенсиң элирген,
Тарсайып көөп, семирген.
Тойбогон элден канча алса,
Тазкардың окшойт темирден.
Кулагың барат узарып,
Тумшугуң болсо кызарып.
Эмгектен таап нан жеген
Эби-чендүү биз арык.
Ташмат:
Жегениң жукпай этиңе,
Жүгүрбөй кызыл бетиңе.
Желкеңден ырбап карышың,
Жетиптир кашың четине.
Кармашкан менен не пайда,
Кал чабышка чыга гөр,
Өпкөнү алып берейин,
Өжөр да болсоң жыга көр.

Сыдык:
Арыкмын сенден ырасы,
Алышсам жыгам, билип кой.
Кардыңды жарам чаначтай,
Кулакка муну илип кой.
Кусаматың бар болсо,

Калинди чыгар ортого.
Тайгалак башын тердетпей,
Тойгуза көрбө шорпого.
Адебин бүгүн берейин,
«Ка-ха-ха» даари сүрткөндөй
Калган кылын терейин.
Уруулуу журтка дүң кылып,
Убайын калдин көрөйүн.

— дегенимде той ээлеринен бир аксакал чыгып, Ташматка: «Ирегесинде ит кабат» кылбай ырың болсо жөндөп ырдап, мейманга ызаат көрсөт», − деди. Ошондо гана биздин акыйлашуубуз аяктады.

СЫДЫК МЕНЕН АБДЫМОМУН ЫРЧЫНЫН АЙТЫШЫ

Жай айларынын биринде, кайсыдыр жылы бир тойдо Сох тарапта Абдымомун ырчы менен жолугуп калдым. Башка ырчылардай эле мага да айтышуунун кезеги келди. Абдымомун улуураак киши эле, сөздү ал баштады.

Абдымомун:
Уруум бостон, жоо кесек,
Урааны салган тоо кесет.
Жамаатың Кыпчак турбайбы,
Жакалашар жоо десек.

Сыдык:
Жоо кесек, бостон элиң бар,
Жобурап айткан кебиң бар.

Жоктоп бир келген адамды
Жолотпой куучу пейлиң бар.

Абдымомун:
Сыдык ырчы акыным,
Саал эле шекил акылың.
Кыпчактар кырс деп укчумун,
Чынында
Тырыша түштү такымың.

Сыдык:
Катыраң деген жеринде
Кара таш менен арча бар.
Күлдү деген жеринде
Күн күйгүзгөн жарча бар.
Кайсактабай сөзүңдү айт,
Кармашар канча алың бар?
Абдымомун:
Катыраң деген жерим бар,
Канга-ылайык элим бар.
Жүдөтөрмүн, карап тур,
Жүлүнгө саяр кебим бар.

Сыдык:
Кокондун үстү Риштан,
Кор болдуңар бир ууч жан.
Өмүрүңдүн ичинде
Киесиң араң бир ыштан.
Кышында көмүр сатасың,
Тажиктин издеп матасын.
Жазында чымын таласа

Жайлооң жок, кайда качасың?
Эли-жериң белгилүү,
Эмнесин мактап жатасың?

Абдымомун:
Күлдү деген жеримдин
Күңгөйүндө күмүш бар.
Күрпүлдөгөн элимдин
Күндө үйүндө үлүш бар.
Адырында алтын бар,
Алты уруу кесек калкым бар.
Тескейинде теңге бар,
Тунган байлык элде бар.
Өз жеринен нан таппай,
Өксүп келген сенде бар.

Сыдык:
Абдымомун кары ырчы,
Жакшылык кылбас заар ырчы.
Мыйманын ызаат кылбайт деп,
Көрдүңбү,
Нааразы болду баары ырчы.

МАКАНБАЙ МЕНЕН СЫДЫКТЫН АЛЫМ САБАК АЙТЫШ

Басмачылар кутурган жылдарда Маканбай ырчы менен таанышып калдым. Ал мурда байларда, басмачыларда ырдап жүрүп, аларга аялын тарттырып ийип, кол үзгөн учуру экен. Маканбай мага асирет айтып ырдады:

Маканбай:
Абал сөздү, Сыдыгым,
Арманымдан баштайын,
Тагдыр менин башыма
Салганынан баштайын.
Жүлө менен Карванга
Барган элем, Сыдыгым.
Бир келишкен сулуңду
Алган элем, Сыдыгым.
Кең Ноокатка мен келип,
Конгон элем, Сыдыгым.
Ботой менен коңушу
Болгон элем, Сыдыгым.
Жалганга бурбайм сөзүмдү,
Жандап жүрүп өзүмдү,
Ортого коюп бузуку,
Оюптур менин көзүмдү.

Сыдык:
Асмандан добул күн жарааса
Алманын шагы кайрылат.
Арада душман бар болсо
Алгандан алган айрылат.
Кыз тийген жары бар туруп,

Алданып кетсе башкага,
Мыкаачы экен катының.
Маканбай досум, какшаба,
Күнааси чачтан көбөйүп,
Кусуру урсун датыңдын.
Алганын таштап кетиши
Абжиби ошо катындын?
Аялыңдын арманын,
Айтканың менен эп келбейт.
Тагдырыңдын жазмышы,
Эми, талашсаң дагы бек бербейт.

Маканбай:
Басмачы Ботой басмарлап,
Басынтты, неде айыбым?
Тарпка түшкөн жорудай
Тартып алды зайыбым.
Жүзүкара бетбактар,
Жүз үйрүп кеттим силерден.
Аларың экен шу катын,
Артындысы бир эрдин.
Ушуну менен бүтпөстүр,
Уланаар турмуш оокатым.
Оо, какшаган шум Ботой,
Сенин да кайтаар ооматың.

Сыдык:
Оо, курдашым Маканбай,
Мен сага үка-акаңдай,
Насыят берем, угуп тур,
Сен дагы жан бакандай.
Сырымды ачсам капкагын,

Басмачы көзүн бакпагын.
Күн-түнү мактап турсаң да,
Карачы, шунтип жакпадың.
Андан көрө өзүңчө
Тириглик кылып, жан баккын.
Байларды жактап ырдабай,
Пакиза иштеп, мал тапкын.
Алладан күтпөй гайыпты,
Адалын алгын зайыптын.
Кетсе да кетээр бир аял,
Күн келээр жараң айыкчу.

Маканбай:
Өндүрбөс элдин нааласи,
Озондоп ыйлайт баласы.
Өз перзентин жээриген
Ичинде экен аласы.

Сыдык:
Жакага туткан кундузу,
Жалдырап ыйлайт тун кызы.
Кыз-уулун жетим калтырган
Катындын ошо жиндиси.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

1944-жылдын февраль айында Кыргызстандагы колхозчулардын туңгуч съезди болгон. Съезддин акырында Токтонаалы Жалал-Абад областынын, Ысмайыл — Ош областынын акыны болуп, сахнада айтышып чыкты.

Токтонаалы:
Менден кичүү баласың,
Өстү экен канча канатың?
Көрүнүктүү инимдин,
Көргүм келет чамасын.
Учуп көрчү жаркылдап,
Эл таңыркап карасын.
Күлүк болсоң чабышта,
Күүлөнүп байге аласың.
Жорго болсоң талыкпай,
Жолду аябай саларсың.
Акын болсоң агаңдын
Сөзүнө жооп табарсың.

Ысмайыл:
Сизден кичүү баламын,
Сөзүн ук мендей баланын.
Кызматым он жыл артисттик,
Кыргызга кетти кабарым,
Мен да ал-чамасын көрмөкмүн
Алдыда сиздей аганын.
Жаңы тилек, курч жүрөк,
Жарыштан кантип калайын,
Учуудан кантип танайын.

Самап жүрсөң менден ук,
Бүгүн сөздүн таамайын.

Токтонаалы:
Угар сөздү калайык,
Алдыбызда съезддин
Тапшырганын айталык...
Ош жагынан сен болдуң,
Жалал-Абаддан мен болдум.
Кабарын уктуң бекенсиң
Оштун кандай болгонун?
Укпасаң, эми менден ук,
Жалал-Абаддан Ош калды
Жарышка жетпей бош калды.

Ысмайыл:
Быйылкы жылы планы,
Толбой калган ким экен?
Баштагыдай жумушу,
Болбой калган ким экен?
Биздин Ошту сурасаң,
Пахтасын тоодой кырдаган.
Арпа, буудай, ак күрүч
Эмгегин алып жыргаган.
Токтой тур, Токо, теминбей,
Ойнобогун Ош менен.
Он келет сенин жериңдей,
Көрдүң бекен, жан Токо,
Биздин Оштун бойлорун,
Алып барып көрсөтөм
Алайдын улуу тоолорун.
Теңдешер айлың Ош эмес
Теңтушуң менен ойногун.

Токтонаалы:
Көңүлгө түшпөс кеп айттың,
Көрбөгөнсүп бул Ошту,
Бизден кыйын деп айттың.
Көрдүң бекен, Ысмайыл,
Жалал-Абаддын борборун?
Менден уккун эмесе,
Планы кандай толгонун.
Элибиз шайыр, эпкиндүү,
Эмгектин жолун түшүнгөн.
Берген антын актоого,
Бел байлашып күтүнгөн.
Жалал-Абад Ош эмес,
Далайдын өстү салмагы.
Арпа, буудай, ак күрүч,
Эмгекке тунду аймагы,
Областтан байгеге,
Отуз миң теңге алганы.
Колунда турат ал түгүл,
Кыргыздын кызыл байрагы.
Сиздин элдин бар бекен,
Ошентип байге алганы?
Мактаган менен Ошуңдун
Маалим болду ар жагы.
Жалал-Абад болсо экинчи,
Ош болсо артта бешинчи.
Жалкоолук кылбай бекерге
Сен дагы биздей иштеп жетилчи.

Ысмайыл:
«Кызыл-Мээнет», «Кызыл-Шарк»,
Кыргыз эл үчүн кыйын даңк.

Толкуса тоодой күчү бар,
Токо, тизгиниңди жыя тарт.
Көрдүң бекен, жан Токо,
Биздин Оштун аймагын?
«Нариман» деген бир колхоз,
Самолет сатып алганын?
Батышта жоону талкалап,
Барып берди жардамын.
Байлыгын ашкан эл болсоң,
Бар бекен сенин андайың?
Ордени бар төшүндө,
Оту бар экен көзүндө.
Бактысы бар башында,
Баатыр болгон жашында,
Көрдүң бекен, жан Токо,
Оштун Ташмамат аттуу балбанын?
Эки күн айтсам түгөтпөйм,
Эмгектен байге алганын.

Токтонаалы:
Арышың кыска, териң тар,
Начарыраак күлүксүң.
Арстанбаптын тоолорун
Алиге көрбөй жүрүпсүң.
Көп кемчилик мунуңуз,
Көрбөсөң менден угуңуз,
Тоосунда токой чери бар,
Таш көмүр, нефти кени бар,
Атагын кыргыз бүт билет,
Айтылуу Көгарт бели бар,
Адамдын көөнүн сергиткен,
Абасы атар жели бар.

Карагай, кайың, арча бар,
Анжыр, анар, алча бар.
Сен көрбөгөн жемиштен
Көк-Жаңгакта канча бар.
Алып жүрүп көрсөтөм,
Жер жемишин байкап ал.
Жемиши жакшы экен деп
Ошко барсаң айта бар.
Кур кетмек белең, куу бала
Белек-бечкек арта бар.
Бадам менен мисте бар,
Сенде жоктор бизде бар...
Жалкоолук кылбай бекерге
Биздей болуп иштеп ал.
Жалал-Абаддын курорту
СССРге таанымал.
Оштон озду Жалал-Абад
Оолукпай, иним, таанып ал.

Ысмайыл:
Ашыкпай, Токо, токтоп тур,
Аз эле күндө таанылам.
Астыңа түшүп жөнөсөм
Адашарсың чаңыман.
Артта калсаң кубалап,
Аз күндө кууп жетемин,
Беш жылдыкты төрт жылда
Большевикче чечемин.
Бир чыгыпсың, сен быйыл
Дагы келер кезегиң.
Жалал-Абадды көп мактайт
Планы эрте толгонго,

Быйылкы жылы Жалал-Абад
Оштон чыгып койгонго.
Умачтай көзүң ачылар
Бир күнү чыгып койгондо.

Токтонаалы:
Оштон өтүп койгонун
Ойлонуп иним сезди эми,
Агаң десем Ысмайыл
Жалал-Абадды жектеди.
Кой, жан иним, экөөбүз
Айтышканды коёлу.
Артта калып бекерге
Асылганың болобу...
Келечекте жакшы иштеп,
Кемчиликти жоёлу.
Ысмайыл:
Айтканыңдын баары ырас,
Аныгын айтпай, болобу.
Сенден калбас иниңдин
Жактап айткан жообу.
Эл катары жакшы иштеп,
Жалкоолукту жоёлу.
Мындан ары жан ага,
Биз да сиздей бололу.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Токтонаалы:
Кана, Ысмайыл, ырдачы
Менден кичүү баласың.
Акын болсоң сүйлөгүн,
Азыркы заман жыргалын!
Агымында жараштың,
Айтканы таасын болбосо,
Эл көөнүнө толбосо,
Калк эмне карасын!
Жамакка тилин, ийленип,
Жашыңдан күчтүү талантың.
Жебелүү күлүк сен болсоң
Жеткен кези сабатың.
Алымкулдай арышың,
Кажыбай ырдап отурсаң,
Калыктардай багытың.
Калың жыйын сынасын,
Кара жаак, жез таңдай
Ысмайылдын чабышын.
Узакка салсаа улансын,
Улуу десең сен менин
Урматтуу сөзүм угарсың.

Ысмайыл:
Жакшы айттың сөздү, жан ага,
Кулак сал кичүү балага.
Ар убак ызаат кылчу элем,
Аксакал сиздей агага.
Таасындап айткан сөзүңдү,

Таштабаймын талаага.
Айтканыңды укпайт деп,
Андай пикир санаба.
Күлүк болсом чабыңыз,
Байгесин чыксам алыңыз.
Жакшы айтып сөздү эскерттиң,
Бурбагын, иним, деп кеттиң.
Бул айтканың жаңылыш,
Бир атанын уулундай,
Бирге эле го жаныбыз.
Эскиликтен арылып,
Эл көзүнө таанылып,
Эми ачылды багыбыз,
Жаздан бери көрүшпөй,
Самачу элем өзүңдү,
Саламат-эсен жүрдүңбү,
Сагынчу элем сөзүңдү.
Ошондон бери сен дале
Бүгүн көрдүң көзүмдү.
Алды менен сөз баштап,
Аманың кана, Шабданбай?
Ардактачу ага элең,
Саламың кана, Шабданбай?
Адамга салам айтпаска,
Антың барбы, Шабданбай?
Алалбай жүргөн эски доо,
Карзың барбы, Шабданбай?
Элди көрсө ээликме,
Дартың барбы, Шабданбай?

Токтонаалы:
Ээрчип ырдап жакшы айттың,
Этегин бузуп башка айттың.

Ар сөзүндү кечирген,
Агадан мендей таппассың.
Абайлабай калыпмын,
Айып этпе агаңды,
Ала качып калмаң бар,
Антип болбо аралжы.
Балалыгың кала элек
Байкасаң боло чамаңды.
Күпүлдөйсүң жөнү жок,
Күрөшсөм сенден каламбы?
Ала-Тоону айланып
Ар жерден көрдүң далайды.
Айта берсең акындын
Кызыл тили жадайбы?
Айлың кең Чүй, Алчалуу,
Калкы кандай болду экен?
Планы кандай толду экен?
Тукумдары мол бекен,
Башкасын мындай коё тур,
Айлыңдан айтчы кабарды.

Ысмайыл:
Ленин жол — Ленин колхозу
Ашыра бүтүп планды
Орундатты тилегин
Жасап айтты дебегин,
Жаздым эмес бу кебим.
Карой, Талды-Булактын
Кабарың жакшы билемин.
Арпа, буудай, данынан,
Картөшкө менен жүгөрү,
Айдаган эгин баарынан,

Ушул айткан төрт колхоз,
Убадасын актаган.
Тукумун сорттоп тазалап,
Күз башынан тактаган.
Бар шайманын чак кылып,
Сарайына сактаган.
Аттары семиз жулунуп,
Аккуладай таптаган.
Токо, сиздин айлыңыз,
Бул катары барган жок,
Андай түшүм алган жок,
Мен бу байлыкка мактанам.

Токтонаалы:
Алты атам туулуп-өскөн жер,
Карл Маркс, Чоң-Далы,
Бул колхоздор эч кимден
Кем болгон эмес салмагы.
Ушу быйыл кичине
Кемчил болду дан жагы.
Ошентсе да планын,
Толтурушту, чамдады.
Жаздык-күздүк тукумун,
Ашыгы менен камдады.
Эки кило, бир кило
Эмгегинен алганы.
Дан жагынан айлыңдын
Ашык экен салмагы.
Артык айтпай бу жерин,
Аныгынан кармады.
Аркар аяк, тайкы жал,
Асыл тукум чарбаны.

Айылыңдын, Ысмайыл,
Кандай экен мал жагы?
Жыгылар жерге барбайсың,
Жыгар жерден кармайсың.
Кырданасың кыйкырып
Кызылчадан кандайсың?
Карл Маркс колхоздо,
Кызылча арбын себилген.
Арасында чөбү жок
Аралап бассаң күзгүдөй
Эч жеринде өөнү жок.

Ысмайыл:
Алчалууда кызылча
Андай түшүм болгон жок,
Антсе дагы планын
Бүтүрүштү, койгон жок,
Эгиниң начар дегенге
Эң эле катуу таарынды.
Колхозуң кандай экен деп,
Сен козгодуң айылды.
Сөз келгенде турамбы
Көрсөттүм колдо барымды.
Кызылчадан ашыпсың,
Бул жагынан басыпсың,
Жалган дебейм аныңды,
Бул эмгегиң таанылды.
Аралатып ырдадың
Асый, бышты, тайынды,
Ага чейин чыдап тур,
Күзүндө уккун жайымды.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Таалайлуу кыргыз элибиз

Токтонаалы:
Советтик кыргыз эл болду
Таалайлуу улуу жолдогу.
Карысы кайра жашарып.
Жаштары өсүп такшалып,
Эл турмушу оңолду.

Ысмайыл:
Баа жеткис гигант курулуш,
Фабрика, завод орноду.
Байыркы кыргыз эми жок
Асман, жердей болжолу.
Илгерки Пишпек жаңырып,
Иретке кайра салынып.
Ильичтин шамы жагылып
Гүлдөгөн Кыргызстандын
Фрунзе болду борбору.

Токтонаалы:
Фабрика, завод, курулуш
Баалуу сөздөн баштадың,
Табалбай кетип ар жагын,
Тайкылык кылып таштадың.
Жүрөгү жок акындай
Жүдөп анча шашпагын.
Айтуу керек кең Чүйдүн
Илгери кандай жатканын.
Алачыгын артынып,

Тай туягын тартынып
Көчүп жүргөн эл эле.
Анда бала, жаш чагым
Буурусун деген бар эле,
Көрүп калдың, арт жагын.
Илгери Чүйдүн боюнда,
Илим-билим жолунда
Бозоруп жаткан талаа эле,
Боз тикен, шыбак бар эле.
Эрмек чыккан талаага
Эл орноп кыштак салынды.
Какыраган чөлдөрү
Гүлгө оронуп жамынды.
Колхоз, совхоз эл болду,
Казына байлык кең толду,
Көрчү жыргал айылды.
Кант, кызылча, тамеки,
Ойдо жоктор табылды
Ошолордун баарынан
Асыл арбын алынды.
Таалайына таң аткан
Күн санап өсүп бараткан
Күрдөлдүү кыргыз элиң бар.
Ошол элге ылайык,
Оозуңда ширин кебиң бар,
Таңшытсаң боло жаагыңды.

Ысмайыл:
Аягы Талас, башы Чүй,
Айтканыңдай жаңырды.
Аныгын айтып ырдадың
Ким жалган десин аныңды.

Капчыгайга суу сактап,
Каналдар эчен салынды.
Ала-Тоонун кендери
Аркасы бийик белдери,
Күрпүлдөп аккан дайралар
Күчүбүзгө багынды.
Оозуңа кирбей турабы
Ош, Жалал-Абад, Кең-Алай,
Сүйлөбөй турган жер беле
Сүлүктү менен Кадам-Жай.
Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр,
Кымбаттуу байлык ушундай.
Талаасы пахта, тоосу кен,
Эмгекке баатыр, эли шай.
Кара-Сууда, «Кызыл-Шарк»,
Калкыбыз үчүн кыйын даңк,
Байлыгы ашкан кыйладан
Пахтасын тоодой жыйнаган,
Алля Анаров баатырдын
Төшүнө орден сыйбаган.
Баатыр деп өлкөм сыйлаган.
Арстанбаптын астында,
Үч-Коргондун үстүндө
Бүргөндү болот ортосу.
Ошо жерди жердеген
Карл Маркс колхозу.
Кабарын угам алыстан,
Катуу чыкты жарыштан.
Эмгегин угам алыстан,
Эчен жыл чыккан жарыштан.
Ак жибек пахта түшүмүн,
Аябай мол алышкан.

Кабарың жок турбайбы,
Ушу атагы чыккан айылдан.
Жүрөктүү ырчы сен болсоң,
Жүдөгөнүң мен болсом,
Буларды неге айтпайсың
Мурунтан билген эр болсоң?

Токтонаалы:
Айтып өттүң дааналап
Салтанаттуу Түштүктү
Шаанисн менен мактадың.
Байлыгында болжол жок
Каптап ташыйт акчаны.
Жайлоосу Алай, Алай-Куу,
Арпага тушташ баш жагы.
Тайкы деп сени дагы айтам,
Толуп жаткан чарбадан,
Токтолуп бир ооз айтпадың.
Айтайын эми угуп тур
Асыл тукум чарбаны.
Илгерки уйдан эмки уйдун
Эки эсе оор салмагы.
Мактоого арзыйт чынында
Беш эсе арбын каймагы.
Кара кулак шерге окшоп
Букасынын үндөрү.
Торпуда жатса жолборстой
Торпогунун түрлөрү.
Алтындан баасы жогору
Азыркы койдун жүндөрү.
Төрт түлүктүү мал баткан,
Ак-Сай, Арпа, Суусамыр

Соң-Көлгө жайып чардаткан.
Малга жайлуу Тянь-Шань
Байлыгынан сүйлөйлү.

Ысмайыл:
Өзүң айткан Тянь-Шань,
Ырас, өсүүчү жери чарбанын.
Канатташ жаткан Ысык-Көл
Кайрылып эске албадың.
Ырыңдан да чырың көп,
Чымчыгың келет ар дайым.
Күнгөйдө Чолпон-Атанын
Күлүктөрүн айталы.
Москвада чабылып,
Көп улутка таанылып,
Союзда алган байгени.
Азыркы жылкы башкача,
Баары аргымак таптаза.
Илгерки майда чобурдан
Илинбей өтөт аттаса.
Көпчүлүк кайдан кубансын
Көркөмдөп акын айтпаса.
Ысык-Көлдүн башында,
Сары-Камыштын астында,
«Жаңы-Жылдыз» колхозду
Жарашпайбы мактаса.
Кеп кылбайын чарбасын,
Санабайын мал башын
«Жаңы-Жылдыз» колхоздун
Көрдүң бекен там-ташын?
Бурамалуу булактан
Муздак, тунук суу аккан.
Түнкүсүн кыштак балбылдап

Түрдөнүп турат ыраактан.
Колхозунун аймагын,
Курулуш салган жайларын
Айтууга болот ар кандай
Кеңселери, клубу,
Областтык жайлардай.
Төрөт үйү төрт комнат,
Оорукана салынган.
Сүйлөп өттүм долбоорун,
Сүрөттөп өттүм болгонун,
Ырчы болсоң ырдай бер,
Ырыстуу көлдүн бойлорун.

Токтонаалы:
Кыргыз эли башынан
Кылымдарды өткөрдү,
Социализм доорунда
Сан жеткис болуп өзгөрдү.
Санап өттүк бир канча
Салмагы оор сөздөрдү.
Байлыгын ырда жериңдин
Жеңишин ырда элиңдин
Ошонун баарын көз көрдү.

Ысмайыл:
Келтирип айттың баарысын
Кебиңдин жок жалганы.
Толкуну тоодой жеңишке,
Токтолбой өсүп келиште.
Жергелүү кыргыз элибиз
Эмгек менен күн санап,
Гүлдөй берет жерибиз.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Айтып өт элге саламды

Токтонаалы:
Тогуз ай жүрүп айланып,
Бүгүн көрдүм караңды.
Эстедиң бекен Ысмайыл,
Ээрчишип өскөн аганды.
Анда-санда сагынып,
Арзыдың бекен агаңды.
Акын элең, Ысмайыл,
Айтып өт элге саламды.

Ысмайыл:
Көрбөгөнгө көп болду
Көңүлгө салдың далайды.
Ээрчишип өскөн, замандаш,
Эңсесем сендей табамбы.
Аралап көрдүк жайлата
Алма-Ата, Арпа, Алайды.
Улуу киши айт десе,
Учурашып кайт десе,
Унчукпай карап каламбы.
Кылчайып бүгүн баш коштук,
Кымбаттуу көп журт, аманбы?

Токтонаалы:
Байкатып өттү Ысмайыл
Басып өткөн жолдорун.
Барбаган жери аз окшойт

Байкап турсам болжолун.
Келгендирсиң сагынып
Кең Фрунзе борборун?
Кебиңдин мурчу бар эле,
Керегиң тийди, ойногун.
Карысам да бел байлап,
Казакта жүрүп мен келдим,
Кажарың бар инимсиң
Карчыга менен тең келдиң,
Калың жыйың кубансын
Кадимкидей термелгин.

Ысмайыл:
Аксакал болдуң балдарга
Мурутуңду ак чалып.
Сахна бүтүп ачылып,
Кышкы оюнду баштадык.
Кадимкиңдей ырдабай
Турасың, Токо, сактанып.
Кууланбай ырда ушул эл
Кууп чыкпайт ташка алып,
Айтып өткүн сөзүңдүн
Ар жагы турат байкалып.
Ар кайсыга жоробой
Сөздүн чынын айталык.
Жолуккан жерде ушинтип
Жорго бол дейсиң чайпалып.
Баса минип үстүмө
Бастыргың бар го кайкайып.
Токомдун сөзү мына бу
Толуп жатат ылаңы.
Момундун сөзү мына бу

Мобу жакта ылаңы.
Сагызгандан сак эле,
Сактанып турат дагы эле.
Эптеп чалма чала албай,
Ээгимден чалып ала албай,
Ээлигип турат дагы эле.
Мына ушул жерде жолугуп,
Сагындым деп бүжүрөйт,
Кыюусу мекен билгизбей
Кызыл ат бол деп күбүрөйт.
Ат бол десең боло албайм,
Адашып кетсем оңобо.
Сагынганың бул болсо,
Саламат болгур, жолобо.

Токтонаалы:
Кызыл аттай чайпал деп,
Кызыса бир топ айтар деп,
Сүйүп айткан кеп эле.
Көпчүлүктүн алдында
Көө жаба койдуң эми эле.
Кадимкидей чайпал деп,
Кааласа бир топ айтар деп,
Калыс айткан кеп эле,
Кайран сөздү бурмалап,
Каратып туруп жулмалап,
Капкара кылдың, эми эле.
Чыр жагына көсөлүм,
Чыга албайт сенден деги эле.
Бу чыр башы деген азамат
Чын сөзүмдү албады,
Чырдашмасы кармады.

Башы бош сөз калбады,
Баягысы кармады,
Салтанаттуу жыйынга
Айт дедим эле саламды.
Салабаттуу киши элем,
Сагызган дейсиң агаңды.
Сан канаттуу куштардан
Сагызган болуп каламбы?!
Өзүңдүн кандай порумуң,
Байкайсыңбы чамаңды!
Балта жутар чоң жору
Байкасам сендей болжолу,
Казандай болуп калдайып
Канаттары калдайып
Кара ташта олтурса
Куду эле сендей конгону.

Ысмайыл:
Салабаттуу чагыңда,
Эсендешип эл менен
Ээрчишип турсам жаныңда.
Чыр башы деп ырдадың,
Чымчып коюп, кайраным!
Алтымышка барганда,
Ак сакал болуп калганда,
Бастыгаар бекен деп жүрсөм
Баягыдан ырбапсың,
Алты айда келип бир көрсөм,
Ат болуп бер деп турасың,
Аныгын айтсам чычалап
Ар кайсы жакка бурасың.
Жулунуп турсаң карганда

Жөөлөшүп турсаң балдарга
Жылуу сөз кайдан угасың?
Балта жуткан жоруну
Байкап көңүлүм ооруду,
Балта жутса оңобу?
Балта жуткан жорунун
Карааны мендей болобу
Балта жутса шору го,
Оттой көзү кызарып,
Кекиртеги узарып.
Оңбой калган жору го.
Жайын айтсам сагызган
Бир нерсени сен өңдүү
Дароо сезет алыстан.
Кырчаңгынын артынан
Кубалайт, коркпой убалдан.
Кызарганга кызыгып,
Калгандарын чакырып,
Абдан чыгат кумардан.
Байкасам кээ бир кыялың
Башка эмес, Токо, булардан.

Токтонаалы:
Жашың кичүү, Ысмайыл,
Жанаша жүрүп ырдадым.
Жайнаган калың эл турса,
Агаңа ызат кылбадың?
Улантыпсың чыр жагын,
Унутупсуң сый жагын.
Улуусуң деген кебиң жок,
Урматтасаң, Ысмайыл,

Унутуп айтар кебиң жок.
Салттуу сөздөн такыр жок,
Сакалдуу деп сыйласаң,
Сайдан сайга агаңды
Сүйрөй турган акың жок,
Абайлагын чамаңды,
Айтышсам сенден каламбы!
Уруш жагын, чыр жагын
Узатасың талыкпай.
Жашыңда бүткөн адатың
Кошо келди айыкпай.
Ээгиңде эки кылың жок
Кум чайкаган арыктай.

Ысмайыл:
Атактуу акын деп жүрсөм
Айтып өттүң сакалдан,
Сакалы жок кишини
Кууйт бекен катардан?!
Эки боо кылы ээгинде
Эчкилер байге ала элек,
Үстү-башы кооз деп
Үпүптү эч ким сала элек.
Көп сакалдуу кишилер,
Көрсөтмөгө бара элек,
Сакалыңа мактанба,
Оокат ичип жатканда
Жугуп калган май-сайын
Жуубайт экен жатканда.
Оңуна келген сөздөр көп
Оозум барбайт айтканга.

Токтонаалы:
Ойноп айтсам бир сөздү
Салына түштү кабагың,
Сакалдын шайын оодарып,
Тоо менен ташка жамадың,
Кадырдашып күлүшөр
Кармалашып жүрүшөр
Сендейди кайдан табамын.
Кыюусун таап бул сөздүн
Кыскартып айтчы аягын.

Ысмайыл:
Айгышкандай чырдашып,
Эл күлсүн деп ырдашып,
Өткөрдүк сөздүн далайын,
Кызматы бирге өзүндү,
Алтындан бетер сөзүңдү,
Баалабай кантип калайын!
Келипсиң, элим жыйналып
Кубансын деп ырдадым,
Аз болсо да, көптөй көр,
Ыраазы болгун, агайын.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Куттуктоо

Ысмайыл:
Он беш Союз элимдин
Чоң Москва борбору,
Изден тайбай партия
Ильичтин жолун жолдоду.
Эркин таалай, жыргал күн,
Элибизге орноду,
Куттуу болсун боордош,
Украина, Белорус
Элдеринин ушул жыл
Планынын толгону,
Эбегейсиз зор жеңиш
Элде бирдик болгону.
Жыл санап бизди өстүргөн,
Жыргалдуу күнгө жеткирген.
Партиянын биз үчүн
Күзгүдөн жарык жолдору.

Токтонаалы:
Өзбек, Тажик, Түркмөндөр,
Өзөктөш өскөн элибиз.
Ак жибек була, пахтадан
Түгөнбөс байлык кенибиз,
Бир жылда берип отурат
Ала-Тоодой пахтаны.
Партия менен Өкмөт
Эмгегин баалап мактады.

Айтылбай кала бербесин
Анжыр, анар, мейизин,
Санай берсе сан жетпейт,
Жериңе бүткөн жемишиң!
Ленин орден алдыңар,
Өзбек, тажик, түркмөн эл
Куттуу болсун жеңишиң!

Ысмайыл:
Бир желенин төлүндөй,
Ирегебиз бөлүнбөй,
Казак, кыргыз элденбиз,
Кадырлашып сыйлашып
Катар өсүп келгенбиз.
Айта берсем сөз жетпейт,
Ата мекен жериңди.
Ары жагы Алтай, Көкчөтоо,
Аяк-башы керилди.
Өздөштүрүп жер айдап,
Өлкөмө болсун деп айдап,
Өзгөчө берди эгинди.
Жалпы, казак туугандар
Бали, рахмат дедирди.
Ийгиликтүү ишиңе,
Ленин орден берилди.
Кубанып кыргыз тууганың,
Куттуктайт балбан элиңди.

Токтонаалы:
Аркайган бийик Ала-Тоо
Айлана кыргыз калкы бар.
Ак пахта, була кызылча,

Эгин баккан данчылар,
Түрлүү өсүмдүк айдаган,
Дүркүрөп малы жайнаган
Бүт эмгекчи жалпыңар.
Толтурдуңар планды
Мактабастан турамбы!
Жеңип чыгып мелдеште
Союзга жетти баркыңар.
Кубанычтуу жыл болду
Куттуу болсун даңкыңар!

Ысмайыл:

Тоосунда жылкы, уй баккан,
Тобурчак минип туйлаткан
Асыл тукум төл алган,
Ак уяң жүндү көп алган,
Сары алтындай салмагы
Сапаттуу баккан чарбаны.
Мал чарбасы жагынан,
Маанилүү болдук абыдан.
Таластын кара-ала уйлары
Таап берди кыйланы.
Сары майды таластык,
Сары дөбөдөй жыйнады.
Эт менен май көп болсо,
Элибиздин жыргалы.
Күрдөлдүү Чүйдүн боюнан
Күрөң уйлар күч берди
Күнүгө көлдөй сүт берди.
Малчыларга рахмат
Май планын бүткөрдү,
Эки Талас, Үч-Кошой,
Этке жакшы мал берди.

Койлорунун жөнү бар,
Уйларынын кому бар,
Эт ордуна май берди.
Чөйчөгү чукур кызырак,
Казы берди, жал берди.
Ушундайда, Токо, сен,
Сүйлөтпөй сөздү бурмаң бар,
Сөз талашып турмаң бар
Сүрөттөйт элем ар жерди.

Токтонаалы:
Жыйырманчы съездде
Айтылган сөзүн актады,
Ашыгы менен орундап
Ак жибек, була, пахтаны.
Жалпы Союз боюнча,
Жалал-Абад мурун бүттү планды.
Атагына, даңкына
Ала-Тоо эли кубанды.
Ак алтынды жыйнаган,
Пахтасын тоодой кырдаган
Айткым келет буларды.
Жалгыз эле сен ырдап,
Мен жалдырап карап турамбы.
Чоң область Фрунзе
Дан чарбасы жагынан.
Даңкы кетти абыдан
Кант кызылча жагынан,
Жалпы Союз боюнча,
Караансыз чыкты абыдан.
Эмгегин баалап элимдин
Ордени менен Лениндин

Кыргыз элин сыйлады.
Куттуу болсун түбөлүк
Кубанычтуу жыргалы.

Ысмайыл:
Орден алды элибиз,
Ордунан чыкты кебибиз.
Ордендүү кыргыз угуп ал,
Жарыштан алга чыкканда,
Жалпы Союз укканда
Жеттик деп жатып албайлы,
Жеңишти бекем кармайлы.
Кетенчиктеп калбайлы
Келген сыймык атакты,
Кетирбей бекем кармайлы,
Ушул айткан сөзүбүз,
Анык болсун, туугандар.
Маңдайыбыз, жүзүбүз
Жарык болсун, туугандар.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Карыялардын айтышы

Токтонаалы:
Жайы-кышы көп жылдар
Жанаша басып ырдадың.
Жаш эскирип мынчалык
Кыйырын көрдүк кыйланын,
Ойлосо ойго кирбеген,
Кылымда кыргыз билбеген
Турмуштун көрдүк жыргалын,
Элестеп турат көзүмө
Ошондон берки жылдарым.
Көргөн-билген эл айтаар
Көп билчү белең чыр жагын?
Көп жашаган чагыбыз,
Көк-ала болгон маалыбыз,
Айкалышып тең өскөн
Агаңдын сөзүн сыйлагын,
Отурган элди кубантып
Омоктуу сөздөн улантып
Ойдогудай ырдагын.

Ысмайыл:
Элирип ырдап элине,
Эчендер өттү калкыман.
Эмгекчи кыргыз элинин
Акыны болдуң шаңшыган.
Ээрчишкен эгиз козудай,
Удаа чыктым артыңдан.

Урматташкан улуунун
Кадырын кайдан калтырам,
Чоголурак сөз айттың,
Чочуп турам жаңкыңан.
Укуй коюп турмаң бар,
Ушундайыңдан тартынам.
Каяша берсем сөзүңө,
Карыдым деп наалыйсың.
Карыя экен деп койсом,
Калк ичинде каарыйсың.
Карыялык нусканы
Канчага чыксаң тааныйсың?
Ала качма сөзүңдү
Арбытып алдың карганда.
Жеринен жеңил жан эле,
Желпинмеси бар эле,
Кантип калар экенсиң,
Жетимишке барганда.

Токтонаалы:
Эсен болсок эл көрөр,
Кимдин кандай карганын.
Жемелейсиң агаңды
Жеңилсинтип ар дайым,
Кол көтөргүс сенин бир
Коргошун беле салмагың.
Бир кыялың кармаса,
Тилиңдин шекер балы бар,
Бир кыялың кармаса.
Сөзүңдүн уудай зары бар.
Жүйөлүү ишке болбоссуң,

Жөн эле карый койбоссуң,
Жөрөлгөң мага таанымал,
Улуу-кичүү баш кошсо,
Уңгулуу сүйлөйт мен өңдүү.
Телегейин тең санайт,
Тетири болбойт сен өңдүү.
Элинин намыс-арына
Салттуу болчу карылар,
Нускалуу болуп баарына
Барктуу болчу карылар.

Ысмайыл:
Уңгулуу сүйлөйт элем дейт,
Уруштан башка сөзүң жок.
Сүйлөмөк түгүл карганда
Айылга турчу көзүң жок,
Эл менен Током тура албай,
Тоодо жүрмөк улардай.
Бу кыштын күнү отурмак
Эл барбаган аралга.
Жолу татаал, түнт токой,
Жоломок эмес адамга.
Тузак тартам деп жүрүп,
Дуушар болмой каманга.
Арчага чыгып кутулмак
Аз жерден өлүп каларда.
Өчөшкөн бойдон каманга
Өрт коюп иймек аралга.
Кара түтүн, кызыл өрт,
Калың эл келип өчүрмөк.
Кайдан жүргөн неме деп,

Катышкандар жемелеп.
Каардуу бороон, шыбыргак,
Капсалан күнү көчүрмөк.

Токтонаалы:
Токойду бүтүн өрттөтүп,
Тоо ичинде карыттың.
Элге-журтка жолотпой
Ээндетип калыпсың.
Таасындап таап айта албай,
Тайыздыгыңды тааныттың.
Азыркы пейил бул болсо,
Ушу купшуңдаган Ысмайыл
Карганда кимди жарытсын?
Артык баш суук сөзүңдөн
Анчалык баар таппассың.
Кер сүйлөмө жайыңдан
Бүтүн чыгып айылдан,
Келиндериңе батпассың.

Ысмайыл:
Суук чыкты бул кебиң,
Сумсайыңкы сүйлөдүң.
Мен карыган чагымда,
Көрөр элем, көсөлүм,
Бирге болсоң жанымда.
Эрте туруп, кеч жатып,
Көз болот элем айылга.
Карысам да колхоздун
Кызыл кырман маалында,
Жыл сайын жардам бермекмин

Жыйым-терим чагында.
Сенин пейлиң белгилүү.
Жардамга чыкпай жайында,
Жалгыз калып айылда.
Орогу бар белинде,
Наспайы бар ээгинде,
Чөп оруп жүрмөк көрсөтпөй
Арыктардын жээгинде.
Кол сала коймок машактап
Эрте бышкан эгинге,
Айдаганы эки аяк.
Уйга кошкон араба.
Кемпири менен жөн турбай
Эртели-кеч калаба.
Кемпири келмек арызга
«Куу чалдын чыры ашынды,
Айланайын, ага-ини
Куткаргыла башымды.
Көкөйүмө тийиптир,
Көргүм келбейт «каапырды»,
«Сакалымды жулду» деп,
«Сабады, мени урду» деп,
Боорума жаба чай чачып,
Кылбаганды кылды» — деп,
Айыпка жыгып кемпирин
Артынан жүрмөк чыркырап.

Токтонаалы:
Анчалыкка барбагын,
Ашык кеттиң кайраным.
Андай карый койбосмун,
Акыйкат жыргал жайдамын.

Мынча жашка келди деп,
Пенсия берип белгилеп,
Партия менен өкмөт
Кадырлап багат карганын.
Жаңжалдын баары силерде,
Жала кылба бул жерде.

Ысмайыл:
Тууралап баа берелик,
Турпатыбызга карашып,
Сөз таап дурус айта албай,
Тетири кеттиң адашып.
Ар жагы ак кар чалкайган,
Төрдө өскөндөй көрүнөм.
Айлана деңиз чалкыган,
Көлдө өскөндөй көрүнөм.
Жыргалдуу күнгө тууду деп,
Айтып турат сыягым.
Эрегиш сөздөй кылбайлы,
Эл сындасын быягын.
Эчен жыл болду билемин
Эстүүлүгүңдө эсеп жок.
Эртеңден кечке сайрайсың
Эки ооз сөзгө кезек жок.
Көбүнчө сенден чочунам,
Көп сүйлөйсүн чачырап.
Оюн эмес, чын кылып,
Омоктуу сонун ыр кылып,
Азыркы элдин салтынан,
Карыларынын фаркынан,
Сөзмөр элең, Шабданбай,
Сүрөттөп көрчү азыраак?

Токтонаалы:
Кээ бир жандын мүнөзүн
Келтирип айттың сен дагы.
Көп аралап жүрчү элем
Көргөнүм айттым мен дагы,
Сени менен мен эмес,
Түшүнүп турат эл дагы.
Азыркы биздин карылар
Кадыры бар, багы бар.
Багы бар деген себебим,
Баш жагынан келейин,
Жыйырманчы съездде
Айтылбай эч сөз калган жок.
Жыйынтыктап айтканда,
Карыларда арман жок.
Картаюу деген, Ысмайыл,
Узун өмүр деген сөз.
Жашай берсек, Ысмайыл,
Сонунду далай көрөт көз.
Ак сакалды жайкалтып
Ырдай турган ушул кез!

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Сахнаны ачканда

Токтонаалы:
Беш область кыргыздын
Борбору болгон шаарыбыз
Жүрөктөй көргөн эл менен
Жүз көрүшкөн чагыбыз,
Бүт кыргызды аралап,
Жаңы келдик баарыбыз.
Күжүрмөн өсүп гүлдөгөн,
Билимдин жолун сүйлөгөн
Жигиттерге айттым саламды.

Ысмайыл:
Анда-санда баш кошуп,
Аңгеме сөздөн козгошуп,
Ушул сахна, чынында,
Мекен кылган жайыбыз.
Күзгү сезон жүрүшүн,
Баштап кеткен маалыбыз,
Алдыңкы айткан сөзүңдүн
Азыраак жери жаңылыш.
Экиге бөлүп бул жерде
Эркектерге айттың саламды,
Кыздын кырк чачы улуу дейт,
Унутуп кеттиң аларды,
Аял, эркек аралаш
Ардактуу көп журт, аманбы?

Токтонаалы:
Кыздарды айтпай кетти деп,
Кыйыктап жатат агасын.
Ажыраткан жерим жок
Аял, эркек арасын.
Акындык менен бурмалап,
Ар кайсы жолго саласың.
Ашык кетип калабы,
Сен айтып койсоң чаласын.
Кой-кой десем болбойсуң,
Кыздарды улуу ойлойсуң.
Кыздар улуу болгондо,
Бабаңдан энең улуубу?
Байкап көрчү мунуңу.
Атаңдан апаң улуубу?
Атанын жолу бийик жол,
Абайлап көрчү мунуңу.

Ысмайыл:
«Эне тил» деген китепте,
Эненин аты жазылган.
Эрөөн көрүп жатасың
Эчтеме өтпөй башыңдан.
Кыздын кырк чачы улуу деп,
Кылымдан бери калган кеп.
Эл айтып келген жобону,
Ээликпе, Токо, жалган деп.
Сөз билбеген кишиден
Соолуйт экен кайран кеп.
Кылымдан берки кыргыздын
Сен таптыңбы катасын?

Элдик сөздү бурмалап
Эмине деп жатасың?
Эл катары эсепке
Албайт окшойт апасын.
Ак сүтүн берген апаңдан
Анча эмне качасың?
Жек көрө берсең аялды,
Жеңеме кантип батасың?
«Кайыр кош» деп жүрбөсүн
Ээрчитип бала-чакасын.
Үңкүйүп калба үйүңдө,
Өзүң жууп көйнөк жакасын.

Токтонаалы:
Абалы мурун дүйнөгө,
Жер жаралган эмеспи.
Аял-эркек чынында,
Тең жаралган эмеспи.
Ак-сүтүн берип алпештеп
Асырап баккан алабыз.
Өз өмүрүн сарп кылып,
Камкордук кылган атабыз.

Ысмайыл:
Эч кандай сөз бу жерде
Эркек, аял силерге.
Эрмек болуп жатабыз,
Кыз-келиндер, уландар,
Руксат кыл туугандар,
Кышкы сезон оюндун
Сахнасын бүтүн ачабыз.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Кышкы оюнду баштагын

Токтонаалы:
Кыргыек куштай сабалап,
Кыргыздын элин аралап
Каалага жакты айтканың.
Кылчайып бүгүн баш коштук
Кышкы оюнду баштагын.
Кыюусун таап жакшы ырда,
Кыз-келин турат астыңда.
Кубансын кары-жаштарың,
Кылтыйтмаңды карматпа
Кытыгылап арт жагын.
Карысам да сабалап
Колхоз, совхоз аралап
Көрүп келдим далайды.
Алып чыктың жыйынга
Алдыңа салып агаңды,
Жайнаган калың эл келди
Жаш-карысы тең келди.
Торгойдой ширин тил менен
Топко айткын, иним, саламды.

Ысмайыл:
Алдыга басып келгениң,
Адеп салам бергениң,
Ак сакалдык, улуулук
Агасы турса иниси
Айтмак беле жулунуп.
Айтса узай берчү эле

Алтындай сөзүң чубуруп.
Топко салам айткын деп,
Токтой калдың бурулуп.
Күү чертишип бийлеген,
Күлкүлүү сөзүн сүйлөгөн,
Салтанаттуу залыбыз,
Саламатпы, туугандар,
Сапардан келген маалыбыз.
Көргөнү келди ушул эл
Көшөгө жаңы ачылды,
Көңүлдөнүп жакшы ырда
Көп адам уккан атыңы.
Кытыгың күчөп калыптыр
Көпчүлүк укту жаңкыны,
Алтымышка барганда
Ак сакал болуп калганда
Ар кайсыны бир айтып,
Арсаңдап турса балдарга,
Уят болуп жүрбөсүн
Байкап көрчү карганда.
Чектен чыгып кетесиң,
Ченемиң менен жалмаңда.

Токтонаалы:
Саламыңы түз айтпай,
Же бул жерден тынч кайтпай
Карылыктан козгойсуң,
Карөзгөй жалаа сөз жакка
Камынып турат окшойсуң.
Элүүгө жашың таянды
Эми качан токтойсуң?
Калган жок, иним, жаш чагын,

Каадалуу сөздөн баштагын.
Ак карлуу жайлоо жер көрдүң,
Аралап жүрүп эл көрдүң.
Өрүшү жайык жер эле,
Өстүргөндүр чарбаны.
Кана, ырдачы Ысмайыл,
Кандай экен ал-жайы?
Беш бармагы белгилүү,
Кымыздын ичтиң ынагын.
Куп оңолгон экенсиң
Кууп оттоп ыраңын,
Кулач жеткис болупсуң
Кубанып айтып турамын.
Ала качып жөнөбөй
Агаңдын сөзүн улагын.

Ысмайыл:
Аксакалдык жол менен,
А сөздү жакшы сурадың.
Аткарып койду Тянь-Шань
Алдыга койгон ураанын.
Ашыгы менен бүтүрдү
Милдеттенме планын.
Газетте жүрөт басылып
Кээде укпай калат кулагың,
Жыл ортосунда кутулду
Эти менен майынан
Толкуган экен Тянь-Шань
Токтолбой өттү баарынан.
Кочкордогу Жданов
Атактуу колхоз абыдан.
Атактуу деген себебим,

Аныктап айтып берейин:
Кара-Кужур, Семиз-Бел
Кайкалап жаткан тегиз бел.
Салкынга багат чарбаны,
Жетимиш-сексен кил болду
Койлорунун салмагы.
Тоодо жүргөн чабандар
Тобурчак экен мингени.
Сааңда жүргөн келиндер
Сарала шайы кийгени.
Сарайда турган уйлары
Сары таман аттардай.
Салтанаттуу акырда
Саяпкер таптап баккандай.
Ошол уйлар планын
Кантип койсун аткарбай!
Дагы ушундай колхоз көп,
Айтылбай калды калганы.
Тогуз-Торо, Жумгалдар
Ат-Башы, Нарын, Куланак,
Ак-Талаалык туугандар
Тоодой болду салмагы.
Кызматтын, күчтүн барысын
Кырк жылдыкка арнады.
Сен тааныган башкарма
Салам айтты өзүңө.
Сагынды колхоз көпчүлүк
Көрүнсүн деди көзүмө.
Көңүлүм толкуп кубанды,
Көрүшүң керек буларды.
Курсагым чыгып оңолдум
Кууп оттоп ыраңды.

Кууракан го таластык,
Кулагың неге кубарды?
Эл катары таластык,
Аткарган бекен планды?
Жайлата кардың тоюнбай,
Жадоо келдиң, союлдай.
Жалакайлыгың бар эле
Жамандай көрбө буларды.

Токтонаалы:
Жамандабайм бекерге,
Жазы Талас тууганды,
Аягы Талас, башы Чүй
Аралап көрдүм буларды,
Көпчүлүктүн алдында
Көргөнүм айтпай турамбы.
Мурун дыйкан барбаган,
Буурусун чейин салбаган
Таластын башы Үч-Кошой
Комбайн толду жайнаган.
Көрсөң жаңы жер болду
Көпүрөө менен шумкарды.
Жылкы заводдон көрөсүң
Булуттай учкан тулпарды.
Таластын бою Ак-Чийге
Калдайып шаар салынып,
Эски убакта болбогон
Эми өстү Талас жаңырып.
Сары алтындай тамеки
Сарайда топ-топ таңылып.
Мына ушунун баарысы
Октябрь берген жаңылык.

Кырк жылдык улуу майрамды
Жакшы тосуп алышка
Жеңиш менен барышка
Жалпы Талас калың эл
Жаткан экен камынып.
Чүйдүн башы Кеминде,
Боролдойдун жээгинде.
Партсъезд колхоз бай колхоз
Байлыгын санай бербеймин
Бардык жагы шай колхоз.
Сарайлары формалуу
Салынган асфальт жолдору.
Көчөлөрү формалуу
Күзгүдөй асфальт жолдору.
Ушундай далай жаңылык
Октябрда орноду,
Кылымдар өттү миңдеген
Кыпкызыл алтын кең Чүйдүн
Кымбатын эч ким билбеген.
Саргарып жаткан жер эле
Сары өзөн кең Чүй дээр эле.
Жаңырып Чүй болгон кез,
Көп жаңылык толгон кез,
Кызыл-тазыл бул күндө
Кылкылдап кең Чүй жаңырды,
Кызылчаны баккандан
Кызматын ашык аткарган
Ыйманоз менен Сууракан
Ушундай нечен баатырлар
Алтын жылдыз тагынды.
Эмгектин баатыр балбаны
Октябрда таанылды.

Салтанаттуу Тянь-Шань
Салмагын санап мактадың,
Орто-Токой бууган суу
Оозуңа албай таштадың.
Кубарып калган экен деп
Кулагымдан баштадың.
Айдай жүзүм кубарып,
Айнектей көзүм тунарып
Алтымыш деген жаштамын.
Кайдан билсин куу семиз,
Карыганда эттин качканын.
Көк-ала сакал болгондо
Көрөөрсүң, иним, шашпагын.

Ысмайыл:
Сурадың Орто-Токойду,
Суу сактоочу курулуш.
Ой, ой сөз экен дебегин
Он жылда бүттү бул жумуш,
Ички тартип кыймылын
Инженерден угуңуз.
Көз жетпеген чоң өзөн
Көк ирим дайра суу басты.
Суунун үстүн чуулдап
Өрдөк, каз менен куу басты.
Жашаган жери Сибирге
Жазында кайта кеталбай
Жармач куу калат бу жерде.
Кайра жетпей Сибирге
Картаң куу калат бу жерде.
Калыс айткан сөзүмдү
Бу какшык ойлойт бирээрде.

Кылчайып карай электе
Кытыгым бар деп ырдайсың.
Кулачым жетпей турат деп,
Курушкан жерди тырмайсың.
Кабыргаңдан чымчысам
Карымын деп ыйлайсың.
Өмүрүнчө макул деп
Бир сөзүңө турбайсың.
Кары болсоң кагышпа,
Жармач болсоң жарышпа.
Сенден да улуу карган көп.
Эки бети кыпкызыл
Кулач жеткис чалдар көп,
Ошолордун бардыгы
Урматтап жанын багышта,
Асылышпай бул жерде
Урматташып ырдайлы,
Узатпай сөздү алыска.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Кырк жылдык

Ысмайыл:
Эски, жаңы эл көрдүң,
Эки жагын тең көрдүң.
Баштагы эл кандай жүрдү эле?
Байыркы эл кандай күндө эле?

Токтонаалы:
Баштап, иним, сурадың
Байыркы өткөн заманды.
Ак кагаз бетин көрбөгөн
Андагы кыргыз караңгы.
Көйнөгү жоктор көп өттү,
Көрбөй калдың аларды.
Кутурган манап кулсуң деп,
Байгеге сайган адамды.
Эмгекчилердин табына
Эзилген элдин багына
Октябрь таны агарды.
Падышаны жыгышта,
Эзүүчүнү жоюшта,
Талкалап баарын жок кылып
Таалайдын туусун коюшта
Эки тапка бөлүндү,
Эчендин каны төгүлдү.
Актар менен атышып
Колчактар менен кагышкан.
Ошондо Токоң жок эмес,

Капалга чейин барышкан.
Бухардын шаарын бошотуп,
Сарканга чейин салышкан
Калк үчүн жанды аябай
Кан төгүштү тиерде,
Кара тоголок бала элең,
Каймак жеп жүрдүң буерде.
Талыкпай жоону кубалап,
Талкаладык тиерде.
Талкан жок күнү чыр кылып,
Чыны-аягын сындырып,
Сен болсо, чыт курсак кезиң буерде,
Жашымда тарткан эмгектин
Жайын уктуң жаңыдан.
Сен катары болмокмун,
Бир кишиче толмокмун,
Кыңырактай чал дебе
Токоң кыйланы көрүп карыган
Кырк жылдык улуу майрамды
Кыйындык менен алышкан,
Эриксиз күндө турганда
Ээ кылган ушул жыргалга
Атабыз Ильич даанышман
Акын элең ырдагын,
Азыркы элдин жыргалын.
Кыюусу келди ырдагын
Кырк жылдан берки жыргалын.

Ысмайыл:
Токтолуп угуп олтурсам,
Токомдун сөзү жөн экен.
Өзүң менен баргандын

Толмочтору көп экен.
Партизан болгон экенсиң,
Бали рахмат аныңа.
Башкача катуу согушуп,
Күч келген окшойт жаныңа.
Санап өттүң калтырбай
Салмактуу болду кебиңиз.
Социализм доорунда.
Сан жеткис өстү элибиз.
Бардыгын айтуу кыйын кеп
Байлыкка толду жерибиз.
Кырк-жылда сонун жаңырып
Коммунизм жолуна
Кадам койдук эми биз.
Ушул кырк жыл ичинде
Кыйла жалын, өрт болду,
Кызыккан душман көп болду,
Болгон жок бизде чегиниш.
Эмгекчилер табында
Эч качан болбойт жеңилиш.
Өнөрү өсүп элимдин
Ойдо жоктор табылды.
Күндүн нуру жетпеген,
Үстүнөн булут кетпеген,
Түндүк уюл, Муз деңиз
Түбөлүккө багынды.
Ээн жаткан уюлга
Ильичтин туусу сайылды.
Бүт дүйнө бурду көңүлүн
Жердин жасалма жандоочусуна.
Билимдүүсүнүп мактанган
Долларчылар эмгиче

Жетелек экен ушуга.
Жер шарын бүт кыдырып
Жете элегибиз ай калды.
Азыр Совет элине
Дүйнөнүн жүзү таң калды.
Коммунисттик партия
Камкордук кылып калкына
Ушунун баары, калың эл,
Кырк жылда берген жардамы.
Бир туугандай атадан
Бирдикте өсүп жашаган.
Куттуу болсун элимдин
Улуу Октябрь майрамы.

Токтонаалы:
Кайгылуу үндөр басылып,
Муңдуунун кабагы ачылып,
Канкордон эзилгендерди
Катарга кел деп чакырып,
Дүңгүрөгөн дүбүртү
Дүйнө жүзү айтылып,
Өлкөгө чексиз бак конуп,
Өмүрлүк улуу даңк болуп
Октябрь таңы аткан күн!

Ысмайыл:
Өлкөнүн өчпөс чырагы,
Өмүрдүн алтын булагы,
Көсөмүбүз партия
Көп жеңиш берип калкына.
Кылымдык жолду кыскартып,

Кырк жылда баскан убагы.
Дүңгүрөгөн дүбүртүн
Дүйнөнүн укту кулагы.

Токтонаалы:
Адам жеткис зоолорго,
Ак болот бургу чаң салган.
Асылып таап аңтарып
Алтын, күмүш кен алган.
Өзүнүн күчүн аябай
Өлкөмө болсун деп алган.
Ала-Тоонун кажыбас
Алп көкүрөк балбаны.
Башынан булут кетпеген,
Барчындар учуп жетпеген.
Алыскы жаткан малчылар,
Салкынга баккан чарбаны.
Кызылча, пахта багышкан,
Алтынды жерден табышкан,
Эркин иштеп жатпайбы
Эмгектин далай балбаны.
Жыргалдуу Кыргызстандын
Жашы менен карганы,
Кубанычтуу күнүбүз
Куттуу болсун, туугандар,
Улуу Октябрь майрамы!

Ысмайыл:
Көп улуттан куралган
Күн санап өсүп уланган
Колхоз-совхоз эл болгон
Казана байлык кен болгон,

Өрүшүнө, элине
Өзгө душман батпаган,
Касташкан душман аксаган.
Октябрь туусун көтөрүп
Тынчтыктын жолун сактаган.
Жеңиш менен, даңк менен,
Кырк жылдык узак жол баскан
Кыйындыкка карабай
Кыйла татаал белди ашкан.
Алтын жазуу, кызыл туу,
Кылкылдаган байрагы.
Куттуу болсун элимдин
Кырк жылдык улуу майрамы.

Токтонаалы:
Санатка кыргыз кирбеген,
Замандар өттү миңдеген.
Октябрь таңы атканда,
Өлкөгө нурун чачканда,
Союздук кыргыз эл болду,
Салмактуу элге тең болду.
Көтөрүлө бергенде
Көк шумкардай көрүнүп,
Көк булутка киргенде
Көздөн чыгып бөлүнүп,
Бул күндө кыргыз элинин
Кыздары ырдайт асмандан,
Эл болду кыргыз кырк жылда
Эмгекке адис такшалган.

Ысмайыл:
Башынан намыс бербеген
Баатыр орус эл менен

Бир туугандай эл болуп,
Бирине-бири бел болуп.
Санаада жоктор табылып,
Сан жеткис калың жаңылык.
Санатка кирбей жүргөн эл,
Зарылып ичи күйгөн эл,
Кырк жылда кыргыз атагы
Дүйнөгө кетти таанылып.
Куттуу болсун бул жеңиш
Кырк жылда бүткөн жаңылык.

Токтонаалы:
Социализм доорунда
Салтанат менен жыргаган.
Жетилип өлкөм бул күндө
Жеңишин жаштар ырдаган.
Эркы менен баш кошуп
Түбөлүккө достошуп
Эмгекчилер жашасын!

Ысмайыл:
Ильичтин жолун жолдогон,
Ишинде ката болбогон.
Эмгекчилер табына,
Эркиндик түзгөн баарына.
Кайраты курч болоттой
Калкына кырсык жолотпой,
Өлкөнүн жыргалчылыгын
Өз колу менен жараткан,
Тынчтыктын туусун көтөрүп,
Коммунизмге бараткан.
Компартия жашасын!

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Алымкул Үсөнбаевди 60 жашка чыккандыгын куттуктоо

Токтонаалы:
Комуз алып ыр ырдап,
Акындан калган нарк менен,
Калкыңа сиңип эмгегиң
Кадыр менен барк менен,
Ала-Тоонун акыны
Алымкул деген даңк менен,
Куттуу болсун, Алике,
Алтымышка толгонуң,
Эл акыны болгонуң.

Ысмайыл:
Кадырыңды, баркыңды,
Казак, кыргыз эл билет.
Өзбек, тажик, түркмөндөр,
Ошонун баары тең билет.
Ак сакал ырчы Алымкул
Алтымыш жашка келди деп,
Жалпы Союз эл билди,
Улуу, кичүү тең билди.

Токтонаалы:
Тоо булбулу Токтогул
Акындан үлгү алганда,
Элирип ырдап Аликем

Элди оозуна караткан
Алымкул төкмө болгондо,
Акын атка конгондо,
Таалайына табылып
Октябрдын таңы аткан.

Ысмайыл:
Эмгегин ырдап элиңдин,
Байлыгын ырдап жериңдин.
Оозуңа шекер орногон
Баасы кымбат кебиңдин.
Ала-Тоо кыргыз элиме
Алымкул акын дедирдиң.

Токтонаалы:
Аргендей үнүң шаңк этсе,
Айнектей жүзүң жарк этсе,
Ар жыйын угуп кубантан.
Ак таңдайың сайраса,
Алтындай сөзүң уланган.
Гүлдөгөн элдин кулагын
Күкүктөй тилиң сугарган.

Ысмайыл:
Күн санап өсүп жаткан кез,
Инилери, балдары.
Алтымыш жашта өзүңө,
Алтындан оор сөзүңө,
Куттук айтып кубанат
Ала-Тоо кыргыз аймагы.

ТОКТОНААЛЫ МЕНЕН ЫСМАЙЫЛ

Жай сурашуу

Токтонаалы:
Элге концерт берем деп,
Мен кеттим марттын айында,
Азыр көрүп отурат,
Кайда болдуң жайында?
Көргөнүңдүн баарысын
Көп алдында дайында.

Ысмайыл:
Көргөндү айтсам, көп журдүм
Жалал-Абад жагында.
Өзүң көргөн Токтогул
Тоо аркасы айылда.
Пахтасын айдап бүтүрүп,
Чабыгына күтүнүп
Жаткан экен Токтогул
Биз бардык майдын айында.
Колхоздору чоңоюп,
Калк турмушу оңолуп.
Ат соколор жоголуп,
Ар шайманы оңолуп.
Узун Акмат, Чычкандын
Улуу суулары жулунуп.
Кадимки Нарын дайранын
Капталынан урунуп.
Жаткан экен чоң дайра,
Гудоктой үнү угулуп.

Токомдун өскөн жеринде,
Толкуган колхоз элинде,
Аралап аз күн ойнодум,
Кадырды билер өзүңдү
Калемпирдей сөзүңдү
Эриккен кезде ойлодум
Өткөн жайдын ичинде
Өзүң кайда ойнодуң?
Эки-үч ооз айтып бер,
Эл угуп кетсин болжолун.

Токтонаалы:
Барган жерим жогорку
Тянь-Шандын катары,
Билип койгун, Ысмайыл,
Анын Союзга маалым атагы.
Көргөнүмдү айтпасам,
Көөдөнүмө батабы?
Барып түштүм Нарынга,
Катар-катар курулуш
Жаңылык көп шаарында.
Атактуу колхоз Куйбышев
Областтын жанында.
Миң кишилик чоң клуб,
Жасалга менен салынган.
Эки киши сүйлөшсө,
Өзүнөн өзү жаңырган.
Мына ушундай неченди
Көрүүгө болот Нарындан.
Торгарттын берки бетинде
«Пограничник» колхоздун
Сарайы сонун салынган.

Аяк-башы тай чабыш,
Тунике менен жабылган.
Молдакун деген жылкычы
Өстүргөн экен жылкыны,
Баатыры болуп эмгектин
Алтын жылдыз тагынган.
Киров колхоз, «Май» колхоз,
Сурасаң булар бай колхоз.
Баштагыдан Тянь-Шань
Башкача болуп жаңырган.
Өзүң көргөн баягы
Какшыган жерге суу жеткен,
Колхозчулар ыраазы,
Пайданы таап эмгектен
Колхозчунун күчүнөн
Кара зоолор бузулду.
Борчук кара сеңирди
Булуттай көккө учурду.
Кайратын көрчү булардын
Карап туруп кубандым.
Камгактай учту ээрдей таш,
Калдаңдап учту сендей таш
Далай учту ээрдей таш,
Далдаңдап учту сендей таш,
Карап жатпай үйүнө,
Карылар үйөт үймөгүн
Көрүп көөнүм кубанды
Каткырып иштеп жүргөнүн.
Билгенге эмгек майданы —
Кызыгы экен дүйнөнүн.
Ооздон жулуп айтышып,
Өйдө-төмөн тартышып

Жанымда бирге жүрбөдүң.
Жалал-Абадды айт десем
Жармачыраак сүйлөдүң.
Токтолуп, иним, бул жерде
Токтогулдун шаарын айт.
Үч-Терек менен Таш-Көмүр,
Ушулардын баарын айт.
Барып жүргөн жер эле,
Көрүп жүргөн эл эле.
Курбу, курдаш жан-жоро
Сурады бекен, жайын айт.

Ысмайыл:
Кара аскалар куланса,
Канал алып чыгарса,
Калкыбыз үчүн жаңылык.
Тоо туруштук бере албай,
Баш ийген экен багынып.
Калдаңдап учса мендей таш,
Кетти экен кайда сендей
Жорудай учса мендей таш,
Жоголгон го сендей таш.
Токтолуп бир аз айтайын
Токтогулду сурадың.
Тоо-талаасын бүт айтсам,
Тойбогон экен кулагың.
Айтпай кеткен экенмин
Райондун борборун.
Азыр айтып беремин,
Ага капа болбогун.
Оңдобоптур эмгиче
Автобустун жолдорун.

Жол бөлүмү бар экен
Билбеймин качан оңдорун.
Үч-Теректик тууганың
Пахтасын жакшы бакпаптыр,
Чабыгын түзүк чаппаптыр,
Ала-була сугарып,
Ар жерин кургак таштаптыр,
Казана байлык жер эле,
Кара алтындай кен эле.
Таш-Көмүргө келейин,
Таасымдап айтып берейин.
Көрктөнүп шаар жаңырып,
Көбөйгөн экен жаңылык.
Айланасы көз жеткис,
Ар түрдүү жайлар салынып.
Көл орноткон шаарына
Белестен сууну кайырып,
Көргөн киши экинчи
Көксөгүдөй сагынып.
Тянь-Шандан кыдыртып,
Айтып өттүн там-ташын,
Бир оозуна албадың
Буудайы менен арпасын
Эгини кандай чыгыптыр,
Толтурат бекен кампасын?

Токтонаалы:
Талаасында мелтиреп
Жакшы чыкты дандары.
Айтайын, иним, угуп тур
Ак-Сайдан көрдүм чарбаны.
Кой семирип жон алып,

Уй семирип ком алып,
Асыл тукум жылкылар,
Кулундай ойнойт тайлары.
Суусамырга келмекмин
Сурооңдун болсо калганы.
Кызарттан бери кыдыртсам
Кетирермин аргаңды.
Таасын көргөн көрүнөт
Таш-Көмүрдү мактады.
Айткың келбей турабы
Ак жибек—пула, пахтаны?
Эсиңден чыгып турабы
Базар-Коргон, Ленин-жол,
Берки Сузак жактары?
Ак алтынды унутуп,
Акылынан шашканы.

Ысмайыл:
Шашылсам сөздү неге айтам,
Шашма деп, Токо, сени айтам.
Шаариси менен уксун деп,
Бир четинен келатам.
Күүлөнбөй, Токо, тура тур,
Гүлдөгөн элди эми айтам.
Базар-Коргон, Ленин
Пахтанын кени башынан,
Октябрь, Сузак бул төртөө
Байлыгы ашып-ташыган.
Карл Маркс колхоздун
МТСи Бүргөндү,
Эчен жолу аралап,
Көргөндүрсүң бул жерди.

Пахтасын мыктап багышкан,
Бардыгы ишке даанышман,
Гүлдөгөн кезде пахтасын
Гүлкайыр дейсиң алыстан,
Асылып арбын түшүрүп,
Планын ашык бүтүрүп,
Былтыр да озгон жарыштан.
Жалал-Абад эли көп мактайт,
Жакшы колхоз деп мактайт.
Калинин «Коминтериди»,
Анын да былтыр планы
Ашыгы менен берилди.

САЛАМДАШУУ
(Ысмайыл менен Токтоналы)

Токтонаалы:
Түштүгү жибек, данга бай,
Түндүгү шекер, малга жай
Жерибиздин атынан,
Сары алтын, күмүш, жез калай
Санат жеткис бир далай,
Кенибиздин атынан,
Ак кардуу Алай, Тянь-Шань,
Булуту кетпей калкыган,
Бүркүтү зордо шаңшыган
Белибиздин атынан
Саламдашып алайын,
Саламатсыздарбы, агайын?

Ысмайыл:
Апийим баккан, дан баккан,
Асыл тукум мал баккан
Элге атагы угулуп
Эмгектен чыккан кайратман,
Баатырлардын атынан,
Калеми чебер, сөзгө бай,
Калкыбызга белгилүү
Кубанычбектей, Аалыдай,
Акындардын атынан,
Карамолдо, Осмонкул
Карысынын атынан,
Ак калпак кыргыз элинин
Баарысынын атынан,
Эсендешип алайын,
Эсенсиздерби, агайын?

Токтонаалы:
Караганды, Көкчө-Тоо,
Сары-Арканы жердеген,
Жалпы казак тагалар
Жарышта намыс бербеген.
Көңүлүм дегдеп алыстан
Көрсөм деп жүрдүм араңды.
Салтанаттуу, тагалар,
Сагынганда айттым саламды.

Ысмайыл:
Жаш кезектен бир басып,
Жанаша жүрүп ырдашып,
Көрүп келдик далайды.

Өзүңө сөз тийгенде,
Ойлобойсуң адамды.
Теминип, Токо, шашпагын,
Тең айталы саламды.
Сени «таяке таап алды» деп,
Мен таңыркан карап каламбы?
Аралап келип олтурам,
Алма-Ата шаар калааңды.
Каны бирге боордош,
Казакстан аманбы?

Токтонаалы:
Тагама салам айтканга,
Тартынбагын аңчалык.
Адатыңды карматпа
Алма-Атада чаң салып,
Желпинме сөзүң көп эле,
Аны жерибизде айталык.
Талашпай бир аз туруңуз,
Тагаларымды угуңуз.
Эшиттиң бекен, жок бекен:
Атактуу акын Абайды.
Кайран киши калкына
Калтырып кетти далайды.
Казак, кыргыз эл билет
Карыя Жамбул атаны.
Өлкөбүзгө түбөлүк,
Өлбөй калды атагы.
Кени болот өлөңдүн,
Кенен, Үмөталылар,
Ауэзов Мухтар сыяктуу

Дөө-шааларын таанып ал.
Күрдөөлдүү казак калкынын
Күкүктөй үнү шаңшыган.
Гүлдөгөн элге ылайык,
Шайырлардын баары бар.

Ысмайыл:
Жалпы Союз эл билет,
Жамбул менен Абайды.
Сүйүктүүлөрүн көрсөтүп,
Сүрөттөп өттүң далайды.
Жеткире жакшы мактадың,
Жээндигиңди актадың.
Казак-кыргыз бир тууган
Каныбыз бирге элденбиз.
Кадырлашып, сыйлашып,
Катар өсүп келгенбиз.
Кылкылдап калың эл турса
Кыргыздан бирди айтпадың.
Тоо булбулу Токтогул
Торгою экен адамдын.
Күнөөсү жок айдалып,
Бир кезде, күйүтүн тарткан замандын.
Казак, кыргыз баш кошсо
Кайсы акындан кем эле.
Кара жаак, жез таңдай
Казана байлык кен эле.
Кадырын бир ооз айтпадың,
Кайран Калык аганын.
Санааңа такыр кирген жок,
Саякбай менен Сагынбай,

Эмгек кылып жазбаса,
Эл журтуна айтпаса,
Баатыр Манас жомогу
Калбайт беле табылбай.
Агаларыңдын эмгегин
Айтуучу элең абыдан,
Алма-Атага келгенде
Алыстап калдың жанымдан.

Токтонаалы:
Казак, кыргыз түбүндө
Бир атанын кулуну.
Азыркы айткан кишилер
Акындардын тунугу.
Экиге бөлгөн жерим жок,
Эч кимге жаман кебим жок.
Чындыкты кайда катабыз
Ысмайыл, чыр чыгарар эбиң жок,
Ой, туугандар, тагалар,
Токмок деген шаар бар,
Бул ошол жерде туулган.
Токмоктошуу жагына
Токтобой кирчү уулдан.
Жүйөөлүү сөзгө баш ийбейт.
Мунун жүргөн жери чуулган.

Ысмайыл:
Токмоктон чыккан акындар,
Сендей тоң моюнду токмоктойт.
Ээнбаш жүргөн ырчыны,
Топ-жыйынга токтотпойт.

Саламдашат деп келсем
Санап кирдиң тагаңды.
Токмоктоп жаткан жерим жок,
Томуктай катуу кебим жок.
Токтогул, Калык жөнүндө
Токтолгонум жаманбы?
Узап чыкса кыргызды
«Унутуп» койчу чамаңды.
Салтанаттуу туугандар,
Замандаштар, курбулар,
Карындаштар, эжелер,
Карыя ата, энелер,
Кең Фрунзе шаарынан
Келип турбуз жаңыдан.
Эсине алып силерди,
Партия менен өкмөт
Эсендеш деп жиберди.
Көңүлгө алып силерди,
Гүлдөгөн казак тууганды
Көрүп кел деп жиберди.
Ушул келген артистте
Эркеги бар, кызы бар —
Эл шайыры ушулар.
Балдарга кезек берели,
Бар десе кайта келели.
Таланттуу бир топ жаштар бар,
Ошолордон чыгарып
Тамаша салып берели.

ЧАЛКАНГА АРЫЗ

Токтонаалы:
Ак, караны ылгаган,
Адилет жолун чыңдаган,
Аксакал, Чаке, аманбы?
Алды менен ашыкпай
Айтканым жакшы саламды.
Ысмайылды атайы,
Ээрчитип келдим бул жерге,
Ысмайылдын үстүнөн
Арызым бар, Чаке, силерге.
Ысмайылдын мүнөзүн,
Көрүп турсаң күйөсүң.
Илгерки «кожо-төрөдөй»
Жогору баалайт бир өзүн
Абдан жеткен чыр экен.
Мойнуна албайт күнөөсүн.
Жалгыз өзү билем дейт,
Элдин сөзүн жаратпай.
Карыны кары билбесе,
Каарданып тилдесе,
Ушул кыял бул мүнөз
Жакшылык кылбайт адамга,
Жарашпайт биздин заманга.
Айта берсем бул өңдүү
Мүнөзү көп ар кандай,
Жакшылап, Чаке, текшергин,
Арыздын ээси Шабданбай.

Ысмайыл:
Учурашып алайын,
Урматтуу Чаке, эсенби,
Угуп туруп бул сөздү,
Унчукпай чыгып кетемби.
Жалган жалаа арыз менен
Жадаткан болчу неченди.
Бу киши берген арыздан,
Илгери бала кезимде,
Бир өзөн эл чабышкан.
Жандимилиги эсепсиз,
Жалпы элди токтотуп,
Жарышка чыкчу кезексиз,
Жайы-кышы тим жүрбөй,
Жармашып алат жаштарга.
Жардамы жок элге деп,
Жаман көрчү башкарма.
Салт-санаасы жагынан,
Сабырсыз киши абыдан.
Жолунан каршы чыкса да,
Жолобой качат тааныган.
Сак болсун, Чаке, балдарың
Сага келди жаңыдан.
Табышкер таякеси бар,
Таң атпай турат азандан.
Такыр калбайт базардан.
Жаймага коюп эт сатат,
Жанталашып жулунуп,
Жалгыз уюм деп сатат.
Зооттон иштейт балдары,
Соодагер болот карганы,
Тукаба, баркут, чий баркут,

Билинбейт канча алганы.
Күнөөнүн баары өзүндө,
Калыс бол, Чаке, чындыкка,
Касиет бар сөзүндө.

Токтонаалы:
Адамдын жаны чыдагыс,
Айтып турган сөзүңө,
Калпты чындай сүрөттөп,
Кайта асылды өзүмө.
Түлкүдөн мурда түшүнөт,
Башкарма экөө байланыш,
Түнкүсүн ишин бүтүрөт.
Салабаттуу кишимин,
Сакалыма асылба.
Салтты билбей, Ысмайыл,
Сакалга каршы башында.
Кыл-кыбырын тазалап,
Алыш керек сакалды.
Кыргыйдай сылап кулпунтуп,
Багыш керек сакалды.
Быйыл көрдүм жайында,
Кегетинин сайында,
Сенин бир жакын тууганың,
Сакалына таң калдым.
Тизесиндей бууранын,
Көзү араң жылтырайт,
Көрсөтпөй баскан кулагын.
Тамга басып койбосо,
Таанып да болбойт ыраңын.
Ысмайыл, туугандарыңда,
Тазалык деген такыр жок.

Тартибиңди сүйлөдүм,
Талаша турган акың жок.

Ысмайыл:
Тартипке мени чакырып,
Тазалыкты сүйлөдүң,
Тазалык деген биринчи,
Таттуу жери дүйнөнүн.
Али билбейт экен го,
Агасы кандай жүргөнүн.
Арашандан келатсам,
Агасы чыкты жолуман.
Кайрылып чай ичкин деп,
Кармап алды колуман.
Аксакал киши айткан соң,
Аргасыз түштүм үйүнө,
Чакадай кара чайнектин
Чок коюп койгон түбүнө,
Тооктун балапандары,
Толуп алган күлүнө.
Дасторкону жуулбайт,
Казан-аяк жагында
Кара чымын чуулдайт,
Эсиме салды бу жерде,
Эми айтайын силерге.
Бу кишинин иниси,
Жаш кезде окуп бүтүргөн,
Жалпы шартка түшүнгөн.
Кудай жок деп турчу эле.
Орозо кармагандарды,
«Оозуңду ач» деп урчу эле.
Опурулуп иниси,

Ошончолук курч эле,
Көөдөнү жок кем экен,
Көпкөндө айткан кеп экен.
Жегичтиги сезилип,
Жеринен кетип кесилип,
Ал адатын коюптур,
Айдоодон бура тартканда,
«Ак пайгамбар» болуптур.
Галстугун таштаптыр,
Кайран көсөл күрсүлдөп
«Касыйда» окуй баштаптыр
Чачынын баарын алыптыр,
Чакадай селде чалыптыр.
Чаркылдап теспе колунда,
«Чалыяр» болуп алыптыр.
Төрөбөгөн келинди,
Төрөтөм деп калжырап,
Төрөмөк түгүл бир тобу
Турмушунан ажырап...
Сопу туугандары бар,
Зоордо ичет аракты,
Ашыгып калса намазга,
Албай да окуйт дааратты.
Төлгөчү кетпейт төрүнөн,
Кудайдан кабар алам деп,
Кумалак жайып дөөрүгөн.

Токтонаалы:
Ысмайыл, сенин пикириң,
Ынтымагын кетирип,
Ыркын бузат кишинин.
Бир эле четин айтайын,

Быйылкы кылган ишиңдин.
Агасы экөө күзүндө,
Ат чаптырып аш берди.
Чыгымын тарттык чыркырап,
Торпоктон тогуз баш келди.
Ошентип журүп булардын,
Уй планы толгон жок,
Аш менен той деп жүрүп,
Айылга торпок койгон жок,
Колхозго өтчү мал эле,
Кагазы турат дагы эле,
Торпоктор ошо бойдон жок.
Ушинтип жүрүп казылбай,
Кызылча калды кар басып.
Кызыл аяз бороондо
Кыз-келиндер зардашып...
Он тыйын чыкпай жанынан,
Олжого тунду абыдан.
Бири да толук бүткөн жок,
Милдеттенме жагынан.
Бардык иш жакшы болду деп,
Мал планы толду деп,
Жалган эсеп жазышат.
Ушунун баары колдо жок,
Уялбай печать басышат.
Акчадан эмгек алган деп,
Анын баары жалган кеп.
Буудайдан эмгек алган деп,
Мунун баары жалган кеп.
Ага, иниси иштебейт,
Аларды албайт эсине.
Колхоздун бүтүн байлыгын,

Карматып койгон кээсине.
Уруучулук айрандай,
Уюп калган мээсине.
Тарбия жетчү киши эмес,
Чаке, тапшырсаң экен ээсине.

Ысмайыл:
Чаке, мен айтайын угуңуз,
Мага да көңүл буруңуз,
Мен ошо жерге барганда,
Кой жетелеп келди эле.
Өзү союп бышырып.
Өрүлүк деп берди эле,
Мен кызматта жүргөндө,
Кайнатаң менен теңмин деп,
Кайран маркум атаңдын
Асылкечи менмин деп.
Аялыма аюунун
Талпагын алып келиптир,
Кур кетпесин атам деп,
Агарып кетсин жакаң деп,
Он беш, жыйырма метрдей,
Атлас алып бериптир.
Бу киши келсе сүйүнүп,
Чоң ата дечү балдарым,
Сураганын берчүбүз,
Ким санаптыр алганын.
Мен кызматтан бошонуп,
Көчкөндө көрдүк атанын,
Көкөйдөн кеткис чатагын.
Өрүлүк кылган коюнун
Өчүрбөс болду атагын.

Талпагын сууруп алышты,
Талоон кылып калышты.
Көргөн-билген киши бар,
Мындан да башка шумдуктуу.
Көп алаамат иши бар.
Каражал сур бээ жетелеп,
Төрт киши келди күүгүмдө,
Куда, күйөө келди деп,
Карбалас болду үйүндө.
Бээсин алып байлады,
Бер жакка самоор кайнады.
Төрт кишини өзүнчө,
Төркү үйүнө жайлады.
«Карындашың бечара,
Кайрылгыс жакка кетти — деп —
Сөөк жаңыртып алалык,
Кыз балаң бойго жетти деп,
Бээ баштаган он миң сом
Кудалар алып келиптир.
«Кудай, арбакты» актайм деп,
Эски сөөгүм илгертен,
Эми мындай таппайм деп,
Макулдугун бериптир.
Алмадай болгон баламы,
Аюудай чал алабы.
Малың менен куру деп,
Мага угузба муну деп,
Байбичеси кейиптир.
Кудалардын үстүнөн,
Байбиче чыкты кубарып.
Артынан чыкты бул киши,

Маңдайы тердеп кубанып.
Кызы шекшип ошондо,
Айнектен тыңшап туруптур.
Андан калган кемчилин,
Апасынан угуптур.
Эртеси түнү кызы жок,
Ордуна кат таштаган.
Катын алып окусак,
Сөз калбаптыр жазбаган:
«Уятсыз ата, угуңуз,
Уурудан жаман бул жумуш,
Согумга сойдуң сур бээни.
Кырчындай бала чагымда,
Кантип кыйып турасың,
Кып-кызыл күйгөн жалынга.
Алты өрүм чачым жаагымда,
Айдай бала чагымда,
Алтымышта бир чалдын,
Отурам кантип жанында.
Ата болбой жерге кир,
Алмашкың келет калыңга...»
Максатыма жеттим деп,
Аягына кол койгон,
Балалыктан бездим деп.
Кыз саткыч неме калыңга
Салабаттуу кишидей,
Сайрап турат жаныңда.
Законго сыйчу иш эмес,
Чаке, өзүң текшергин,
Биз менен жүрчү киши эмес.

Токтонаалы:
Ээсиздигиң сүйлөсөм.
Эл менен жүрбөй каламбы,
Эзелкисин ойлонун,
Эскиликти колдонуп,
Ысмайылдын агасы,
Экиден алат аялды.
Эл менен жүрчү бул бекен,
Эстеп да койбойт аларды.
Байбичеси кышкысын
Балдары менен айылда.
Кызмат кылбай колхозго,
Кымызга кетет жайында.
Кичи аялы сакмалчы,
Кой төлдөгөн маалында.
Чабан эмес, койчу эмес,
Чалы да кошо жанында.
Көрсөтпөй келип кээ кезде,
Көрпө сатат айылга.

Эгиз тууган койлорду,
Ээлеп алат акырын.
Эн сала коюп менчиктеп,
Эптеп табат акылын.
Кагыштырып чабанды,
Кан какшатып аларды,
Койлордун жеми-чөбүнө
Кожоюн болот көрүнө,
Кара ниет куулардын
Чаке, карабас керек көөнүнө.
Эми, Чаке, кайтамын,
Эң акыркы айтарым,

Элибиз эскичиликтен
Кутулуп сонун эл болду.
Аял-эркек баарынын,
Укуктары тең болду.
Уул-кызы кыргыздын
Ушунчалык өскөндө,
Коммунизм жолуна,
Кадам коюп өткөндө,
Ысмайылдын агасы,
Экиден аял алабы.
Партия менен өкмөттүн,
Мындай эмес талабы.
Эми, Чаке, буларга,
Өзүң колдон чараны.

Ысмайыл:
Улам артын күчөтүп,
Уландырдың сөзүңдү.
Башка элдин таап кемчилин,
Байкабайсың өзүңдү.
Аял алуу жагынан,
Бу кишинин иниси,
Адистик кылат абыдан.
Ат жалдап тай которуп,
Ажырашат баарынан.
Отуз бешке чыга элек,
Орундуу бир иш кыла элек,
Он чакты болду алганы.
Апасын ээрчип бозоруп,
Ар жерге кетти балдары.
Бир баласы колуңда,
Бир баласы боюнда.

Төшөгүн алып кете албай,
Төркүнүнө жете албай,
Бир келини туруптур,
Машинанын жолунда.
Энесин кыйнап чыркырайт,
Элеси турат оюмда.
Табыйгый бүткөн булардын,
Таш бар го деймин боорунда.
Эстүүсүнүп сүйлөйсүң.
Эпчилдигиң ушубу.
Балапандай соолуттуң,
Балдардын кимге кусуру.
Жер жүзүндө айбанат,
Багып коргоп өстүрүп,
Балдарына байланат.
Кыпындай жок акылы,
Мээримиң жок айбанча,
Ким десек болот атыңы.
Өзүм көрдүм жакында,
Өткөн айдын башында,
Жетелеп келди бир кызды,
Аны да айдап жиберет
Жеткирбей жыл маалына.
Сырын билбей келиптир,
Сыздатат го аны да.
Кадеми каткан шордуу экен,
Кажердин кызы болду экен.
Көрмөксөн болуп тим койсо,
Көнгөн адат жоголбойт.
Көп аял коё бергендер,
Көпкөндүк кылып келгендер,
Чаке «көңтөрүш» кылбай оңолбойт!

Чалкан:
Аксакалдар айтышып,
Арызыңарды бүтүрдүң,
Экөөңөр кылган иш эмес,
Өзүм да терең түшүндүм.
Караңгылык доордо,
Кан соргуч болгон далай жан.
Колубуз менен алыстап,
Коштошконбуз алардан.
Азыр совет элинин,
Босогосу болоттон.
Бой тирешкен душмандын,
Далайын сүрүп жоготкон.
Эмгек кылып өспөгөн,
Эски адатты көксөгөн,
Баш оорулар дагы бар,
Аларга да өзүнчө,
Жыттата турган дары бар.
Эки аксакал ырахмат,
Келипсиздер алдыма.
Ушундай иштер жок эмес,
Унутпай эске алгыла.
Чарчадым дебей келип жүр,
Чалдыкпай койбойт сиздерге,
Чакеңе кабар берип жүр.

ТОГОЛОК МОЛДОНУН ЖҮЗ ЖЫЛДЫГЫНДАГЫ ЫР

Токтонаалы:
Аркайган бийик Тянь-Шань,
Акындын жаткан бешиги.
Абалы баштап дүйнөгө,
Ачып кирген эшиги.
Он жети жашка толгондо,
Оргуп кайнап таланты,
Акыл пайда болгондо.
Акындык болгон кесиби
Ала-Тоонун боорунда.
Адабият жогунда
Тарыхта калчу ыр жазып,
Далай сонун сырды ачып,
Ошол эле доордо Молдонун,
Ойгонгон экен сезими.
Казак, кыргыз эл билет,
Молдокемдин салмагын.
Өтүп кеткен абаңдын
Өрнөгүн айтып сайрагын.
Тим эле карап олтурбай
Комузуңду кармагын.

Ысмайыл:
Жакшы айттың Токо ушуну,
Жалпы кыргыз ал кезде,
Караңгы жаткан учуру.
Муну Байымбет абам көп көрдү,
Басмакана жогунда,

Байыркы элдин доорунда,
Эмгегин элге таратып,
Колдон-колго өткөрдү.
Казана байлык кен кылып,
Кап тоосу менен тең кылып,
Калк үчүн иштеп Молдокем
Калтырып кетти өткөндү.
Белгилүү болуп келсин деп,
Бек кармап жазган калемди.
Көпчүлүк окуп билсе деп,
Көзүбүз өтүп кеткенде
Көөнүнө алып жүрсө деп,
Көксөгөн ушул заманды.
Өлкөбүзгө эмгеги,
Өлбөс болуп жаралды.
Кантип айтпай коёюн,
Кадыры бийик абамды.
Эми койсоң болбойбу,
Ээгиңде сакал агарды.
Тыбырап кетмең бар эле,
Тырматып албай жараңды.

Токтонаалы:
Абаңдын баскан жолдорун,
Көрбөсөң да долбоорун,
Элестетип баштадың.
Кучакташып тең өскөн
Курбуларын таштадың.
Муратаалы, Токтогул,
Куйручук менен курбу эле,
Ар жыйында баш кошуп,
Аралашып турду эле.

Сагынбай менен санаалаш,
Жаш кезинен Манасты
Жазган экен аралаш.
Калык акын үлгү алган,
Казак менен кыргызда
Кабарын укпай ким калган.
Казактын Жамбыл карысы,
Катар өскөн курбу экен.
Кадырлашчу баарысы.
Каламы талбай карганча,
Кажыбай иштеп балдарча
Капкайда кетти арышы.
Көк деңиз экен таланты,
Көкүрөгүнө сыйбаган,
Чогултуп бардык эмгегин,
Чоробаев жыйнаган.
Айта бергин ырыңды,
Нарынга салба чырыңды.
Айтышмак түгүл сиз менен
Сүйлөшкөндөн кыйналам.

Ысмайыл:
Жашың улуу жан курбу
Жайы-кышы бир басам,
Жактырбайсын ырдасам.
Чыдай албайт окшойсуң
Чымчып коюп турбасаң,
Ак калпак кыргыз эл билет,
Молдокемдин эмгегин.
Алагды болбой угуп ал,
Айтылбай жаткан жерлерин,
«Муктасар» менен «Бедилди»

Мурун окуп бүтүргөн,
Фантазия экенин,
Бала кезде түшүнгөн.
Адабият белек деп,
Акыры элге керек деп,
Алыстан билип күтүнгөн.
Манаптарга байланбай,
Мал жыюуга айланбай,
Тарыхтан жазып ырдаган,
Табылгыс мүлктү жыйнаган.
Карыпты көрсө кайгырып,
Бечарага берилген.
Топудай бала кезинде,
Тоголок Молдо дедирген.

Токтонаалы:
Молдокемдин эмгеги,
Уруятта уланды,
Уккандын баары кубанды.
Узатып айтат деп турсам,
Унутуп кеттиң буларды.
Эмгекчи табы жеңгенде,
Эркиндик доору келгенде,
Эркин тоо деп ырдаган,
Эл оозунан түшүрбөй
Эми да айтат кыйла жан.
Кремлге киргизип,
Орден тагып сыйлаган.
Тоголок Молдо абамдын,
Жүз жылдыгына эстелик.
Толкуду кыргыз эскерип.
Эмгеги синген калкына,

Эмгегин элге угузуп,
Эстелигин тургузуп
Өлбөс-өчпөс иш кылды
Өкмөт менен партия.

Ысмайыл:
Тооруйсуң да турасың,
Томуктай жылуу кебиң, жок
Толкундабай тура тур,
Толук айткан жериң жок.
Орус эли кыргызды,
Катарына чакырды,
Эскилер урмат «кылчу эмес,
Элден чыккан акынды.
Молдокемдин китеби
Эчен тилге басылды.
Көркөмдөп жазган калеми,
Көп улутка тарады.
Алтындан баалуу калеми
Ар улутка тарады.
Ак калпак кыргыз эл үчүн,
Алдыңкы сыймык а дагы.
Адилет заман болбосо,
Айтылбай калмак кабары.
Кабары жетет Молдонун
Буткүл совет калкына,
Кадырын бийик көтөргөн
Коммунисттик партия.
Ленин түзгөн партия,
Жер шарына жеткирет.
Окуган элдин баарысы,
Жашы менен карысы,

Акындын туулган мекени,
Ала-Тоо кыргыз деп билет.
Молдокемдин эмгеги,
Жылда кайра туулат.
Жеңиштен жеңиш аралап,
Жыргаган элге угулат.

ЫСМАЙЫЛ МЕНЕН КЕНЕН

1968-жыл. Курдай районундагы Чапаев атындагы колхоз эмгектик көрсөткүчтөрүнүн ийгиликтери үчүн Ленин ордени менен сыйланды. Ошол сыйлыкты тапшыруу салтанатына байланыштуу колхоздун башкармасы колхозчулар менен бирдикте чоң кече-той өткөрүштү.

Биз Чапаев колхозуна чаңкай түштө жеттик. Жолдо бара жатканда мен минткем элем:

Ырыстуу элдин карысы,
Ыр, обонго берешен.
Тараза, ташы оодарбайт,
Талантын тоого теңесең
Каркылдап ырдап жаткандыр,
Кайран,кана Кенекем!..

Бул чын болуп чыкты. Алты канат ак үйгө эл толтура. Чий калбай, туурдугун түрдүрүп таштаган экен. Себеби жайдын ысык аптабы бийлик кылып турган маал эле. Биз минтип барган машинанын моторунун үнү өчкөндө боз үйдүн ичинде зыңкылдап ырдап жаткан адамдын үнү даана угулду.

— Мына уктуңарбы, менин айтканым келдиби... Ырдап жаткан Кенен акын. Кайран кишинин жашы өтүп баратса да таланты, үнү ошол эле бойдон. Жүргүлө эми түшөлү.

— Ысмайыл келди, Ысмайыл келди,— дешип бизди башка бир чоң ак боз үйгө киргизишти.

— Аксакалга салам айтып, колун кыспасак болбойт,— деп биз алиги эл толгон, Кенен олтурган үйгө бет алдык эле, Кенен аксакал өзү чыга келди.

— Жүрүңдөр энди, сол ак үйгө барайык, дем алайык. Шөлдөдүңөр гой, онда бир нерсе жутайык,— деп тамашалай баарыбызды алиги бош ак боз үйгө алып жөнөдү. Ар кимибиз өзүбүзгө тиешелүү жерден орун алдык. Сапырылып саба тепкен кымыздар.

Учуп жетип узаталык чыны-аяк,
Урмат күттү кымыз ташып сыр аяк.
Карт кекиртип, чаңкаганды кандырып,
Капшыт жакка жөнөп турду кур аяк.
Бир жигит баш бакты.

— Кенеке, эл кирсек дешет.

— Киришсин, ким кой деп жатады, ойбай бу не деп жатады,— деп Жамантай сүйлөп койду.

Эл заматта эле толуп чыгып кетти. Туш-туштагы туурдуктар түрүлдү. Ушул учурда мен алдыртан жылдырып сөз каттым.

— Кенеке, бу эл ачка го...

— Ооба, Ысмайыл, эл тамакка эмес, калжыңга ачка болуптур.

Домбурамды алайын,
Дабасымды салайын.
Тындырмастан шалайын,
Тыңдап отур, агайын,

— деп Кенең домбурасынын кулагын толгой баштады. Анан бир-эки күүнү мындайча кайрыды:

Домбуранын үнү кандай ырахат,
Добушу эле сезимге ой чылатат
Айтып жатса тилсиз туруп тарыхты,
Ага дагы чыдагандар чыдашат...

Бирде сайрайт булбул болуп бактагы...
Бирде чардайт шумкар болуп таңдагы...
Бирде тагдыр драмасын кайталап,
Бирде элестейт ашыктардын ак таңы.

Ал тузактап кыялды да, ойду да,
Ар замандын нуктарына кондура,
Санаат кылып ой-сезимге түбөлүк,
Заман сырын сайрап жатты домбура...

Күү токтолуп, «Боз торгой» деген ырын ырдады. Азыркы доор, эл, жер жөнүндөгү обондуу ырларынын айрымдарын ырдады да:

— Ысмамыл иним, сен жассың го, калжыңдан айта тур, — деди

Мен аскияны акын Токтогулдун «Ак куу» менен «Мергенчи» деген тамашалуу ырынан баштадым. Калык менен Айдаралы жөргөлөктүн айтышын туурап ырдап бергенде, көзүнө жашы чыкпай күлбөгөн бир да жан калган жок. Жалаң эле Токтогул, Калык, Атай, Шаршендин тамашаларын айтып отуруп, эки күндүн кандай өткөнүн билбей калыптырбыз.

Кенен аксакал өзү абдан күлкүчү киши экен. Менин айтып бергендериме ыкшып күлүп, күлкүдөн чыккан көзүнүн

кычыгындагы жашын жүз ааарчысы менен тынымсыз сүртүп отурду. Ошол өткөн эки күндө айрымдары: «Биздин Кененибизге сөз тийбейби. Ысмайыл эле сүйлөй береби» — деп каңкуулашты.

Кээси: «Айтышсын, кимиси кимисин жеңээр экен» — деген кыялда отурушту... Бирок Кенен аксакал кыргыз эли менен эриш-аркак өсүп, Калык, Осмонкул, Кара Молдо, Токтонаалыларга окшогон таланттуу досторду күткөндөн уламбы, улуу болсо да өзүнөн кичүү мени ызааттап олтура берди.

Аңгыча жаңы тойдун жөрөлгөсүн, шаңын Москванын «Мезгил» информациялык көрсөтүүсүнүн жана казак теле-студиясынын кызматкерлери тарта баштады. Толгон эл, толкундаган жыйын... Эл ортосунда Кенен экөөбүз.

Кенен:
Калкым кулак салгыла,
Карып калган чагымда,
Үн созоюн алдыңа.
Акыл болсо айтканым,
Аябаймын алгыла.
Үн жапыздап, тил болсо,
Бир аз булдуруктап калды да.
Учурунда булкунган,
Ач буудандай жулкунган,
А азыр сары тиш болгон чал мына!
Шаңшып ырдап турамын,
Жаңы заман алдында.
Элим угуп калгыла,
Ооздон шекер төгүлсүн,
Ошонума кангыла.

Ырыстуу элдин ырчысы,
Ысмайыл келди ал мында.
Алтымыштан ары аттап,
Ал деле абышка болуп калды да.
Санатып уккан-көргөнүн,
Ал азыр,
Сайрап берет алдыңа.

Ысмайыл:
Сайрап турсуз кашымда,
Сары тиш болгон, Кенекем.
Курдайдын ушул аймагы,
Куп келишкен жер экен.
Чапаев аттуу колхозун,
Чын эле,
Чапаевдей эр.экен!
Чапаевдик туугандар,
Чалкып жаткан көл экен.
Алтындан орден тагынган,
Азаматтар көп экен.
Андыктан Ленин орденин,
Алышкандары эп экен.

Кенен:
Куттуктап ырдайм балбан эл,
Кубанган ушул тоюңду.
Кылымдык кылып партия,
Куруп берген жолуңду.
Көкөлөтүп байракты,
Көрсөттүңөр оюнуңду.
Эмне десең ошо де,

Элим,
Эми сөзүң орундуу.
Ленин орден кармаган
Кысамын балбан колуңду.

Ысмайыл:
Кенекем кысса колуңду,
Кучактаймын жалпыңды.
Маанайыңарды жаркыткан
Мактап ырдайм салтыңды.
Калкым кыргыз эл менен,
Кадырлаймын баркыңды.
Бөөдө келсе жабышып,
Элим,
Бөлүшөмүн дартыңды.
Сагындым элим силерди,
Санаалаш кыргыз ак калпак,
Силерге,
Салам айтып жиберди.
Калдайган казак тууганым,
Кут болсун орден алганың.
Ак эмгектен баар таап,
Арта берсин салмагың.
Куттуу болсун бүгүнкү,
Кубанычтуу майрамың!..

Аңгыча кино тартуу аяктады. Акындарды ак боз үйгө деп ээрчитип жөнөмөкчү болгондо, эл жибербеди, Ошондо

— Эй калайык! Боз үйдүн ары жагындагы салкынга бактын арасына баралы. Баятан бери телевизорго түшөбү деп күнгө куйкаланып кеттик го. Бир аз дем алып, бир чыныдан чай

ичип, анан тамаша кылалы,— деди. Эл макул болду. Боз үйгө кирдик. Курдай районунун жетекчилери баш болгон ак сакал, көк сакалдары, эмгектин алдыңкылары болуп, боз үй заматта толуп чыгып кетти. Ичкилик, кымыз жөнөтүлүп жатты. Кенен аксакал ичкиликти ичпейт экен. Бир гана кымызды шыңгыртып отурду.

— Кымызыңардын даамы бузулуп калган го,— деди Кенен бир сыр чөйчөктөгү кымызды тартып жиберип:

— Жаңы кымыз, Кенеке,— деп жооп кайтарды тойдун тамак-ашын башкарган толмоч киши. Кенен дагы бир чоң чөйчөк кымызды тартып жиберди.

...Мен Шаршендин кээ бир кылыктарынан айтып, элдин көңүлүн ачып отурдум. Кенен акындын кемпири да күлкүчү киши экен:

— Коюңузчу, Ысмайыл, кантип эле ошондой болсун, жок жердеги жомокторду айтып жатасыз го,— деп бүлкүлдөйт.

— Калп айтсам, ырысымды жейин, байбиче. Дагы бир жоругун айтайын угуп туруңуз.

— Кана, кана угалычы...

— Шаршен, Калык, Атай менен бирге Ош областында оюн коюп калдык. Бир күнү алып сатар Өзгөн деген той берип, эл чакырат. Ал тойго Шакем дагы барып калган экен. Дасторконго түрдүү тамак, жемиш коюлат. Той берген адамдын пейили тар, тамагын аяган неме экенин билген кошуналары тасмалдагы даамдан аз-аздан жеп олтурушат. А Шакем анысына карабай үй ээсинин тамакка кароо экенине жини келип, элди да жедирип, өзү да лапылдата жей баштайт, Ошондо жүзүм жаңыдан эле бышкан экен. Шакем ар кайсы шагын ар кимге алып берип, өзү да сугуна берет. Казаны тар үй ээси чыдабай кетип, үн 'чыгарат:

—Ээй-эй, Шаке!

—И, эмне?

—Ма ушуну йүзүм дейди, битта-биттадан үзүп жейди...

Анда Шакем:

Ооба, бизде дагы жүзүм дешет, бир жегенде жүзүн жешет,— деп оокатка кызганч, пейли тар немени аябай уяткарган экен.

Кенен аксакал да, кемпири да аябай күлүштү.

— Кой эми, байбичем, көп күлбөгүн. Ансыз да араң, басып жүрөсүң. Эртең турбай калып жүрбө. Сени оңой олтоң алган эмесмин, салгылашып, башымды өлүмгө байлап коюп албадым беле,— деп тамашалады.

— Кандайча, Кенеке? — деп Төрөканов чегип сурап калды.

— Оой, ал учурдун жүзү курусун. Жаш кезим. Ырдап жүрүп жактырып калдым. Алып кетейин деп бир нече жолу барып алалбадым, кайтарып калышты.

— Ие, ие, сонон соң? — деп бирге отургандар да кулак түрүштү.

Кенен сөзүн улантты:

— Кыздын көңүлү да мени жактырып калган окшойт, айтор өлүмгө да мени менен барууга даяр. Эңсеген максат мүдөөсүнө жетмейин тынбайт тура. Акыры ыгын таап алып качтым. Түн ортосу. Жанында эки мыкты жигит бар. Артыбыздан куугун түшүп калды. Кыз менин алдымда. Кимди ким көрдү, бир маалда мингенибиз оңко баш атып кетпеспи. Мен эч нерсе болгон жокмун. Кыздын буту окустап калган окшоду. Анда азыркыдай врачтар кайда?.. Эптеп-септеп айыкты. Бирок ошондон кийин сылтып басып калбадыбы. Кайда жүрсөм, ала жүрөм. Кокус баягы талашкандар алып кетеби деп чочуйм,— деп сөзүнүн аягын тамаша менен бүтүрдү.

Эл кайра айтышкыла деп жаалай баштады. Бир убакта Кенен акын домбурасын алып, мени беттеп калды:

Акын, иним, угуп тур,
Ашыкпай бир аз туруп тур.
Көргөнүмдөн айтайың,
Көңүлүң бир аз буруп тур.
Агайыңдын сөзүнө,
Аз да болсо муюп тур.
Кучуначың карматпай,
Кулагыңа куюп тур.
Мөңкүп кетпей сөз айтсам,
Мөлтүр суудай тунуп тур.
Күрөшөм деп жулкунбай,
Кичүүлүгүң кылып тур.
Абалтан казак, кыргыз эл,
Ат чабышып бир өскөн.
Ак кар, көк муз болсо да,
Айкалышып түнөшкөн.
Бири калса ташыркап,
Бири келип сүрөшкөн.
Кымбат көрүп жанынан,
Кыйын кезде сүйлөшкөн.
«Кала көрбө мокоп» деп,
Кайрак болуп бүлөшкөн.
Доорлордо катышып,
Дос болушкан жүрөктөн.

Асмандан тийген жаркырап,
Алтын чөйчөк күнү бир.
Жабыраган жылдызы,
Жан жыргаткан түнү бир.
Үлбүрөгөн кыз сымал,
Үзүп жыттаар гүлү бир.

Жоого бирге аттанган,
Жолборс сымал сүрү бир.
Тартуулаган таалай күн,
Талыбаган түрү бир.
Чындыкты айтам баяндап,
Чычалабай тыңдагын.
Чын эмес деп айтканың,
Чыр-чатакты кылганың,
Карып калган агаңды,
Кадырлагын, сыйлагын.

Кечээ Калык акын барында,
Калың калкың жанымда,
Бойду сылап койкоюп,
Болуп турган чагымда,
Тоодой болуп ындыным,
Толуп турган табымда,
Кол баштыктай Ысмайыл,
Кошо жүргөн чагында,
Кайран Какем андагы,
Кара зоодой салмагы.
Ырдап турса тил безеп,
Улар эле таңдагы.
Ырчыларды торолткон,
Ырдын эле байрагы.
Ырыстуу элин таңдантып,
Ырдады далай, сайрады.

Ошол Какем менен бир жүрүп,
«Карымда» арман калбады.
Анан,
Кабарчыңдан кеп уктум,

Кайгы-муңду жеп уктум.
«Кара тоодой салмагы
Калык өлдү» деп уктум.

Ошондо Эл мелтирей түштү Кенен акын жүз аарчысын алып, тери менен кошо көздөрүнүн кычыгына толо түшкөн жашын билдирбей шыпырып, кайра ырын улады:

Эминени айтайын,
Эшитип ошол кабарды.
Эргип турган Кененин,
Эчкидей зоого камалды.
Жолборстон корккон улактай,
Жоготуп койдум чамамды.

Караан калган ажалдын,
Түнөгү жок турбайбы.
Кайда жүрсө баары бир,
Сүйөрү жок турбайбы.
Калыкты алган аябай,
Жүрөгү жок турбайбы.
Жашыңды төгүп жамгырдай,
Жаткырып муздак табытка.
Тоо-талантты жоготуп,
Топурак салдым Калыкка.

Андан бери дагы да,
Айлыңа барып жүрөмүн.
Олчойгон акын Алымкул
Ошо болуп түгөйүм
Кыргыз элин аралап,
Кызыл тилим бүлөдүм.

Токтонаалы, Ысмайыл,
Токтосун менен Эстебес,
Тоодой акын болдунар,
Токсон акын беттебес.
Ырларың угуп баарыңын,
Ырдап жүрдүм көзмө-көз.

Анан,
Жакында жаман кеп уктум,
Жан - этимди жеп уктум.
«Олчойгон акын тоо-талант,
Осмонкул өлдү» деп уктум.
Чычалаба Ысмайыл,
Чындыкты айтып жатамын.
Айтпай келет турбайбы,
Ажал деген чатагың.
Кечээки Жамбыл, Калык жок
Кемип барат катарым.
Жакындап калган окшойбу,
Менин да,
Жашай турган сапарым.
Осокеме топурак
Оо, чиркин,
Салалбай калдым, капамын...

Карып калган Кененин,
Кайгы жутуп олтурат.
Залкар досуң Осоңо
Салбай калып топурак.
Керең тартып кулагы,
Кесел болгон чагымда,
Кейип-кепчип бөжөндөп,

Кемпири Бүбүш жанында.
Кеп-сөзүнөн ажырап,
Кейишке түшкөн табында —.
Барып көргөн болчумун,
Бабаң Осой карыны.
Балбылдаган көзүнүн
Баатыр кезде жарыгы.

Карып калган Кененге,
Кабар берүү кыйынбы?..
А болбосо, Ысмайыл,
Аядыңбы тыйынды.
Осокемдин жанында,
Ошол дагы чыгымбы?

— деп домбурасын жүккө жөлөдү. Ошондо мен кайра обдулдум:

Ырас ушул айтканың,
Ырыстуу күндүн, карысы.
Ырдай бергин, Кенеке,
Ыр өмүрдүн дарысы.
Жүзгө берген кызылды,
Жүрөгүңдүн кагышы.
Айтып жаткан сөздөрүң,
Алп таланттын маңызы.
Арылатып сөз кылып,
Айта берсек дагычы.
Добулбастай угулган,
Доорлордун дабышы,
Ат салбастан алдына,
Аргымактуу чабышы.
Айга жанган азуусун,

Арыстандын чалышы.
Ай-ааламды жаркыткан,
Акыл-эстин багыты.

Доорлорду карытчу,
Достук деген дагы бар.
Магдыраткан көңүлдү,
Манаттай аткан таңы бар.
Батпай турган түбөлүк,
Балбылдаган шамы бар.
Жегиле деп ийилген,
Жемиш толгон шагы бар.
Аш ичишсе тең бөлүп,
Ат байлачу мамы бар.
Көңүл ачып басышса,
Көчө толо шаңы бар.
Даана айтайын, Кенеке,
Дайым намыс, ары бар.
Достук ырды ширетип,
Добуш салып атабыз.
Айкалышып көрүштүк,
Аманбы бала-чакаңыз?
Акын болсо угуттуу,
Анда болбойт такалыш.
«Каруулашып» көрөлү,
Кандай экен «мазаңыз»...
Кары десем арданба,
Кантет бул деп таң калба.
Камчыланып биз дагы,
Калбай келе жатабыз...
Калык деген ким эле?
Кара жаактын тили эле.

Жагалдана келгенде,
Жадыраган күн эле.
Атыр чачкан буркурап,
Адырдагы гүл эле.
Ал жөнүндө ырдасак,
Айтаар сөз жетпейт тим эле!.
Топту ойнотуп башына,
Топ жыйынды күлдүргөн.
Эрмек болуп дайыма,
Эли-журтун сүйдүргөн.
Ыйманы жок балдарды,
Ыгы менен күйдүргөн.
Тоодой талант торгой тил
Токтогул менен бир жүргөн.

Жомок эмес мен көргөм,
Жолугушуп бир жаткан.
Кара зоодой болушуп,
Каткырышып бир баскан,
Түнү ырдашып биригип,
Күнү кечке сырдашкан,
«Айтышканда арбашып»
Анан кайра сыйлашкан,
Жаакта жок күкүк тил,
Жамбыл менен ырдашкан,
Калмырза, Кара Курмандар,
Калык десе сыйлаган.
Эргип чыккан Жамангул,
Эшмамбет такаат кылбаган.
Жеңижок, Коргол, Бекназар,
Жетик акын Найманбай,
Айдыраалы, Алыке,

Алымкул каршы турбаган.
Оюн көргөн айтышты,
Осмонкулга сынбаган.
Казактын далай акыны,
Калык десе сүйүшкөн.
Адам чыкпас алдына,
Акындыгын билишкен.
Үмөтаалы, Майгөтүн,
Үзөнгүлөш жүрүшкөн.
Адам деген адам да,
Ал жетпейт тура ажалга.
Калкы сүйгөн Калыкты,
Кара жер соруп аларда,
Кан какшатып эл журтун,
Кайгыны башка салаарда,
Сыйды билбес шум өлүм,
Сыйрытмагын чаларда;
Кайран гана акынды,
Кара көргө камарда,
Кенеке, анда келгенсиң,
Келип салам бергенсиң.
Соңку дем алып Калыгың,
«Соолор» кезде көргөнсүң.
Солкулдап ыйлап көмгөнсүң.

Андан кийин кыргызга,
Албан-албан каттадың.
Эриген бир топ жаштарды,
Эркелетип таптадың.
Шык, сезимин көтөрүп,
«Шыр ырда» деп маштадың.
Талантсызды кордобой,

Талантуусун мактадың.
Тизеге чаап көрө албай,
Тизгиндерин тартпадың.
Билбей калса таң калып,
«Билбейсиң» деп какпадың.
«Өзүм эле болсом» деп,
Өзгөлөрдү баспадың.
Билермандык мунуңуз,
Бирок, Каке, шашпагын,
Билгенимди айтайын,
Бир аз аша чаппагын.
Кыйладан бери айтышпай
Бир аз,
«Кычышкан окшойт капталың…»

Отургандар дүүлүгө түшүштү: — Ойбай, Ысмайыл дейтин осыма. Жан коятын эмес гой…

— Тек тур, сен айтысып жатасыңбы, Кенекем дагы тынч отурады го, өзү жауп береди.

— Кенекемизди керип тастайын шамасы бар гой…

— мен айтышымды алиги алдыртан какшык жылдырган адамга багыттадым:

Кенен акын керилбейт,
Көп билген киши жеңилбейт.
Алтын жаак, жез таңдай,
Аксакалың не билбейт!
Көпчүлүккө келгенде
Көбүргөн менен төгүлбөйт.
Чоң чабышка келгенде
Чоюлган менен сөгүлбөйт.
«Басташыша» келгенде
Урунган менен чегинбейт.

Аксакалын сыйлабас
Арамза Адам семирбейт…

Эл кайра дуу күлдү. Алиги какшык жылдырган киши уялганынан эшикке чыга качты. Мен токтогон жеримен кайра баштадым:

Күкүктөй таңшып токтобой,
Күнү-түн айткан термеден.
Жаш өлгөн акын агасы,
Жамангулдан жем жеген!..
Жашында чертип домбура,
Жаак-тилин сермеген.
Кошулуп ийип комузга,
Коңур үнүн «демдеген»...
Ак калпак кыргыз, казакта,
Айтышып акын жеңбеген.
Элеп турган жамгырдай,
Эки айтып сөзүн көрбөгөн.
Ойротто жок чоң акын,
Осмонкул ырдап дембе дем,
Топ жыйында жүрсө да,
Токтогулду көрбөгөн.
Көк ала сакал чагымда,
Көргөнүм айтам мен деген!

Осокең онтоп төшөктө,
Ооруп жаткан кезинде;
Оңбогон ажал акынды,
Тооруп жаткан кезинде;
Кемпириң менен баргансың,
Кенеке, аның эсимде.
Баштагыдан табы жок,

Бошоң тартып калыбы,
Алжып калган кези эле,
Араң согуп тамыры.
Көрүп кеткен болчусуң,
Көсөм Осоң чалыңы.

Көп узабай ошондо
Көзү жеткен болучу.
Көр алдына көмүлүп,
Сөзү кеткен болучу.
Куу ажалга «кул» болуп,
Өзү кеткен болучу.
Ажырадык досуңдан,
Анда, Кенен, келбедиң,
Аза күтүп аруу жууп,
Айнооч салып, белин бууп,
Ак кепиндеп көмбөдүң.
Телефон чалып Түгөлбай,
Телеграмм бергемин.

Ичимди өрттөп күйгүзүп,
Инилигим билгизип,
Кабарчы да жибергем,
Кара «Волга» мингизип!
Кабарчыбыз барганда,
Кана, айтчы бар белең?
Кайгырып келди таба албай,
Кайда кетип калды элең?
Андан кийин мен уктум,
Ар кайсыдан кеп уктум,
Айылчылап Кенекем,
Алматыда деп уктум.

Кийинчерээк мен уктум,
Кишилерден кеп уктум.
Жандап алып кемпирин,
Жамбылга кеткен деп уктум.

«Кел, тойго» деп чакырдың,
Келип түштүм маңдайдан
Кечээги ишке таарынып,
Кекетип жүргөн кандай жан
Чакырыпсың тойго деп,
Чапкылап келдим маңдайдан.
Чалга кабар бербейт деп,
Чаң чыгарган кандай жан?

— деп тамаша менен бүттүм. Элдин сүрөөсү менен Кенен Домбурасына үнүн кошту:

Кебимди уккун, карагым,
Келген жерим сексен да.
Таба албайсың, Ысмайыл,
Ала-Тоого эксең да...

Карылыкка алдырып,
Карып калган убагым.
Каткырыктан, күлкүдөн,
Калып калган убагым.
Майы бүткөн биликтей,
Жанып калган убагым.
Эл ичинде жанымды
Багып калган убагым.
Карылыктын таягын,
Алып калган убагым.
Баягыдай боло албай,

Тайып калган убагым.
Ырдасаң ырың түгөнбөйт,
Ысмайыл, кана улагын?..

Мен:
Учуру жетсе, Кенеке
Учкан куш жылат жер менен.
Калып калып тобунан.
Кайберен жүрөт төр менен.
Азуусу түшүп күбүлүп,
Арстан да чычкан сермеген...
Эч өзгөрбөй турууну,
Эч кимге тагдыр бербеген.
Аксакал болдук биз дагы,
Аныгын айтам мен деген.
Ырыс ушул эмеспи,
Ырдап турсаң дембе-дем.
Күлүк чуркайт тушунда,
Күндө сууткан тер менен.
Атылган ок сыяктуу,
Асыя жаш кайра келбеген!
Өлкөгө кызмат кылбаса,
Өмүрүң өтөт жел менен.
Энеден эки туулбайт,
Эр болосуң эл менен.

«Карыдым» деп эмитен,
Кайгырбагын, Кенеке.
Капшыт менен жүк бурчуң,
Жай кылбагын, Кенеке.
Жаштар менен жадыра,
Ар кылбагын, Кенеке.

Өмүр узак, заман жаш,
Тайгылбагын, Кенеке
Жамбыл чыккан жүз жашка,
Ага чейин сен дагы
Алдырбагын, Кенеке!

—Ыраазымын Ысмайыл, ыраазымын! Рахмат, үлкөн рахмат! Энди осы домбыра саган — тартуу деп Кенекем домбурасын мага сунду.

Мен аны колума алып, ыраазычылыгымды билгиздим:

— Ырахмат, Кенеке, кимдин качан өлөрүн ким билет! Өзүңүз менен бир өскөн домбураңызды алып, эмне кылмак элем менден сизге белек болсун. Кокус көзүңүз өтүп кетсе музейде турсун.

— Ошондо Кенен толкунданып кетти:

Каргадай элең, Ысмайыл,
Калдайган акын болупсуң.
Ырысын ырдап элиңдин,
Ыр жагынан толупсуң.
Алабарман жагыңды,
Аксакал болуп коюпсуң.
Тил безеп ырдап Калыкча,
Тизгинин ырдын чоюпсуң.
Осмонкулдай жаадырып,
Ордосун ырдын чоюпсуң.
Алдырбастан эч кимге,
Айтыштын түшүн жорупсуң.
Улантайын сөзүмдү,
Угуп тургун, карагым.
Кыйла жерде элдерге,
Кызыл тилди сабадым.
«Ордолуу журтум алсын» деп,

Обон ырды жамадым.
Түзүк ырчы барбы деп,
Түгөл элди карадым.
Жактырып таап далайдын,
Жал куйругун тарадым.
Жаштар алып жүрсүн деп,
Жарымын бердим чамамын.
Жазбай байкап турамын,
Жаштарымдын абалын.
Алар да айтып турушат,
Атасына саламын.
Биз бүтпөсөк ыр бүтпөйт,
Ысмайыл,
Бүтүрүп кой аягын...

Анда мен:
Абалтадан калган иш,
Атасынан балага,
Айтайын мен да, Кенеке,
Азыраак байкап чамама.
Жүргөнүм жок талаада.
Жаңшап ырдап мен дагы,
Жашап турам калаада.
Карыганда калп айтып,
Калбайын, Кенен, «балааңа».
Азыр айтам кээ бирин,
Анык байкап кара да.
Ашыраалы иним бар,
Акындан чыккан сабама...
Таранчиев Мамбет бар,
Тең келбейт эч ким ага да.
Топ-жыйынга таанылган,

Токтосун бар жана да.
Эстебес деген төкмө бар.
Эгешсе жарга камама.
Туруштук берчү акын жок,
Тууганбайдай балама.
Атактуу акын Алымкул,
Алымкулдун баласы,
Ат жалын тартчу учурду,
Атанын калып санаты.
Акындык жолун улаган,
Анын да мыкты чамасы.
«Келтектегин» Кенеке,
Кебимдин болсо аласы.
Кээсинин «жалын» сылаган,
Кээсинин мизин чыңаган,
Кенеке, менмин агасы.
Үч күнден бери сырдашып,
Үйүңдө жатам, Кенеке,
Орден алып дагы да,
Орооңдо толсун береке.
Калдайган кыргыз затынан
Казакча айтам эмесе,
Журтуңуз эсен-сау болуп,
Жайылсын сендей Мереке!!!

САЛАМДАШУУ (Ысмайыл менен Калык)

—Мен 1936-жылы Фрунзе шаарына артисттикке биринчи жолу келишим эле. Анда филармония жок, жалгыз гана театр бар болучу. Муратаалы Күрөңкеев аксакал баш болуп Молдобасан, Осмонкул, Калык карыялар театрда отурушкан экен. Атай айтты:

—Бул бала Шаршен айткандай акын болчу бала, ар нерсеге жакын болчу бала экен. Бул агаларыңа салам айтып, ырдап тааныш деди. Мен саламдашып ырдадым.

Саламатсызбы, агалар,
Салам айтат балаңар.
Тобуңду издеп келаткан,
Торпогуңар, танаңар.
Амансызбы, агалар.
Айылдан келди балаңар.
Кулунуңар, тайыңар,
Кыруулай жүргүн баарыңар.

Жогор жакта чоң Токмок,
Чүйдөн келген баламын,
Чоң жыйында сөз сүйлөп,
Үйрөнбөгөн баламын.
Акын Калык аганын,
Алсам деп келдим сабагын.
Жанында жүрсөм мен ээрчип,
Жазылар эле кабагым.
Көңүлү өссө баланын,
Көрбөссүң, Каке, залалын.
Көрөңгөңөн жуткурсаң.
Көбөйөөр эле жамагым.

Калык:
Салам айтып ырдадың
Залкар ырчы баштанып,
Ошонуң жакшы чынында,
Отурсаң болбойт жазганып.
Жер тааныган күлүктөй,
Жетилерсиң такшалып.

Токтобой ырдап бу жерде,
Толкундаттың өзүмдү.
Топума ченеп берейин,
Токтотуп калсаң сөзүмдү.
Баштыктап да беремин,
Байкап жүрүп көзүңдү.
Талантың болсо тартынба,
Таянычың болом артыңда.
Эсиң болсо элпек бол,
Элдин көөнүн калтырба.
Үстү-үстүнө күчөтүп,
Үн чыгарып заңкылда.
Жаныңда жүргөн кезимде,
Жакшылап сөздү угуп кал.
Ылдыйлап учсам бир күнү,
Ыраазы болуп туруп кал.
Акын агаларыңдын,
Ар кимисинен жулуп кал.

Акындык деген кен болот,
Агып жаткан майга окшоп.
Маалында жутуп калбасаң,
Батып кетет айга окшоп.

Эл таанысын артыман,
Эрчип жүр кунан-тайга окшоп.

КООНЧУ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

1946-жылы Осмонкул менен Кара-Балтадагы бир колхоздун коончусу Турдаалы деген кишини экөөлөп ырдадык. Ошондогу сөздөр жана ырлар.

Күзгү сары ысыктын маалы. Беш кишибиз: аксакалыбыз Осокем, Саид Бекмуратов, Абды Байсалбаев, Турсун Карымшаков жана мен. Жолдо суусап келе жаттык.

Осокем: — Балдар жаңылык эмеспи, коон-дарбыз жеп кетели. Турдаалы деген бала кезде тең өскөн курбум бар,— деди. Макул деп баарыбыз жөнөдүк. Буту-колу узун кара киши, жашылчалардын четинде жүргөн экен.

Осокем: — О ит, биз издеген киши мына ушул. Ысмайыл, сен башта экөөлөп ырдайлы,— деди. Ошондо менин баштап турган сөздөрүм:

Ысмайыл:
Ассалоому алейким,
Амансызбы Турдаалы?
Ак буудайы жайнаса,
Дыйкандардын жыргалы

Осмонкул:
Ашыра мактап жибербе,
Бул адамдын кудай урганы,

Ысмайыл:
Эсендешип алайын,

Эми көрдүм Турдаалы.
Коондору козудай,
Коончунун жыргалы.
Көк жашыл болуп жаткандыр,
Тукемдин колунан бүткөн нурлары.

Осмонкул:
Көп эле мактай бербегин,
Бу кишинин кудай урганы.

Ысмайыл:
Тукем убара болгон турбайбы,
Учурашып ырдайлы.
Жаргоодон суусун байлатпай,

Осмонкул:
Жылаңач жүргөн турбайбы,
Көрүнөн качкан арбактай.

Ысмайыл:
Чын дыйкандын өзү экен,
Өзүнүн кара көзү экен.
Чыныдай экен пиязы,

Осмонкул:
Бир түп пияз бергенче,
Бул кудайдын алганына ыраазы.

Ысмайыл:
Көрчү, Осоке, буларды,
Көргөн көөнүм кубанды.
Дөбөдөй экен ашкабак,

Осмонкул:
Өлгөндө ушул Турдаалы,
Ашкабагын жазданат.

Ысмайыл:
Карап көрчү тиягын,
Кантип айтпай турамын,
Казандай болгон дарбызын.

Осмонкул:
Мактаган менен бүт бербейт,
Бөлүп берет жармысын.

Ысмайыл:
Жашыл талаа жалбырак,
Жакын келсе жыт урат.
Толуп жаткан коондор
Тордомо дейт ширини.

Осмонкул:
Көкчө деген бирөө бар
Ичине тартат тилиңи.

Ысмайыл:
Кара-Балта илгертен,
Берекелүү жер болчу.
Карыя ага Турдаалы
Пейли кенен эр болчу.

Осмонкул:
Башкасын айтсаң талаш жок,
Бул катыны билген кем болчу.

Турдаалы аксакал Осмонкулду жаткан топуратар менен уруп, бакчанын жанынан кууп чыкты. Бизди: — Балдарым жүргүлө,— деп үйүнө алып келди. Аялы чыгып: — Осокемди өзүм сыйлайм, элдин булбулу,— деп аттан түшүрүп алды.

Бир кара улак сойду. Эт бышканча Осмонкул менен Турдаалы аганын аңгемесине күлүп отурдук, булар бала кезден тең өскөн курбулар экен.

АЛТЫ АКЫНДЫН АЙТЫШЫ

1942-жылы алты акындын айтышы болду. Ага Осмонкул Бөлөбалаев, Абдылда Көкөнов, Ысмайыл Борончиев бир жагында, Алымкул Үсөнбаев, Молдобасан Мусулманкулов, Токтонаалы Шабданбаев бир жагында болуп, эки жаат айтышкан. Биз төмөндө ошол алты акындын айтышын жарыялайбыз.

Осмонкул:
Айтышмакка баш кошуп,
Отурабыз алты акын.
Биринен бири кем калбайт,
Алтообуз бирдей жалпы акын.
Айтышат десе артыкбаш,
Этекти эпсиз жыртышпай,
Эби жок катуу чымчышпай,
Салмактуу сөздөн айталык,
Сакалыбызды кыркышпай.

Алымкул:
Эмне дебейт жез таңдай,
Эки эли тилдин барында.
Эл алдында беттештик,
Эки балаң жанында.
Өзүңдү кантип теңейин,
Өпкө менен карынга.
Ишенип туруп балдарга
Илинип калсаң таарынба.

Көкөнов:
Элиңде жокпу Алымкул,
Биз өңдүү ини-уулуңуз.
Өпкө-боор, карын деп
Өзөккө тийди мунуңуз.
Өпкө-боордун кадырын
Өзүңүз бизден угуңуз.
Курматтуу жайда боор деген
Куйруктун болот жанында.
Сарамжалдуу энелер,
Сары-май сактайт карынга.
Өпкөсүз кандай жашоону,
Өзүң эле баамда.
Көк ала менен боз кунан,
Көп атты баскан тайында.

Молдобасан, угуп тур,
Аксакалсыз-карысыз,
Атабыздан көм көрбөй
Ардактайбыз баарыбыз.
Али да болсо кеч эмес
Айткан тилди алыңыз.

Молдобасан:
Абдылда иним, байкагың,
Ал эмес сенин айтарың.
Асылбагын карыга,
Асылар болсоң карыга
Осмонкул менден жаш эмес
Отурбагын жанына.
Аппак экен сакалы,
Абайлап көрчү атаңы.

Одонолуктун белгиси,
Оор сөз чыкса баладан.
Ойлобогун, Абдылда
Озомун деп агаңан.
Арышым керип жөнөсөм,
Адашасың талаадан.
Далай сендей тайларды,
Даңканым уруп сабаган,
Каталыгың эскерип,
Кантесиң ага деп келип,
Куландай соо тынч гана,
Кутулуп кал балаадан.

Ысмайыл:
Күкүктөй үнү шаңкылдап,
Ак шумкардай атагы.
Алда кайдан жаркылдап,
Осокемдин сакалы.
Көп сакалдын асты экен,
Колдон келсе сакалдын,
Бир өңчөйү жакшы экен.

Алдында ырдап жатабыз.
Акын Молдобасандын
Алдыңкы күнү бар эле,
Актары кайда сакалдын?
Көз алдында айталы,
Күкүгүм Молдобасандын.
Көпчүлүккө айтыңыз,
Көктөрү кайда сакалдын?
Агынын баарын терипсиң.
Карасы менен келипсиң,
Көк аласы көп эле,
Куп жазасын берипсиң.
Айтчы, Токо, агаңа
Агарганын албасын,
Жарганаттын боорундай,
Жалаң ээги калбасын.

Токтонаалы:
Теңтушуңдай, Абдылда,
Теминбе Молдобасанга.
Тегеретип ойлоп көр,
Теңгелбейт тайлак-атанга.
Жөөлөшүп алып атанга,
Жөнү жок жерден такалба,
Салмагы оор алтындай,
Салттуу сөздөр атаңда.
Күн чыккан жерден Ай чыгат.
Күн кыскарса, жай чыгат.
Таманы кызый түшкөндө,
Сары таман ат чыгат.
Молдокемдин оозунан,

Сабак-сабак кат чыгат.
Тоодой, таштай кишини,
Тооруй бербе тантырап.
Молдобасан, Алымкул,
Алтын жаак капкандар,
Далайды кырча чапкандар.

Осмонкул:
Кой, Молдоке, тил алгын,
Колуң жетпейт сакалга.
Осмонкул чындап бет алса,
Отургузбайт катарга.
Маани жок сөз болду,
Токо, сенин айтканың.
Алтын жаак капкан деп,
Агаларыңды мактадың,
Капкандан башка буларга,
Караандуу сүрөт таппадың.
Карайлап өзү баргандай,
Капканга түшүп калгандай.
Суур эмес Абдылда,
Сөз билсең эми сактагын.
Учурдум эки шумкарды,
Укмушту баштайт жеткенде,
Тегеренип каласың,
Текөөрү тийип кеткенде,

Алымкул:
Ой, Осмонкул, аксакал,
Кыраан экен балдарың.
Кыйын айттың салмагын.

Кыргызда болбойт дегендей
Кыялаттың ар жагын.
Барчын экен балдарың,
Башкача айттың салмагын.
Балдары күчтүү болгондо.
Басмырлайт бекен карганын.
Кадырлабаса карганын,
Карыган кулжа өңдөнүп,
Кагуу жеп сен да калбагын
Балдарым шумкар кыйын деп
Башкабызды көрбөдү.
Маңдайымдагы Молдокем,
Өрдөк бекен көлдөгү.
Коңулга кире качкыдай
Коён бекен чөлдөгү.

Көкөнов:
Алеке, чоң сөз козгодуң,
Адашып айттың окшодуң.
Ойнойлу деп чогулсак,
Обу жок жолго коштодуң.
Каршы чыктың сөзүмө,
Молдобасан, аксакал,
Кайта асылдың өзүмө.
Күч атасын тааныбайт,
Көрүнүп коёт көзүңө.
Сакалыңдын агында,
Салабаттуу чагында,
Салгылашам деп жүрүп,
Запкы жеп калсаң таарынба.

Молдобасан:
Көкөнүн уулу Абдылда,
Көп асылып калдың да.
Көк ала сакал кишини
Көрбөгөнсүң го айлыңда.
Ак калпак кыргыз тааныган,
Акын Молдобасанмын
Асылкечимин атаңдын.
Сенин атаң Көкөбай,
Көп акылдуу киши эле,
Көңүлдөшүү биз эле.
Атасын тартпай Абдылда,
Айныңкырап калганбы,
Каздарды көлдөн көтөргөн,
Кайран шумкар Көкөмдөн,
Карга туулуп калганбы,
Кайда айтабыз арманды?

Ысмайыл:
Молдоке, сага таң калдым,
Момундукка чыккың бар.
Мойнуңа коюп бул жерде,
Балдарыңды жыккың бар.
Баркыңды айтып баштагы,
Мактанганың белгисиз,
Балдардан кордук көрдүм деп,
Даттанганың белгисиз.
Заки түлкү өңдөнүп,
Сактанганың белгисиз.
Эне-атаң курдаш эле деп,
Эзелкини козгодуң.
Абайласам, Молдоке,

Алжып калган окшойсуң.
Калбыр өпкө жез билек,
Казанат жарайт алыска,
Карыганда тер басып,
Жарабай калат жарышка,
Карылуу жаштар булкушса,
Кантер экен абышка?
Кант салган кара чай ичип,
Камынгын жанды багышка.
Күйүкпөгүн Токо, сен,
Күн өткөн жерден Ай өтөт,
Күн узарса жай өтөт.
Өлүү калган жоргодон,
Өспүрүм кунан тай өтөт,
Ташка чыгып такылдап,
Тамтыгы калбай бакылдап,
Өз атын өзү айтканды,
Өпкөсүн керип жатканды,
Өнөр көрөт кекилик,
Асмандан шумкар көрүнсө,
Ташка кирет бекинип.
Токоңдун кээ бир кыялы,
Кекиликтен кем эмес.
Кетирген каталыгына,
Кейип да койчу неме эмес
Туура сөзгө жыгылбайт,
Туура эле кайта дырылдайт.
Өз башыңа ээ болгун,
Эки чал сага сыйынбайт.

АРПАДА

Токтонаалы:
Сары тончон келин заңкылдап,
Басалбады дабышын.
Сен ырдасаң кыйкырат,
Качантан берки таанышың?

Ысмайыл:
Кубаттап жатат теңтушсуп,
Курдашынын намысын.
Дүүлүгүп жаткан себеби —
Дүкөнчү берген дарысын.

Токтонаалы:
Бакылдашы ошондой,
Байкаптырсың баарысын.
Башкаларына дүкөнчү
Бербеген бекен анысын?

Ысмайыл:
Ар ким өзү билбейби,
Кандай дары алышын.
Айландыра бербегин,
Бирөөнүн айдай канышын.

Токтонаалы:
Жамандап айткан жерим жок
Жалпы эл да айтар калысын.
Сен ырдасаң кыйкырып,
Мага салат далысын.

Ысмайыл:
Сакалдуу деп уялып,
Салган чыгар далысын.
Жаш болгонсуң сен дагы
Жакшы эмес ушул наалышың.

Токтонаалы:
Сөөгүмөн өтөт Ысмайыл,
Сөз талашып калышың.
Жаш келин көрсөң жактайсың
Билалбадым маанисин.

Ысмайыл:
Аялды көрсө Токоң да,
Аркардай керчү арышын.
Таштай качып кетпессиң,
Табылып калса жаңысын.

Токтонаалы:
Улууну улуу дебеген,
Ушулар кайдан жарысын,
Аксакал деп а көрө,
Сыйласа боло карысын.

Ысмайыл:
Өзүңдөн кичүү жаштарды,
Өнөр эмес кагышың.
Кебиңдин баары уу болсо,
Келген жер ызы-чуу болсо,
Кетсе экен деп тургандыр,
Келиндер кайдан даарысын.

ТОКТОСУНДУН КОРГОЛ МЕНЕН УЧУРАШКАНЫ

Токтосун:
Таңшыган булбул экенсиз
Таркаткан элдин кумарын.
Кабарың угуп мен келип
Салам айтып турамын.
Үлгүсүн алдың жашыңан,
Токтогулдан ар дайым.
Эченин көрдүк ырчыдан,
Эшмамбет менен Курмандын
Жаңыбай, Жолой, Жуманын
Далай уктуң ырларын.
Ныязаалы, Нурмолдо
Жеңижок менен ырдадың.
Алдыңа келдим балапан,
Айткан сөзгө жарасам,
Акын, Коргол, сындагын,
Ленин берген заманым,
Ырыстуу өскөн баламын.
Анык ырчы болсом деп,
Алдыда максат талабым.
Талабым бар болгон соң
Тартынып неге калайын.
Азыр сизди көргөндө
Арбый түштү жамагым.

Коргол:
Каргадай болгон баланын,
Калайык уктуң жамагын.

Эңсеп келген балама,
Эсендешип алайын.
Балам,
Үйрөнсөм деп келипсиң,
Корголдон ырдын сабагын.
Алып келди Атабек
Атаңдай болгон агайың.

Таалайлуу элдин, кулуну,
Тыңшап тур менин муңумду:
Токтогул менен топко ырдап,
Эшмамбет менен элге ырдап,
Атагы чыккан Корголдун
Бала да болсоң ээрчишсең,
Балапан куштай, жетимчем,
Айтканын уккун Корголдун.
Аралаш жүрүп жыйынга,
Акындан үлгү албаса
Акын болуш кыйын да.

Мен да жашымдан далай ырдадым,
Бирок ырдан кайсы жыргадым.
Жамандап ырдап коём деп,
Жазыгын тартып куурадым.
Балам, азыркы ырчы сен жакшы,
Бардык эл сенин тууганың.
Эски заман курусун,
Энчиден далай кур калдым.
Эркин элдин уулусуң,
Элирип топко ырдагын.
Балам, ичкиликке кызыгып,

Ала барман жаш болбо.
Ырчы болсоң, Токтосун,
Токтогулду тарта жүр.
Ырдын жайын билбеген,
Ыр жанбай калса тилдеген,
Кулуке калжыр баш болбо.

Акын болсоң анык бол,
Атагы чыккан Калык бол.
Артыңда балдар сөз кылып
Айта жүрчү тарых бол.
Сылык сөз, жумшак мамык бол,
Болбоско кабак бүркөбө
Булутсуз күндөй жарык бол.
Эңсеп келген Корголдун
Эскерме сөзү сага ошол.

Токтогул акындардын улугу,
Акылдын кирсиз, тунугу.
Анда мен да жаш элем
Азыраак ырдай койчу элем
Токомдун жүрүп артынан,
Торгой болдум таңшыган.
Далайды көрдү алтын баш,
Куу турмуштун зарпынан.
Турмуштун зарпы болбосо,
Током айдалат беле калкынан.
Алтымыш жашка барганда,
Агарып сакал калганда,
Өнөрүмдү таштайын
Өзүңдөй дилгир балдарга.

Бир кезде ээрчип Токомду
Үлгүсүн мен да алгам да.
Элиңе келип жолуктум
Эңкейип белим карганда,
Балам, тирүүмдө ээрчип кал,
Менден болбой арманда.
Куланып кетер алтын баш
Куу өлүм чалма салганда.
Корголдун сөзүн укkам деп
Айта жүр, балам, артымдан,
Ар жыйынга барганда...

ТОКТОСУНДУН ЭКИНЧИ ЖОЛКУ САЛАМДАШУУСУ

Атсалоом алейкум,
Акын ата, эсенби?
Эсендеше кетели.
Элдир-селдир ырдаган
Эрмегиң элем кечеги.
Сөөдүк-сөөдүк болсо да,
Өзөлөнүп угушчу
Өз элимдин нечени.
Топто өзүңүз айткансыз,
Токтосунум болот деп,
Так ордума конот деп,
Тайларымдын этеги.
Керсейбей ырдап жүргөндө,
Келе калса кезеги.
Өзүңүздөн кийинки
Атам Калык тапканым,
Ээрчитип жүрүп үлгү алып,
Эл ырчысы болсо деп
Эңсеп бара жатканым.
Жыйынды көрсөм элирчү
Жыйырма эки жаштамын.
Жыргал шаарым Фрунзе,
Жылып бара жатканым.
Атам менен айтышкан,
Ары-бери тартышкан.
Аксакал Осом ырларын,
Атамдан алып жаттадым.
Сиз менен кошо жүргөндө,
Сөз түйүнүн билгенде,

Акындык жолун баскамын.
Али да турат эсимде,
Ала барман кезимде,
Акылымдан шашканым.
Балалык кылып тиш салып
Барпыга барып жолуктум.
Көзү көрбөйт экен деп,
Көмөлөтүп кетем деп,
Көпкөндүк кылып оолуктум.
Тентектигим муш болуп,
Тепкиге өзүм туш болуп
Тескери түш жоруттум.
Каарына келди бейм,
Катыгымды берди бейм,
Кайта араңдан соолуктум.
Ар бир сөзү билгенге,
Атылган эле ок экен.
Бою дагы чоң экен,
Ою дагы зор экен.
Каарданып ырдаса,
Казып койгон ор экен.
Жаалына калганга,
Жайып койгон тор экен.
Качып эле кетпесе,
Кайнатылуу шор экен.
Арстандай чеңгел салганы,
Ажыдаарча арбады.
Былчылдата берди бейм,
Былк этер алым калбады.
Андан кийин тоо-ташка,
Урунганды таштадым.
Опсуз эле иш экен,
Ойлоп көрсөм баштагым.

Үч күнү болду кошулдум,
Үйүр алып буларга.
Ыр-күү үчүн башынан,
Ышкылуу жан кумар да.
Атам алып баратат,
Айткан сөзүн угам да,
Акылга акыл кошулса,
Акын болуп чыгам да.
Үмүт узун, максат чоң,
Үзүлбөйт андан күдөрүм
Өтөмбү, жокпу артистке,
Жетелеген атамдын,
Өз колунда жүгөнүм.
Ээрчидим эле өткөн жыл,
Элимдин сиздей Корголун.
Таңдайынан бал тамган,
Таңшыган чечен торгойдун.
Өзүңүз кетип, мен калып,
Өзүмчө ырдап тойлодум.
Бозо чыккан жерге ырдап,
Порумдуу ырчы болбодум.
Өзөгүмдү өрттөп алыс жак,
Өзүмө өзүм тойбодум.
Арзып жүргөн кезимде,
Аткарылып ойдогум.
Артынан ээрчип баратам,
Атактуу Калык жоргонун,—

Коргол:
Э, балам,
Токомдун тирүү барында,
Толукшуп турган чагымда,
Эл кыдырып жер таанып,

Ээрчип жүрдүм жанында.
Катарлашып бирге өстүк,
Калыктын бала чагында.
Тоо ашып Током көп барчу,
Токтобек биздин айылга.
Эл аралап ырдадык,
Эш, Кулама сайында.
Аш, тойдон калбай барчубуз,
Аксуу, Тегене жагына.
Эзелки өткөн күндөрдү,
Эстей берем дагы да.
Өткөн жылы кышында,
Кырк чилденин тушунда,
Атаң Коргол айлыңа
Барып калган учурда,
Көрдүм эле өзүңдү,
Уктум эле сөзүңдү.
Алып жатып койнума,
Ачтым эле төшүмдү.
Балам элең, Токтосун,
Кетмен-Төбө биз жакка,
Келип калган шөөкүлдү.
Жүлүндөн кайра тутанттың,
Жүрөктө күйгөн өртүмдү.
Амандашып ырдадың,
Айтканыңды тыңдадым.
О... балам, сени көргөндө,
Оюма түшөт мурдагым.
Өзүнөн жакшы билемин,
Баламын ага-тууганын.
Суранчы, Бапы абаңдын,
Токтобекте турганын.
Атаң эрте өлдү эле,

Уламалап ар кимден,
Укту бекен кулагың.
Билбегенди, Токтосун,
Билем деп айтып турамын.
Көргөн менен билгенди,
Түшүнтүп айтып койбосом,
Жетпейби мага убалың.
Атаң болсо Тыныбек,
Менден улуу кары эле.
Энең Күлкан эң сөзмөр,
Элпек мүнөз жан эле.
Төрөгөнү токтобой,
Уул болсун, кыз болсун,
Бир балага зар эле.
Көксөп ыйлап жүргөнү,
Көз алдыма элестеп,
Көрүнүп турат дагы эле.
Айы-күнү жакындап,
Болуп калган чагында,
Жер которуп ата-энең,
Көчүп келген болучу,
Токтобек биздин айылга.
Апаң сени төрөдү,
Ак бешикке бөлөдү,
Өзөндүү жерде жалбызым,
Өлгөндөн калган жалгызым,
Тилекти кудай келтирдиң,
Тыкемден калган жетимим.
Уккансың улар үнүмдү,
Узартыпсың тилимди,
Кулунуңда тапкамын,
Тай кезиңде таптадым.
Куюндай күлүк болсун деп,

Кунаныңда чапкамын.
Ээрчитип жүрүп элиңе,
Эрмек бол деп таштадым.
Калган экен эсиңде,
Калыктай бол деп айканым.
«Акын болсоң анык бол,
Атагы чыккан Калык бол»
Деген сөз бардыр оюңда,
Алып жатып койнума,
Аталап жыттап сакалдан,
Сен асылсаң мойнума.
Жетимчилик кезегим,
Менин да түшүп оюма.
Жетим жүрүп жетилсе,
Кыргызга ырчы болор деп,
Кысуучу элем боорума.
Күү үйрөтүп комузду,
Күүлөп бердим колуңа.
Эл аралап эки айча,
Ээрчип жүрдүң соңумда.
Кадимкиндей айтыштың,
Караган-Сайдын оюнда,
Колхозчулардын тоюнда.
Кубангандан өзүңө,
Камдадым сага туурумду,
Конотко деп ордума.
Тилегендей, Токтосун,
Болуп калган экенсиң.
Туурума ээ болуп,
Конуп калган экенсиң.
Көңүлүнө Калыктын
Толуп калган экенсиң.
Аман болсоң э, балам,

Атаң менен кошулуп,
Фрунзеге жетерсиң,
Ар жагында бар эле,
Артисттикке өтөрсүң.
Айтыш, тартыш үйрөнүп,
Акын болуп кетерсиң.
Баласындай Калыкка,
Жакын болуп кетерсиң.
Айтканымды билип ал,
Акылыңа түйүп ал.
Ар ырчынын өзүнчө,
Албан түркүн түрү бар.
Жоошу жумшак мунайым,
Каарданса сүрү бар.
Илбериңки ырчынын,
Илеби шекер тили бал.
Ийменбестен андайдан,
Ирээттүү сөзүн илип ал.
Акындыктын алп жолун,
Акырындап билип ал.
Бир жери кемийт дейсиңби,
Бирин эмес миңин ал.
Күжүлдөп чуркап талбаган,
Күлүгүн ырдын минип ал.
Куйругун шарт түйүп ал.
Таскагынан жаздырбай,
Таамайлап топко кирип ал.
Боломун десең чоң ырчы,
Бозокорго ырдаба.
Уу-дуусун басам деп жатып,
Убара болосуң кыйлага.
Алты аял эле баш кошсо,
Айткан сөзүн тыңдаба.

Эки-экиден сүйлөшүп,
Эч кимиси сөз укпай,
Көп көчкөн журттай көңүлүм,
Калып калган мындан да.
Баш-аягын байкабай,
Болбос ишке сурданба.
Өтө момун болом деп,
Өз энчиңден кур калба.
Бул ырыскы экен деп,
Бутуңа жибек чулганба.
Жетип алба байкабай,
Жетесинен урганга.
Эл ашык болот жарчыга,
Эрмек боло калчуга!
Элиң каалап сураса,
Эч нерседен тартынба.
Элпек ырчы атанып,
Эмгек сиңир калкыңа.
Өлбөс болуп түбөлүк,
Өрнөгүң калат артыңда.
Колдон келсе азамат,
Күлүктү тандап минбейби,
Куп жарашык денеге,
Күлгүндү тандап кийбейби.
Эңсегенге жетпеген,
Элиңди эзип тепсеген,
Каргыш тийген куу заман,
Кала берди илгээри.
Калыктын деле эсинде,
Кандайча өткөн күндөрү.
Жан-жакасы Нарындын,
Жаш кезекте жүргөнү.
Эстебеске айла жок,

Эзелки дебей аларды.
Көз тирүү экен, Калыгым,
Көрдүк эки заманды.
Сен болсо барып борборго,
Түштүң жарык чоң жолго.
Жайдыр-кыштыр бир жүрүп,
Жакындап алдың чоңдорго.
Китеп болуп ырларың,
Чыгып жатат жыйнагың.
Жеткениң ошол болжолго.
Кейигениң эсимде,
Биз менен бирге жүргүн деп,
Кал десең болбой койгондо,
Жалгыз эле ырдабай,
Эл чогулган тойлордо.
Теңтуш элек башынан,
Бирге жүргөн жашыңан.
Көз кырыңды сала жүр,
Көр-сокур Корголго,
Керемет жер баарына,
Кең Фрунзе шаарында.
Сен болсо жалгыз эмессиң,
Алымкул менен Осмонкул,
Алтындар бар жаныңда.
Жарпыңды жазып сүйлөшөр,
Жанаша жүрүп дайыма.
Жаман экен мага эле,
Жалгыз калган айылда.
Барпы болсо башынан,
Жеке көнгөн жашынан,
Жалал-Абад шаарында,
Баламдын айткан бир ыры,
Түшө калды эсиме.

Барпыны айткан чагында,
Катуу тийип байкабай,
Калганын айтты каарына.
Атаңдай киши каарыса,
Ага, балам, таарынба,
Эсенаман эски ырчы,
Эл кыдырган кески ырчы.
Уу тил менен Өтөнү[1]
Ууктурган заарына.
Аңгөөдөк болуп жашыңан,
Айдак сөзгө кирбей жүр.
Өзүңдөн улуу адамга,
Өктөмдүк кылып тийбей жүр.
Улууга кылсаң урматты,
Кичүүгө кылгын зыйнатты.
Барпыны билем башында,
Бир көргөмүн жашында.
Сагызган чапан кийинип,
Сайкалдын[2] келген ашына.
Эки-үч жигит бар эле,
Ээрчитип алган кашына.
Анда, балам, угуп тур,
Анжиян, Аксы, Таластан,
Ырчы, күүчү, жомокчу,
Ышкыбоздор көп келип,
Ырчыдан баш адашкан.
Ырыскулбектин балдары,
Ырчыдан ырчы тандады.
Ныязаалы болучу,
Күүчүлөрдүн балбаны.

---

[1] Ө т ө — Жеңижок.
[2] С а й к а л — Керимбай болуштун энеси.

Током, Эшмамбет болучу,
Топко ырдаган ардагы.
Алыстан келген мейман деп,
Барпыны Током тандады.
Токомду Барпы жандады.
Жар чакырып калышты,
Салт боюнча андагы,
Ар бир үйгө бир-бирден,
Жамыраган козудай.
Жайылып кетти калганы.
Анда көзү Барпынын,
Ачык эле көрчү эле.
Билбейт экен комузду,
Оң бөйрөгүн таянып,
Обдулуп ырдай берчү эле.
Уккандын баарын нас кылып,
Үстү-үстүнө бастырып,
Каптап нөшөр өткөндөй,
Кара жамгыр төккөндөй,
Какшанып ырдай берчү эле.
Калыбынан өзгөрбөй.
Каалаганга жеткендей,
Куюлуп турчу ырлары,
Каптын оозун чечкендей,
Эшмамбет, Током болбосо,
Эч кимибизден сестенбей.
Өткүрлүк кылып тийипсиң,
Өзүңдү-өзүң текшербей.
Сезинен коркуп Барпынын,
Сергипсиң суу сепкендей.
Мындан кийин, Токтосун,
Абайлап, балам, ырдап жүр.
Алды-артыңды текшерип,

Кексе болот карылар,
Кебине кетпе өрттөнүп.
Калык экөөбүз жаш кезде,
Кимдер менен дешпедик.
Өзүңдү дөө ойлосоң,
Өзгөлөр чымын эмес да.
Баш-аягын баамдап,
Байкаш керек эскерип.
Катыгың берген Барпы акын,
Калтырыптыр сага эстелик.
Эми, балам, билерсиң,
Эсиңе ала жүрөрсүң.
Карылар коёт кечирип,
Балдардын кеткен күнөөсүн.
Жашчылык жанган өрт болот,
Жарашыктуу көрк болот.
Жакадан кармап жүрсө да,
Э... балам, андайдын,
Эстүүсү эрте оңолот.
Эси жогу шол бойдон,
Эл-журттан чыгып жоголот,
Али да бардыр эсинде,
Укпайт экен дегенсип,
Ушак айтып эсирбе.
Уурулукка берилип,
Учураба кесирге.
Жагып турат өзүмө,
Жаагын жана башташы,
Айтылуу күлүк болчудай,
Арышын кере ташташы.
Тийиптир, балам, колуңа,
Тилегендей оюңда.
Бакма балам болсун деп,

Бала атка консун деп,
Басыпсың, Калык, бооруңа.
Эл ырчысы кыларсың,
Эркиндиктин доорунда.
Эминени кааласа,
Энсегени колунда.
Салттуу акын болсун деп,
Саларсың өз жолуңа.
Аралашып каларсың,
Э балам,
Акындардын тобуна.
Анда-санда унутпай,
Ала жүр мени оюңа.
Эки жыл болуп баратат,
Элиңе барып кайткамын.
Эриш-аркак болсун деп,
Ээрчитип баскамын.
Энсеген кезде тапканым,
Үйрөнүп кал, балам, деп,
Үлгүмдү сага таштадым.
Ай сайын кубат азайып,
Ал-күчтөн тая баштадым.
Агарып сакал, чачтарым,
Алтымыш жети жаштамын.
Түз эле жерден чалыштап,
Тозок болду басмагым.
Кебез тоону бет алып,
Кеткени бейм жаш чагым.
Кейиген менен кайрылып,
Келбес болуп баштагым.
Болчу болсоң болуп ал,
Борборду көздөй аттадың.
Унутпай эске сактагын,

Улуулардын айтканын.
Кокустан, балам, бар болсо,
Корс мүнөздү таштагын.
Азамат болсоң чынчыл бол,
Арамдыкка берилип,
Абийириңди сатпагын.
Эртели кеч унутпай,
Эсиңе алып жаттагын.
Ырыңдан дайра ташысын,
Булбулдай тилиң таңшысын.
Күн чыкканча талбаган
Күкүктөй үнүң шаңшысын.
Ыракмат айтып укандар,
Ырыскың элден чачылсын.
Батам ушул, Токтосун,
Барган жерден жол болуп,
Бак-таалайың ачылсын.
Күлгүндөй жашым барында,
Күжүлдөп турган чагымда,
Күн чыкканча сайраган,
Күкүгү элем айылда.
Дааныштандар өзүндөй,
Дагы эле жетет кадырга.
Көөшүлүп коём кез-кезде,
Көпчүлүктүн алдында.
Кетмен-Төбө жеринде,
Керегим тийип элимде.
Кеткендерден бир белек,
Керез болуп калдым да.
Өткөндү көп эстетпей,
Өзүң комуз алгын да,
Өйүз-бүйүз укчу эле,
Өкүм үнгө салгын да.

Сагындым эле сөзүңдү,
Сагындым эле өзүңдү,
Каухардай болуп жалт эткен,
Карап турам көзүңдү.
Кадырлашкан жашымдан,
Калыгым келген шөөкүлдү.
Айтканыңды мен угуп,
Ага-ини менен тең угуп
Алайынчы энчимди.
Керемет Кетмен-Төбөдөн,
Кезегин кудай келтирди.

Коргол атам ошентип токтоду. Калык атам эки жагын имере карап, анда-санда ак баскан сакалын салаасы менен тарап, комузун алып, ырчы күүгө бурай салып, адатынча мурдунун учун эки-үч жаныл, коңур үн менен ырдай баштады да, биз дымырап кулак түрдүк:

Корголум, келдиң ардагым,
Колума комуз кармадым.
Келбей жүрүп сагынгам,
Кетмен-Төбө аймагын.
Көрө кетсем экен деп
Көңүл эңсеп калгамын.
Өзүңдү көрүп кубандым,
Өчкөндөрдөн тамганым,
Өлгөндөрдөн калганым.
Козгоп кеттиң бул жерде,
Токтогулду баш кылып,
Эшмамбетти каш кылып,
Эчендердин арбагын,
Томуктай бала чагымда,
Токтогулдун жанында,
Элдир-селдир эң алгач,
Ырдаганым жадымда.

Ээрчишип жүрчү эле,
Жаңыбай, Курман, Аттокур,
Кулуке, Жолой, Бекназар,
Өнөрпоз эле булар да.
Өздөрүнчө чер жазар,
Алар менен экөөбүз,
Аралаш жүрдүк бир катар.
Өткөндөрдү эскерип,
Экөөбүз айтпай ким айтар.
Токомдо эле ыр-күүнүн,
Уюткулуу ордосу.
Элди көрсө элирип,
Ээ-жаа бербей теминип,
Эшмамбет эле жоргосу.
Күл азыгы түгөнбөс,
Карк алтындуу дорбосу.
Эмине деген залкарлар,
Эсиңе салып ойлочу!
Булардын баарын бапырап,
Барган жери той болчу.
Басканы шыдыр жол болчу.
Комуздары толгончу,
Колдору кошо ойнолчу.
Ышкыбозу элине,
Ыр-күү деген мол болчу.
Тике карап бет алып,
Тийишкен ырчы оңбочу.
Ал да өзүнчө бир кезде,
Аккан селдей убакыт,
Түгөнбөстөн ташкындап,
Түрмөктөнүп чубатып.
Бүтө электе бирөөбү,
Башкасы кайра улантып.

Ооздон-оозго алышып,
Ордолуу элди кубантып.
Тамшанчы эле уккандар,
Так кумардан чыккандар.
Алардын азыр бири жок,
Айланып келчү түрү жок.
Качанкыны ойлонуп,
Кабагың карыш салынып.
Кекеткенсип каласың,
Келбейт деп жаштык кайрылып.
Салам айтпас болгон соң,
Самандай өңүм саргайып,
Сагынам неге зарылып.
Андан көрө, Корголум,
Өлүм берсин карганга,
Өмүр берсин балдарга.
Жаштыгың ошол эмеспи,
Жанындагы балдарың,
Жарап турса жардамга.
Ээрчип жүрсө бойтоңдоп,
Эки жакка барганда.
Комузду бирге күүлөшсө,
Кош булбулдай үндөшсө.
Кыялыңды эргитет,
Кызык барбы андан да.
Өнөрүң калса артыңда,
Өлбөйсүң бул жалганда.
Кубат, күч берди бул заман,
Кулачты кере жайганга.
Курч калам бар колумда,
Кумга да из салганга.
Китеп деген өлтүрбөс,
Экинчи бала турбайбы,

Эч болбоймун арманда!
Азыр, Коргол, мен деле,
Алтымыш беш жаштамын.
Кырындамын туу белдин,
Кызыталак, жаш чагым,
Кылчайбас жолго баштадың.
Кетмен-Төбөдө жүргөндө,
Келесиң эске баштагым.
Кер мурут жигит чагымда,
Келиндин көрсөм аппагын,
Кебимдин тандап каухарын.
Келиштирип мактадым.
Кош бозого эшикти,
Коргол, сен мурун аттадың
Акбакайың али эсте,
Айылдан издеп тапканың.
Эки ырыңдын бири ошол,
Эртели кеч какшадың,
Кайран кез кеттиң саналып,
Капкайда калды балалык.
Эки келбес өмүрдү,
Эңсесек кайдан табалык?!
Акыры бир күн каларбыз
Аяктай көргө камалып.
Андан көрө, Корголум,
Ак таңдайды чабалык.
Ага-ини көөнүн алалык.
Өрнөктү берип жаштарга,
Өмүр деген чиркинди,
Өлбөс кылып салалык!
Жокчулуктун зарпынан,
Жонуна жүгүн арттырган,
Жетелеп эки баласын,

Жер кесип тоо-таш арасын,
Атам тентип келген жер,
Ак тилегин берген жер.
Өйүз-бүйүз эки өзөн,
Өзүм өсүп-өнгөн жер.
Ышкыма ышкы кошулуп,
Ырчылыкка көнгөн жер.
Тоо элинин торгою,
Токтогулду көргөн жер.
Катарына кошулуп,
Канатымды керген жер.
Ырдан бүткөн түбөлүк
Ырысымды терген жер.
Акындык жолун үйрөнүп,
Айыл ичин бир көрүп,
Аралашып жүргөн жер.
Айырмасын ырлардын,
Ажырата билген жер.
Адам болуп мен дагы,
Ай далымды кубантып,
Асылды тандап кийген жер.
Атты тандап жабдыктап,
Аспиеттеп минген жер.
Алкыш алып көп элден,
Ак батасы тийген жер.
Арзып келип Жумгалдан,
Атам Акы тапкан жер.
Кел бери деп туугандар,
Коюнун бизге ачкан жер.
Келиштирип үй жасап,
Керегесин тарткан жер.
Көксөгөнү бүт болуп,
Көңүлүнө жаккан жер.

Бөжөктөй кылып балдарын,
Бөжүрөтүп баккан жер.
Бей-бечара биздейге,
Берекесин чачкан жер.
Айдаган жерге суу буруп,
Арыгын атам чапкан жер.
Урма дубал там салып,
Устун коюп жапкан жер.
Убайым тартпай кышкысын,
Урматын көрүп жаткан жер.
Эрбейген Калык чоңоюп,
Эрезеге жеткен жер.
Мээнеттеш болуп атама,
Маңдайдан терим төккөн жер.
Байлар кетсе жайлоого,
Биз жакага көчкөн жер.
Ой менен тоону аралап,
Ошентип жүрүп өскөн жер.
Комуз кармап биринчи,
Колума алып черткен жер.
Током менен кошулуп,
Топ аралап кеткен жер.
Акынын Калык баласы,
Адам болот дешкен жер.
Керме тоосу керемет,
Кетмен-Төбө өзүңдү,
Көрбөй жүрүп көп жылы,
Көксөп калган экемин.
Тамбаса да киндик кан,
Тай-тайлаган мекеним.
Мээриминден айланып,
Мен садага кетемин.
Көз алдыма тартылып,

Көрүнүп турат кечегим.
Аккан суудай ташкындап,
Алп урган жаштык кезегим.
Жакындап келсем дагы эле,
Жаш чагымды сеземин.
Токомдун татып шекерин,
Торгойдой тил безедим.
Өткөргөн жокмун мен дагы,
Өмүрүмдүн бекерин.
Тандап элдин ичинен
Таңдай тилдүү чеченин.
Тарбиялап өстүрдүм,
Таасын ырчы эченин.
Ошолордун ичинен,
Оюма толук түшүнгөн,
Осмонкулум улуусу,
Обдулуп ырдап туруучу.
Оозунан мөндүр төгүлсө,
Өзүм менен айтышат,
Орошон кыргыз угуучу.
Өөдө-төмөн тартышат.
Ышкыбоз элин мен менен,
Ыраазы кылып кайтышат.
Тоо суусундай өнөрү,
Ташып кетип баратат.
Акындыгы андан да,
Ашып кетип баратат.
Безенген тили далайды
Басып кетип баратат.
Андан кийин тапканым,
Аш-тойлордо чапканым
Каракунан, Сарыкунан
Баалап уккан ар дубан,

Калкы оозун карашкан.
Бизге барып консун деп,
Бизге эрмек болсун деп,
Биринен бири талашкан.
Күчкө кирген күлүктөй,
Күжүлдөп күндө таң ашкан.
Алыска чапчу түрү бар.
Айтыша келген акынга
Арстандай сүрү бар.
Кырс мүнөзү келгенде,
Кыйнасаң да ырдабай
Кармап калчу жини бар.
Ошонусу болбосо
Отурган элдин гүлү ал.
Оргуган шекер тили бал,
Борончунун Ысмайыл
Бар-жогуна түк кайыл.
Тартынбай ырдайт тапканын,
Турса дагы бүт шайыр.
Жаакташканын ырдатпай,
Жармашып алып уйгактай.
Жерине жете сындаган,
Жетмейинче тынбаган.
Улам артын улаган,
Ууга тилин чылаган.
Бизде болсо көп ырчы,
Бири ошол көк ырчы.
Катылбаса катылбайт,
Катылгандан тартынбайт.
Кааданы билген жөн ырчы
Окуучумдун кенжеси,
Ошо Ысмайыл болучу.
Ортого ырдап мен жокто,

Ордумду баса коюучу.
Азыр болсо Ысмайыл,
Айтылуу ырчы болгон кез,
Абийир-даңкка конгон кез.
Кычыткылуу куйкум сөз
Кыйналбастан тапкан тез.
Андан бери, Корголум,
Аралап кыргыз тоолорун.
Айыл-кыштак, шаардын,
Ар жеринде болгомун.
Туз буйруган жерине,
Түнөгөмүн, конгомун.
Дагы бирди тапсам деп,
Дааналап топко чапсам деп
Карыган чакта ойлодум.
Кабыл болуп ойдогум.
Жерине барган чагымда
Жеңижок, Нурмолдонун,
Элинен балам кабылды,
Эңсегеним табылды.
Колумдан алып комузду,
Кошулуп бир аз чабылды.
Болочогу эл ырчы,
Болору мага билинди.
Акырындап ордума,
Конору мага билинди.
Арык суусу дайрадай
Толоору мага билинди.
Жүйрүк кунан тартынбай
Жүгүрүп келсе кашыма,
Жүрчү Калык мен бекен,
Жүгөн катпай башына.
Такасы жок кирчүдөй,

Тайгылбай сайдын ташына,
Угуп көөнүм кубанды.
Урмат менен өзүмө,
Учурашкан сөзүнө.
Көп жылы бирге жүргөндөй,
Көрүндү жылуу көзүмө.
Бала кылып алайын,
Байбичеме барайын.
Басып ысык төшүмө,
Туурума түнөсүн,
Туйгун болуп түлөсүн.
Акырымдан жем жесин,
Акындыкка дем берсин.
Калыктын уулун көрсөк деп,
Калаадан укkан эл келсин.
Дедим дагы, Корголум,
Дем берип дене-бойлорум,
Колунан кармап баланын,
Кошо алып барамын.
Ачсам деймин таалайын,
Аткарсам дейм талабын.
Бүркөлтпөсөм кабагын,
Бүткөнү ошол санаанын.
Көөшүлгөн жорго болгондо
Көрөсүң байкап аягын.

ТОКТОСУН МЕНЕН ЭСТЕБЕС

Малчылардын эрдиги

Токтосун менен Эстебес ырчы баштаган Кыргыз Мамлекеттик филармониясынын артисттеринин эки тобу кыш чилдесинде малчылардын арасында болуп: Эстебес Анаркайдан тартып Ак Сайга чейин, Токтосун Чүй боорун кыдырып чыгып, кайтып келгенден кийин эки ырчынын беттешип турган жери:

Токтосун:
Быйыл кыйын кыш болду,
Кар болсо калың жыш болду.
Ак чокулуу тоо эмес,
Арасы кокту коо эмес
Адыр, түз да муз болду.
Кийип алып кыш тонду,
Жемин таңып жонуна,
Чөбүн кармап колуна,
Баласындай бапестеп
Баккандары сонун да.
Барып келдиң, жакында,
Малчылардын тобуна.
Кандай иштеп жатканын,
Малды кантип бакканын
Алгандырсың оюна.
Ошолордун баарысын,
Эми келди кезеги
Элге ырдап коюуга.
Же аларды көрбөстөн,
Жеткире ырдап бербестен,

Кордойдун ары жагынан
Коркуп кайта келдиңби?
Комузуң катып койнуңа,
Көргөндөрдүн баарысын
Көпкө ырдап койгун да.
Ичиги жок, тону жок
Жалаң пальто, шапкечен
Кожоюнуң бар эле
Колтугу толо бапкечен.
Султанбектин баласы,
Суук күндө кантти экен.
Бутунда жалаң туфли
Бул кышта кантип кайтты экен.
Калганын анан сурайын,
Кадырлуу биздин малчылар,
Кана айтчы, Эстебес,
Кайсы абалда жатты экен?

Эстебес:
Кыдырып келдим жакында
Кыргыздын түрлүү жерлерин.
Айтылуу Кенес-Анаркай,
Аржагы Балкаш көлдөрүн.
Жайсаңдан ары кең талаа,
Жашаган малчы эрлерин.
Алты күн жүрдүм аралап,
Айтайын элдин жөн-жөнүн,
Мактасам баары татырлык,
Малчынын кылган эмгегин,
Ышкырган суук кар калың,
Ырыстуу малчы балбаным.
Ысырап кылбай өлүмгө,

Багышып жатат малдарын,
Көз ачылбайт бороондон,
Көрдүм элдин ал-жайын,
Өзүм менен бир барган
Өнөрпоз кыздар-балдарга,
Жеткенде суукка байкадым,
Жеңил кийип барганын.
Шляпа кийип барыптыр
Шаарда өскөн ардагым.
Шамалдуу суукка чыдабай,
Шаштысы кетти жаштарым,
Жоолук менен таңдырдым
Үшүгөн кулак-баштарын,
Көрсөттүм малды чабандын,
Кандайча багып жатканын,
Каардуу журтка мал бербей,
Кайраттуу азаматтарым.
Калкына даңкы билинген,
Каармандарын мактадым.
Обочороок конок үй,
Кечинде келип жаткамын.
Эшикте суук кырк болсо,
Үйдүн ичи алтымыш,
Терезе, эшик, печкасы,
Тегиз эле жалпы муз,
Ал жерде кондук жалпыбыз.
Жанында күн-түн малынын,
Билели чабан кадырын.
Саламат болсун малчыбыз,
Сен экөөбүз мал баксак,
Колу-бутту үшүккө алдырып,
Коктуда эле калчубуз.

Жылжыган булак көл болгон,
Жылгындынын сайында,
Өрдөк, каз менен балыгы
Өзгөчө укмуш жайында.
Өлүм-житим жок экен
Өстүрүп жаткан малында,
Оюнга элди чогулттук,
Ортосу «Алга» айылга.
Көп чабандар жатыптыр
Бер жагы Айгыр Жалында,
Көңүл ачып ырдадым,
Көпчүлүктүн жанында.
Көгөрүп үшүп мен жүрдүм,
Көк муз, кыш суук жагында.
Малчынын деми жылытты,
Муз болуп калар чагымда,
Көкүрөк керип жайкалып,
Сен көйнөкчөн жаттың тамыңда.
Жылуу төшөк, таттуу уйку,
Желпинип жаттың, Токтосун,
Жеңемдин чыкпай жанында.
Ысык жерде өскөн туугансың,
Ыгы бар сөзгө таарынба.
Райкан маркум айткандай:
«Ызгардуу бороон күндөрдө,
Кап-караңгы түндөрдө,
Чабандын иши чатак иш
Чалбай сөздү билгенге».
Кыйынын малын байкадым
Кыдырып көрүп жүргөндө.
Бороонго чыдап жатышат
Тоо-талаада үйлөрдө,

Даяр эт, май, жылуу там,
Дардаңдап жүрдүң бул жерде.
Баргандырсың көп болсо
Токмок, Кемин, Чүйлөргө,
Маанисин элдин билдиңби,
Малдары кандай түрлөрдө?

Токтосун:
Көргөнүңдү ырдадың,
Көңүлдү жакшы бурганың.
Ашып келген экенсиң,
Айгыр-Жалдын кырларын.
Айтканыңа карасам
Арылап барып көрбөпсүң,
Сөксөөл, Тогуз-Кумдарын.
Ызылдаган сууктун,
Ызгаарына чыдабай,
Шашылдыңбы курбалым?
Бурбайтал, Сөөк, Миң-Казан
Буларды айтып ырдасаң
Менин да келет тыңдагын.
Көрүп жүргөн жер эле,
Көп ырдаган эл эле,
Барбасам да баргандай
Баянын бир аз тыңдадым.
Ырас, өзүң айткандай
Чүй боору жакын шаарга
Чүйгүндөп мен да ырдадым.
Жылуу үйдө Токтосун
Жыргап жатат деп айттың.
Мен деле шаарда турбадым,
Кыдырып келдик элдерин

Чүй менен аркы Кеминдин.
Көңүлүн ачып ырдадык,
Көк муштум бала-чаканын,
Көк-ала сакал атанын,
Жигит менен келиндин,
Өткөн жылы Чүй, Кемин,
Мол түшүмүн алышты
Кызылча менен эгиндин.
Карл Маркс, Жады-Алыш,
Кадимкидей жакшы экен.
Малдары семиз жагынан
«Комсомол» колхоз, асты экен.
Кичи Кемин колхозу,
Ар жакта Ильич совхозу
Малдарын жакшы бакчу экен.
Күн-түнү талбай иштеген,
Күжүрмөн өскөн калк экен.
Малдары жылуу сарайда
Көрбөдүм суукка чыкканын,
Бир жагынан талаада
Айдоо аянт жерине,
Төгүп жатат кыктарын.
Ак кар менен кошулуп
Ал кыктар сиңсе жерине
Арбын түшүм болот дейт,
Алган экен ыктарын,
Тартынбай иштеп жүрүшөт
Тоотпостон кыш каарын,
Кыштын суук ызгаарын,
Бул болсо Кемин жеринде,
Бирдиктүү иштеп жатышат,
Бир малын бербей өлүмгө.

Жапа тырмак иштешип,
Жакшына экен демилге.
Кеңири совхоз Кегети,
Күн чыгыш жагы Алчалуу,
«Прогресс», Бурана,
Ак-Бешимди аралап,
Көрүп келдик канчаны,
Ниязбектин Акматы,
Иштөөдөн качан чарчады?
Беш жүз козу бакканы,
Бордоку кылып жатканы.
Азаматтар тынбастан
Абыдан иштеп жатышат,
Аларда жок чарчануу,
Уюшуп малга жем-чөптү,
Убагында алып баруу.
Такыр жок экен мүмкүндүк
Талаага малды кайтаруу.
Алыска кетпей калыптыр
Арык-торук койлору.
Камасак жылуу сарайга,
Көп берсек жем-чөп аларга,
Өлбөй калар дегенсип
Калтырган го болжолу.
Туягы такыр коробой
Турганын көрдүм эсен-соо,
Туура экен элдин ойлору.
Дмитров совхозу,
Билесиң го жолдогу,
Силос, чөпкө кириптир
Суук көздүн колдору.
Биз барсак болуп чогулуш,

Жолдоштук сот өткөрдү
Ал совхоздун чоңдору.
Чөп уурдаган кишинин
Чыкты таза ойрону.
Уурдаймын деп эл мүлкүн
Уяттан катуу шорлоду.
Мен кыдырган жерлердин,
Мына ушундай болгону.
Өтүп кетти деп уктум
Темирден минип жоргону,
Кандай экен сен барган,
Кара-Кужур тоолору
Салаа-салаа коолору.
Арыкпы же семизби,
Төлдөрү жалпы эгизби?
Багылып жаткан койлору,
Жылдагыдай жакшыбы?
Жылкы, уюнун комдору,
Ошондо барып көргөндү,
Ортого салсаң болбойбу.

Эстебес:
Топор, Буурул, Миң-Казан,
Толуп жатат ырдасам.
Баралбай калдың ал жакка,
Баянын менден тыңдасаң.
Тогуздан ары бир сагат,
Токтобой жүрдүк тынбастан.
Сөксөөлгө жакындап,
Сол жакты белес кырды ашсам.
Билсең сөздүн аныгы,
Бир метр кардын калыңы.

Олтуруп калдык жылбастан,
Машина жолу жок экен,
Малчынын иши зор экен.
Бет маңдай жакта коктуда,
Беш короо койчу чогуу экен.
Артист деп бизди таанышты,
Ардактап алып барышты.
Ичинде бир үй чоң экен,
Чоң үйгө бардык жыйналып,
Чогулган элге ырдадык.
Малчылардын баарысы,
Маектешти жыйналып,
Үйдө олтуруп суукка,
Үшүп жаттык кыйналып.
Малчынын жап-жаш балдары,
Эшикте жүрөт чыйралып.
Эки бети кып-кызыл,
Анардай болуп нурданып.
Ар дайым жайлоо, кыштоодо,
Абада өскөн бир калып.
Ушулардын баарысын,
Аралап жүрдүк, тынбадык.
Сенден көрө кыштоодо,
Мен сергек жүрдүм тыңданып.
Шашлык менен манту жеп,
Сен шаарда жүрдүң сыйланып.
Кышында качып малчыдан,
Кызыгып жүрбө жайында,
Кымызына бир барып.
Анаркайдан келгенде,
Аттандык кайра Кочкорго.
Кара-Кужур, Жар-Көчкү,

Кайратман малчы досторго.
Аркыратып күлүктү,
Айдады Сатар бош жолдо.
Туйгундай болуп зыпылдайт,
Туягын кере созгондо.
Түз жол менен зыпылдап,
Түш обо болду Кочкордо.
Андан ары жөнөдүк,
Аралап Сары-Булакты,
Жалтырайт көк муз өзөнү,
Жаткырган айнек сыяктуу.
Жакын экен малчылар,
Жарыкта жеттик убакты.
Кабарды мурун уккандар,
Концертке барып жыйнашты.
Каалаган артист келди деп,
Кабактар ачык кубанчтуу.
Калк менен учураштым мен,
Калганын жаштар улашты,
Эшикке бара жатканда,
Семизирээк сары келин,
Сенин жөнүң сурашты.
Таежеңби, бөлөңбү?
Тааныштыгың ыраспы?
«Токтосун эмне келбейт» деп,
Томсоруп кайтты жаңкылар.
«Кат жиберсин бат» деген,
«Кадырлуу салам айт» деген,
Кыз-келиндин карызы бар.
Кыйынсың го баркы бар,
Эми угуп тур ал жерде,
Кандай жаткан малчылар.
Ылдыйкы айыл билесиң,

Жданов менен «Теңдикти»,
Ызгаардуу суук бороондо,
Көрсөтүп жатат эрдикти.
Кээде шай оодарып жиберген,
Шамалы болот эң күчтүү.
Башы Балгарт, Жер-Көчкү,
Басып калган калың кар.
Баягы өзөн өрдөштү,
Тажрыйбалуу совхоздун,
Улахол экен бөлмөсү.
Тагынган Ленин орденди,
Таанымал элге өрнөктүү,
Кол менен койго чөп берген,
Козуну жылда көп берген,
Атактуу чабан Турганбай,
Азаматты көргөздү.
Угуп көрдүк баарыбыз,
Ушундай кылсын эмгекти.
Тубар кой экен бакканы,
Турмушу сонун ак тамы.
Эки миң, сом бир жылда,
Эмгекке алган акчаны.
Элүү козу сыйлыкка,
Андан бөлөк тапканы.
«Ким иштесе тиштейт» деп,
Кеменгер Ленин айтканы.
Көрсөм көөнүм семирет,
Көз алдыма көрүнөт.
Турганбай иштеп жатканы,
Өрнөгүн элге көргөзгөн.
Көп чыксын даңкы эмгектен,
Кыргыздын кары-жаштары.

Токтосун:
Жер-Көчкүгө жетипсиң,
Улахолдон өтүпсүң.
Көп жатып алып Кочкордо,
Көрүнгөндү эстепсиң.
«Токтосун кайда жүрөт?» деп,
Толмоч келин сураса,
Тааныганыңды танбастан,
Таасын айткан ырас да.
Ал болчу менин балдызым,
Айырбаш кылбас кан кызын,
Сага болот кудача.
Бүшүркөп айтып коёсуң,
Билбеген жандай тубаса,
Андан көрө, Эстебес,
Сары-Булактан сол жакта,
Бурулганын айтсаңчы.
Кокту-колот, тоо ташка,
Урунганың айтсаңчы.
Бети-колуң суукка,
Туурулганын айтсаңчы.
Көргөндөрдүн баарысын,
Көпкө ырдап коёлу.
Маектешип олтуруп,
Малчынын болдуң коногу.
Баратып Кара-Кужурдан,
Кантип аштың Долонду?
Төбөсү көктү тиреген,
Ак карын араң жиреген,
Долондой ашуу болобу?

Жайдын күнү жайкалып,
Жатчы эле шибер сонору.
Андан ары аштың да,
Автобус болсо астында.
Кара-Үңкүр, Кум-Бел,
Оттукту, катары менен бастың да.
Көрбөсөм да уккамын,
Көшүлүп Нарын шаарында,
Конок үйдө жаттың, да.
Жоро-жолдош көп эле,
Жол болгонун таптың да.
Жолдо кандай кыйындык,
Жорго сөз менен айттың да.
Кеткениңди мен угуп,
Кереметтүү жолдорду,
Элестетип жаттым да.
Ачууланса жайында,
Ак кар жаап өтчү эле.
Нымырап күнү жылыса,
Нөшөрлөп жамгыр төкчү эле.
Ат-Башынын, Кызыл-Бел,
Арпа, Ак-Сайга уланып,
Аймагы кеңир кең эле.
Ал жолду түгөл бастыңбы?
Ак-Бейит, Коргон таштардан,
Ал жерден малчы таптыңбы?
Кызыл-Сай, Узун-Белдерден,
Кыш кычырап жатканда,
Кыйналып жаткан элдерге,
Кызыл тилди чаптыңбы?
Торгарттын тигил сол жагы,
Чатыр-Көлдүн оң жагы,

Ортосунда атылган,
Нарзандын суусун таптыңбы?
Тармал-Саз, Кара-Сайлардын
Татаал эле жолдору.
Машинаң жүрбөй бул жерде,
Балким кыйынчылык тартыңбы?
Ошонун барын ырдагын
Ордолуу элге тынбагын.
Кандайча барып келгенди,
Каарман малчы эрлерди,
Какшанып айтчы курбалым.

Эстебес:
Аттандык Кужур төрүнөн,
Аштык Долон белинен,
Кара аюудай көрүнгөн,
Кара жолдун жээгинен,
Катар жаткан мал көрдүк.
Карасак барып өңүнөн,
Топоз экен баарысы,
Тоодо жүрүп семирген,
Өңдөрү укмуш аюу жон,
Өзүнчө малдан бөлүнгөн.
Коркушпайт да алдырбайт,
Кол салган жырткыч бөрүдөн.
Мурун такыр көрбөгөн,
Балдар менен кыздарым,
Саксайган кандай укмуш деп,
Саргая түштү өңүнөн.
Көзүнөн башка тумшугун,
Көргөзбөй карга катышат.
Бозо ичип алган адамдай,

Боргулданып жатышат.
Артыкчылык бир жери,
Аскадан жолдой басышат.
Көрдүм Токо, ушуну.
Толгон малдан укмуштуу,
Топоз экен кызыгы.
Тон, музда уктап жатышат,
Тоотпойт окшойт кышыны.
Ток бар окшойт ичинде,
Токтон го дендин ысыгы.
Угуп тур дагы жайынды,
Узарып канат жайылды.
Аз убактын ичинде,
Аралап кирдик Нарынды.
Көп үйлөр жаңы орноптур,
Көчөсүн түзүк оңдоптур.
Эски тамын сомдоптур,
Эки катар, үч катар,
Эң көп үйлөр орноптур,
Баягы жылы барганда,
Калчылдап үшүп жатчы элек,
Мейманкана тоңбоптур.
Эртеси эрте бет алдык,
Арпа менен Ак-Сайды.
Көргөндөрдү эл уксун,
Көкүрөккө катпайлы.
Күүлөнүп күлүк баратты,
Ак-Бейитке жеткенде,
Агарып жаңы таң атты.
Ашкана тоңуп калыптыр,
Ичели десек тамакты.
Күн баткыча жетсек деп,

Күүлөнтө бердик канатты,
Дагы эки жүз чакырым,
Бара турган жерибиз,
Балдар жолдон санашты.
Тумандап тоонун баштары,
Тунжурап жатат ак кары.
Торугарт менен Чатыр-Көл,
Көркөмү көңүл шаттады.
Сууктун күчүн карагын,
Баягы оргуштаган нарзандын,
Басаңдап калыптыр акканы.
Катуу бороон башталды,
Кайрылганда Торугарттан,
Көгөргөн туман сур булут
Көргөзбөй салды асманды.
Кара-Күнгөй, Үйгөн-Баш,
Текелик, Терек, Чаар-Таш,
Өзүнчө жердин аттары.
Текеликтен өткөндө,
Кара-Сайга жеткенде,
Машинанын ар жагы,
Рессору сынып олтурдук,
Андан ары баспады.
Көрөт элең бир барсаң,
Курбалыңдын ошондо,
Кайсы абалда жатканын.
Шоферге суук шор экен,
Дөңгөлөк менен алышып,
Темирге колу жабышып,
Сатардын азап тартканын.
Ошентип Таругартта тоңуп мен жаттым,
Токтосун эстүү жан элең,

Токмокто жыргап сен жаттың.
Көрүнгөн малчы үйү жок,
Үй көрүнчү түрү жок,
Аяздын түнү курусун,
Атай айткан «Күйдүм чок».
Арт жактан келген машина,
Алып кетти бир-бирден,
Азаматтар бар экен,
Ата салтын билдирген.
Аязда сынып машина,
Ай-талаада каларды.
Аны байкап ким билген,
Көк-Кыя менен Тармал-Саз,
Күрткүлүү карга батыптыр.
Анда да баатыр малчылар,
Ардактап багып малдарын,
Аман-эсен жатыптыр.
Кыш болбостур Токтосун,
Быйылкы жылдын кышындай.
Чыкылдаган чилдеде,
Чыйрыктым деп ышынбай.
Мал багып жаткан эл көрдүм,
Эмгектен баатыр эр көрдүм.
Сурасаң Ак-Сай, Арпанын
Маниси курбум ушундай.

Токтосун:
Барган жердин туз даамын,
Татып келген экенсиң.
Аябастан кызыкка,
Батып келген экенсиң.
Алтындай сөздү ал жерде,

Айтып келген экенсиң.
Алты күнү ак кардын,
Астында калды деди эле,
Аман-эсен шаарга,
Кайтып келген экенсиң.
Азап болсо азыраак,
Тартып келген экенсиң.
Чарчабастан ак карды,
Чарпып келген экенсиң.
Аянбастан суукка,
Тоңуп келген экенсиң.
Урматтуу малчы эл менен,
Болуп келген экенсиң.
Үч-төрт күнү ал жерде,
Конуп келген экенсиң.
Сууктанбы-желденби,
Семирте баккан элденби?
Баштагыдан балпайып,
Толуп келген экенсиң.
Ырчы болсоң элдики,
Ырыстуу болот эр киши.
Аңгеме угуп ак жүзүн,
Ар кимдин келет көргүсү.
Булуттуу бороон күндөрдө,
Ай караңгы түндөрдө,
Адашпай амаи келгениң,
Ата-бабаң белгиси.
Ала-Тоонун башынан,
Ааламга кеткен даңкы бар.
Ала-Тоодой калпакчан,
Атактуу кыргыз калкы бар.
Кычыраган кыш күндө,

Күндүзүбү же түндө,
Мал багып жаткан малчылар,
Азыркы жыргал турмушта
Ааламга кетти даңкыңар.
Ак карды көзгө илбеген,
Аянууну билбеген,
Абалтан берки салтыңар.
Эмгегиңди ырдады
Эки бирдей жарчыңар.
Жазгы күндөй жан жыргап,
Жазылып калсын жарпыңар.

Эскертүүлөр

1. Калык менен Балкы кыз - “Айтыштар” жыйнагынан алынды. Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I том, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл.

2. Калык менен Сарыкунан - Залкар акындар (Калык, Осмонкул). 6-том, -Бишкек: “Шам”, 2006, 57-62-беттер.

3. **Калык жана Каракунан менен Сарыкунан -**

4. Калык менен Осмонкул айтыштары - “Айтыштар” жыйнагынан (Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I, II томдор, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл.), Калык Акыев. Тандалган ырлар (Түзгөн: Д.Сулайманов. Фрунзе, 1958), Залкар акындар (Калык, Осмонкул) (6-том, -Бишкек: “Шам”, 2006) китебинен алынды.

5. **Барпы менен Калмурзанын айтышы (2-вариант) –** айтыштын 2 вариантын Разык Алтыбаев Кара-Суу аймагынан 1940-жылы Барпынын өз оозунан катталган нуска катарында Борбордун коруна жазып жиберген (инв. № 599). 1995-жылы Б. Апилов тарабынан басмага даярдалган Барпынын жыйнагынын биринчи томунда жарык көргөн. Ушул вариант бир аз кыскартуулары менен Залкар акындар (Калмырза, Чоңду, Үмөталы, Эсенаман) (1-том, -Бишкек: “Шам”, 1998) китебинен алынды.

6. Барпы менен Эшмамбет, Барпы менен Суусаркан, Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул жана Шаршен, Барпы менен Токтосун, Барпы менен Сыдыктын айтышынан, Барпы менен Акмат, Барпы менен Абдырахман, Барпы менен Байзаков Түмөнбай – бул айтыштар акындын Барпы. Тандалган чыгармалар. (түзгөн: Т.Байзаков, Ж.Эгембердиев – Фрунзе: “Мамбас”, 1955), Барпы Алыкулов. Чыгармалар. Бир томдук (Фрунзе: “Мамлекеттик басмасы”, 1960), Барпы

Алыкулов. Чыгармалар. Бир томдук (Фрунзе: “Кыргызстан” басмасы, 1970), Барпы. Тандалмалар. (түзгөн: Т.Байзаков. – Фрунзе: “Кыргызстан”, 1984), Барпы. (-Бишкек, 2013) деген жыйнактарынан иргелип алынды.

7. Барпы менен (Бала ырчы) Сыдык - Инв. №188 (399). Айтышты 1947-жылы Барпы Алыкуловдун өз оозунан Б.Керимжанова, Ж.Сулайманов, И.Койтиевдер жазып алышкан. Кол жазмага “текстологиялык тактоолор киргизүү” менен 1995 жылы жарык көргөн “Барпы” жыйнагына, кийин 2013-жылы “Сыдык Алайчиев (Бала ырчы)” деген чыгармалар жыйнагына жарыяланган. Жыйнакты түзгөн Г.Орозова.

8. Барпы менен Нурмолдонун айтышы - Нурмолдо. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагынан алынды. Бишкек, 2003-жыл.

9. Молдо багыш менен Эшмамбеттин айтышы, Бекназар куудул менен Молдо Багыштын айтышы, Алишердин тоюнда, Калыгул бийдин тоюндагы Токтогул менен айтыш, Токтогул менен экинчи ирет жолугушуу, Асанбектин күлүгү, Токтогул, Молдо Багыш, Барпынын Акман жергесиндеги айтышы, Казак жергесинде улуу акын Жамбыл Жабаев менен Молдо Багыштын айтышы – Бул чыгармалар Молдо Кылыч Сарыбай уулу. Абак дептери (Түзгөн: Омор Сооронов. – Бишкек: “Акыл”, 1998) китебинен алынды.

10. Калык ырчы менен кездешүү, Кыргызстандын 30 жылдыгындагы айтыш, Омонкул, Калык, Алымкул, Токтонаалы жана Ысмайыл, Осмонкул менен Алымкул “Ленин күнү”, Осмонкул менен Алымкул “Совхоздор жөнүндө”, Осмонкул менен Ысмайыл “Жолчулар менен саламдашуу”, Осмонкул менен Сооронбек, Осмонкул менен Алтымыш “Учурашуу” – бул айтыштар “Айтыштар”

жыйнагынан, (Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I том, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл), Осмонкул. Тандалган чыгармалар. (Түзгөн: белек Осмонкулов. – Фрунзе: “Кыргызстан” басмасы, 1974), Осмонкул. Тандалган чыгармалар. (Фрунзе: “Кыргызстан” басмасы, 1957) китептеринен алынды.

11. Алымкул менен Коргол, Актан менен Корголдун учурашуусу - Коргоол: Ырлар, термелер, айтыштар (Түзгөн: Ондошова М., Батыркулова С. – Бишкек: “Турар” – 2013) китебинен алынды.

12. **Сыдык менен Барпынын айтышы (I түрү) –** Инв. №598 (5236). 1975-жылы 11-октябрда Ж.Таштемиров акындын өз оозунан жазып алган. 2013-жылы “Сыдык Алайчиев (Бала ырчы)” деген чыгармалар жыйнагына жарыяланган. Жыйнакты түзгөн Г.Орозова.

13. Сыдык менен Доорандын айтышы – Инв. №598(5236). 1971-жылы 11-октябрда Ж.Таштемиров Ботобай Жунусовдон жазып алган. Текст кийин С.Алайчиевдин кол жазмасы менен толукталып 2013-жылы “Сыдык Алайчиев (Бала ырчы)” деген чыгармалар жыйнагына жарыяланган. Жыйнакты түзгөн Г.Орозова.

14. Ташмат менен Бала ырчынын айтышы – Инв. № 598 (5236). 1971-жылы 8-9-октябрда Ж.Таштемиров Сыдык ырчынын өз оозунан жазып алган. Кийин Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) деген чыгармалар жыйнагына жарыяланган. Жыйнакты түзгөн Г.Орозова. – Бишкек, 2013.

15. **Сыдык менен Ташматтын айтышы, Сыдык менен Абдымомун ырчынын айтышы, Көңүл улоо: Маканбай менен алым сабак айтыш –** Акындын өздүк архивинен алынып, Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) деген чыгармалар

жыйнагына жарыяланган. Жыйнакты түзгөн Г.Орозова. – Бишкек, 2013.

16. Токтонаалы менен Ысмайыл, Токтонаалы менен Ысмайыл, Токтонаалы менен Ысмайыл "Таалайлуу кыргыз элибиз", Токтонаалы менен Ысмайыл "Айтып өт элге саламды", Токтонаалы менен Ысмайыл "Куттуктоо", Токтонаалы менен Ысмайыл "Карыялардын айтышы", Токтонаалы менен Ысмайыл "Сахнаны ачканда", Токтонаалы менен Ысмайыл "Кышкы оюнду баштагын", Токтонаалы менен Ысмайыл "Кырк жылдык", Токтонаалы менен Ысмайыл "Алымкул Үсөнбаевди 60 жашка чыккандыгын куттуктоо" , Токтонаалы менен Ысмайыл "Жай сурашуу", Саламдашуу (Ысмайыл менен Токтоналы), Чалканга арыз, Тоголок Молдонун жүз жылдыгындагы ыр, Ысмайыл менен Кенен, Саламдашуу (Ысмайыл менен Калык),

Коончу менен жолугушуу, Алты акындын айтышы, Арпада - Залкар акындар (Алымкул, Токтоналы, Ысмайыл) (7-том, - Бишкек: "Шам", 2006), "Айтыштар" (Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I, II томдор, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл.), Шабданбаев Т. Тандалган чыгармалар. Ырлар жана поэма (Фрунзе: "Кыргызстан", 1975), Шабданбаев Т. Көргөнүм. Ырлар жана айтыштар. (Фрунзе: "Кыргызмамбас", 1985), Шабданбаев Т. Өчпөс нур. (Фрунзе: "Кыргызмамбас", 1985), Борончиев Ы. Бакыт булагы. Ырлар жана дастан. (Фрунзе: "Кыргызстан", 1976), Борончиев Ы. Кызыл кырман. Ырлар жана поэмалар. (Фрунзе: "Кыргызстан", 1970), Борончиев Ы. Кызыл кырман. (Фрунзе: "Кырмамбас", 1953), Борончиев Ы. Мекеним. Ырлар. (Фрунзе: "Кыргызстан", 1980), Борончиев Ы. Ырлар жыйнагы. (Фрунзе: "Кыргызстан", 1944) китептеринен иргелип алынды.

17. **Токтосундун Коргол менен учурашканы -** Залкар акындар (Музооке, Айтыке, Коргол, Эшмамбет) китебинен алынды. (4-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

18. **Токтосундун экинчи жолку саламдашуусу, Токтосун менен Эстебес “Малчылардын эрдиги”** – Тыныбеков Т. Биринчи эмгек. Ырлар жыйнагы. (Фрунзе: “Кырмамбас”, 1954), Тыныбеков Т. Тилек. Ырлар жыйнагы. (Фрунзе: “Кырмамбас”, 1960), “Айтыштар” жыйнактарынан алынды. (Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I, II томдор, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл.)

МАЗМУН

Калык менен Балкы кыз.....3
Калык менен Сарыкунан.....13
Калык жана Каракунан менен Сарыкунан 20
Калык менен Осмонкул айтышы.....31
Калык менен Осмонкул.....39
Куттуктоо.....50
Ырдайлык элдин ырысын (Калык менен Осмонкул) 54
Калык менен Осмонкул 59
Калык менен Осмонкул 69
Калык менен Осмонкул 90
Барпы менен Калмурзанын кармашы (II түрү) 100
Барпы менен Эшмамбет 120
Барпы менен Суусаркан 124
Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул жана Шаршен 132
Барпы менен Токтосун 142
Барпы менен Бала ырчы Сыдык 154
Барпы менен Нурмолдонун айтышы.....156
Барпы менен Сыдыктын айтышынан 157
Барпы менен Акмат 159
Барпы менен Абдырахман 160
Барпы менен Байзаков Түмөнбай 164
Молдо багыш менен Эшмамбеттин айтышы 169
Бекназар куудул менен Молдо Багыштын айтышы 173
Алишердин тоюнда 177
Калыгул бийдин тоюндагы Токтогул менен айтыш 185
Токтогул менен экинчи ирет жолугушуу 188
Асанбектин күлүгү 195
Токтогул, Молдо Багыш, Барпынын акман жергесиндеги айтышы 200

Казак жергесинде улуу акын Жамбыл Жабаев менен Молдо Багыштын айтышы 206
Осмонкулдун Калык ырчы менен кездешүү.....208
Кыргызстандын 30 жылдыгындагы айтыш 221
Осмонкул, Калык, Алымкул, Токтонаалы жана Ысмайыл 228
Осмонкул менен Алымкул “Ленин күнү” 231
Осмонкул менен Алымкул “Совхоздор жөнүндө” 234
Осмонкул менен Ысмайыл “Жолчулар менен саламдашуу” ...244
Осмонкул менен Сооронбек 251
Осмонкул менен Алтымыш “Учурашуу”.....253
Алымкул менен Коргол 259
Актан менен Корголдун учурашуусу 265
Сыдык (Бала ырчы) менен Барпынын айтышы (I түрү).....277
Сыдык менен Барпынын айтышы (II түрү) 279
Сыдык менен Доорандын айтышы 285
Ташмат менен Бала ырчынын айтышы 289
Сыдык менен Ташматтын айтышы 292
Сыдык менен Абдымомун ырчынын айтышы 294
Көңүл улоо: Маканбай менен алым сабак айтыш 297
Токтонаалы менен Ысмайыл 300
Токтонаалы менен Ысмайыл 306
Токтонаалы менен Ысмайыл “Таалайлуу кыргыз элибиз” 311
Токтонаалы менен Ысмайыл “Айтып өт элге саламды” 317
Токтонаалы менен Ысмайыл “Куттуктоо” 324
Токтонаалы менен Ысмайыл “Карыялардын айтышы” 329
Токтонаалы менен Ысмайыл “Сахнаны ачканда” 336
Токтонаалы менен Ысмайыл “Кышкы оюнду баштагын” 339
Токтонаалы менен Ысмайыл “Кырк жылдык” 347
Токтонаалы менен Ысмайыл “Алымкул Үсөнбаевди 60 жашка чыккандыгын куттуктоо” 354
Токтонаалы менен Ысмайыл “Жай сурашуу” 356

Саламдашуу (Ысмайыл менен Токтоналы) 362
Чалканга арыз 368
Тоголок Молдонун жүз жылдыгындагы ыр 381
Ысмайыл менен Кенен 386
Саламдашуу (Ысмайыл менен Калык) 410
Коончу менен жолугушуу 412
Алты акындын айтышы 415
Арпада 423
Токтосундун Коргол менен учурашканы.....425
Токтосундун экинчи жолку саламдашуусу 429
Токтосун менен Эстебес “Малчылардын эрдиги” 453
Эскертүүлөр.....472

Адабий-көркөм басылма

“АЙТЫШ” СЕРИЯСЫ

АЙТЫШ
III ТОМ

Калык, Барпы,
Молдо Багыш, Осмонкул, Алымкул,
Сыдык (Бала ырчы), Токтоналы,
Ысмайыл, Токтосун

Түзгөндөр: А.Акматалиев, М.Көлбаева

Техникалык редактор: Тойчубек кызы Жазгүл
Терген: Э. Сардарбекова,
Калыпка салган У.Мурзабеков
1-корректура М.Мукасов
2-корректура Тойчубек кызы Жазгүл

Басууга кол коюлду 07.12.2015-ж. Офсет басмасы.
Офсет кагазы 80 гр. Көлөмү 15 басма табак.
Ченеми 60х84 1/16.. Нускасы 575 даана.
Имак Офсет басмаканасында басылды.